С. МУСАЕВ, М. ПАРПИЕВ, А. ТУРДУГУЛОВ

АДАБИЯТ

VIII КЛАСС ҮЧҮН ОКУУ КИТЕБИ

Төртүнчү басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-класс окуучулары үчүн окуу китеби катарында сунуш кылган



http://eduportal.uz

ТАШКЕНТ – «O‘ZBEKISTON» – 2019

УЎК 821.512.154(075)
КБК 83.3(5 Кир)
П 17

Рецензенттер:

М. Темирова – Андижан мамлекеттик университетинин доценти,ф.и. доктору;
Х. Усманов – Ташкент облусу, Паркент районундагы 33-мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

«Адабият»:
П 17 Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби / С. Мусаев, М. Парпиев, А. Турдугулов. 4-басылышы -Т.: «O‘zbekiston», 2019. 360 бет.

ISBN 978-9943-01-518-0

УЎК 821.512.154(075)
КБК 83.3 (5 Кир)

Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.

ISBN 978-9943-01-518-0

© «O‘ZBEKISTON» БПЧҮ, 2006, 2010, 2014, 2019-ж.
© «ILM ZIYO» басма үйү, 2010-ж.

http://eduportal.uz

КИРИШҮҮ

«Өнөр – алды кызыл тил». Эл арасында кеңири жайылган бул накылдагы маңызга караганда, кыргыздар өнөрдүн эң баалуусу деп – сөз өнөрүн түшүнөт. «Сөз билген колко бербейт», «Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан жаңылган турбайт», «Сөз октон өткүр, бычактан курч», «Ойлобой сүйлөгөн онтобой өлөт», «Жакшы сөз жан эритет», «Жылуу-жылуу сүйлөсө жылан да ийинден чыгат» ж.б. сыяктуу сөздүн маанисин, баркын өзгөчө жогору койгон эл арасындагы толгон макал-ылакап, накыл сөздөр да өнөр алды кызыл тил экендигин айгине далилдеп турушат.

Сөздүн күчү, кудуреттик жөндөмү адамдар арасындагы байланыш, катнаштын негизги куралы болуп, ийкемдүүлүгү, жандуулугу жана эң негизгиси сыпаттап баяндоо, көркөм туюнтуу касиеттерине ээ экендигинде. Бул касиеттер анын таасирдүүлүк күчүн арттырат, айтылуучу ойдун угуучуга түшүнүктүү, терең жетишин камсыз кылат. Ошон үчүн «сөз сөөгүңөн өтүп, чучугуңа жетет», «ок менен өлтүрө албаганды сөз менен өлтүрүүгө болот», – дешет. Чынында эле сөздүн жардамы, күчү менен келишкис душмандарды ыкка келтирип, бүтпөс доону бүтүрүүгө, кайгы-муңду унуткартууга, б.а. болууга мүмкүн эместей туюлган орчундуу иштерди бүтүрүүгө мүмкүн. Ошондой эле ойлонбой, байкабай айтылган, же орой, терс сөздөрдүн кесепетинен ойдо жок балаага кабылууга да, оң нерсени терске айлантып салууга да болот. Кыргыздардын бардык өнөрлөрдүн ичинен кызыл тилди – сөздү – сөз өнөрүн жогору коюшунун, өнөр алды кызыл тил – деп эсептешинин себеп-жөнү мына ушунда.

Сөз өнөрү дегенде элдин сүйлөө тилинин бардык казына-коруна негизделип, аларды булак, таяныч катары пайдаланып, ойду, көрүнүштү элестүү, көркөм баяндоо жөндөмүнүн жардамы менен оюн, айтайын дегенин так баяндай алуу ыгын түшүнөбүз. Мындай талантка эң алды менен чечендер, акыл-

мандар, акындар, сөзмөр, улама адамдар, жазуучулар ж.б. жалпы эле көркөм сөздү ыгы менен пайдалана алган ар бир адам ээ.

Окуу китебинин «Адабият» деп аталышы анын мазмунун түзгөн бардык материалдары – кыргыздардын эле эмес, башка эл өкүлдөрүнүн көркөм чыгармаларын – эстелик-мурастарын да өз ичине сыйдырганын билдире алат. Анткени, алар да – түпкүлүгүндө көркөм сөз өнөр ээлеринин туундусу, көркөм сөз үлгүлөрү.

Бул окуу китебине адабият теориясы, тарыхы менен көркөм чыгармалардын үлгүлөрүн да кошо жарыялоого мүмкүнчүлүк болбоду. Ошондой болсо да өтө зарылдыгына карата мектеп мугалимдери табуусу күмөн болгон айрым боордош элдердин көрүнүктүү акын, жазуучуларынын чыгармаларынан үзүндүлөр киргизилди.

Окуу китеби өзбекстандык кыргыз окуучуларына арналгандыктан Өзбекстан Республикасынын билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына жана окуу программасына ылайыкташтырылды.

http://eduportal.uz

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ ЖАНА ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАСЫ

КЫРГЫЗДАР ЖАНА ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ

Кыргыздар байыртадан бери өчүрбөй атын сактап, тарыхта изин калтырып келген, өз алдынча жолу бар, түптүү элдердин биринен. Алардын аты бүгүн илимге белгилүү маалыматтарга караганда кытай тарыхчысы Сым Цяндын «Тарых жазуулары» деген эмгегинде гяньгун (кыргыз) деген наам менен биздин заманга чейинки II кылымдарда эле эскерилет. Бул факт кыргыздар ошол учурлардан алда канча мурун эле жашаган жана ушул этноним – кыргыз деген ат менен аталган эл экендигин айгинелейт.

Элге да, илимге да кеңири белгилүү, өзгөчө мааниге ээ фактылардын катарына буларды кошууга болот: 1) кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармалары, анын ичинде айрыкча «Манас» эпосу; 2) таш бетиндеги сүрөттөр – Саймалуу таш ж.б.; 3) таш бетиндеги жазуулар – Орхон-Энесай эстеликтери.

Көптөгөн башка байыркы элдер сыяктуу эле кыргыздар да өнүгүү жолунун алгачкы учурларында өз билгендери менен туюмдарын баяндоодо, сактоодо таш бетин кеңири пайдаланышкан. Ар түрдөгү таш бетине түшүрүлгөн маалыматтар жазуу-сызуу пайда болгонго чейин сүрөт, белги, тулку ж.б. түрлөрдө болсо, элдер тамганы ойлоп тапкандан тартып мурдагы өнөргө таш бетине чегип жазылган сөздөр аркылуу баяндалган ой-түшүнүктөр, кабарлар кошумчаланган.

Байыркы ата-бабаларыбыздын искусствосунун – турмушка, жашоого карата көркөм ой жүгүртүүсүнүн эң жөнөкөй түрлөрүнөн болгон таш бетине тартылган сүрөттөрдүн түрдүү үлгүлөрү жергебизде көп жерлерден кездешет. Алардын ичиндеги өзгөчө атактуусу – **Саймалуу таш**. Илимде кеңири белгилүү, сүрөттөрүнүн санынын өтө арбындыгы жана бир өрөөндү бүт ээлеген масштабдуулугу менен көргөндөрдү таң

http://elibrary.uz



Таластын Кырк-Казык деген жеринен табылган таш бетиндеги байыркы түрк жазуусу.

калтырган бул эстелик бир эле учурга таандык белги – мурас эмес. Сүрөттөрдүн эң эски үлгүлөрүн окумуштуу адистер биздин доорго чейинки эки миңинчи жылдар ченге таандык дешет. Сүрөттөрдөгү эң эски катмарга мифтик түшүнүктөргө жата турган элестер кирет. Сүрөттөрдүн көбү күн элесинин айланасына жайгаштырылган. Буга караганда табына турган жогорку күчтүн ролу күнгө тиешелүү болуп, анын образы элестердин ичиндеги борбордук орунду ээлери күмөнсүз. Ошондой эле көптөгөн сүрөттөр адамдардын жашоо-тиричилигинин түрдүү жактарын чагылдырууга арналган. Мисалы, сокону, эки дөңгөлөктүү арабаны сүйрөгөн өгүз-буканы, бийлеген адамдарды ж.б. элестетүүчү сүрөттөр.

Саймалуу таш эстеликтери мазмуну боюнча ата-бабалардын байыркы мазар жайынын бири гана эмес, байыркы адамдардын рухий дүйнөсүнүн уникалдуу казынасынын да көрүнүктүүлөрүнөн.

Кыргыз элинин өткөндөгү башынан кечирген тарыхый жолуна тиешеси бар таш бетине түшүрүлгөн белги-эстеликтердин ичинен өзгөчө баалуусу Орхон-Энесай[1] эстеликтери.

Бүгүнкү тарыхчылар, адатта, байыркы түрк жазуулары деп атаган бул эстеликтер жөнүндөгү илимге белгилүү алгачкы маалымат XVII кылымдын 90-жылдарына таандык. 1697-жылы белгилүү орус географы С.У. Ремесов даярдаган эки карта жарык көргөн. Сибирь элдеринин жер чектери-

[1] Энесай – чоң өзөн деген мааниде.

http://elibrary.kstu.kg

нин бөлүнүшүн белгилеп көрсөтүүгө арналган ошол картада азыркы Кыргызстандын Талас өрөөнүндөгү байыркы түрк жазуулары табылган жер белгиленген. Бирок, бетине сырдуу тамгалар чегилген таш эскерилгени менен анын маани-жайы чечмеленген эмес. Ошондон чейрек кылым өткөндөн кийин, тагыраак айтканда 1721–1722-жылдар аралыгында Энесай өрөөнүнөн орус падышасы Петр Інин кызматында жүргөн Д. Моссершмид жана аны коштоп жүргөн Полтава кармашындагы согушта туткунга түшкөн швед офицери Ф. Табберт (Страленберг) деген адамдар бетинде түшүнүксүз белгилери бар таш таап, чегилген тамгалар жазуу экенин аныкташкан. Экспедиция мүчөлөрү таш бетине түшүрүлгөн тамгаларды сырткы окшоштуктарына карап рун жазуулары[1] деп аташкан.

1889-жылы орус изилдөөчүсү Н.М. Ядринцев атайын экспедиция уюштуруп, Орхон суусунун боюндагы Кошо-Цайдам деген жерден тикесинен тургузулган, бети толо жазуусу бар чоң таш табат. Ал жазуулар Энесайдан табылган мурдагы таш эстеликтердеги жазуулар менен окшош экендиги аныкталат.

Байыркы түрк жазууларын алардын маани-маңызына карата илимде «байыркы түрк жазуулары» деп да, кээде алардын үлгүлөрү алгач табылган жерлердин аты менен «Орхон-Энесай жазуулары» деп да, же бул эстеликтерди биринчи байкаган адамдар берген наам менен «түрктөрдүн рун жазуулары» деп да атай беришет. Орхон-Энесай эстеликтери илимге белгилүү болгондон кийинчерээк мындай жазуулардын металл, жыгач, тыйын, таш, кумура жана башкалардын беттерине түшүрүлгөн үлгүлөрү түрк тилинде сүйлөгөн элдер менен уруулар жашаган Борбордук Азиянын, Түндүк Кавказдын көптөгөн жерлеринен табылган.



Көк – Булак. Таш бетиндеги сүрөттөр.

[1] Рун деп байыркы герман жазуулары аталган. Терминдин сөзмө сөз мааниси – сыр, сырдуулук дегенди туюндурат.

Орхон-Энесай эстеликтериндеги жазуулардын түйүнүн чечип, тамгалардын аталыш наамдарын тактап, эмне деген сөздөр жазылганын окууну биринчи жолу 1893-жылы даниялык окумуштуу Вильгельм Томсон баштаган.

Орхон-Энесай жазууларында 37–38 тамга бар, алардын ичинен үндүүлөрү – сегиз (а, е, ы, и, о, ө, у, ү). Айрым үнсүз тыбыштар каткалаң жана жумшак түрүндө болуп, бир эле тамга эки мааниде окулат (б-бь, г-гь, д-дь, и-иь, к-кь, л-ль, н-нь, р-рь, с-сь,т-ть).

Байыркы түрк жазууларынын качан, кантип пайда болгону илимде али тактала элек. Табылган эстеликтердин эң эскилери биздин замандын VII кылымынын экинчи жарымына таандык. Ушуга таянып окумуштуулар бул жазуу VII кылымдын биринчи жарымында пайда болсо керек деген божомолду айтышат.

Илимдин бүгүнкү деңгээлинде Орхон-Энесай жазууларынын, жалпы эле байыркы түрк эстеликтеринин кайсыл үлгүсү кимге, кайсыл уруу же элге таандык экендигин так белгилеп, кесе айтуу кыйын. Ошондой эле рун жазууларын алгач ойлоп тапкан же пайдаланган эл да так эмес. Бүгүн илимге күмөнсүз белгилүү болгон бир гана нерсе – бул жазууну түрк тилдүү элдердин көбү пайдаланышкан.

Орхон-Энесай жазууларынын ичиндеги мазмуну, көлөмү, маалыматтарынын кеңирилиги жактан өзгөчө маанилүүлөрүнүн бири Күл-Тегинге арналып, анын мүрзөсүнүн жанына коюлган эстелик.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыздардын байыркы эл экендигин айкындап турган маалымат – кабарлар тууралуу эмне билесиңер?
2. Байыркы эстелик-мурастардын өзгөчө көрүнүктүүлөрү кайсылар?
3 Эстеликтерде калктардын басып өткөн тарыхый жолунун ирээти менен, толук чагылдырылбашынын башкы себептерин баяндагыла.
4. Кыргыз элинин тарыхындагы «Манас» эпосунун ролу кандай?
5. Саймалуу таш эстелигинин маанисин айткыла.
6. Орхон-Энесай эстеликтеринин табылуусу жана окулуусу тууралуу эмне билесиңер?
7. Өзбекстандын кайсы аймактарынан таш эстеликтер табылган?

http://eduportal.uz

КҮЛ-ТЕГИНГЕ АРНАЛГАН ЭСТЕЛИК

1. Күл-Тегинге арналган эстелик байыркы түрк жазууларынын үлгүлөрүн табуу жана изилдөө максатында атайын уюштурулган Н.М. Ядринцевдин экспедициясы тарабынан 1889-жылы Орхон суусунун жээгиндеги Кошо-Цайдам деген жерден табылган. 1891-жылы эстеликти В.В. Радлов изилдөөгө алып, тексттердин окулушун тактаган, котормосун берген.

Эстеликти түрктөрдүн башкы ханы (каган) кайтыш болгон баатыр иниси Күл-Тегиндин күмбөзүнүн жанына эскерткич белги катары койдурган. Күмбөздүн кире беришине тикесинен орнотулган зор таш бетине тексттер жазылган. Эстеликтеги жазууларды окумуштуулар мазмунуна, көлөмүнө, аткарган милдетине карата шарттуу түрдө «кичине жазуу» жана «көлөмдүү жазуу» же «кичи жазуу» жана «чоң жазуу» деп экиге бөлүп атап жүрүшөт.

Кичине жазуу эстеликтин сол жак капталынын жогору жагына түшүрүлгөн жазуу он үч саптан турат. Ар бир сап өзүнчө сүйлөм эмес, саптагы ой бүтпөй калып, аягы кийинки сапта берилген жерлер да арбын. Демек, он үч сап деш тексттер канча саптан турарын гана туюнткан шарттуу аталыш.

Көлөмдүү жазуу эстеликтин көрүүгө ылайыкташтырылган негизги бетин ээлейт. Жазылган текст 40 сап. Текст бүтпөй калып, аягы таш тактанын оң жак капталынын жогорку жагына жайгаштырылган, көлөмү он үч сап. Демек, чоң жазуунун жалпы көлөмү 53 саптан турат.

Эстеликтин негизги максаты чоң жазууда баяндалат. «Үстүдө көк асман, астыда кара жер жаралганда ал экөөнүн ортосунда адам жаралган. Адамдарды башкарып менин бабам Бумын каган, Истеми кагандар кандык кылышкан. Түрк журтунун башын курап, өкүмүн жүргүзүп турган аларга чар тараптан көптөгөн элдер баш ийишкен. Алар дүйнөдөн көчкөндө азага көптөгөн элдердин өкүлдөрү келип кайгырышкан. Кандыкка көзү өткөндөрдүн инилери, анан алардын балдары отурушту. Уулдары атасындай болбоду, билимсиз, акылсыз болгондуктан берген буйруктары да акылсыз, жаман болгон эле. Табгач эли бузуп-жарып, бирин-бирине кайраштыргандыктан түрк калкынын бирим-

диги бузулуп, табгачтарга баш ийип, бектери кул, сулуу кыздары күң болду. Намыстанып баш көтөргөндөр кыргын табышты. Түрк эли жок болуп кетпесин деп асман жар болгон каган атам Илтериш он жети азамат менен баш көтөрүп чыкты. Анын кабарын уккандар андан-мындан келип чогулуп, саны жетимишке, анан жети жүзгө жетишти. Ошондо атам 47 жолу жортуулга аттанып, 20 жолу салгылашып, элдүүнү элсиз, кандууну кансыз кылып, жоону жоюп, тизелүүнү чөгөлөтүп, баштууну жүгүнтүп, кан атам элин бириктирип, кандыгын куруп көз жумду. Анын ордуна өз агам такка отурду. Агам түрк журтун курап, жардыны бай кылды, азды көп кылды».

Андан ары эстеликте Билге каган агасы экөө 25 жолу жортуулга чыгып, 13 жолу салгылашып, көп элдерди багынткаңы, түрктөрдүн аймагын кеңейтип, иретке келтиргени баяндалат. Агасы өлгөндөн кийин ордуна такка олтуруп, иниси Күл-Тегин экөө күнүндө тыным албай, түнүндө уйку көрбөй эл камында болуп, 12 жолу жортуулга барып, калктын ачкасын тоюнтуп, жылаңачын кийинтип, жардысын байытып, аз санын көбөйтүп ийгиликке жетишкенде атасынан жети жашында жетим калган, Умай энедей болгон энесинин кубанычына ээ болуп эр жеткен Күл-Тегин баатыр атагын алган, он алты жашынан өлкөнү кеңейтүү үчүн көптөгөн согуштарга катышып, ченде жок эрдиктерди көрсөткөн (Күл-Тегин канча жашында, кайсыл жоого каршы кармашта, кандай ат минип эрдиктер көрсөтүп, жеңиштерге жетишкендиги узун сабак сөз болуп, кеңири баяндалат). «Иним Күл-Тегин өлдү, мен кайгыга баттым, көрөр көзүм көрбөстөй, туяр акылым сезбестей абалда калдым, аза күттүм, көзгө жаш, көңүлгө муң келет. Аза күтүүгө туш-туштан көптөгөн элдердин өкүлдөрү, арбын дүйнө менен келгени тизмеленет да, Күл-Тегин кой жылы, он жетинчи күнү өлүп, тогузунчу айдын жыйырма жетисинде койдук, күмбөзүн мечин жылы, жетинчи ай, жыйырма жетинчи күнү тургузуп бүтүрдүк. Күл-Тегин кырк жети жашында каза болду» делет. Эстеликтин өз стилин негизинен сактап баяндаганда «Көлөмдүү жазуунун» кыскача мазмуну ушул.

Эстеликтин мазмунундагы Күл-Тегиндин баатырдык иштеринде минген атынын маанисине көңүл буруу, бул ба-

гыттагы баатырдын баатырдык-эрдик иштериндеги күлүк, ишенимдүү, жанга өлчөлүү атынын маанисин өзгөчө жогору баалаган кыргыздардын түшүнүгү менен эстеликтин авторлорунун көз караштары бирдей экендигин айгинелейт.

Эстелик менен эпосто бул сыяктуу жакындыктар өтө эле көп. Бул абал «Манастын» өзү түздөн-түз болбосо да эстелик жаралган шартта анын текстин түзүү ишине элдик оозеки чыгармалардын, айрыкча «Манас» сыяктуу эпостордун, андагы иштелип чыккан, мурдатадан бери калк арасында кеңири белгилүү болгон көркөм ыктардын, сюжет курулмаларынын таасири чоң болгондугуна күбө боло алат.

Акырында көңүл бура турган дагы бир маанилүү учур эстеликтин түзүүчүсү айтайын деген негизги ойлорун – түрк эли чабылып, чачылып, ошол азап-тозоктон биримдешип баш кошуу аркылуу кутулганын дайым эсте тутуп, унутпасын үчүн, жаңылып, катасын кайталабасын деп атайын түбөлүктүү ташка чегип, тогуз жолдун тоомуна эстелик тургузганын баса белгилейт. Ар бир эл улуу эстеликти чоң максат үчүн жаратышат. Эгер акылман Билге каган өз элин биримдикке чакырган баалуу, асыл оюн түбөлүктүү болсун деп ташка эстелик катары тургузса, кыргыздардын таланттуу өкүлдөрү, ошондой эле элди биримдикке чакырып, ынтымакты даңазалаган улуу эстелиги «Манасты» таштан да бекем, болоттон курч түбөлүктүү көркөм сөз менен куруп, бүт эл кайда жүрсө өзү менен кошо ала жүрүүгө ылайыктап, укумдан тукумга оозеки өткөрүп, сактап келишкен.

КҮЛ-ТЕГИН ЭСТЕЛИГИНЕН ҮЗҮНДҮЛӨР

Кичине жазуу:

2. Токуз огуз беглери будуны бу сабымын эдгути есид катыгды тыңда. Илгерү күн токсыка, биргерү күн ортусыңару, курыгару күн, йыргару түн ортосыңару, анта ичреки будун көп маңа көрүр, анча будун.

Бүгүнкү кыргыз тилинде окулушу: Тогуз огуз бектери, эли бу сөзүмдү жакшылап угуп, көңүлүңө бекем тут. Илгериде (алды жакта) күн чыгышта, оңго түштүктө, артка күн батышта, солго түндүктө бул арадагы көп эл мага карайт (менин кол алдымда). Мынча көп элдин баарын.

http://edu.gov.kg

3. Коп итдим (кыргызча котормосу: тейледим).

9. Каган олурып (кыргызча котормосу: кан болуп.

10. Йок чыган будуныг коп кобартдым, чыган будуныг бай кылтым, аз будуныг үкүш кылтым. Азу бу сабымда игид баргу? Түрк беглер, будун буны эсидиң.... (Кыргызчасы: жок болуп бараткан элди бар кылдым, жарды элди бай кылдым, аз элди көп кылдым. Же бу сөзүмдө ката барбы?...).

Көлөмдүү жазуу:

1. Үзе көк теңри[1], асра йагыз йир кылынтукда, экин ара киси оглы кылынмыс. Киси оглыкта үзе эчүм апам Бумын каган, Истеми каган олурмыш. Олурыпан түрк будуның илин төрүсин тута бирмис ити бирмис.

2. Төрт булуң коп йагы эрмис, сү сүлепен, төрт булуңдакы будуныг коп алмыс коп баз кылмыс, башлыгыч йүкүнтүрмис, тизлигич сөкүрмис, илгерү Кадыркан йышка теги, кирү Темир капыгка теги контурмыс. Экин арада.

3. ... Анта кисре иниси каган.

4. Болмыс эринч, оглы та каган болмыс эринч. Анта кисре иниси эчисин тег кылынмадук эринч, оглы каңын тег кылынмадук эринч, билигсиз каган олурмыс эринч, йаблак каган олурмыс эринч, буйрукы йеме билигсиз эринч йаблак эрмис эринч.

Бүгүнкү кыргыз тилинде окулушу:

1. Үстүдө көк асман, астыда кара жер жаралганда экөөнүн ортосунда адам уулу жаралган. Киши (адам) уулдарына менин бабам Бумын каган, Истеми каган кандык кылган (кандыкка отурган). Отуруп (кан болуп) түрк журтунун, кандыгынын мыйзамын тутуп, өкүмүн жүргүзгөн экен.

2. Төрт тараптын баары жоо болгон, кол баштап төрт тараптагы элдин баарын алган (караткан), көбүн тынчыткан (тынч кылган – баш ийдирген), баштуусун жүгүнткөн, тизелүүсүн чөгөлөткөн. Илгериде (алды жакта – күн чыгышта) Кадыркандын жашына (көп элине) дейре, артта (батышта) Темир-Капкага дейре (журтун) кондурган (жайгаштырган). Эки арада (ушул эки аралыкта).

---

[1] Теңри – асман дегенди туюндурат.

http://edu.portal.uz

3. ... Алардан кийин инилери кан болушкан, (инилеринен кийин) уулдары кан болушкан. Андан кийин иниси агасындай болбоду, (эл башында) билимсиз кан отурган эле, акылсыз (жаман) кан отурган эле, буйругу (наалаты) да акылсыз, жаман болгон эле.

КҮЛ-ТЕГИН ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙ-ПИКИРЛЕРДЕН БИР ҮЗҮМ

• Жалпыга бейкутчулук түздүм. Ал эми ак пейил түрк каны Өтүкендин жыш токоюнда жердеп турганда элде муң болбос... Өтүкен токоюнда акылман башкаруучу жок эле, ошондой болсо да Өтүкен жери ар журттун башын кошууга ылайык эле. Бул жерде олтуруп, табгач (кытай) журту менен ынтымакташтым.

• Жакшы, акылман кишилерди, ак пейил алптарды ак жолдон тайыта албады. Бириңер жаңылсаңар калайык-журт көбүңөрдү табгачтын жумшак, таттуу сөзү, кымбат (алтын, күмүш) тартуусу эритпеди. Кээ бирөөңөр алардын таттуу кебине, берген тартуусуна алданып, түрк журтумдун көбү өлдүң.

• Сен ачып-арзыбасаң токчулуктун кадырын билбейсиң. Ошондой момун, чолок ойлуулугуңан.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Күл-Тегин эстелигинин табылышы жана окулушун айтып бергиле.
2. Эстеликтин мүнөзү, ким тургузган жана кимге арналган?
3. Кичине жазуу. Мазмунун баяндагыла.
4. Көлөмдүү жазуунун мазмунун баяндагыла.
5. Жазуулардын кичине, көлөмдүү болуп бөлүнүштөрүнүн мазмундук жана формалык жактан себептери кандай?
6. Эстеликтин мазмуну менен эпикалык салттын жакындыгын далилдегиле.
7. Күл-Тегин эстелигинен келтирилген үзүндүлөрдү көңүл коюп окуп чыгып, анын текстиндеги сөздөрдөн өзүнөр маанисин билген сөздөрдү өзүнчө бөлүп жазып чыккыла жана алардын туюнтмаларын чечмелеп жазып келгиле.

http://edu.gov.uz

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы чендерде жарык көргөн бирин-эки китептерди, же айрым кол жазма түрүндөгү эмгектерди эсепке албаганда өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарына чейин кыргыз элинин рухий байлыгынын бардык түрлөрү – элдик акылмандыктын казынасы да, көркөм сөз өнөрүнүн дээрлик бардык түрлөрү да, өзүлөрү басып өткөн жолдогу урунттуу учур, эсте каларлык из, көрүнүктүү окуялар жөнүндөгү маалымат-кабар, баян да, айлана-чөйрө, жаратылыш, коомго көз карашы, түшүнүктөрү да кагазга түшүрүлбөй, китеп ж.б. жазуу-сызуу үлгүлөрүндө болбой, оозеки түрдө гана жашаган.

Жалпы эле кыргыз фольклору – эл турмушунун күзгүсү. Оозеки көркөм чыгармаларда чагылдырылбаган калктын жашоосуна тиешеси бар бир да учурду табууга мүмкүн эмес. Бүткүл журттун болсун, ар бир жеке адамдын болсун кубанычы менен кайгысында, ийгилиги менен өкүнүчүндө, эмгеги менен жай турмушунда, бала менен чоңго, жаш менен карыга тиешеси бар бүткүл кыймыл, аракет, түшүнүк, мамиле өзүнө ылайык көркөм сөз үлгүлөрү менен коштолот, же көркөм чыгармаларда чагылдырылат. Мисалы, бир кездердеги эл башынан өткөн орчундуу окуяларга – күчтүү жоодон жеңилип, ыза көрүп, азып-тозуп жапа чеккен эл биримдешип, баш кошуп ийгиликке жетишкенин баяндоого арналган «Манас» эпосу, жунгар баскынчыларына каршы күрөштү чагылдырган «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш» ж.б. эпостук чыгармалар, же жакын адамынан ажырагандагы жеке адамдардын кайгысын чагылткан өкүрүү, кошок, ушуга эле байланыштуу темадагы керээз, жоктоо, угузуу ж.б. материалдар. Тематикасы, мазмуну, аткарылуу шарты, мүнөзү ж.б. жактан айырмаланган бул чыгармалар, адатта, өз-өз белгилерине карата чоң-кичине түр, түркүмдөргө бөлүнүшөт.

КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН НЕГИЗГИ ТҮРЛӨРҮ

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын материалдары ички мазмуну жана формалык белгисине карай лирикалык, эпикалык жана дидактикалык чыгармалар делип, үч чоң топко – түргө бөлүнөт. Чыгармалардын мүнөзүнө, тематикасына, форма түзүлүшүнө ылайык ар бир түргө кирген материалдар да ич ара бөлүнүп, бутактанышы мүмкүн.

Кылымдар бою элибиз жараткан жана оозеки сактап биздин доорубузга чейин жеткирген фольклордук материалдардын орчундуу тобун **лирикалык жанрга** жата турган чыгармалар түзөт. Өзүлөрү майда, көлөмү чакан болгону менен алардын мазмунунда эл турмушунун эң көп жактары камтылып, калктын ой-санаасы, түшүнүгү, үмүт-тилеги, табигый жана коомдук көрүнүштөргө карата болгон мамилеси, күрөшү чагылдырылган.

Адамдын ички сезимин, ой толгоолорун көбүнчө ыр түрүндө баяндаган, көлөмү чакан чыгармаларды лирикалык ырлар дейбиз. «Лирика» деген түшүнүктүн түпкү теги гректердин «лира» аттуу музыкалык аспабынын атынан келип чыккан. Байыркы гректерде ошол аспаптын коштоосу менен аткарылган чыгармалар лирикалык ырлар деп аталган.

Адатта ыр түрүндөгү майда чыгармаларды кыргыздар кара ыр, калыс ыр деп экиге бөлүп айтышат. Бирок бул эки термин ар бири өзүнчө туруп да, экөө бириктирилген түрдө да лирикалык жанрдын маанисин жеткиликтүү камтып туюнта албайт. Анткени, элдин оозеки көркөм чыгармачылыгында негизинен оң менен терс, жакшы менен жаман жөнүндө баяндап турган, дидактикалык мааниси зор, чоң-кичинеге бирдей таандык **калыс ырлардан (санат, насыят, терме ырлар)**, күндөлүк эл турмушунун түрдүү көрүнүштөрүнө, учурларына тыгыз байланышкан **кара ырлардан (айтыш, мактоо, кордоо, арноо, арман, сүйүү ж.б.)** башка да белгилүү учурларда үрп-адаттык түрдүү атайын жөрөлгөлөрдүн эрежелерине ылайык айтылуучу **салт ырлары (жоктоо, керээз, угузуу, көрүшүү, ырым, оюн, бешик ырлары ж.б.)** бар. Ошентип, лирикалык жанрга жата турган

http://elibrary.kg

чыгармалардын тематикасы эң кеңири. **Кыргыздын оозеки лирикалык ырлары тематикалык мүнөзүнө ылайык үч чоң топко бөлүнөт: эмгек, салт, турмуш ырлары.**

Эмгек жараянына байланыштуу чыгарылып, адамдардын эмгекке карата мамилесин чагылдырган, оор турмушту жеңилдетүү максатын көздөгөн ырлар – эмгек ырлары делет. Алардын эл арасындагы бизге жеткен кеңири белгилүүлөрү – «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң».

«Оп майда» дыйканчылыкка байланыштуу чыгарма, адатта, аны «Темин ыры» деп да аташат. Ырдын аталышы чыгарманын темасы менен мазмунуна байланышкан. Орулуп, боолонуп, кургатылган эгинди атайын даярдалган кырманга тегиз чачып, ортодогу орнотулган мамыга ири малдардын ичинен катуу туяктуу эшек, уй, өгүз, жылкы (төөнүн таманы жалпак жана жумшак болгондуктан ал теминге пайдаланылбайт) ж.б. колдо болгонуна жараша катар тизип, бири-бирине кошоктоп байлап коюп, тегерентип айдап, эгинди бастырып, ошол аркылуу кызылды сабактан бөлүп алышкан. Бул ык темин басуу деп аталган. Ошол темин бастыруу учурунда ырдалуучу ыр – «Оп майда» же «Темин ыры». Ырда теминдеги жылкылардын желгениндеги ыргакка ылайыкталган, жумушка чегилген малга сүрөөн болуу милдетин аткарган «оп» делген улам кайталануучу кыйкырыктан башка да:

«Орой-орой оп майда,
Ороо толсун оп майда.
Кырча-кырча басканың,
Кырман толсун оп майда.
Майда-майда, оп майда,
Майда болсо жанга пайда.
Талкандары бизге пайда,
Топондору сизге пайда» –

деген сыяктуу маанини туюнткан мазмунда дыйкандын ойсанаа, тилеги баяндалат.

Көчмөн эл – кыргыздардын турмушунда мал чарбачылыгы орчундуу мааниге ээ болгондуктан мал багуу кесибине тиешелүү эмгек ырлары арбын. Алардын бири – «Бекбекей».

«Бекбекейди» түн ичинде короо кайтарышкан кыз-келиндер, уландар ырдашкан.

Ырдын текстиалгач бек, сак делген сөздөрдөн туруп, ууру-бөрү, ит-кушка доош салып, короо кайтарылгандыгын, уктабаган адамдар бар экендикти туюнтуу-билдирүү максатын көздөп, бек-бек-оой! сак-сак-оой! түрүндөгү айрым кыйкырык дооштон турса, бара-бара ыр тексти толукталып, башка сөздөр кошумчаланып, бүгүнкү элге кеңири белгилүү «Бекбекей» ыры жаралган. Бек, сак деген алгачкы сөздөр өз тегин, маанисин өзгөртүп адам атына, же кыз менен жигитти, кээде ууру, же бөрү менен анын артынан кууган сакчыны туюнтуп калганы даана байкалат. Буга «Бекбекейдин» түрдүү вариант-тарындагы «Бек бол оой, сак бол оой» деген айрым саптар, же

«Саксакай качты сай ашты,
Санына саадак жарашты.
Бекбекей кууду бел ашты,
Белине саадак жарашты».
«Бекбекей качты, бел ашты,
Артынан саксакай кууп адашты».

ж.б. ыр тизмектери айгине далил болуп турат.

«Бекбекей» ырларынын вариантарындагы негизги мазмунду түзгөн

«Ийнемдин учун майтардым,
Бүгүн короо кайтардым.
Укуругум долоно,
Ууру, бөрү жолобо!
Ууру келсе уштайбыз,
Бетин айра муштайбыз.
Төөгө чиркеп байлайбыз,
Төбөгө чаап айдайбыз».

ж.б. мүнөздөгү ыр саптары чыгарма түнкү күзөт – короо кайтаруу эмгегине ылайык чыгарылганын даана көрсөтөт.

Мал чарбачылыгына байланыштуу чыккан белгилүү эмгек ырларынын бири – жылкычылардын «Шырылдаңы».

«Шырылдаңды» жылкычылар кеч күздө – боз кыроо учурунда жайлоодон, же орто жайлоо – бөксө тоолордон жакага түшүп келип эл аралап ырдап, азык-түлүк – эгин, ун-талкан чогултуп алышкан. Ырдын аталышынын так мааниси илимге али белгисиз. Кыясы түпкү теги муз аралаш –

http://eduportal.uz

чала тоңгон суюктукту – сууну, кымызды, сүттү ж.б. билдирүүчү «шыргалаң» болсо керек. Кыш бою күнү-түнү жылкы кайтарып, элден алыс, боз үй, алачыктарда жашап, кулундарды энесине кошоктоп коюп, бээ саап алып, ошол сүттү кымыз кылып ичип жан сактоого туура келген жылкычылар шыргалаң кымыз ичип калдык деп өз абалдарын айтып, калк арасынан жардам чогултуп алуу салты бул ырдын чыгышына жана шыргалаң – шырылдаң делип аталышына себеп болсо керек. «Шырылдаңдын» айтылуу учуру да, айрыкча бул ырды аткарганда көбүнчө ун, талкан сыяктуу азыктарды берүү салты да бул ойго түрткү берет. Анын үстүнө ыр дыйканчылык менен кошо жаралган деген текст-теги маалымат да муну ырастайт:

«Ташка таруу чыкканда,
Талаша чыккан шырылдаң.
Кумга таруу чыкканда,
Кошо чыккан шырылдаң».

Ырдын өзү жылкычыларга таандык экендиги тексттин мазмунунда ачык эле билинип турат:

«Шыпшырылдаң шыр экен,
Жылкычынын ыры экен».

Эл турмушундагы эмгектин, түрдүү кесиптердин түрлөрүнө жараша эмгек ырларынын темалары да ар кыл. «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» түрүндөгү көркөмдүк, мазмундук деңгээлге көтөрүлбөгөнү менен калк арасында алар да ыгына жараша пайдаланылат.

Оор эмгекти жеңилдетүү, аракетке ыргак, багыт берүү, жапырт, бир убакта кыймылдоо – ишке киришүү үчүн үн менен белги берүү (оор жүк көтөрүү, чоң айбанга кол салуу ж.б. учурларда) максатына ылайыкташкан айрым кыйкырыктар, же сөздөр алгачкы «көркөм чыгармаларды» түзгөнү шексиз. Ошол эң жөнөкөй сөздөрдүн тизмегинен бара-бара **эмгек ырлары** жаралган.

Эмгек ырларынын үлгүлөрүнө синкретизм (көп жактуулук, бир түрдүн көп милдетти аткарышы) мүнөздүү. Ошон үчүн эмгек ырларынын түрлөрү аткарылуу учурларында ырым, салттык жөрөлгөлөр да кошо иштелет.

http://eduportal.uz

Лирикалык жанрга жата турган чыгармалардын ичинен пайда болуу доору жактан эмгек ырларына чамалаш жана аткарган милдети боюнча да бири-бирине жакыны **ырым жана эм-дом** ырлары. Айрыкча, алардын мал чарбачылыгына, аңчылыкка, дыйканчылыкка таандык үлгүлөрү бир кездерде эмгек менен тыгыз байланыштуу болуп, алар бири-биринин ордуна аткарыла бергени, же экөө аралаш пайдаланылганы күмөнсүз. Мисалы, эгин бастыргандан кийинки кызылды – данды чечтөө ырымы жана ага байланыштуу айтылуучу сөздөр – ырлар, же жаңыдан туулган музоону кылоолоо, энеси өлүп калган козуну башка койго телүү, ага байланыштуу айтылуучу тексттер.

Элдик оозеки чыгармалардын байыртадан келе жаткан эң эски үлгүлөрүнө **дарым** – «Бадик», учуктоо, көзгө конок конгондо, тирсек чыкканда эмдөө, күн, жайлоо ж.б. түрдөгү эм-дом ырларынын көптөгөн түрлөрү да кирет.

Эмгек, ырым, эм-дом ырларында жандуу-жансызга, бүт акыл-эстүү катары мамиле кылуу – анимизм (жандандыруу), атайын айтылган айрым сөздөрдүн жардамы менен жаратылышка, жандуу, жансыз, түрдүү кубулуштарга таасир этүүгө аракеттенүү – магия (сөздүн касиеттүү күчүнө ишенүү) жана ар бир жан-жаныбар, өсүмдүк, тоо-таштын да ээси – колдоочу пири бар деп түшүнүү – тотемизм (жан-жаныбарлардын ээсине сыйынуу) түшүнүктөрү арбын жолугат.

Лирикалык жанрдагы чыгармалардын чоң тобун калк арасындагы белгилүү салт, жөрөлгө-жосундарынын талабына ылайык аткарылуучу ырлар түзөт. Алар жалпы жонунан **салт ырлары** делген термин менен аталып, бирок тематикасына, салттык жөрөлгөлөрдүн мүнөзүнө карата ич ара бир катар майда жана чоң түркүмдөргө бөлүнөт. Мисалы, адам өлүмүнө байланыштуу айтылуучу салт ырларынын өзү эле **керээз, угузуу, жоктоо, кошок** ж.б. түрдө бутактанып кетет.

Салт ырларынын байыртадан келе жаткан үлгүлөрүнө эрте жаздагы күн күркүрөгөндү биринчи жолу укканда айтылуучу дамбыр таш (жер айрылып көк чык, желин айрылып сүт чык...), жаңы жыл келгенде (жазындагы күн менен түн теңелгенде), үйдү арча түтөтүп аластап айтылуучу «алас»

(«алас-алас, ар балаадан калас, эски жыл кетти, жаңы жыл келди, айдан аман, жылдан эсен бололу») ж.б. кирет.

Оозеки адабият – классикалык адабияттын башаты, кайнар көзү. Эчен кылымдардан бери муундан муунга өтүп, убакыт талабына ылайык өнүгүп, өзгөрүп олтурган. 1932-жылы Нарын өрөөнүндө туулган дарыгер, акын Мар Алиевдин «Алас, Алас» ыры бүгүнкү заманга ылайыкташтырылган.

АЛАС, АЛАС!

Калкымдын пейли ток болсун,
Каргаша оору жок болсун.
Каран түн салган ааламга,
Кан күйгөн согуш токтолсун.
Алас, Алас!

Жыргалга эл-жер балкысын,
Жамы журт айтсын алкышын.
Жоболоң кырсык жок болуп,
Жыл сайын арча аңкысын.
Алас, Алас!

Эргисин эмгек, туу алсын,
Эл-журтум ага кубансын.
Өрүш бүт өсүп-өнүгүп,
Өмүргө өмүр улансын.
Алас, Алас!

Кут качпай, пейли оңолсун,
Кор болбой балдар торолсун.
Эл-журтка болгон жек көрдү,
Эски адат такыр жоголсун.
Алас, Алас!

Ар дартка даба табылсын,
Ага бүт кесел багынсын.
Тазарып аба, бүт аалам,
Табигат гүлдөр тагынсын.
Алас, Алас!

Көп болуп суусу мүрөктүн,
Көпөлөк коркпой гүл өпсүн.
Ааламга орноп тынч заман,
Ачык асман нур төксүн.
Алас, Алас!

http://edubotal.uz

Салт ырларынын өзүнчө тобун дүйнөдөн өткөн адамга зыйнат көрсөтүүгө, кыз узатууга байланыштуу айтылган материалдар түзөт.

Айрым жеке адамдын, же бүткүл элдин, уруунун, топтун жакын адамынан түбөлүк ажырагандагы оор кайгысын баяндап турган, өз мазмунунда негизинен маркумдун тирүүсүндөгү иштеген иштери чагылдырылуучу муңдуу, өзүнө ылайык обон-күүсү бар чыгармалар **кошоктор** делет. Кошоктор да байыртадан келе жаткан салттык өнөрлөрдүн бири.

КОЙ БУУРУЛ

(Эски кошоктор)

Мындан эки, үч жүз жыл мурун Кушчу элинин бир байынын малы жутап кырылып, өзүн көчкү басып өлтүрөт. Бир кызы качып черик элиндеги жездесиникине барат. Жездеси мерген экен. Жездеси бу кыздан кабар таап, аны аң эти менен багып жатканда, мыкаачы кишилер келип, жездесин союп кетет. Мергендин катыны өзүнө бычак уруп өлүп калат. Ошондо балдызынын кошкон кошогу.

Оролмо тоонун он теке,
Ойлоп аткан жездеке.
Сарала тоонун сан теке,
Санабай аткан жездеке.

Ордолуу тоок эжекем,
Оюнга шоок жездекем.
Кырдалуу тоок эжекем,
Кылыгы шоок жездекем.

Алманын гүлү эжекем,
Адамдын гүлү жездекем,
Козгогон шамал жездекем.
Жылгада ыргай эжекем,
Жылдырган шамал жездекем.

Ай жарыгы күнүндөй,
Акырет кеткен жездекем.

Алганына билгизбей,
Акырет жайга кетеби?
Арманда болгон эжекем,
Артынан кууп жетеби?

Нак ушинтип билинди,
Жалган дүйнө бекери.
Кыямат мизи кетеби,
Кыйналып калган эжекем.
Кыйрыңа сенин жетеби?

Өттүңбү жездем жол болсун,
Ээрчий кетти жолдошуң.
Өңсүгөн кучгач оң болсун,
Таңды билбей сайраган.
Таң атты деп чыкканда,
Жездекемди жайлаган.

http://edu.portal.uz

Адамдын өлүмүнө байланыштуу чыгармаларга керээз, угузуу, көңүл айтуу ж.б. сыяктуу ырлар, кара сөз түрүндөгү материалдар да кирет. Бирок алардын аткарылышы – жоктоого-кошокко караганда алда канча сейрек көрүнүш. Салт боюнча деле алардын сөзсүз аткарылышы дайым талап кылына бербейт. Көбүнчө ырга караганда кара сөз түрүндөгү, кыска айтылуучу кудайдын буйругу экен, баланчадан (өлгөн адамдын ысмы, же сүйлөп жаткан адамга жакындык аталышы айтылат) айрылып калдык! – деген мүнөздөгү угузуу, же ошого эле жакын, мазмундаш буйрук ушул, өлүмгө айла жок, кайрат кыл, өлгөндүн артынан өлмөй жок, өлбөгөн адам болбойт ж.б. түрдөгү көңүл айтуу сөздөрү кенен жолугат.

Лирикалык жанрга жата турган чыгармалардын орчундуу чоң тобун турмуш ырлары түзөт. Бул түркүмдүн салттык ырлардан айырмасы – аткарууда кандайдыр атайын шарттын болушу талап кылынбайт, жашоонун түрдүү учурларында аткарыла бериши мүмкүн. Турмуш ырларынын тематикасы көп жактуу болуп, калк арасындагы ар түркүн көрүнүштөрдү кеңири баяндагандыктан алардын коом таанытуучулук мааниси зор жана эл абалы, көз караштары, түшүнүктөрү, психологиясы, сезими, кыялы, тилеги менен таанышууда чоң мааниге ээ.

Турмуш ырлары да мазмунунун мүнөзүнө, тематикасына карата өз ара бутактанып, бир катар майда жанрдык бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Мисалы, арман ырлары, айтыш ырлары, мактоо, кордоо, сүйүү ырлары ж.б.

Жашоо-турмуштун каатчылыгын көргөн, же теңсиздик, адилетсиздиктин натыйжасында жапа чегип, кордук көрүп, муңзарга баткан жеке адамдардын, кээде бүт эл, айрым топтун ички бугун баяндаган ырлар арман ырлары делет. Эл арасында «Чалга берген кыздын арманы», «Күйөөсү өлгөн кыздын арманы», «Койчунун арманы», «Каптагайдын кызынын арманы» – «Качкан кыздын арманы» ж.б. сыяктуу кеңири белгилүү арман ырларынын үлгүлөрү айтылат. Арман ырларында, айрыкча социалдык теңсиздикке, адилетсиздикке нааразы болуу түшүнүктөрү кеңири чагылдырылат. Мунун элестүү үлгүсүн «Чалга берген кыздын арманынан» көрүүгө болот. Өз башына өзү ээ эмес, малга сатылып бара жаткан кыз:

«Алтымыш ашкан ак сакал,
Чалга кетип баратам.
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам».–

деп эрксиздигин, буюм катары калың малга сатылганын, болгондо да алтымыштан ашкан кары адамга кетип бара жаткандагы арман-муңун баяндоо менен өзүнүн нааразылыгын «Ак сакал чалга кыз берген атама жетсин убалым!» – деп жыйынтыктайт.

Турмуш ырларына кирүүчү түркүмдөрдүн бири **айтыш** ырлары. Көркөм сөз чеберлеринин, акын-ырчылардын, жалпы эле ыр жаратуу жөндөмүнө ээ жаш-кары талапкерлердин беттешип, өнөр салыштырып, бирин бири жеңүү, же биринен бири үлгү-таалим алуу, таанышуу ж.б. сыяктуу максаттар менен ат салышуусу айтыш ырларына жатат. Айтыш ырчылык өнөрдөгү өзгөчө кеңири жайылган, ар бир акындын репертуарындагы негизги жанрдын бири болуп саналат. Айтыш – түпкү негизинде айтыштыруу деген сөздөн чыгып, жарыштыруу, күч сынаштырууга жакын маанини туюнтат. Айтышка катышкан акын ырчылардын, же башка өнөр ээлеринин бирине бири үстөм болуу, бирин бири жеңүү максатын көздөгөн учурларындагы ырлары тематикасы боюнча кордоп айтышууда («Токтогул менен Арзыматтын айтышы»), же табышмак айтыштарда («Талым кыз менен Көбөктүн айтышы») жүзөгө ашырылат. Айтыш ырларынын кайсыл түрүн болбосун, адатта аны дээринде шыгы бар, талант ээлери акын-ырчылар жаратышат да, ошол чыгармалардын сөздөрү курч, таасирлүү элес түзгөн, көркөмдүгү жогору, үлгүсү ооздон оозго өтүп, эл арасына тарап кетет.

Турмуш ырларынын ичинде **мактоо, кордоо** да өзүлөрүнчө чоң бөлүктү түзөт. Аталыштарынан эле көрүнүп тургандай бул жанрдагы чыгармалар негизинен бир учурда кимдир бирөөнүн кемчилигин, мүчүлүш жагын чукуп айтып, кемсинтип, көп алдында кордоо, же ийгилик, жакшылык жагын ашыра сүрөттөп, мактоо максатын көздөйт. Кыргыз журтунда ырчылар колунда барларды мактап, ошол аркылуу бир нерсе өндүрүп алуусу өзгөчө кеңири жолуккан көрүнүштөрдөн

http://edubook.uz

болгон. Ошондой эле бирөөнүн тапшыруусу, көкүтүүсү менен атайы айыбын ачып кордоо учурлары да көп кезигет.

Мактоо ырларында арноонун, кордоодо сындын элементтери бир топ күчтүү болгондуктан турмуш ырларынын бул үлгүлөрү да негизинен реалдуулуктун чегинде болуп, өз алдынча тарбиялык мааниге ээ.

Сүйүү ырлары деп аталуучу темасы, мазмуну ар түркүн, саны жактан өзгөчө чоң топту түзүүчү чыгармалар да турмуш ырларына кирет.

Көбүнчө жаштар арасында ырдалып, кыз-жигит сыйктуу тең курбулардын бири бирине болгон жылуу мамиле, назик сезимдерин баяндоочу ырлардын тобу сүйүү ырлары делет. Сүйүү ырларынын мурдатан эл арасындагы аталышы – күйгөн, секетпай. Мазмундук белгилери боюнча аларды өзүлөрүнчө эки топ дешке да болор эле. Анткени, күйгөндө жетпөөнүн, ажырап калуунун, максаты ордунан чыкпоонун кесепетинен зарлоо, сагыныч – күйүү сезимдери баяндалса, секетпайда кастарлоо, сыйлоо, баарыдан жогору баалоо маңызындагы ички ой толгоо сөзгө алынат. Ар бир жигит же селки өзүн толкундаткан ички сезимин – кубанычын, же кайгысын ыр түрүндө баяндоо жөндөмүнө ээ экендигин эске алганда сүйүү ырларынын үлгүлөрүнүн өтө эле көп санда болорун көз алдыга келтирүү оңой. Ошону менен бирге эле сүйүү ырларынын да айрым таланттар жараткан мыкты үлгүлөрү ооздон оозго өтүп, кеңири тараганын айтууга болот. Мисалы, «Аксыйнат», «Үкөй», «Арпанын ала тоосунан» ж.б.

Лирикалык ырлардын өзүнчө тобун **балдар ырлары, оюн ырлары** түзөт. Булардан башка мүнөзү, түпкү максаты жактан балдар ырларына жакын турган, бирок, өзүнө ылайык өзгөчөлүктөрү бар **бешик ырлары** делген топтогу чыгармалар да жолугат. Чынында мазмуну, айтылыш шарты, аткарылуусу жактан аталган үч түркүм өз-өзүнчө топ. Өспүрүмдөрдүн жашы өзгөчөлүгүнө, дүйнөгө, айланачөйрөгө карата түшүнүгүнө, мамилесине ылайыкталып, алардын сөзүн өстүрүү, акыл-эсин байытуу, таалим-тарбия берүү максатындагы «Үркөр-үркөр топ жылдыз», «Элкин тоо», «Турумтай», «Торпогум» ж.б. сыйктуу ырларда балдардын психологиясы, жаратылыш кубулуштарын, айлана-чөйрөнү

кабыл алып, өз деңгээлинде түшүндүрүүсүн чечмелеген, туюнткан маалыматтар берилген. Ал эми көбүнчө кыздарга таандык болгон «Акыйнек» сыяктуу ырларда намыс, өзүнүн тегин, түбүн колдоо, таламын талашуу сезимдерин өстүрүү аракеттеринин жеңил юмор, тамаша аралашкан көрүнүштөрү чагылдырылган.

Сөздөрү, курулушу эң жөнөкөй, балдар түшүнүүгө, кабыл алууга ылайыкталган жеңил чыгармаларга жатуучу балдар ырларында терең маани, кеңири мазмун бар. Мисалы, негизи байыркы мифтик түшүнүктөн алынган «Үркөр-Үркөр топ жылдызда»:

«Үркөр-үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?» –

деген суроого ал аштык айдап, нан кыла турган уулуна, жибек алып тон кыла турган кызына барарын айтат. Маалыматтын маңызы жеке эле эгин айдаар уул, жибек токуур кыз жөнүндөгү үмүт-тилекте гана эмес, андан алда канча терең. Үркөр жылдызына кайрылуунун себеби батып кетип көрүнбөй калган үркөр жылдызы кайра чыга баштап көтөрүлгөн мезгилде – жаз айларынын орто ченинде эгиндин дүркүрөп өсө баштаган учуру болот. «Үркөр чыкканда эгин үркүп өсө баштайт»,– делген элдин сөзү ушундан, үркөр көтөрүлүү мезгили менен жеке эле эгиндин ылдам амал алуу – өсө баштоо учуру гана эмес, бардык башка бак-дарак, чөп өсүмдүктөрдүн өсүү учурунун тез мүнөзгө өтүүсү да байланышкан. Ушул эле бааны ач көздүк менен алаңказарлыкты келекелеген «Балдар ырына», «Каак-каак каргаларга» намыстанууга үйрөтүп, чыдамкайлыкка, көтөрүмдүүлүккө, дене түзүлүшүнүн чың болуусуна, шамдагайлыкка тарбиялоочу «Ак терек, көк терек», «Эл чабар», «Акбай, Токбай» ж.б. берүүгө болот. Намыс талашуу, сөз таба билүү, курч акыл, ой жүгүртө билүү, баамчылдык ж.б. сыяктуу жаш балдар, кыздар үчүн өтө зарыл сапаттарды өнүктүрүү, анын үлгүсүндө тарбиялоо иштерине «Акыйнек», «Сатуу» сыяктуу ырлардын мааниси чоң. «Акыйнек» көбүнчө өспүрүм кыздар арасында айтылат, кээде эркек балдар да кошулушу мүмкүн. Ырдын мазмуну сырткы формасы жактан кордоо ырларын эске салат. Бирок, чынында бул жанр тапкычтыкка, өтүмдүүлүккө-

http://eduportal.uz

чечкиндүүлүккө тарбиялоо максатын көздөп намыскөйлүккө үйрөтүүдө маани чоң.

«Улуу тоонун боорунан,
Улар аткан мен атам.
Улуу кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң.

Кичи тоонун боорунан,
Кийик аткан мен атам.
Кичи кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң.

Укуругун колго алып,
Жылкы айдаган мен атам.
Куургучун колго алып,
Уй айдаган сен атаң».

ж.б. мүнөздөгү ыр тексттери конкреттүү бир адамга таандык эмес, ырды ким озунса өз атынан өзүнө тиешелүү кылып айта берет. Демек, бул жерде негизги маңыз айтуучунун тектүүлүгүндө эмес, сөз тапкан колко бербейт болуп, озунуп ырды пайдалана алгандыкта. Ушундай эле маанайга «Сатуу» ырлары да ээ. Табышмак айтышып, таппай калып жеңилген баланы, кызды (андай оюн эки баланын жеке беттешүүсү түрүндө, кээде эки жаатка бөлүнгөн топ катары да аткарыла берет) жеңген тарап сатат.

Оюн ырларынын өзгөчө кеңири тараган үлгүлөрүнүн бири– «Селкинчек» (кээде «Бурулчанын селкинчек», «Селкинчек тепкендеги ыр» деп да аталат).

Ата-эне ж.б. жакындарынын ымыркай балага төгүлгөн мээрими, жылуу сезим – сүйүүсү, наристенин келечегине тиешелүү ой-тилеги, үмүтү бешик ырларында чагылдырылат. «Бешик ырлары», «Алдей-алдей бөбөгүм», «Сал-сал салбилек» ж.б. аталыштагы чыгармалар эл арасында кеңири жайылган, илгертеден бери келе жаткан мурастардан.

Комуз чертип ырдаган.
Акын болор бекенсиң?
Кулатып жоону качырган.
Баатыр болор бекенсиң?
Алдей, алдей, алдей-ай,

http://elibrary.portal.uz

Жакамдагы кундузум.
Алдей, алдей, алдей-ай,
Башымдагы жылдызым.
Атаң жоодон келгенче,
Эсен болор бекенсиң?
Айласын жоонун табуучу,
Көсөм болор бекенсиң?

Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгынын материалдары түр-түркүмдөргө бай, мазмуну терең, тематикасы өзгөчө кеңири экендигине лирикалык жанрга жата турган чыгармалардын жогоруда айтылган үлгүлөрү, алардын кыскача мүнөздөмөлөрү да ишенерлик далил болуп турат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз фольклорунун кандай негизги түрлөрү бар?
2. Лирикалык жанр. Бул түрдөгү чыгармалардын негизги өзгөчөлүгү – белгисин айткыла.
3. Эл чыгармачылыгынын башаты – эмгек ырлары. Ич ара негизги бөлүнүштөрү кандай?
4. Эм-дом, ырым ырларынын түрлөрүн баяндагыла.
5. Салт ырлары. Өз ара бутактанып бөлүнүшүн чечмелегиле.
6. Турмуш ырлары. Түрлөрү менен бөлүнүштөрүн баяндагыла.
7. Айтыш ырлары, өз ара бөлүнүшү кандай?
8. Оюн ырлары жөнүндө эмне билесиңер?
9. Бешик ырларынын маанисин айткыла.

ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

Эпикалык чыгармалар кара сөз (жөө жомоктор, мифтер, уламыштар) жана ыр түрүндө (жомоктор-эпостор, элдик поэмалар ж.б.) түзүлөт.

Эл арасында кеңири белгилүү, көп колдонулган жана байыртадан бери келе жаткан эпикалык чыгармалардын бири – **жөө жомоктор**. Адамдардын өз ара мамиле, байланыштарын, жаратылыш кубулуштарына, айлана-чөйрөсүнө, түрдүү жан-жаныбарларга карата мамилесин, көз карашын баяндаган, көбүнчө кара сөз, же жорго сөз менен айтылуучу, көлөмү анча чоң эмес чыгармаларды **жөө жомоктор** дейбиз.

Кыргыздардын сүйлөө тилинде фольклордук чыгармаларга карата «жөө жомок», «жомок» делген эки термин колдонулат.

http://elibportal.uz

«Жомок» – жомоктотуп айтуу, баяндоо, кызыктуу аңгеме, узун сабак сөз кылуу деген маанилерди туюнтат. Ал эми «жөө» – унаасыз, жөө басууну туюнткандан башка да начарлыкты, чыныгы эместикти, белгилүү даражада төмөн тургандыкты түшүндүрөт. Мисалы, жөө чечен – дегенде чыныгы чечен эмес, анча-мынча жөндөмү бар адам, жөө туман – чыныгы туман эмес, жер үстүнө түшкөн жеңил туман, адамдын жөөсү – кыбыр, анда-санда бир кыймылдаган илээнди адам ж.б.

Жөө жомокторго кирүүчү материалдарды тематикасына жана мазмунундагы өзгөчөлүктөрүнө карай айбандар жөнүндөгү жөө жомоктор, кереметтүү же укмуштуу жөө жомоктор, турмуштук жөө жомоктор, күлкүлүү, же сатиралык жөө жомоктор деп бөлөбүз.

Бөлөк жер, бөтөн жайда, же түрдүү кереметке ээ, укмуш нерселердин арасында калган адамдардын башынан өткөргөн чектен тыш окуяларын, жогорку күчкө ээ касиеттүү буюмдар, жан-жаныбарлар, түрдүү көрүнүштөр, нерселер жөнүндө баяндалган чыгармаларды укмуштуу, же **кереметтүү жөө жомоктор** дешет.

Укмуштуу жөө жомокторго туура келүүчү материалдар жеке эле «Алтын куш», «Дөө-перилер өлкөсү» ж.б. чыгармалар гана эмес, «Төштүктүн» кара сөз түрүндөгү үлгүсү, же «Кожожаштын» кыскача кара сөз менен айтылуучу варианты ж.б. да ушул үлгүдөгү мурастардан.

Турмуштук жөө жомоктордо коомдук түзүлүш, адам турмушу, жашоо шарт, каармандардын образдары чыныгы турмушка жакын, чындыктын чегинде сүрөттөлөт.

Турмуштук жөө жомоктордун маанилүү бутактарынын бирин – өзүнчө тобун «Жээренче чечен», «Акылкарачач», «Алдаркөсө», «Коркут», «Толубай сынчы», «Токтогул ырчы» ж.б. түрдөгү материалдар түзөт. Бул топко кирген материалдарды кээде элдик аңгемелер деген термин менен да белгилешет.

Элдик аңгемелер тобундагы чыгармалардын басымдуу көпчүлүгү жеке эле кыргыз элинде гана эмес, ага канатташ жашаган, айрыкча түрк тектүү – түрк тилдүү элдердин көбүндө негизинен бири-бирине жакын, окуялары көп жактан окшош айтылат. Анын үстүнө кыргыздарда жана казактарда Жээренче, Акылкарачач, Алдаркөсө, Коркут, Жа-

http://kyrgyzportal.kz

ныбек кандын тушунда жашаган, дооpлош адамдар катары мүнөздөлөт. Казак тарыхында Жаныбек болгон адам. Буга караганда, балким ушул топтогу чыгармалар тарыхый адамдардын иштеген иштерине негизделип (албетте, көптөгөн алымча-кошумчаларга дуушарланып, өзгөртүүлөр киргизилиши өзүнөн өзү түшүнүктүү) жаралышы, ошон үчүн бир нече элдерге орток, мурас болуп калышы да ыктымал.

Жөө жомокторду бардык эле адам уккулуктуу, таасирлүү кылып, талап кылынган деңгээлде айта албайт, сөзмөр, чечендик жөндөмү бар, материалды терең билген таланттуу адамдар жөө жомокторду маңызын чыгара айтып, уккандарды кызыктыра алат. Адатта жөө жомоктук материалдарды бөксөртпөй сактап, өнүктүрүп келгендер да ошол таланттуу адамдар. Эл арасында жөө жомок айтууну атайын кесип кылбаса да ага өзгөчө шыктуу инсандар эскерилет.

Элдин оозеки көркөм чыгармачылыгынын өзгөчө зор жана маанилүү бөлүгүн жомоктор түзөт. **Элдин башынан өткөргөн көрүнүктүү окуяларын, тарыхынын урунттуу учурларын көркөм баяндаган, ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгармаларды жомоктор дейбиз.**

Кыргыз жомокторун тематикасына жана мазмунуна карай баатырдык эпостор, турмуштук эпостор деп негизинен эки чоң топко бөлөбүз.

Элдин басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурларына, башынан өткөргөн көрүнүктүү окуяларына байланыштуу жалпы элдик баатырдыкты чагылдырган, ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгармаларды **баатырдык эпостор** дейбиз.

Баатырдык эпосторго «Манас», анын бөлүмдөрү «Семетей», «Сейтек», ошондой эле «Эр Төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды» ж.б. сыяктуу журтчулукка кеңири белгилүү чыгармалар жатат.

Кыргыз фольклористикасында «Манас» эпосун элибиздеги башка эпостордон айырмалоо максатында шарттуу түрдө чоң жана кенже эпостор деген терминдер колдонулат. Бул ык боюнча чоң эпос делип «Манас» жана анын бөлүмдөрү аталат.

Баатырдык кенже эпостордун ичинен жашы, чыгыш доору жактан улуусу – «Эр Төштүк». Чыгарманын негизги идеялык мазмуну байыркы адамдардын жаратылышты таануу,

өзүлөрүнө түшүнүксүз кубулуштардын сырларын ачуу далалаттарын чагылдырууга арналган. «Эр Төштүк» эпосунун казактарда, Сибирь элдеринин көбүндө жөө жомок түрүндө айтылышы да ушул ойду айгинелейт.

Элдин белгилүү бир учурдагы экономикалык, социалдык абалын, салтын, үрп-адатын чагылдырып, коомго, дүйнөгө болгон түшүнүк, көз карашын баяндаган ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгармаларды **турмуштук эпостор** дейбиз. Турмуштук эпостордун эл арасына кеңири тарагандары: «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» ж.б.

«Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаңыл Мырза» эпосторунун мазмунун жеке эле жай турмуш көрүнүштөрү гана түзбөстөн, анда элдик баатырдыктын да айрым көрүнүштөрү орун алган. Бул чыгармалардын башкы оң каармандары – баатыр атанышкан, оозго алынарлык эрдик жасаган адамдар. Башкы тема катары сүйүүнүн биринчи орунга коюлушу, окуянын анын айланасына топтолуп өсүп-өнүгүшү бул чыгармалардагы өзгөчө белгилерден. Ошон үчүн ал чыгармалар турмуштук эпостордун ичинде өзүнчө топту түзүп, илимде **лирикалык баатырдык эпостор** деп аталат.

Кыргыз фольклорунда тематикасы, мазмунунун мүнөзү турмуштук эпосторго жакын, бирок формасы боюнча орчундуу өзгөчөлүктөргө ээ, ыр түрүндөгү, көлөмү чакан чыгармалардын тобу кеңири белгилүү. Алар **элдик поэмалар** деген атайын термин менен аталат.

Элдик поэмаларга «Карагул ботом», «Ак Мөөр», «Кулмырза менен Аксаткын», «Ак Мактым» ж.б. кирет. Элдик поэмаларга мүнөздүү өзгөчөлүк – алардын мазмунунун турмушка жакындыгы. Адатта ар бир чыгармада уламышка тиешелүү белгилер таасын байкалып тургандыгына карабастан, негизи турмуш чындыгынан алынган окуя-болумуш катары кабыл алынат жана түшүнүлөт.

«Кулмырза менен Аксаткын» жана «Ак Мөөр» тематикасы, идеялык багыты жактан бири-бирине жакын чыгармалар, экөө тең феодалдык уруу түзүлүшүнүн шартындагы адилетсиздикке, теңсиздикке каршы коюлуп, адамдын, айрыкча аялзатынын эркиндик үчүн күрөшүү идеясынын элдик жөнөкөй

түшүнүктөрүн баяндайт. Атасынын жана ал мүчө болгон уруу билермандарынын чечими боюнча өз теңинен айрылып, чалга кетип, арманда жашап, акыры киши колдуу болуп өлгөн Ак Мөөр да, өзү каалап баш кошмок болгон адамы учурдун терс салттарынын кесепетинен мерт тапканда нааразылыктын белгиси катары өз жанын өзү кыйган Аксаткын да – эски доордун терс көрүнүштөрүнүн курмандыктары.

Аксаткын сүйгөнүн өлтүрткөн атасынын айыбын ачат, ал эми бара турган күйөөсүнө узаганы жаткан Ак Мөөр тойго чогулган көп элден ийменбей арманын айтып, сүйгөнү Болот менен коштошот.

«Кулмырза менен Аксаткын» – эл арасында мурдатадан бери кеңири белгилүү чыгарма. Буга поэманы XIX кылымда эле академик В.В. Радлов кагаз бетине түшүрүп, 1885-жылы «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» деген эмгектин 5-томунда жарыялангандыгы да далил.

Кыргыз фольклорунун өзүнчө тобун **куудул сөздөр** түзөт. Коом түзүлүшүн, айрым адамдарды сынга алып, алардын тескери жактарын, кемчилик-мүчүлүштөрүн ашкерелеген, жалпы эле курч сөзү, чечкиндүү иш-аракеттери аркылуу укканы менен көргөндүн кыбасын кандырып, ыраазылык сезимин жаратып, күлкү-кубаныч тартуулоочу, темасынын багыты боюнча элдик сатирага жакын, бирок андан айырмалана турган өзүнчө атайын белгилери бар чыгармаларды куудул сөз дейт. Куудулдар кээде бир да сөз сүйлөбөй, жалаң иштеген иши менен элди, көрүүчүлөрдү ыраазы кылат. Анын иштеген ишинин жүрүшү журт тарабынан кеп кылынып – чыгармага айланып, калк арасына жайылып кетет.

Кыргыздарга кеңири белгилүү куудулдар – Көкүмбай, Куйручук, Шаршен. Тарыхый шарттын, эл турмушунун өзгөрүшүнө ылайык куудулдардын чыгармачылыгынын мүнөзү да өзгөрүшү, жаңыланышы мүмкүн. Мисалы, Шаршен Термечиковго өз өнөрүн элге артист катары сахнадан тартуулоого туура келгендиктен, ал атайын сюжетке ээ чыгармаларды жаратып, аны өзү аткарган. Мисалы, «Күйөө жолдош», «Маруся» ж.б. Бирок Шаршен деле куудул катары өз чыгармачылыгын салттык ык менен баштаганы жана ал ыкты өмүрүнүн акырына чейин сактоого аракет кылганы

http://elibportal.uz

белгилүү. Мисалы, анын шаарда шайтан араба минип алып, колуна камчы алып жүрүшү же Куйручук менен учурашканы (Шаршен Куйручуктун атын угуп, бирок ыгы келбей өзү менен жолуга албай жүрүүчү экен. Бир жолу филармониянын артисттери концерт коюп Кочкор өрөөнүндө жүргөндө Шаршен Куйручуктун ошол айылда экенин угат да, эртең менен эл тура электе Куйручук конгон үйгө барат. Боз үйгө кирсе сол жак босогодо жаш музоо байланып турган экен. Шаршен ошол музоонун куйругун кармап алып толгоп, музоону өкүртүп, мөөрөтүп: садагаң кетейин Куке аман-эсен жүрөсүңбү? Өзүңдү бир көрүп учурашайын деп атайылап издеп келдим эле, бала-бакыраң, үй-бүлөң, эл-журт эсенби? – деп катуу-катуу үн чыгарып сүйлөп кирет. Музоонун мөңкүп, мөөрөгөнүнөн, Шаршендин кубанычтуу, бакылдап сүйлөгөнүнөн үйдөгүлөрдүн баары ойгонот. Төрдөгү төшөктө жаткан Куйручук да ойгонуп: Ой, болду, болду! Ким болсоң да токтот, мен жеңилдим! – деп үн салат. Куйручук талантын баалап, Шаршенге батасын берген экен).

Ошентип манасчы, акын-ырчы сыяктуу эле куудулдар да өз алдынча элдик таланттар, алардын чыгармачылыгы өзүнө таандык атайын белгилерге ээ.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Эпикалык жанрга жатуучу чыгармалардын лирикалык ырлардан негизги айырма белгилери кандай?
2. Жөө жомоктор, өз ара бөлүнүштөрү, тематикасын айтып бергиле.
3. Жомоктордун формалык белгилериндеги өзгөчөлүктөрү кандай?
4. Элдик аңгемелердин тематикасынын эл турмушуна, турмуш чындыгына жакындыгын далилдегиле.
5. Күлкүлүү жөө жомоктор, сатиралык жөө жомоктор кандай болот?
6. Жомок жана жөө жомок тууралуу эмнелерди билесиңер?
7. Чоң эпос, кенже эпос дегенибиз эмне?
8. Баатырдык эпостон турмуштук эпостун айырмасы кандай?
9. Баатырдык эпостор кандай болот?
10. Куудулдар жана алардын чыгармачылыгындагы өзгөчө белгилерин айткыла.
11. «Атам (апам) айткан жөө жомок» деген темада жөө жомоктордун эл арасында айтылган үлгүлөрүнүн тексттерин жазып

http://edupr.kg

келүү жана ошол материалдарга мүнөздөмө берүү (жөө жомоктун кайсыл түркүмүнө жатары, каармандары, көркөмдүк түзүлүшү ж.б.).

12. Өзүңөр окуган эпостук чыгармалар боюнча үй ишин жазып, анда ар бир чыгарма боюнча өз оюңарды айтып бергенге аракет кылгыла.

ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

Кыргыз фольклорунун өзүнчө маанилүү жана чоң түрүн дидактикалык чыгармалар түзөт. Жүрүм-турум эрежелери, адам мамилелериндеги, мүнөзүндөгү оң-терс, жакшы-жаман сапаттар жөнүндө баяндаган, зор тарбиялык мааниге ээ, таамай айтылган, кыска, курч сөздөрдүн тизмегин дидактикалык чыгармалар дейбиз.

«Дидактика» (тарбия, тарбиялоо) же «дидактикалык чыгармалар» (тарбиялык чоң мааниге ээ чыгармалар) – илимий-адабий термин. Кыргыздардын ушул мааниге жакын илгертеден бери колдонулуп келе жаткан сөзү – «нуска сөз», же «нускалуу сөз».

Дидактикалык чыгармалардын тобу ич ара бир катар түркүм бутактарга бөлүнөт: макал-ылакаптар, санат-насыят ырлары, табышмактар, жаңылмачтар ж.б.

Дидактикалык чыгармалардын өзөгүн түзгөн уюткусу – **макал-ылакаптар.**

Адамдардын, жалпы элдин турмуш тажрыйбаларынын корутундусунан чыккан, мааниси терең, чулу, курч сөздүү кыска сүйлөмдөрдү макалдар дейбиз. Ар бир макал турмуш көрүнүштөрүнүн, адамдардын иш-аракеттеринин, байкоолорунун жыйынтыгы, корутундусу. Мисалы, «ашың калса калсын, ишиң калбасын», «эр жигит эл четинде, жоо бетинде» ж.б.

Айтылыш ыгы, формалык белгилери жактан макалга жакын, окшош болгону менен ылакаптардын маңыздык айырмасы чоң.

Макалдарда айтылуучу ой толук аягына жеткирилип, корутунду чыгарылат, ал эми ылакаптарда сүйлөп жаткан адамдын ою гана айтылып, корутунду көмүскөдө калат, аны сөз кимге

http://elibportal.uz

багытталса ошол киши өзү чыгарыш керек. Ошон үчүн ылакап көбүнчө салыштыруу, окшоштуруу иретинде сүйлөнөт.

Санат-насыят эки сөздөн турганы менен көркөм чыгарманын бир гана түркүмүн туюнткан бир маанидеги термин. «Санат» деген сөз жанрга кирген ырлардын мазмуну бир гана темага арналбастан түрдүү көрүнүштөр, маалыматтар саналып, биринин артынан бири келип айтылат дегенди туюнтса, насыят ошол чыгарманын негизги максаты кеңеш берүү, насыят айтуу дегенди билдирет.

Жан-жаныбарлардагы, табияттагы, түрдүү буюм-тайым, тамак-аш, жаратылыш кубулуштарындагы мүнөздүү белгилерди экинчи бир нерселерге окшоштуруп, салыштырып айтып, эмне жөнүндө сөз болуп жатканын табууну талап кылган, апыртуулар, салыштыруулар өзгөчө кенен пайдаланылган, бир же бир нече кыска сүйлөмдөрдөн турган чыгармаларды **табышмактар** дейбиз. Дүйнөгө, жаратылышка, түрдүү көрүнүштөргө, турмушта учураган ар бир нерсеге байкоо жүргүзүү, өзгөчө белгилерин көңүлдө сактоо аркылуу пайда болгон табышмактардын ойлоо, ой жүгүртүү, акылдын курчтугуна жетишүү багытындагы тарбиялык мааниси чоң. Табышмактардын темасы ар түрдүү, мазмуну кеңири.

Айрыкча, жаш өспүрүмдөргө арналып, сөз өстүрүү, ар бир сөздү так сүйлөй билүү жаатында көнүгүү үчүн пайдасы чоң **жаңылмачтар** да өзүнчө түркүм. Айтууга татаал сөздөрдү тез айтууну талап кылуу аркылуу бири-биринин тилинин тактыгын сыноо өнөрү жаңылмач делет (Кудаяр деген кудам бар эле, ал мени үч жылы кудаламак эле, мен аны үч жылы кудаламак элем, Кудаяр мени үч жылы кудалай албай койду, мен Кудаярды үч жылы кудалай албай койдум ж.б.).

Жаңылмач айрым турган жеке сөздү тез-тез кайталап айтуу түрүндө, сүйлөм түрүндө да курула берет.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Дидактикалык чыгармалар жана алардын мүнөздүү белгилери кандай?
2. Макал-ылакаптардын бири-бирине жакындык белгилери жана айырмаларын айтып бергиле.
3. Санат-насыяттар, аталыштын чечмеленишин баяндагыла.

http://edubook.uz

4. Табышмактар жана жаңылмачтардын тарбиялык мааниси кандай?
5. Санат-насыят ырларынан үзүндү жаттоо.
6. Макал-ылакаптардын 15–20 үлгүсүн таап, жазып келүү. Аларды тематикаларга бөлүп, маңызын чечмелөө.
7. Жаңылмачтардан чогултуу, жазып келүү.

КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМ ЖАНА АНЫН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Кыргыз фольклорунун мазмуну да терең. Оозеки чыгармаларда элибиздин узак убакыттарды ичине камтыган тарыхы, тиричилиги, ишенимдери, түшүнүктөрү чагылдырылган. Ошон үчүн эл басып өткөн жолду, анын оң-терс жактарын – тарыхыбызды билүү үчүн эл чыгармачылыгын терең өздөштүрүшүбүз зарыл. Калкыбыз жараткан оозеки көркөм чыгармаларды билбей туруп элдин чыныгы тарыхын билүүгө мүмкүн эмес.

Элдин ушул баалуу мурас байлыгын атайын изилдеп үйрөнө турган, талдоого алып, иретке келтирип, белгилерине карата түр-түркүмдөргө бөлүп, ар бирине өзүнө ылайыктуу мүнөздөмө берип, илимий жактан баалап, ордун белгилеп, үйрөнө турган атайын илим бар. Ал фольклор жөнүндөгү илим деп аталат.

XX кылымдын кыргыз элине алып келген оң маанайдагы иш-чараларынын биринен болгон бул аракеттер өзүнүн көзгө көрүнөрлүк жемишин берди: жыйырманчы жылдардын баш чендеринен тартып эле калк арасынан оозеки көркөм чыгармалардын үлгүлөрүн жазып алуу – кагаз бетине түшүрүп жыйноо иши башталды.

Эл арасынан фольклордун тексттерин жыйноону азыр негизинен Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын алдындагы Манастаануу жана көркөм өнөр борбору жүзөгө ашырат.

Кыргыз фольклорун изилдөөдө көрүнүктүү салымдары бар: К. Рахматуллин, М. Богданова, Ж. Таштемиров, Б. Кебекова, С. Закиров ж.б., ошондой эле айрыкча «Манас» эпосунун орчундуу проблемаларын иликтөөдө, чечүүдө түрдүү эмгектери бар. М. Ауэзов, Б. Юнусалиев, В. Жирмунский, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, Р. Кыдырбаева, А. Жайнакова, С. Бегалиев ж.б. окумуштуулардын ысымдары журтчулукка кеңири маалым.

Кыргыз фольклорунун изилдене элек жактары, али чечилбеген проблемалары көп. Ошолордун орчундуулары катары эл чыгармаларынын түрдүү үлгүлөрүн калк арасынан толук жыйноо ишин колго алуу, фольклорду системалуу изилдөө ишин жолго коюу дешке болот.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз фольклорунун түр-түркүмдөрү жөнүндө эмне билесиңер?
2. Кыргыз фольклорунун тарбиялык, коом таанытуучулук, көркөмдүк маанилерине көңүл бургула.
3. Кыргыз фольклорун жыйноо, изилдөө иштери, бул багыттагы көрүнүктүү эмгек кылган адамдар тууралуу айткыла.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ. ФОЛЬКЛОР

Фольклор англис тилинен алынып, фольк – эл, лор – чыгармачылык, демек, «эл чыгармачылыгы» деген маанини туюнтат. Атайын илимий термин катары «фольклор» орус тилинен которулуп алынган «оозеки көркөм чыгармачылыкка», кыргыздын өз сөзүндөгү «улуу сөзгө» караганда алда канча кеңири түшүнүктү ичине камтып, жалпы эле эл чыгармачылыгынын бардык түрлөрүнө – көркөм сөз өнөрүнө да, музыка менен искусствонун элдик үлгүлөрүнө карата да айтыла берет.

Аталышынан эле таасын көрүнүп тургандай элдик оозеки көркөм чыгармачылыктын эң негизги белгиси – анын материалдары оозеки жаралып жана укумдан-тукумга өтүп жашоосу да оозеки улангандыгында.

Ошентип, **эл арасында оозеки пайда болгон жана өз жашоосун ооз жүзүндө уланткан, түрдүү варианттарга ээ, өз мазмунунда эл турмушун, көз караш – түшүнүктөрүн чагылдырган көркөм чыгармаларды улуу сөз – фольклор – элдин оозеки көркөм чыгармачылыгы дейбиз.**

«МАНАС»

«Манас» эпосу – кыргыз элинин улуу мурасы. «Манас» кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларынын алгылыктууларын бүт чогулткан казынасы-

http://edu.portal.uz

нын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы.

Жанрдык белгилери жактан «Манас» баатырдык эпоско жатат. Бирок анын камтыган мазмуну, берген маалыматы алда канча кеңири жана терең. Эпосто элдин үрп-адаттарынан тартып, кылымдар бою жашоосундагы калыптанган салттары, тиричилиги, көрүнүктүү окуялары, жашоо, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдери чагылдырылган. «Манастын» мазмунунан биз эл тарыхынын изин, эл тагдырынын түрдүү учурларын көрө алабыз.

Ч. Валиханов, академик В.В. Радлов ж.б. окумуштуулар «Манасты» бекеринен кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы деп аташпайт. Баатырдык иштерди сүрөттөөдөн башка аш-тойлорду, көчүп-конуу, мал багуу, конок күтүү ж.б. сыяктуу көптөгөн жай турмуш көрүнүштөрүн баяндаган ыктар да учурайт. Алар оозеки чыгармачылыктагы эпостон башка жанрлардын баяндоо ыгы менен иш жүзүнө ашырылган. Натыйжада «Манастан» кошок, керээз, макал, ылакап, арман ырлары ж.б. сыяктуу элдик чыгармачылыктын ар түрдүү жанрларынын үлгүлөрүн кеңири жолуктурабыз. Ошондой болсо да «Манас» негизинен баатырдык эпос, анын мазмунун элдин эркиндик, көз каранды болбос үчүн жүргүзгөн күрөшү ээлейт.

Өткөн кылымдарда кыргыздар арасындагы «Манас» эпосунун канчалык зор мааниге ээ болгондугун мына бул кичинекей фактыдан да айкын көрүүгө болот: бир да кыргыз өз баласына «Манас» деп ат койгон эмес. «Манас» деген атты бала көтөрө албайт, эч ким ага татыктуу болушу мүмкүн эмес деп түшүнүшкөн. «Манастын» көркөмдүк деңгээли да анын эл арасындагы кадыр-баркынын түздөн-түз натыйжасы: эл өзгөчө баалаган үчүн ал көп аткарылган, такталган, көптөгөн таланттардын узак эмгеги аркылуу көркөмдүк норманын кол жеткис бийик чегине жеткирилген. Буга «Манас» эпосунун тексттеринде кеңири жолуккан:

«Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,

Бир өзүнөн бүткөндөй,
Ай алдында дайранын.
Толкунунан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн.
Жаркынынан бүткөндөй...» –

деген сыяктуу ж.б. көптөгөн ыр саптары таасын күбө. «Манастын» темасынын ар жактуулугун, мазмунунун тереңдигин, өзгөчө бийик көркөмдүк деңгээлин эске ала Ч. Айтматов бул чыгарманы кыргыз искусствосунун туу чокусу! – деп атайт.

Көлөм жактан дүйнөдө «Манастын» теңдеши жок. Ал башка элдердин кеңири белгилүү эпосторунун эң зорлорунан да беш-он эселеп чоңдук кылат. Мисалы, илимге белгилүү маалыматтар боюнча узак убакыттар бою дүйнө элдериндеги көлөм жактан эң чоң эпос делип хинди элинин эпосу «Махабхарата» эсептелип келген. Анын көлөмү жүз миң кош сап (200000 сап ыр) ырдан турат. «Манастын» үч бөлүмүнүн С. Каралаевден жазылган варианты эле 500553 сап ыр. Бул көлөм «Махабхаратанын» көлөмүнөн 2,5 эсе көбүрөөктүк кылат. «Манастын» ушул эле бир вариантынын көлөмү бүт дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон гректердин «Илиадасы» (15693 сап ыр) менен «Одиссеясын» (көлөмү 12110 сап ыр) бирге кошкондогу көлөмдөн (27803 сап ыр) 20 эсеге жакын чоң. Бүгүн илимге «Манастын» толугу, үзүндү түрдөгүсү болуп чоң жана кичирээк көлөмдөрдөгү жетимиштен ашуун варианты белгилүү. Алардын жалпы көлөмү бир нечелеген миллион сап ырды түзөт. Улуу эпостун илимге али белгисиз тексттерин кагаз бетине түшүрүп жазып алуу иши али улантылууда.

«Манас» эпосунун мыкты касиеттери – узак жылдар бою эл башынан өткөргөндөрдү чагылдырган терең мазмуну, чексиз кенен окуялары, уккандарга эстетикалык рахат тартуулаган көркөмдүгү, калктын алгылыктуу табылгаларын бүт ичине сыйгызып турган таалим-тарбия берүүчүлүк зор мааниси бул чыгарманы кыргыз эли өзгөчө жогору баалап, ыйык туткан улуу мураска айландырган.

Кыргыз элинин биринчи болуп кагаз бетине түшүрүлгөн көркөм чыгармасы да, басмадан биринчи чыкканы да, башка элдердин тилине биринчи которулганы да ушул – «Манас».



МАНАС

«Манастын» айрым окуяларынын мазмуну XV–XVI кылымдардын аралыгында эле кагаз бетине чийилгени «Мажмуат-таварих» аттуу кол жазма аркылуу илимге белгилүү.

«Манаска» болгон кызыгуу көптөгөн чет элдик окумуштууларды өзүнө тартып, натыйжада алар ушул чыгарма боюнча изилдөөлөр жүргүзүүдө. Мисалы, «Манас» эпосун изилдөөгө катышкан илимпоздор бүгүн Англия, Франция, Германия, Кытай, Америка Кошмо Штаттары, Япония, Түркия ж.б. мамлекеттерде бар. Андай адамдардын саны күн санап өсүүдө. Россияда «Манаска» кызыккандар мурдатан эле көп. «Манас» эпосунун тексттери орус, кытай, англис, француз, немец ж.б. тилдерге көп жолу которулган.

«Манас» эпосунун кадыр-баркын бүт дүйнө жүзү таанып-гандыгынын талашсыз далили Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык ассамблеясы өзүнүн атайын чечими менен 1995-жылды «Манас» эпосунун жылы деп атап, анын миң жылдык маарекесин өткөрүүнү бүт элдерге сунуш кылгандыгы болду. Кыргыз мамлекети зор салтанат менен өткөргөн ал юбилейдин ишине алтымышка жакын мамлекеттердин атайын келген расмий өкүлдөрү катышып, чыгарманын илимдик проблемаларына арналган эл аралык илимий конференцияда көптөгөн өлкөлөрдөн келген илимпоздор өз ойлорун айтып, докладдар жасашты.

«Манас» эпосунун улуу мурас, тендешсиз көркөм чыгарма катары профессионалдуу жазма адабиятка, искусствонун башка тармактарына үлгү болуучулук таасири күчтүү. Бул чыгарманын маанилүү идеяларына, таасирлүү образдарына шыктанышкан көптөгөн жазуучулар, акындар, композиторлор, сүрөтчүлөр ж.б. талант ээлери өз тармагы боюнча жаңы чыгармалар, образ-элестер жаратышат, көптөгөн чыгармачыл жаштар эпостон таасирлүү элес түзүү жактан үлгү алышат. Белгилүү кыргыз акыны А. Осмонов «Манас» эпосуна өзгөчө кызыгып, анын көптөгөн варианттары менен терең таанышкандыгы жана «Сагымбайдын ар бир сөзү бир аттык!» – деп улуу манасчы С. Орозбак уулунун талантынын күчүнө сыктанганы, жогору баа бергени бекеринен эмес. «Манастын» материалдарынын негизинде «Манас», «Айчүрөк» опералары, көптөгөн драмалык чыгармалар жазылган, кинолор

тартылган, Т. Герцен, Т. Садыков өңдүү сүрөтчүлөр чыгарманын каармандарынын элесин китептеги тексттерине иллюстрация кылып, бейиздерин чегип жасап жүрүшөт. Эскерте кетелик: ушул окуу китебинде «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигине катыштуу сүрөттөрдүн автору – Т. Герцен.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Манас» эпосу – кыргыз турмушунун узак мезгилин чагылдырган күзгү экендигине көңүл бургула.
2. «Манастын» кыргыздар арасындагы кадыр-баркы кандай?
3. Көркөм чыгарма катары «Манастын» өзгөчө белгилери деп эмнени түшүнөсүңөр?
4. «Манастын» мааниси, дүйнө элдеринин аны баалашы тууралуу баяндагыла.
5. «Манас» жана адабият менен искусствонун түрдүү тармактарынын бири-бирине таасири, байланышын чечмелегиле.
6. «Манас» эпосу кыргыз элинин турмушунда» – деген темада үй ишин жазып келүү.
7. Манастын, эпостогу башка каармандардын ысымдарына байланыштырылган жер-суу ж.б. аталыштарды, аларга байланыштуу айтылган аңыз-уламыштарды чогултуп жазып келүү, ал материалдар боюнча өз оюн айтуу, баа берүү.

«МАНАС» ЭПОСУНУН ТУРУКТУУ ӨЗӨК ОКУЯЛАРЫ

«Манастын» бардык варианттарын бириктирип турган негизги белгилердин бири — алардан орун алган салттык туруктуу окуялар. Эл арасында кеңири белгилүү болгон, негизги мазмунун өзгөртпөй сактап келе жаткан, эпостун варианттарынын басымдуу көпчүлүгүндө орун алган окуяларды «Манастын» туруктуу өзөк окуялары дейбиз. Чыгарманын негизги темасы менен идеясын ушул туруктуу окуялар белгилеп турат. Ошон үчүн эпостун көптөгөн варианттарындагы бири-биринен өзгөчөлөнгөн айырмачылыктарга карабастан чыгармадагы негизги тема менен идея бир, жалпы кабыл алынган сюжеттик багыт негизинен сакталат. **Эпостун негизги өзөк окуялары булар: Манастын төрөлүшү жана балалык чагы, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого кайтып келиши. Алмамбеттин окуясы, Көкөтөйдүн ашы, Чоң**

http://edu.tal.uz

казат жана Манастын өлүмү. Ар бир туруктуу өзөк окуя өзүнчө бөлүм түрүндө түзүлгөн. Чоң-чоң өзөк окуялардан башка да көлөмү чакан, бирок эпостун негизги варианттарынын көбүндө кезиккен, туруктуу мүнөзгө ээ окуялар бар. Мисалы, кыргыздардын күчтүү жоодон жеңилип калып чабылып-чачылышы, Жакыптын Алтайга айдалып барышы, Манастын Алоокени жеңиши, Шоорук менен болгон согуш, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандар окуясы ж.б.

Алгачкы эрдиктерин көргөзүп, баатыр катары таанылган жаш Манас үчүн ошол учурда эли-жерин табуу, аны душмандан бошотуу башкы максат эле. Ошондуктан чыгармадагы экинчи негизги окуя болуп Алтайдан Ала-Тоого келүү берилет. Бул эпизоддогу туруктуу деталдар — Алоокени жеңүү, Шоорук менен болгон уруш. Атакка ээ болуп, эли-жерин тапкан баатырга өзүнө тете жолдош күтүү — зарыл нерсе. Ошон үчүн Алмамбеттин окуясы — сюжеттик өнүгүүнүн ушул жеринен орун алган дагы бир өзөк окуя. «Көкөтөйдүн ашы» эпостогу эл арасына өзгөчө кеңири жайылган эпизоддордун бири. Чыгарманын сюжеттик өнүгүшүндөгү бул эпизоддун логикалык орду «Чоң казаттан» мурда, Манастын Каныкейге үйлөнүүсүнөн кийин. Сагымбай Орозбак уулу өз вариантында бул эпизодду ушул орунда айтып жаздырган. Саякбай бул бөлүмдү «Семетейде» айтат. Мурдатан келе жаткан салт боюнча эпизод эпостун экинчи бөлүмүндө — «Семетейде» айтылган. Буга Сагымбайдын айтуусу боюнча эпизоддо «Семетейдеги» катышуучу каармандардын айрымдарынын эскерилишинин өзү да күбө. Бирок С. Орозбак уулу бул эпизодду «Семетейден» «Манаска» алып келүүсү эпосту бургандык, салттан чыккандык эмес, тескерисинче чыгарманы өнүктүрүп, окуяларын тактап, «Манаска» киргизген оң салым.

«Көкөтөйдүн ашы» андан кийин келүүчү туруктуу окуя — «Чоң казаттын» түйүнү жана башталыш себептеринин бири.

«Манастын» окуяларындагы кульминациялык орун — «Чоң казат». Баатырдык, эрдик сапаттардын эң ачык элестери ушул бөлүктө сүрөттөлөт. «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу эле «Чоң казат» да элге кеңири тараган, манасчылар көп аткарган жана терең иштелип чыккан эпизод. Ушуга байланыш-

туу анын варианттары да көп. «Манас» боюнча кагаз бетине түшүрүлгөн тексттердин басымдуу көпчүлүгүн ушул эки эпизоддун варианттары түзөт. Баатырдын өлүмү, ага күмбөз салдыруу — чыгарманын эң акыркы туруктуу окуялары.

Жогоруда келтирилген чыгарманын окуяларынын берилиш схемасы эпостогу ар бир туруктуу өзөк окуянын өзүнчө атайын орду бар экендигин ачык көрсөтүп турат. Ошондой эле ал өзөк окуялар бир сюжеттик багытка баш ийдирилип, композициялык жактан бир бүтүн катары бириктирилип берилгени да даана байкалат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Фольклордогу вариантуулук белги. Бир чыгарманын көптөгөн варианттарынын жаралыш себептерин чечмелегиле.
2. «Манастын» негизги варианттары, алардын кыскача мүнөздөмөлөрүнө (качан жазылып алынганы, көлөмдөрү, жарык көргөн үлгүлөрү ж.б.) көңүл бургула.
3. Варианттардагы бирдейлик белги жана айырмачылыктары кандай?
4. Сагымбай айткан вариант, анын мазмунуна, окуяларына мүнөздөмө бергиле.
5. Саякбай манасчынын варианты, ага мүнөздөмө бергиле.
6. Сагымбай менен Саякбайдын варианттарындагы жакындык белгилер жана айырмачылыктары барбы?
7. «Манастын» туруктуу өзөк окуялары жөнүндө баяндагыла.
8. Варианттардын бирдигин айкындоодо эпостун өзөк окуяларынын мааниси кандай?
9. Сагымбайдын вариантынын төрт китебин окуп келүү.
10. Саякбайдын вариантынын «Манас» бөлүгүн (эки китеп) окуп келүү.
11. Окуган китептердин кыскача мазмунун өз сөзү менен айтып берүү.
12. Сагымбай менен Саякбайдын варианттарына өз баалоңарды берип, мазмунун, көркөмдүгүн талдап, үй ишин жазгыла.

«МАНАС» ЭПОСУН ЖЫЙНОО, БАСЫП ЧЫГАРУУ, ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

«Манас» эпосунун тексттерин кагаз бетине түшүрүү, бул чыгарма боюнча пикир айтып, баа берип, аны менен окумуштуулар дүйнөсүн таанышты руу иши өткөн кылымдын экинчи жарымынын баш чендеринен тартып жүзөгө ашырыла баштаган.

«Манастын» ыр түрүндөгү текстин алгач кагаз бетине түшүргөн адам казак элинин көрүнүктүү окумуштуусу Чокан

http://e-adabiyot.uz

Валиханов. Ал 1856-жылы кыргыз жергесинде болуп «Манасты» угат жана анын негизги эпизоддорунун бири болгон «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндү жазып алат. Ч. Валиханов «Манастын» өзгөчө кеңири мазмунуна көңүл буруп, зор маани берген жана аны «Кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламаларынын бир убакытка келтирилген жана бир адамдын – баатыр Манастын айланасына топтолгон энциклопедиялык жыйнагы», – деп атаган.

XIX кылымдын 60-жылдарында кыргыз жергесине бир нече жолу келген белгилүү түрколог, академик В.В. Радлов «Манастын» үч бөлүгүн бүт жазып алып, ал материалдарды өзүнүн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» деген он бир томдон турган кеңири белгилүү эмгегинин V томунда транскрипцияланган (шарттуу белгилер пайдаланылган) орус тамгасы аркылуу 1885-жылы Санкт-Петербургда кыргыз тилинде бастырып чыгарган. Ушул V томдун В.В. Радлов өзү ыр түрүндө жүзөгө ашырган немец тилиндеги котормосу ошол эле 1885-жылы Лейпцигде басылып чыккан. В.В. Радлов V томуна жазган «Баш сөзүндө» эпос элдин бардык турмушунун көркөм энциклопедиясы экендигин баса белгилеген. Окумуштуу «Манастын» тилинин тактыгы, ыр саптарынын көркөмдүк таасиринин өзгөчө күчү аны чыгарманын текстин немец тилине ыр түрүндө которууга мажбурлаганын эскерет.

Венгер окумуштуусу профессор Георг Алмаши «Манастан» жазып алган чакан үзүндүнү 1911-жылы Будапештте чыгуучу «Келети Сземле» аттуу журналга түшүндүрмөлөрү менен жарыялаган.

Ч. Валиханов да, В.В. Радлов да «Манасты» фольклористикалык максат үчүн эмес, биринчиси негизинен этнографиялык материалдарга факты чогултуу үчүн, экинчиси тилчи катары жазып алышкандыктан, эпосту көркөм чыгарма катары атайын талдоого алып изилдөөгө аракеттенишкен да эмес.

«Манасты» жазып алуу иши 1922-жылы С. Орозбак уулу айткан вариантты кагаз бетине түшүрүүдөн башталып, төрт жыл ичинде эпостун биринчи бөлүмүнүн окуялары бүт жазылган. Жазуу иштерине К. Мифтаков, Ы. Абдыракманов ж.б. катышкан.

«Манасты» жазып алуу ишине өзгөчө көңүл бурулган жана бул багытта орчундуу ийгиликтерге жетишилген учур 1930–1940-жылдар аралыгы болду. 1935–1940-жылдар ичинде С. Каралаевден «Манас» бүт, «Семетейдин» басымдуу көпчүлүк бөлүгү, Тоголок Молдодон «Манас» менен «Семетей» бүт, Ш. Рысмендеевден «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казаттын» көпчүлүк бөлүмдөрү, «Семетей», «Сейтек» бүт, М. Мусулманкуловдон «Семетей», «Чоң казаттын башталышы», Б. Сазановдон «Манастын» негизги окуялары («Манастын туулушунан» башкасы) бүт, «Семетей», Ж. Кожековдон «Семетей», Ж. Сарыковдон «Семетей», «Сейтек», А. Рысмендеевден «Семетейдин» айрым окуялары, А. Тыныбековдон «Манас», «Семетей» жазылып алынат. Бул кызуу жүрүп жаткан маанилүү иш 1941-жылы согуштун башталышына байланыштуу убактылуу токтоп калып, 1943-жылы кайрадан улантылды жана Молдобасан, Багыш сыяктуу элге белгилүү манасчылардын айткан варианттарын жазуу иши аягына чыгарылды.

1950-жылдан кийин жыйырмадан ашуун айтуучулардан эпостун үч бөлүмү боюнча тексттерди жазуу жүргүзүлдү. Алардын басымдуу көпчүлүгү чыгарманын толук окуялары эмес, айрым эпизоддор. Ошондой болсо да ушул мезгил ичинде Ы. Абдыракмановдун эпостун үч бөлүгүн бүт камтыган варианты толук, М. Чокморовдун варианты боюнча үч бөлүмдүн окуялары негизинен бүт жазылып алынган.

«Манас» эпосунун варианттарынын тексттерин жазып алуу иштеринде демилгечи жана активдүү аткаруучулардан болушкан К. Мифтаков менен Ы. Абдыракмановдордун эмгектери зор. Ошондой эле белгилүү манасчылардын бир нечесинен текст жазуу ишине катышып, өтө зор көлөмдөгү материалдарды кагаз бетине түшүрүшкөн Р. Кыдырбаева, Ж. Ирисов, К. Жумабаев, С. Мусаев, Б. Токтогулов ж.б. ысымдары эскерилүүгө татыктуу.

Чоң манасчы Тыныбек Жапы уулунун оозунан жазылып калган «Семетейдин» чакан үзүндүсү 1925-жылы Москвада араб тамгасы менен басмадан чыккан.

«Манас» эпосунун окуяларын толук камтыган үлгүлөрүн жарыялоо иши 1970–80-жылдар арасында колго алынып, на-

тыйжада улуу манасчылар С. Орозбак уулу менен С. Каралаев айткан варианттардын негизинде Сагымбайдын төрт томдугу, Саякбайдын «Манасынын» эки тому, «Семетейинен» эки том, «Сейтеги» бир том болуп, баары беш китеп басмадан чыкты. Булардан башка да «Манас» эпосу төрт китеп түрүндө орус жана кыргыз тилдеринде (С. Орозбак уулунун варианты боюнча) Москвадан жарыяланды. Эпостун окуяларынын кара сөз түрүндөгү баяндамасы «Манас» бөлүгү С. Орозбак уулу, С. Каралаевдин варианттары боюнча (түзгөн С. Мусаев, 1986-ж.), «Семетей», «Сейтек» С. Каралаевдин айтуусунда (түзгөн С. Мусаев, 1995-ж.) жарык көрдү.

Азыр Сагымбай менен Саякбайдын варианттарын академиялык басылышта – толук түрдө жарыялоо жүзөгө ашырылууда: Сагымбайдын төрт, Саякбайдын үч китеби жарык көрдү. Сагымбай менен Саякбайдан башка манасчылардан жазылган тексттерди бастырып чыгаруу аракеттери да көрүлүүдө. М. Чокморовдун, Ы. Абдыракмановдун варианттарынан үзүндүлөр китеп түрүндө элге тарады ж.б. Мурда жарык көргөн материалдардан Ч. Валиханов жазып алган материал кайра бастырылды («Көкөтөй кандын ашы», басмага даярдаган Р. Сарыпбеков, 1995-ж.).

«Манасты» изилдөө аракетинин алгачкы кадамдары эпоско баа берүү, жалпы мүнөздөгү ой-пикир айтуу түрүндө болуп, өткөн кылымда эле башталган. Мисалы, Ч. Валиханов, В. Радлов ж.б. «Манаска» берген баасы, айрым ойлору ж.б. Бирок, «Манас» жөнүндөгү илимдин бул багыты да сөздүн чыныгы маанисинде өткан XX кылымда гана түптөлүп, өсүп-өнүктү.

«Манастын» жанрдык белгилери такталып, манасчылар, алардын чыгармачылыгы, эпостун доору, чыгышы жана калыптаныш баскычтары, мазмуну, окуялар системасы, каармандары, көркөмдүк белгилери, варианттары ж.б. көптөгөн багыттарда аз эмес иликтөөлөр жүргүзүлүп, окумуштуулардын бир нече муундары өз ой-сунуштарын айтышып, түрдүү проблемалардын чечилиши, күдүк же талаш маселелердин такталышы үчүн аракет көрүп, салымдарын кошушту.

Манастаануу илиминин жетишкен ийгиликтеринин деңгээлин көрсөтө турган айгине фактылардын катарына анын

тексттерин академиялык бастырышта жарыялоо мүмкүнчүлүгүнүн түзүлүшүн жана «Манас» энциклопедиясынын жазылып жарык көрүшүн (эпос боюнча энциклопедия түзүү дүйнө элдериндеги биринчи иштелген тажрыйба) кошууга болот. Эки томдон турган бул көлөмдүү эмгек 1995-жылы жарык көрдү жана 1998-жылы Кыргыз мамлекетинин илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду.

«Манас» жөнүндөгү илимдин түптөлүшүнө, телчигип кадам шилтеп, андан ары өнүгүп кетишине өбөлгө түзүп, орчундуу эмгектери менен чоң салым кошушкан белгилүү инсан окумуштуулардын арасында казак жазуучусу М. Ауэзовдун, кыргыз академиги Б. Юнусалиевдин, белгилүү изилдөөчү К. Рахматуллиндин, орус илимпозу академик В.М. Жирмунскийдин ысымдары өзгөчө орунду ээлейт.

Атайын адис улуттук кадрлардын саны өсүү менен 1960-жылдардан баштап, айрыкча 1970–1980-жылдарда «Манасты» изилдеп үйрөнүү, пропагандалоо иштери алда канча жанданды, ургаалдуу өстү. Кийинки 30–40 жыл ичинде «Манас» жөнүндөгү илимди өнүктүрүү, эпостун илимий проблемаларын иликтөө, тексттерин жарыялоонун принциптерин иштеп чыгуу жана материалдарды бастырып чыгарууну жүзөгө ашырууда Э. Абдылдаев, Р. Кыдырбаева, С. Мусаев, Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, С. Бегалиев ж.б. фольклорчулардын эмгектери орчундуу.

Чет элдик окумуштуулардын «Манаска» кызыгуулары күн санап артууда, кыргыз эпосун изилдөөнү атайын максат эткен илимпоздор да көбөйүүдө.

Коммунисттик идеологиянын катуу чектөөлөрү болбогондо манастаануу илиминин ийгиликтери бүгүнкү деңгээлден алда канча жогору болмок. Анткени, айрыкча 1940-жылдардын 2-жарымынан тартып күчөгөн жана улам катуу мүнөзгө ээ болуп олтурган коммунисттик идеологиялык талаптар эпосту изилдеп үйрөнүүдө да, тексттерин басмага даярдоодо да окумуштууларды тар чекте камап, андан сыртка чыгууга эрк бербей, ишке катуу тоскоолдук кылган. «Манас» эпосуна элдик чыгарма эмес деген күнөө коюлган жана бул маселени чечүү үчүн 1952-жылы Бүткүл Союздук атайын конференция

өткөрүлгөн. Ошол конференцияда эпостун көптөгөн вариант-тарына реакциячыл деген күнөө коюлган, айрыкча Сагым-бай Орозбак уулунун варианты катуу сынга алынган, эпоско мындай мамиле кылуу андан кийин да токтобой, тексттерди басмага даярдоо, бастыруу учурларында көптөгөн арыздар түшүп, аны текшерүү, талдоо үчүн улам-улам партиялык комиссиялар түзүлүп, иштелип жаткан ишке тоскоол болуп, иштин бүтүшү көп жылдарга кечеңдеген.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Оозеки чыгармаларды, анын ичинде эпосторду жыйноонун – кагаз бетине түшүрүүнүн маанисин баяндагыла.
2. «Манас» эпосун жазып алып жыйноо иштери, бул багытта көрүнүктүү эмгек кылган кандай адамдарды билесиңер?
3. Эпостун тексттерин бастырып чыгаруу. Бул багытта иштин алга жылуусуна тоскоолдук кылган тарыхый шарттар кандай болгон?
4. «Манас» эпосун изилдөө иштери, көрүнүктүү изилдөөчүлөр кимдер?

МАНАСЧЫЛАР

Көптөгөн көрүнүктүү окумуштуулардын пикири боюнча көркөм чыгарма катарындагы «Манас» эпосунун жашы миң жылдын айланасы менен чектелет. Бул чыгарманы жараткан жана ошончо узак убактан бери укумдан-тукумга өткөрүп сактап, өстүрүп-өнүктүрүп келген эл арасында таланттуу адамдардын атайын тобу бар. Аларды эл атайын наам менен манасчылар деп аташат.

«Манасты» так кайсыл жылы, кайсыл күнү, кандай конкреттүү окуяга байланыштуу ким биринчи жараткан? – деген суроого кесе жооп айтуу кыйын. Эл арасында айтылган айрым уламыш түрүндөгү маалыматтарга караганда Манас баатыр өлгөндө анын тирүүсүндөгү эрдик иштерин кошок катары айткан адам кырк чоронун бири Ырчы уул болгон экен. Ырчы уул чыгарган кошокту өзүнчө атайын жомокко айланткан – «Манасты» эпос түрүндө биринчи болуп айткан адам өмүрү уламышка айланган ырчы Токтогул делет. «Ток-

https://eduportal.uz

тогулдай ырчы бол, Толубайдан сынчы бол»,– деген накыл сөз айтылат.

Бардык манасчылардын деңгээли бирдей эмес. Ошондой жөндөмүнө жараша эл манасчыларды бир нече топторго бөлөт: үйрөнчүк манасчы, чала манасчы, чыныгы манасчы, чоң манасчы.

Манасчылык өнөргө ээ болууга дилгир жаштын өзүнөн мурдагы муундун өкүлү болгон манасчыдан бул өнөрдүн сырын үйрөнүү, эпостун окуялары менен кенен таанышуу учурун үйрөнүүчүлүк учур дейбиз. Бул учурда манасчы болгусу келген адам өз устаты айткан айрым эпизоддорду жаттап алып аткара баштайт. Андай манасчыны үйрөнчүк манасчы дешет.

Манасчылык кесиптин экинчи баскычы – чала манасчылык. Эпикалык чыгарма жаратуунун табигый жөндөмүнө ээ болбогон, эпостун айрым үзүндүлөрүн, же бир-эки эпизодду жаттап алып айтып жүргөн адамдар чала манасчылар делет.

«Манас» айтуунун үчүнчү этабы – чыныгы манасчы болуу. Булар – эпостун негизги окуяларын жакшы өздөштүргөн жана аларды баштан аяк өз түшүндүрүүсү алымча-кошумчалары менен өз редакциясында аткарган, өзүнчө вариант түзгөн манасчылар. Аларды кээде чала манасчылардан айырмалоо, деңгээли жогору экендигин белгилөө үчүн чыныгы манасчы деп да аташат. Булардын катарына Молдобасан Мусулманкулов, Шапак Рысмендеев, Тоголок Молдо ж.б. кирет.

Манасчылык өнөрдүн жеткен чеги – чоң манасчы болуу. Мындай наамга айтуучулар чанда-чанда гана ээ болушат. Зор таланттуу, эпостун өсүп-өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон, жогору көркөмдүктөгү вариант жараткан, чыгарманын бардык окуяларын баштан аяк ырааты менен толук, кеңири мүнөздө аткарган, эл арасында таасын таанылып, өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон айтуучуларды «чоң манасчы» деп атайын урмат көрсөтүү менен аташат. Кыргыз эли ушундай наам менен атаган манасчылардын катарында С. Орозбак уулу менен С. Каралаев бар.

http://edu.portal.uz



САГЫМБАЙ ОРОЗБАК УУЛУ

(1867–1930)

«Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккан ар бир адам Сагымбайдын сөз байлыгына, акындын чеберчилигине, ташкындаган сүрөткер кудуретине баш ийбей койбойт. Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким эч убакта кайталанбас руханий көрүнүштүр. Манас «Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет».

Ч. Айтматов

Элибиздин учу-кыйрына кеңири белгилүү чоң манасчылардын бири Сагымбай Орозбак уулу. Ал 1867-жылы Ысык-Көлдүн күнгөйүндөгү Кабырга деген жерде туулган. Манасчы болгонго чейин бала күнүнөн тартып мал багып, эгин эгип, оокат кылган. 12 жашында атасы өлүп, жетимдиктин каарын да тартат. «Манас» айтууну 15–16 жашынан баштайт. Бирок качан, канча жашынан тартып элге таанылып, бул ишти кесип кыла баштаганын так айтуу кыйын. Кебетеси Сагымбайдын үйрөнчүк учуру анча көпкө созулбаган болуу керек. Анткени, ал бала кезинен эле ырга шыктуу болуп, тамашалуу ырлар чыгаргандыгы менен айыл арасында таанылып, оозго алынып жүрчү экен. Ошондой ырларынын эл арасында сакталып калгандарынын бири бул: атасы өлгөн жылы ырым кылып Сагымбайга арнап эгин эгишип, аны өзүң бак деп тапшырышат. Баккан эгинин отоо басып чыкпай калганда жаны кашайган 12 жаштагы бала:

«Кудай бардыр куурайга,
Мен эмне кылдым кудайга?!

http://edu.portal.uz

Тең жарымы ак буудай,
Тегерек баш ак куурай.
Ону куурай, беш буудай,
Бербей койду бир кудай.
Баккан эгин ушубу,
Атам көрсө ургудай!» –

деп ырдаган экен. Инисинин ырын угуп, кейигенин көргөн агасы Алишер күлүп, буудайга эчки жайып жибериптир.

Манасчы катары эл арасына таанылгандан тартып Сагымбай өмүрүнүн акырына чейин эпосту эл арасына жайылтып өттү.

1916-жылкы үркүндө качкан эл менен кошо Кытай жерине барып, ал жактан 1917-жылы кайтат. Ошол катаал шарттагы эң көп адамдар ачкадан кырылган кыйын учурларда манасчылык өнөрүнүн жардамы менен үй-бүлөсүн аман асырап калган экен. Кытай жеринде жүргөндө кызыл-суулук кыргыздардын арасынан чыккан манасчылар менен «Манас» айтышып, аларды бүт жеңип чыгып, калк арасына атагы тарап, кадыр-баркы көтөрүлөт. 1921-жылы кеч күздө эл аралап «Манас» айтып жүрүп, азыркы Тоң районунун Бөкөнбаев айылы турган жердеги айылдардын биринен К. Мифтаковго жолугат. Сагымбайдын айткан «Манасы» К. Мифтаковго зор таасир тийгизгендиктен ал адам эпосту кагаз бетине жаздырууну сунуш кылат. Бирок минип жүргөн аты бирөөнүкү болгондуктан манасчы көпкө токтолуп тура албасын айтып, экөө жайында Кочкор өрөөнүнөн жолугушууга убадалашат. 1922-жылы жайында атайын издеп барган К. Мифтаков манасчыны Солтон-Сары жайлоосунан таап, «Манасты» жазуу ишин баштайт. Бул иш төрт жылдан ашуун убакытка созулуп, эпостун биринчи бөлүгү – «Манас» жазылып бүтөт. С. Орозбак уулу «Манастын» үч бөлүмүн бүт, толук айтчу экен. Билген адамдар манасчы өзү «Манаска» караганда «Семетейди» мыкты айтам, мени Семетей баатырдын арбагы колдойт дечү эле деп эскеришет. Бирок эпосту жазуу иши ортолоп калганда манасчынын катуу ооруганына байланыштуу «Семетей» менен «Сейтекти» жазууга мүмкүнчүлүк болбойт. С. Орозбак уулу 1930-жылы дүйнөдөн кайтып, сөөгү азыркы Кочкор районундагы Ормон айылы жайгашкан жерге коюлган.

Манасчылык өнөргө ээ болуусун Сагымбай өзү арбак колдоо, түш көрүү, аян берүү менен түшүндүрүп, алгач көргөн түшүн, андан кийинки эки жолу арбактардын аян бергенин көп айтчу экен.

Сагымбай «Манасты» эң алгач тың манасчы эсептелген агасы Алишерден угуп, үлгү алган. Бирок анын манасчы болушуна атактуу чоң манасчы Чоңбаштын (өз аты Нармантай, ал адам кадимки Тыныбек манасчынын да устаты болуптур) таасири күчтүү болгон экен. Бул жөнүндө К. Рахматуллин минтип жазат: «Сагымбай ошол учурдагы чоң манасчылардын бардыгын дээрлик угат. Ал Чоңбаш, Тыныбек, Найманбайларды гана эмес, Балык менен Келдибекти да угуп, үлгү алгандыгы жөнүндө айтышат. Келдибек Сагымбайга «Манасты» айттырып көрүп жактырат, бирок обондон жетише элек экенсиң деп обонду, кол шилтөөнү жана башка кыймыл-аракеттерди үйрөткөн экен. Алар билген, айткан жана өзүлөрү иштеп чыккан мыкты табылгаларды С. Орозбак уулу өз вариантында кеңири пайдаланган, өзү да ашкере таланттуу адам болгондуктан эпостун структурасын тактоо, окуяларын кеңейтүү багытында белгилүү салым кошуп, ырынын көркөмдүгүн, таасирдүүлүгүн ого бетер өркүндөткөн. Натыйжада эпостун мурдатан элге кеңири белгилүү окуяларын толук камтыган Сагымбайдын варианты жаралган. Бул вариант элибиздин өткөндөгү турмушунун эң көп жактарын кеңири планда, өзгөчө көркөм баяндай алгандыгы менен айырмаланып турат.

Эпостун колдо болгон варианттарынын ичинен биринчи бөлүм болгон «Манасты» өзүнчө эсептегенде С. Орозбак уулунун варианты көлөм жактан кагаз бетине түшүрүлгөндөрдүн ичиндеги эң чоңу – 180378 сап ыр.

Белгилүү түрколог, профессор, АКШдагы Сиетл шаарындагы Вашингтон университетинин кафедра башчысы Ильзе Лауде-Циртаутас «Советская тюркология» (№3, 1987-жыл) журналында чыккан макаласында Сагымбай тууралуу мындай деп жазат: «Сагымбай өз учурундагы акын манасчылардай эле кенже эпосторду да өз варианттарында айта билгендиги толук маалым. Ал негизинен кыргыз оозеки поэзиясынын бардык жанрын өздөштүрүү менен, башка ырчылардын мурастарын сактап, жайылтуучу да болгон.

Ошондой эле Сагымбай тарыхчы да болгонун белгилеп кетишибиз керек. Ал ат арытып, кайсы жерге барбасын, бардык жерде айрым кыргыз урууларынын тарыхы жөнүндөгү маалыматтарга кызыгып, иликтеп жүргөн. Уккан-билгендерин кошумча түшүндүрмө катары өзү айткан, «Манаска» киргизген.

...Анын варианты этнографтар, тарыхчылар, географтар, анан албетте, адабиятчылар үчүн кенч».

Суроолор жана тапшырмалар

1. Сагымбайдын балалык чагы кандай өткөн?
2. «Манасты» качандан баштап айта баштаган?
3. Сагымбайдан «Манас» эпосунун кайсы бөлүгү, качан жана ким тарабынан жазылды?
4. Залкар манасчынын айткан эпосун окудуңарбы?
5. Ч. Айтматов менен Ильзе Лауде-Циртаутастын Сагымбайга берген бааларынын маанисин салыштыргыла.

http://eduportal.uz



САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

(1894–1971)

Белгилүү чоң манасчы С. Каралаев 1894-жылы азыркы Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Семиз-Бел деген жерде туулган. Көп убакыт өтпөй Караланын үй-бүлөсү Жети-Өгүз тарапка көчүп барып, Саякбайдын балалык чагы ошол жерде өтөт. Атасы момун, өтө жоош адам болгон экен. Ал кедей болгондуктан, Саякбайга жаш кезинен тартып ар кимге жалданып иштөөгө туура келет. 1916-жылкы үркүндө качкан эл менен кошо Сары-Жаздын Көөлүсүнө чейин барып, унаасы начар жармачтардын катарында Кытайга кете албай ошол жерде туруп калышат. Саякбай ошол Көөлүдө жүргөндө үйлөнөт. Жерине кайткан элдин алгачкыларынан болуп Караланын үй-бүлөсү кайра Көлгө келет. Саякбай 1918-жылы өз ыктыяры менен Кызыл Армиянын катарына өтүп, 1922-жылга чейин кызмат өтөгөн.

С. Каралаевдин өз эскерүүсүнө караганда манасчы катары эл алдында эпостун айрым эпизоддорун айтууну ал биринчи жолу ыктыярдуу отрядга мүчө болуп жүргөндө баштаган экен.

Бардык манасчылар сыяктуу эле С. Каралаев да «Манас» айтууну, манасчылык кесипти арбак дааруу, түш көрүү менен байланыштырат. Айтканына караганда Манас жана анын жакын жардамчылары Саякбай жаш жигит кезинде, Караланын үй-бүлөсү Орто-Токойдогу бекетте турган учурда жолуккан экен. Галлюцинациялык мүнөздөгү элести Саякбай айылчылап жүрүп үйүнө келе жаткан жолдо өңүндө эле көрөт. Бул белги жаш жигитке өзгөчө катуу таасир эткендиктен ал көпкө чейин толкунданып, токтоно албай да жүрөт. «Кийин ыктыярдуу отряддын катарында жүргөндө экинчи жолу Алмамбет түшүмө кирди. Ошондон кийин «Манасты» айта

баштадым»,– деп эскерет манасчы. Саякбайдын манасчылык өнөргө кызыгуусуна өз чоң энесинин таасири тийиптир. «Чоң энем сөзмөр, көптү билген, жомокчу, чыйрак, тың киши эле. Бала кезимден ошол адамдан көптөгөн жомок, ырлар уктум. «Төштүктү» бүт ошол чоң энем айтып берген. «Манастан» да көп айтып берүүчү»,– деп эскергени бар. Ал жашынан ырга шыктуу болуп, көркөм чыгарма жаратуу жөндөмүнө да ээ экен.

Армиядан Саякбай 1922-жылы кайтат да, көп узабай айыл кеңешинин төрагасы болуп шайланат. «Айылдык кеңештин төрагасы болуп адегенде төрт жыл дунгандарда, андан кийин Маманда иштедим. Айлык алчу эмеспиз. Кээде эл аралап күпүлдөтүп «Манас» айтып жүрдүм»,– деп эскерет өмүрүнүн бул учуру жөнүндө манасчы. 1924-жылы белгилүү чоң манасчы Чоюкеге жолугуп, бир топ бирге жүрүп, ал адамдан манасчылык кесиптин таалим-тарбиясын алат. Ушул мезгилден тартып эл арасында эпосту айтуучу катары аты билинип, манасчылык кесиби башталат. «Ошентип жүрүп 1930-жыл болду. 1930-жылы ушул Карасайдын уулу Кусейин (белгилүү окумуштуу, профессор Х. Карасаев) барып, Наркомпростун тапшыруусу менен келдим, чакырып жатат, «Манас» айтасың деп алып келди. Сельсоветтикти да, баарын таштап келдим. Ошондон бери «Манастын» артындамын. Артист да болдум. Анда деле «Манас» айттым», – дейт манасчы.

С. Каралаевден «Манасты» жазуу иши 1935-жылы башталып, алгачкы эпизоддорун кагаз бетине түшүрүүгө К. Жумабаев, Ы. Абдыракмановдор катышкан. Бул манасчынын вариантын жазып алуу 1947-жылдын 25-апрелинде аяктаган. Жыйырма жылга жакын убакыттын ичинде айтуучунун оозунан эпостун биринчи бөлүгү «Манас» (көлөмү 84513 сап ыр), экинчи бөлүк – «Семетей» (көлөмү 316157 сап ыр), «Сейтек» (көлөмү 84697 сап ыр) жана «Сейтектин» уландысы – уулу Кенен баатыр, Кенендин балдары Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндө 15186 сап ыр көлөмүндөгү материал жазылып алынган. С. Каралаевден жазылган эпостун бардык бөлүмдөрүнүн жалпы көлөмү 500553 сап ырды түзөт. «Манас» дүйнөдөгү өзү сыяктуу чыгармалардын арасындагы көлөм жактан теңдеши жок эпос болсо, С. Каралаев – биз

билген манасчылардын ичиндеги эң чоң варианттын жаратуучусу.

С. Каралаевдин варианты 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башында кыскартылган түрдө экинчи жолу жазылган. Андан башка да 1968-жылы ал айткан «Манастын» бардык бөлүмдөрү магнитофон тасмасына жазылып алынган.

С. Каралаев кыргыз искусствосунун 1939-жылы Москвада өткөн биринчи жана андан кийинки он күндүктөрүнүн катышуучусу. Ошол эле 1939-жылы ага Кыргызстандан эл артисти деген ардак наам берилген. Элге сиңирген эмгеги үчүн С. Каралаев өкмөттүк жогорку сыйлыктарга ээ болуп, үч «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендерин, көптөгөн медалдар, Кыргызстан Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталарын алган. Чоң манасчы С. Каралаев элинин сыйына ээ болуп, атагы ааламга жетип турганда 1971-жылы 77 жаш курагында Бишкек шаарында дүйнөдөн кайткан.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Манасчы жана акын-ырчы. Экөөнүн чыгармачылыгынын арасындагы жакындык жана айырманы түшүндүрүп бергиле.
2. Түш көрүүнүн манасчылык өнөргө таасири кандай?
3. Манасчылык өнөр, анын баскычтары тууралуу эмне билесиңер?
4. Саякбай Каралаевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу айткыла.
5. Манасчылык өнөрдөгү башкалардан таалим алуунун мааниси.

«МАНАС» ЭПОСУНУН ВАРИАНТТАРЫ

Манасчылардын санынын көп болгондугуна жараша «Манастын» варианттары да көп. Мисалы, колдо бар маалымат боюнча азыр эпостун биринчи бөлүмүнүн – «Манастын» 34 варианты белгилүү. Эгер «Мажму-ат-таварихтин» маалыматын өзүнчө вариант катары эсептесек, толугу жана үзүндү түрүндөгүсү болуп варианттын жалпы саны отуз бешке жетет.

С. Орозбак уулунун варианты 1922–1926-жылдар аралыгында жазылган. Бул варианттын тексттери 1984 – 1995-жылдарда орус жана кыргыз тилдеринде Москвадан жарык көрдү, ошол басылыштын үч китеби эки том түрүндө 1995-жылы

http://elibook.kg

англис тилинде чыкты. Сагымбайдын вариантынын толук академиялык басылышынын төрт тому 1995–1996-жылы жарыяланды.

С. Каралаевдин варианты 1935–1947-жылдарда жазылган. Саякбайдын вариантынын эпостун бардык бөлүмдөрү боюнча 5 китеби 1984–1991-жылдарда, академиялык толук басылышынын үч китеби 1995–1996-жылдары жарыяланды.

Ш. Рысмендеевдин (1863–1956) варианты 1935–1938-жылдар аралыгында жазылган, жалпы көлөмү – 24588 сап ыр. Текстн жазууга Курман Кыдырбаева, Ташым Байжиев, Жанек Наматов ж.б. катышкан. Варианттын тексттери жарык көрө элек.

1936–1937-жылдарда Тоголок Молдо өз вариантын өзү жазып өткөргөн. Жалпы көлөмү – 53045 сап ыр.

Тоголок Молдонун варианты да жарыялана элек.

Элге кеңири белгилүү манасчы Б. Сазановдон 1938–1940-жылдар аралыгында анын варианты жазылган. Жазууга С. Мусаев, Б. Токтогулов ж.б. катышкан. Эпостун биринчи бөлүмү боюнча жазылган материалдардын жалпы көлөмү – 41147 сап ыр. Вариант жарыялана элек.

1944–1945-жылдар аралыгында белгилүү манасчы М. Мусулманкуловдун (1881–1961) варианты жазылган. Жазуу ишине А. Тайгүрөнов, С. Байсалов, Ы. Абдыракманов катышкан. Көлөмү – 57718 сап ыр. Молдобасандын вариантынын бир үзүндүсү «Чоң казаттын» башталышы манасчынын өз аткаруусунда 1935-жылы грампластинкага жазылып жарыяланган. Башка материалдары жарык көрө элек.

Белгилүү фольклорчу, жыйноочу, «Манас» эпосунун бардык вариантын өзгөчө мыкты билген адамдардын бири – манасчы Ы. Абдыракманов 1946-жылы эпостун эң акыркы окуясы болгон «Манаска аш берүү» эпизодун өзү жазып өткөргөн (көлөмү 3731 сап ыр), 1952-жылы «Манастын» калган окуяларын башынан тартып бүт бойдон (көлөмү – 14983 сап ыр) өзү жазып өткөргөн. Вариант жарык көрө элек (эпостун Ы. Абдыракмановдон жазылган вариантынын «Сейтек» бөлүмү 1995-жылы жарыяланды).

Белгилүү манасчылардын бири – М. Чокморовдон 1959–1972-жылдар аралыгында эпостун үч бөлүмү бүт жазылып

http://elibrary.kg

алынган. «Манасы» жарык көрө элек. «Семетей» бөлүмү кыскарган түрдө 1995-жылы жарыяланды.

Жогоркулардан башка В.В. Радлов жарыялаган вариант да чоң мааниге ээ. Ага карап кайсыл окуялар мурдатан келе жатканын тактоого, жүз жылдан ашуун убакыт ичинде тексте кандай өзгөрүүлөр болгонун, кайсы көрүнүштөр мурдагы калыбында сакталганын ж.б. сыяктуу көптөгөн орчундуу маселелерге жооп алууга мүмкүн. Бирок академик В.В. Радлов жазып алган текст кимден жазылганы белгисиз, анын үстүнө материал бир эле адамга таандык эмес, бир нече адамдардан жазылган, алардын кайсынысы кимдики экенин так айтуу кыйын.

«Манастын» варианттарындагы бирдейлик менен айырмачылыктын деңгээлин даана көрүү үчүн эки вариантты салыштыруу жетиштүү. Бир мектепке кирген варианттар бири-бирине жакын болору өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошон үчүн эки башка вариантка – Сагымбай менен Саякбайдан жазылган тексттерге токтолобуз.

«МАНАСТЫН» С. ОРОЗБАК УУЛУ АЙТКАН ВАРИАНТЫ

«Манастын» С. Орозбак уулу айткан вариантынын мазмуну ар түрдүү бөлүктөргө – окуяларга бөлүнүп, ар бир эпизод өзүнчө аткарууга ылайыкталган. Ар бир чоң-чоң эпизоддордун өзүнчө аталыш наамдары да бар. Мисалы, «Баатырдын төрөлүшү жана балалык чагы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң чабуул» ж.б. Бул белгилер жеке эле ушул вариантка гана мүнөздүү болгон өзгөчө көрүнүш эмес, «Манас» эпосунун мурдатан келе жаткан туруктуу салттык белгилеринен. Мурдатан эле көлөмү өзгөчө зор чыгарманы дароо баштан аяк айтуу кыйынга тургандыктан анын белгилүү окуяларын бөлүп-бөлүп, ар бирин өзүнчө айтуу зарылчылыгы туулган.

Сагымбайдын варианты Манас баатырдын тегин мүнөздөп, жети атасын саноодон башталат.

Эпостун башкы каарманы жөнүндөгү сөздү анын тегин саноодон баштоо да, ошондой эле жети атасын атоо да «Манастагы» бардык манасчылар үчүн мүнөздүү салт. Манасчылар адам аттарын өзгөртүп айтышы жана санын түрдүүчө көрсөтүүсү мүмкүн. Сагымбай баатырдын ата-бабалары ка-

http://edu.gov.kg

тары бул ысымдарды атайт: Каракан, Угуз, Аланча, Байгур, Бабыр, Түбөй, Көгөй, Ногой, Жакып.

Кыргыздарды кытайлар басып алып, Ногойдун балдарын бөлүп кетет. Аталаш агасы Чыйыр өлгөндө анын аялы Шаканга үйлөнгөн. Ногойдун кичүү баласы Жакып Манжурияга сүрүлүп барып, Бөйөндүн уулу Чаян дегенге малай жүрөт. Кызматы жаккандыктан Чаян кызы Бакдөөлөттү Жакыпка аялдыкка берет. Бирок, Жакып эки аялынан элүү жашка келгенче бала көрбөй зарлап жүрөт, өзү эбегейсиз бай болот.

Бай Жакып малынан үйүнө келип, баласы жогуна капа болот, уктап жатып түш көрөт. Түшүндө:

«Кукулактап үн чыкса,
Куштан башка үнү бар.
Куйрук башы жаркылдайт,
Куудан аппак жүнү бар»,–

текөөрү темир, тумшугу болот, сүрү Алп кара куштукундай болгон өзгөчө кыраан туйгун куш кармап алат. Жакыптын байбичеси Шакан – Чыйырды, токолу Бакдөөлөт да жакшы жышааналуу түш көрүшөт. Аялдарынын кеңеши боюнча Жакып чоң той берип, түшүн жорутат. Байжигит деген адам Жакыптын түшүн баатыр балалуу болот экенсиң деп жоруйт.

Түш жорулуп, той тарап кеткенден эки жыл өткөндө Чыйырды кош бойлуу болуп, жолборстун жүрөгүн жесем деп эңсейт. Мергенчи аткан жолборстун жүрөгүн жеп, талгагы канат. Болочок баатыр боюнда бар кезинде энеси жолборстун жүрөгүн (кээде бүркүт ж.б. жырткыч айбандардын этин, жүрөгүн, көзүн) жесем деп күсөш – түрдүү элдердин оозеки чыгармаларында кеңири жолуккан белги.

Чыйырдынын убагы жетип, бала төрөлөт, төрөтү оор болуп тогуз күнү толготот.

Сүйүнчүлөш үчүн Жакыпты издеп аттанган Акбалта аны айылга жакын жылгада жаңыдан туулган кула кулунду телчитип турган жеринен таап, баласынын жайын айтат. Акбалтага сүйүнчүгө көп мал атап, үйүнө келген Жакып байкап көрсө, баласы:

«Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.

http://elibportal.uz

Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун.
Эрди калың, көзү үңкүр –
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык –
Алп мүнөзү көрүнөт,
Кең көкүрөк, жайык төш.
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заар жүз –
Пил мүчөсү көрүнөт,
Жолборс моюн, жоон билек.
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз.
Бөрү кулак, жолборс төш –
Бөлөкчө түрү бар экен».

Жакып баласына арнап чоң той берип, ат койдурат. Чогулган эл балага ылайыктуу ат таба албай туюкталып турганда пайда болгон дубана балага «Манас» деп ат коюп, көздөн кайым болот. Эл тарап, убакыт өтүп, Манас чоңоё баштайт, өзгөчө тентек чыгат. Жакып бала катыксын үчүн койчусу Ошпурга козу кайтартканга берет.

Баатыр чыгуучу балага ылайыктуу ат табылбоо, кысталыш учурда пайда болгон касиеттүү кары адам, же дубана балага ат коюу, баланын тентек чыгышы, катыктыруу үчүн эмгекке салуу да – дүйнө элдеринин жөө жомокторунда, эпосторунда көп жолуккан белгилүү сюжет.

Ошпурдукунан баласын алып кетүү үчүн келген Жакып Манасты ээрчитип өз айылына бараткан жолдо жер коруган калмактар жолугуп калып Жакыпка кол салышат. Бул чыр чоң чатакка айланып, согушта Манас эрдик көрсөтөт. Бул – баатырдын биринчи эрдиги. Манас биринчи эрдигин калмак зордукчуларына каршы күрөштө көрсөтүүсү – «Манас» эпосундагы салттык белги. Эпостогу маалымат боюнча кыргыздардын эпикалык душмандары катары калмак, кытайлар аталат. Көбүнчө бул эки элдин атынын арасына чек коюлбай, экөө аралаш айтыла берет.

https://edu.gportal.uz

Манастан жеңилген калмактардан кабар уккан Эсенкан баатыр баланы кармап келүүгө атайын кишилерин жиберет. Соодагер болуп келген тыңчылар жылкычылардын арасында жүргөн Манаска жолугушат. Бирок Манас аларды өлтүрүп, дүнүйөлөрүн элге таратат.

Жакып Манжурияга сүрүлгөндө Кашкар тарапка айдалган Бай аттуу иниси Жакыпты издеп келип, таап жолугат. Ошол арада калмак каны Нескаранын окуясы, ал чаап алмак болуп көп колу менен келип Манастан жеңилгени, өзү качып кутулганы да айтылат. Нескара «Манастагы» белгилүү терс каармандардын бири, эпостун кийинки окуяларында да көп жолу аралашат.

Жакыпка жамаатташ жашап, аны менен мамилелеш болгон уруулар чогулуп, баш кошуп ынтымакташып жашоо, жоо келсе бирдиктүү каршы туруу үчүн убадалашып, Манасты кан көтөрүшөт.

Манастын кан шайланышы бардык варианттарда кезиккен сюжеттерден.

Жаангер кожо аттуу адамдын баласы Билерикти Нескара колго түшүрүп алып, Кырмус шаа аны орго салып коёт. Жаангер баласына жардам берүүнү өтүнүп, Кошойго кайрылат. Ал камданып, көп кол менен аттанып, амал-айла менен Кырмусту жеңет. Ошол учурда он бир дуу-дуга каршы аттанган Манас келип Кошойго жолугат.

Он бир дуу-дунун бири, Даңгу шаарынын улугу Кайып менен болгон согушта Манас жеңип, аны колго түшүрөт. Кайыптын өзгөчө сулуу жана мерген, баатыр кызы Карабөрктү жекеде жеңип, ага үйлөнөт.

Манас колу менен үйүнө кайтып келгенден кийин Жакып элин чогултуп, калмак-кытайлар менен өчөгүшкөн душман болуп калдык, бул жерди таштап алысыраак башка жакка көчүп кетип жан сактайлы деген кеңешин айтат. Чогулган көпчүлүк душмандардан коркуп качуунун ордуна ата-бабадан калган Ала-Тоону жоодон куткарууну туура деп табышып, камынып, көп кол аттанат. Манас колу менен келип, Текести жеңип, анын ордуна кан болгон иниси Тейиш той берет. Тойдо эр сайышка Сайкал кызга каршы эч ким чыкпай, Манас өзү чыгат. Манас Кер-Көлдөгү (Ысык-Көл) Оргону, Чүйдөгү Акунбешим шааны, Ташкендеги Панусту жеңип, мурдагы

http://eduportal.uz

кыргыз жерин душмандардан бошотот да кайта Алтайга барышат.

Кыргыз жергесин аны мурда басып алган душмандардан бошотуу – «Манас» эпосундагы туруктуу окуялардан. Эпосту толук айтып жаздырган манасчылардын варианттарында бул окуя бар. Бирок ар бир манасчы окуянын ички курулушун өзүнчө түзөт жана деталдарын да өзүнчө берүүсү мүмкүн.

Алтайга кайра баргандан кийин элин чогултуп Манас ата-бабанын туулуп-өскөн жерине көчүп барууну сунуш кылат, көпчүлүк туура таап, көчүшөт. Манас өз айылы менен Самаркан тарапка келип, Анжыяндагы Алооке канды коркутуп багындырып, туруп калат.

Алтайдан Ала-Тоого көчүп келүү, Алоокени жеңүү эпостун сюжетиндеги туруктуу деталдардан. Манасчылар бул теманы айрым вариация менен аткарышы мүмкүн, бирок жалпы багытты жана теманы сактоо – баарыга бирдей шарт.

Манас менен кыргыздардын кабарын уккан Оогандын каны Шоорук аларды талап алмакка кол салып, согушта өзү жеңилип, кызы Акылай сулууну баш кылып, 40 кыз тартуу тартып жарашат. Манас Акылайга үйлөнөт. Окуя «Манастагы» туруктуу бөлүмдөрдүн бири, варианттардын көбүндө орун алган.

Кытайдын белгилүү кандарынын бири Соорондуктун уулу Алмамбет баатырдыгы, акылмандыгы, калыстыгы менен жашынан даңкы чыккан адам, ууда жүрүп, казактардын каны Көкчөгө жолугуп, анын айтуусу менен мусулман динин кабыл алып, эли-жеринен кетип, Көкчөгө келип турат. Көкчөнүн жакындары анын мыктылыгын көрө албай чагым кылып, таарынган Алмамбет казактардан кетет да, талаадан ууда жүргөн Манаска жолугуп, аны менен эмчек эмишип, тууган болот.

Алмамбеттин кытай канынын уулу экени, мусулман болуп Көкчөгө келиши, андан кетип калып, Манаска кошулушу – эпостогу туруктуу салттык схема. Манасчылар бул сюжетти айрым ички өзгөртүүлөрү менен ордун алмаштырып берүүсү мүмкүн. Окуянын негизги белгилери – нугу дээрлик өзгөрбөй айтылат.

Аял алып берип, аталык карызыңдан кутул деген Манастын талабы боюнча Жакып баласына ылайык кыз издеп аттанып, көп жер кыдырып, акыры тажиктердин Кыйба деген шаарындагы Каракандын (Атемир кандын) кызы Санирабиганы

жактырып, куда түшөт. Манас 40 жигитин ээрчитип күйөөлөп барып Санирабигага (Каныкейге) үйлөнөт.

Манастын Каныкейге үйлөнүшү эпостогу туруктуу белги, бирок, манасчылар бул окуяны ар башка планда айтышат.

Сагымбай манасчы Манастын Айган кан менен урушун өзүнчө окуя кылып айтат. Мындай бөлүм кийинки манасчылардын көбүндө жок. Айган кан менен болгон согуш жөнүндө В.В. Радловдун маалыматтарында эле эскертилгенине жана белгилүү манасчылардын варианттарында бул окуя жөнүндө кыскача кабар жолукканына караганда эпизод мурдатадан эле эпостун туруктуу өзөгүнөн орун алган деген корутундуга келүүгө болот.

Кыргыздар чачылганда түндүк тарапка айдалып кеткен Үсөн Манастын кабарын угуп, балдары менен издеп келет. Манас туугандарын урматтап тосот. Алар көзкамандар атка конгон (айдалып барган жеринде калмактар Үсөндү Көзкаман – деп атап алышат. Кийин анын балдары да көзкамандар атыгып кетишет). Үсөндүн балдары Манаска кастык ойлоп, жигиттери менен конокко чакырып, уу берип өлтүрүүгө аракет кылышат. Акыры Манас айыгып, чоролору менен элине кайтат, көзкамандар бирин-бири өлтүрүп, өзүлөрү кырылып жоголот.

Адатта «Көзкамандар окуясы» деген ат менен айтылуучу бул окуя эпостогу салттык туруктуу эпизоддордон. Ушул окуя – Манас баатырды туугандары уулантышы жана ал катуу ооруп, көптө айыгышы «Мажму ат-таварихтеги» вариантта да жолугат.

Кыргыздардын кадырлуу адамдарынын бири – Ташкендин каны Көкөтөй ооруп, өлөрүндө керээз айтып кетет. Баласы Бокмурун Манастын кеңеши менен көп эл чакырып, атасына чоң аш берет. Ашты Кошой менен кеңешип, Манас бийлейт.

«Көкөтөйдүн ашы» – эпостогу кеңири белгилүү жана негизинен туруктуу схемада айтыла турган эпизод. Бул эпизодду өткөн кылымда Ч. Валиханов жазып алган. Ал В.В. Радлов жазган текстте да бар.

Көкөтөйдүн ашын Манас бийлегенине ичтери тарып жана анын эл арасындагы кадыр-баркынын жогорулаганын көрө албаган уруу башчылары өзүлөрүнчө кеңешип, аны чаап алмак болушат. Бирок баатырдын алдына келгенде тайсал-

дап, эмне иш менен келдиңер деген Манастын суроосуна – өчөшкөн катуу жоого алып бар дешет. Манас узактан берки өчөшкөн душманыбыз Коңурбайга каршы уруш салалы деп, чогулган көп колду кытайларга каршы алып жөнөйт. Колго кан болуп Алмамбет шайланат, мурда билген адам катары жолду да ал баштайт. Узак жол жүрүп, көп кыйынчылык көрүп, кытай чегине жакындашат. Чалгынга Алмамбет менен Сыргак аттанат. Ич тарлык менен чыр чыгарган Чубакты ээрчитип, алардын артынан Манас да жөнөп, төртөө Бээжинге кирип, жылкы тийишет. Куугун келип, катуу согуш болот, кыргыздардын колуна кабар жетип, эки кол беттешкен чоң салгылашууда кытайлар жеңилип, тартуу тартышат. Кыргыз колу көп олжо менен жерине кайтат.

«Чоң чабуул» (башка варианттарда «Чоң казат») деген ат менен бул эпизод «Манастын» толук айтылган варианттарынын дээрлик баарында жолуккан эпостун өзөк окуясынан. Ички түзүлүшү, деталдык белгилери жактан варианттар өзгөчөлүктөргө ээ.

Алтымыш жашка чыккан Манас баласыздыгына арман кылып, элин чогултуп, сыйынуу үчүн Мекеге барууга уруксат сурайт. Эл баатырдын алыс жолго кетерин каалашпайт. Манастын аялдарынан сураштырса, Каныкейдин боюнда бар экен. Мекеге баруунун зарылдыгы жок болуп, Манас токтоп калат. Каныкей төрөп, чоң той берилип, баланын аты Семетей коюлат. Үч жыл өткөн соң барам деп оозумдан чыгып кетти эле, сөзүм жалган болбосун деп Манас Мекеге кетет. Анын жоктугунан пайдаланып, Коңурбай кол жыйып, кыргыздарга кол салат. Согуш болуп, кыргыздар жеңилгени калганда Манас келип, кармаш кайра күчөйт. Чоң согушта Алмамбет, Сыргак, Чубак окко учат. Аккулага замбиректин огу тийип өлөт. Манасты аңдоостон келип, Коңурбай шилиге айбалта менен чаап, жарадар кылат. Манастын оң чекесине жаанын огу тиет. Жарадар баатырды элге алып келишет. Жакындары коштошуп, Манас көз жумат. Үрүмчү шаарына жакын Баяндынын талаасындагы Кум-Арык деген жерге Манастын сөөгү коюлуп, күмбөз салынат.

Манасчы өзү «Кичи чабуул» деп атаган эпостун бул бөлүмү жалпы нугу, айрым мерчемдүү деталдары (катуу со-

гуш, баатырлардын курман болушу, Аккуланын окко учушу, Манастын эки жолу катуу жарадар болушу, ооруп элге келүү, уулун көрүп арман айтуу, күмбөз салдыруу ж.б.) боюнча кеңири белгилүү болгон салттык мүнөздү сактаганы менен башка варианттардын көбүнөн айырмалуу түзүлгөн.

«Манасты» изилдеген окумуштуулардын көпчүлүгүнүн пикири боюнча С. Орозбак уулунун варианты эл турмушун кеңири сүрөттөгөндүгү, окуяларынын, аларда баяндалган маалыматтардын байлыгы, өзгөчө көркөмдүгү менен эпостун илимге белгилүү үлгүлөрүнөн айырмаланып турат.

«МАНАСТЫН» С. КАРАЛАЕВ АЙТКАН ВАРИАНТЫ

Бардык манасчыларга мүнөздүү салтка ылайык С. Каралаев айткан вариант да баатырдын ата-бабаларын эскерип санап, аларга кыскача мүнөздөмө берүүдөн башталат. Саякбай манасчы Манастын аталары катары Бөйөн, Чаян, Ногой, Балакан, Каракандарды атайт.

Каракан өлүп, анын сегиз уулу жетим калганда кытайдын Алооке, Молто деген кандары көп кол менен келип кыргыздарды басып алышат. Күчтүү жоодон кордук көргөн уруу башчылары Каракандын жетим балдарынын тыңы Жакыптын тегерегине топтолушат. Жакып, Балта башында туруп жоого каршылык көрсөтүү аракетинен натыйжа чыкпайт. Алооке Каракандын балдары чогуу турса бизге кооптуу, аларды туш-тушка бөлүп, таратуу керек деп акыл чыгарып, кыргыздарды тентитет. Акбалта менен Жакып 40 үйлүү туугандары менен Алтайга айдалат.

Эпостун салттык туруктуу окуяларынан болгон бул эпизод Саякбай менен Сагымбайда негизинен бир схемада аткарылат: экөөндө тең кыргыздардын күчтүү жоодон жеңилиши, Жакыптын туугандарын туш-тушка бөлүп таратуу, Жакыптын айдалып Алтайга сүргүнгө баруусу негизги белги катары орун алган.

Айдалып баргандар эгин эгип, кен казып жан сакташат. Алтыны алты там болуп Жакып байыйт. Бирок баласыз болуп, ээсиз малды эмнеге багам?! – деп арманда жүрөт.

http://edu portal.uz

Эпостогу бул салттуу мотив да эки манасчыда деталдык айырмалары болгон менен бири-бирине жакын планда баяндалат.

Буруттардан (бурут – калмак сөзү, күнөөлүү, чыккынчы, башка диндеги деген маанилерди берет. Калмактар, кытайлар кыргыздарды мазактоо, кемсинтүү үчүн аташкан) Манас аттуу баатыр чыгып, элиңди чабат деген аярларынын сөзү менен Эсенкан ошол баланы таап келесиңер деп өз адамдарын аттантат. Кандын балбандары издеп жүрүп Самарканда Чоң эшен дегендин 17 жаштагы баласы Жарманасты кармап келишип, канына алпарып орго салып, коркунучтан кутулдук деп чоң той беришет. Болочок баатыр төрөлө электе эле, же ал өтө жаш кезинде анын эпикалык душмандары коркунуч келтирерин билүү жана алдын алып аракет кылуу – жөө жомоктордон тартып, кеңири жолуккан оозеки чыгармачылыктагы салттык белги. Бул эпизод Сагымбайдын вариантында өзүнчө окуя болуп айтылбайт, бирок Жарманас эскерилет. Демек, эпизод мурдатан келе жаткан салттык белгилерден.

Бай Жакып укмуштуу түш көрүп, той берип, түшүн жорутат. Түштү Акбалта элди азаптан куткара турган баатыр бала туулат экен деп жоруйт. Көп узабай Чыйырдынын боюна бүтүп, ал шердин этине талгак болот. Кочку деген калмак аткан шердин этин 90 төөнүн буудайына сатып келип беришет. Күнү жетип бала төрөлөт, ал бир колуна кан, бир колуна алтын кармап түшөт, чекеси жерге тийгенде жер титирейт.

Бир дубана туулган бала теңдешсиз баатыр болорун айтып, болот ок берип, ушул ок менен оозанткыла, кийин окту жакасына тигип койгула деп көздөн кайым болот.

Касиеттүү кары, дубана ж.б. болочок баатырга башына кыйынчылык түшкөндө керегине жарай турган белек берүүсү – фольклордогу кеңири белгилүү, көп элдердин чыгармаларынан кезиге турган сюжет.

Жакып баласына чоң той берет. Анын салтанатын көргөн калмактар чочулап, Эсенканга кабар беришсе ал этибарга албайт.

Болочок баатыр төрөлгөндөгү өзгөчө той баланын келечектеги тагдырынан кабар берген белгилердин бири катары бааланышы фольклордогу салттык ык.

Манас бешке чыкканча баспай, бечел калат, жетиге чыкканда жанда жок тентек болот.

Бул эки көрүнүш да баатырдын өзгөчө сапаттарынан алдын-ала кабар берип турган белгилерден. Бала төрөлөрү менен сүйлөөсү, тез чоңоюшу ж.б. сыяктуу эле анын бечел калышы да өзгөчөлүгүн белгилеп турган сапаттардан. Ошондой эле денесине сыйбаган күч-кубатын кайда жумшаарды билбеген жаш баатырдын тентек чыгышы да баатырдык белгинин туруктуу көрүнүштөрүнөн.

Сегиз жашар Манасты Ошпур койчуга берип, анда да тентектигин койбой койгондо алып кеткени келген Жакып менен баласына жер корукчу калмактар жолугуп, чатактын чыгышы, Манас көп жоону жеңип, алгачкы эрдик көрсөтүүсү ж.б. сыяктуу эпостун Сагымбайда берилген сюжеттик багыты Саякбайда да негизинен орун алган, бирок ал эпизоддордун ички курулушу жана деталдары эки манасчыда эки башка. Ошондой эле соодагер болуп келген кытай балбандарын жеңүү, карышкыр болуп кубулуп келген 40 чилтенге кездешүү ж.б. сыяктуу Сагымбайдын вариантында орун алган окуялар мында да өзүнчө өзгөчөлүктөрү менен берилген.

Эсенкандын айтканы боюнча Манасты байлап кеткени көп кол менен келген Жолойду жаш баатыр жеңет, колу кырылып, Жолой өзү качып кутулат.

Жолой «Манастагы» мурдатан белгилүү салттык терс каармандардан.

Манас Акбалтадан кыргыздын жайын угуп, Кошой баатырга жолугуу үчүн 40 жолдошу менен аттанып, Чеч-Дөбөгө келет. 40 үйлүү туугандары менен көчүп келүүгө убадалашат. Кошой өзү туткундагы Билерик менен Жарманасты бошотом, Жарманаска карындашыңды алып бер, анткени ал сенин ордуңа азап тартып жатат дейт. Манас Алтайга жөнөйт. Эсенкандын буйругу менен Манасты байлап кетүүгө көп кол алып келген Жолой, Дөөдүр, Каражой Алтайдан кыргыздарды таппай көчтүн изин көрүп, кууп жөнөшөт. Манас Кошойго кеткенден кийин 40 үйлүү кыргыздар кеңешип, Акбалтанын акылы боюнча Ала-Тоого бет алып көчүп жөнөшкөн экен. Куугун көчтүн артынан жетип, уруш болот. Согуш учурунда

Манас келип, кармаш күчөйт, катуу согушта Манастын 40 бала жолдоштору бүт кырылат.

Бул окуяларды Манастын ата-бабасынын туулган жерин издеши жана душмандардан куткаруу үчүн күрөшүнүн өзүнчө түшүндүрүлүшү жана баяндалышы дешке болот.

Кошой өз колу менен барып, Билерик менен Жарманасты бошотуп, Манасты издеп жөнөйт да, катуу согуштун үстүнөн чыгат. Кошой жана аны менен бирге келген Айдаркан, Музбурчак ж.б. жардам берип, кытайлар жеңилет. Манас тууган-дары менен Таласка келип жай алат.

Кыргыздардын жерин баскынчы жоодон куткаруу жана Ата Мекенге көчүп келүү эпостогу салттык окуялардын биринен. Саякбайдын вариантында бул тема ушул окуялар аркылуу жыйынтыкталат.

Манастын жолдош күтүп, алсыздарга кайрымдуу марттыгын жактырбай атасы Жакып малымды түгөтмөк болдуң деп ачууланат. Атасына таарынып, өзүнө тендеш жолдош издемек үчүн Манас аттанып чыгып, Баба дыйканга жолугат, орток болуп, эгин айдап, буудайга Аккуланы сатып алат, Кыдыр жолугуп, ал асмандан түшкөн алты Курчту берет. Бакай, Ажыбай, Шууту, Ырчы уулга жолугуп, аларды өзүнө жолдош кылып, үйүнө кайтат.

Баатырдын ата-энесине таарынып, жер кезип кетүүсү, өзүнө ылайыктуу курал-жарак, минүүчү атын таап, түбөлүк бирге болор жакын жолдошко кездешүүсү жана биригүүсү – түрдүү элдердин фольклорунда кеңири учураган белгилүү сюжеттер. «Манас» эпосунда булар туруктуу окуялардан, айрым өзгөчөлүктөрү менен негизги варианттардын көбүндө орун алган.

Анжыянды бийлеп турган Алооке элге кордук көргөзүп жатат деп угуп, Манас ага каршы 40 жигитин ээрчитип аттанат. Анын кабарын уккан Алооке Кытайга качат. Манас кууп жетип, колун жеңип, өзүн өлтүрөт да, анын көп дүнүйөсүн колго түшүрүп, олжону бөлүп алгыла деп элге кабар берет. Чогулуп келген эл дүнүйөнү бөлүп алышып, Кошойдун сунушу боюнча Манасты кан көтөрүшөт.

Манас ууда жүрүп Кумайык таап алып, аны бактырыш үчүн Каныкейге бермек болот. Бакай куда башы болуп барып,

Букардын каны Каракан менен кудалашат. Канукей Кумайыкты багат, бирок ал ойноок чыгып, куйругун отко чаап, учу күйүп калат. Муну көргөн Манас чыр чыгарып, Канукейди албай таштап кетет. Манастын Канукейге үйлөнүшү эпостогу салттык туруктуу окуялардын бири. Саякбайдын вариантында бул эпизод бир нече бөлүктөргө бөлүнүп, ар бир бөлүк башка-башка жерде берилген. Мисалы, жогоруда баяндалган окуянын аягы Канукейдин өз сөзү аркылуу «Семетейде» айтылат (таарынып кетип калган Манастын артынан өзү көчө барып, сарамжалдуулугу, сергек акылы, билгичтиги, чебер уз, эмгеги менен баатырга жагып, көңүлүнө толот).

Кыргыздын он эки каны Төштүктүн тоюнда оолугуп, Кошойдун койгула дегенине болбой Манасты чаап алууга аттанышат. Манастын алдына келгенде жалтактап, Бээжинге каршы аттаналы деп келдик дешет. Он эки сан кол болуп «Чоң казатка» аттанышат. Канукей баласы Семетейди көтөрүп келип Кошойдон бата алат. Алмамбет колго кан шайланат. Узак жол жүрүп, кытай чегине жетип, кол тыныгат. Сыргакты ээрчитип, Алмамбет чалгынга жөнөйт. Чубак таарынып, чыр чыгарып, чалгынчылардын артынан барат. Манас жетип, чатак басылат. Талчокудан Кытайдын жерин көрүп Манас Алмамбеттен жайын сурайт. Алмамбет өз тарыхын баяндап берет. Баатырлар жылкы тийип, куугун келип, чоң согуш болот. Эки кол беттешкен катуу кармашта кытайлар жеңилип, Манас Чет-Бээжинге кан шайланат. Кытайлар тартуу тартып, эки эл жарашат.

«Чоң казат» «Манастагы» туруктуу жана негизги окуялардан. Окуянын жалпы сюжеттик өнүгүү жолу көпчүлүк варианттарда негизинен бири-бирине жакын. Бул бөлүмдө Алмамбеттин тарыхын эскерүү да туруктуу салт. Алмамбет жөнүндөгү маалыматтарды өзүнчө атайын окуя катары айткан Сагымбайда да салт боюнча Алмамбеттин окуясы баяндалуучу жерде ал жөнүндө кыскача эскерүү берилген.

Коңурбай амал менен жашырынып келип, Манасты айбалта менен шилиге чаап, жарадар кылат. Кыргыздар жол тартышат. Артынан кубалай келген жоо менен катуу кыргын болот. Коңурбай Манасты найза менен белге сайып, экинчи жолу жарадар кылат. Катуу согушта Сыргак, Чубак, Алмамбет окко учат. Аккулага ок тийип, Манас жөө калат. Каны-

кей түш көрүп, Тайбуурулду коштотуп, Бакайды баатырга жөнөтөт. Тайбуурулга минген Манас кытайларды кууп сепилине камайт. Чептин дарбазасын талкаламак болуп жатканда, асмандан «элиңе кайт» деген үн жетип, Манас жерине кайтат. Жарааты кабылдап кетип каза болот. Каныкей күмбөз салдырат. Душмандары сөөгүн кордобосун деп Манасты атайын даярдалган жайга жашырын коюшат.

«Кичи казат» да «Манас» эпосундагы элге кеңири белгилүү салттык окуя. Бул бөлүмдөгү туруктуу белгилердин катарына баатырлардын курман болушу, Аккуланын окко учушу, Манастын жарадар болуп өлүшү жана ага арнап күмбөз салдыруу кирет.

С. Каралаев айткан вариант «Манастын» негизги окуяларын баштан аяк толук камтыган, эпостун салттык белгилерин сактоо менен аткарылган мыкты варианттардын катарына жатат.

Жогоруда келтирилген белгилүү эки манасчынын варианттарынын кыскача сюжеттик схемасы алардын арасында эпостун салттык көрүнүштөрүн айкындай турган жакындыктар да, ошону менен бирге эле чыгарманын ар бир айтуучусунун чыгармачылык өзгөчөлүгү, манасчылар мектептеринин бөлүнүштөрүнө ылайык түшүндүрүлө турган айрым айырмачылыктар да бар экендигин ачык айгинелейт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Фольклордогу варианттуулук белги. Бир чыгарманын көптөгөн варианттарынын жаралыш себептерин чечмелегиле.
2. «Манастын» негизги варианттары, алардын кыскача мүнөздөмөлөрүнө (качан жазылып алынганы, көлөмдөрү, жарык көргөн үлгүлөрү ж.б.) көңүл бургула.
3. Варианттардагы бирдейлик белги жана айырмачылыктары кандай?
4. Сагымбай айткан вариант, анын мазмунуна, окуяларына мүнөздөмө бергиле.
5. Саякбай манасчынын варианты, ага мүнөздөмө бергиле.
6. Сагымбай менен Саякбайдын варианттарындагы жакындык белгилер жана айырмачылыктары барбы?

http://edubooks.kg

«МАНАС» ЭПОСУНУН ТЕМАСЫ ЖАНА ИДЕЯСЫ

Көлөмүнүн чоң-кичинелигине, ыр менен же кара сөз түрүндө түзүлгөнүнө, окуяларынын көп, татаалдыгына, же бир эле көрүнүштү баяндаган жөнөкөйлүгүнө карабастан ар бир көркөм чыгарманы жаратуудагы алдыга коюлган максат болот. Ошол максат чыгарманын темасы делет. Ал максаттан чыккан натыйжа – теманын чечилиши – идея делет.

Эпосто элге кызмат кылуунун, Мекенди сүйүүнүн эң сонун үлгүлөрү берилет, эл баатырларынын эрдиктери, адилеттик, калыстык, адамгерчилик даңазаланат. Баатырлардагы жана жалпы элге таандык патриотизм сезиминин күчүн сүрөттөөгө бөтөнчө кеңири орун берилип, зор көңүл бурулган. Элди-жерди ыйык деп түшүнүү, эл менен бирге болуу, өз жерин коргоо ар бир жигиттин милдети деп түшүнүү – эпостогу жеке каармандарга гана таандык эмес, жалпы эле элге мүнөздүү көрүнүш. Ошон үчүн эпостогу ар бир каарман эли менен сыймыктанат, жерин сүйөт. Кыргыздар чачылып, туш-тушка сүрүлгөндө өз жеринде калып, душмандарына бой бербей, уруусун багып турган Кошой баатыр Манасты кубанып тосот да, көрүшкөндө:

Калың журтуң издебей,
Калмакка жүрөр жөн барбы?
Эми каран күн, көк жал, эл кайда?! –

деп элдин чачылганын арман кыла, тозгон элдин жайын сурап, туулган жерге кайра келүүнүн зарылдыгын эскерте учурашат. Көчүп кел, элдин башын кошолу деп кеңеш берет. Элинен азган, туулуп-өскөн жеринен кеткен адамдардын, канчалык мыкты болсо да, аянычтуу оор абалы, айрыкча Алмамбеттин тагдыры аркылуу элестүү берилген.

Эпостун түшүнүгү боюнча элге-журтка, мекенге кызмат кылуу – патриотизм сезими эң алды менен баатырдык-эрдик иштер аркылуу көрүнөт. Ошон үчүн адамга таандык мыкты сапаттардын ичинен баатырдык өзгөчө орунга коюлуп, чыгармада аны сыпаттоого өзгөчө көп орун берилет. Жеке эле Манас, анын кырк чоросу гана эмес, акылман Бакай, калк

http://eduportal.uz

атасы Кошой ж.б. да, ал турмак Канықей, Сайкал ж.б. сыяктуу белгилүү аял каармандар да баатырдык сапаты менен айырмаланышат. Эпостогу мындай түшүнүк кокустук эмес. Байыртадан эле кыргыздар баатырдык сапатка жогору баа берип, өзгөчө ардактаган. Ошон үчүн бул элде баатырдык-эрдик мүнөз айрым жеке адамдарда гана жолугуучу сейрек белги эмес, бүтүн элге таандык мүнөздүү касиет. Бекеринен тарыхта кыргыздарды коңшулары, сырын билгендер урмат көрсөтүү менен **«Могулстандын жапайы арстандары»** деп аташпаган.

Кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен күн көргөн көчмөн эл болгондуктан малдын жайытынын ыңгайына карап, бир аймактан экинчи орунга ооп, көчүп жүрүп жан сакташкан. Ошого карабастан Ата Мекенди сүйүү, тууган жерди ыйык катары жогору баалап, анын тазалыгы, эркиндиги үчүн кандай жоо менен болсо да күрөшүүгө даяр туруу сезими өзгөчө өнүккөн. Мунун далилдерин «Манас» эпосунан айрыкча даана көрөбүз. Манастын образы да – элге кызмат кылуунун, Ата Мекенин сүйүүнүн накта үлгүсү.

Эпостогу Мекенди сүйүү, аны жогору баалоо идеясы эң алды менен ата-баба туулуп өскөн жайды салт боюнча кадырлоо, ыйык тутуу сезимине байланышкан. Ошон үчүн Манас баатыр чогулган эл алдында: «Алтын айчык кызыл туу асмандата көтөрүп» камданып барып, ата-бабадан калган жерди жоодон бошотуп алуу ыйык милдетибиз дейт. Жеримди бошотуп албай жүргөнчө атадан туулбай калганым оң деп түшүнөт:

«Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып, жерди алалы!
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө.
Кыргыз уулу болгону,
Кырылып жатып калалы» – дейт.

Мекенден ажырап, эркиндик, теңдикке ээ болбой жашагандан көрө, кармаштагы өлүм артык! Бул жеке эле жаш Манастын ою эмес, эпостогу айтылмакчы болгон башкы максаттардын бири.

«Манас» эпосундагы зор маани берилип, көңүл бурулган орчундуу теманын бири – элдин биримдиги, түрдүү элдердин ынтымагы, достугу.

«Манастагы» башкы темада берилген эл-жерди коргоо идеясы элдин биримдиги, уруулардын башын кошуу, башка элдер менен ынтымактуу, жардамдаш болуу түшүнүктөрү менен бирдикте каралат. Күчтүү, көп жана коркунучтуу душманга каршы туруу, күрөшүү, эл-жердин эркиндигин талашуу үчүн ынтымак, биримдик зарыл экендик эпостун мазмунундагы негизги ойдон. Эпостун түшүнүгү боюнча биримдиктин, ынтымактын жоктугу – эндекейлик, камырабастык кыргыз элин жеңилүүнүн ызасын тартып, чабылып-чачылууга, кордук көрүүгө алып келген. Ошон үчүн жаш Манас малынын кайгысын тарткан атасына:

«Коркуп жүрүп бирөөдөн,
Мен короого малды жыйбадым!
Жалынып жүрүп бирөөгө,
Мен жайытка малды жайбадым!
Арбытып айыл жыяйын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын!
Короого коңшу жыяйын,
Корксо да жанга бир өлүм,
Арбак үчүн кыяйын!» –

деп, мал эмес, тилектеш, жардамдаш боло турган эл жыйып, анын башын коштуруп, душманына каршы турууга бел байлайт. Бул максат Манастын бүткүл өмүрүндөгү негизги жолун белгилеген сызык катарындагы ролду ойноп, өзүнүн ийгиликтүү жемишин берди – биримдешип, башы кошулган кыргыз эли жоосун жеңип, жерин бошотуп, кадыр-баркка жетишти.

Эпосто атайын көңүл бурулуп, сөз козголгон орчундуу темалар булар гана эмес. Жомок өз мазмунунда адилеттүүлүк, калыстык, адамгерчиликтүү сапат, гумандуулук ж.б. сыяктуу жалпы адамзаттык мааниге ээ толуп жаткан сонун касиеттер жөнүндөгү кыргыз элинин түшүнүгүн берет. Бул сапат-касиеттердин эл эң мыкты дегендеринин үлгүсүн көрсөтүп, ошол идеалдарга ылайык образ-типтер түзөт.

http://edu.portal.uz

Суроолор жана тапшырмалар

1. Көркөм чыгарманын темасы жана идеясы, алардын байланышынын биримдиги кандай?
2. «Манас» эпосундагы башкы, негизги тема эмне?
3. «Манастын» негизги темасын толуктап турган ага байланыштуу темалар кайсылар?
4. Эпостун башкы идеясы. Анын берилиши жөнүндө баяндагыла.
5. «Манас» эпосундагы эл достугун, ынтымакты айкындоочу фактылар, белгилери эмнелер?
6. Эпостогу баатырдык сапатка берилген баа кандай?
7. «Манас» эпосундагы ынтымакка чакыруу, эл достугунун берилиши» деген темада үй ишин жазып келүү.

ЭПОСТОГУ ОБРАЗДАР СИСТЕМАСЫ

Көлөмү чоң, окуялары татаал, көптөгөн каармандар катышкан чыгармалардагы образдардын берилишин, түзүлүү ыгын, топторго бөлүнүшүн чыгармадагы образдар системасы дейбиз.

«Манас» татаал сюжеттүү, мазмуну көптөгөн окуяларды камтыган, зор көлөмдүү чыгарма. Ушуга ылайык анда сөз болгон каармандардын саны да арбын. Алардын айрымдары көптөгөн окуяларга активдүү катышып, чыгармадагы сюжеттик багыттын өсүп-өнүгүшүндө чечүүчү роль ойноп, түрдүү жагынан иштелип чыккан элестүү образдар болсо, кээ бирлеринин аты гана эскертилип, бул же тигил майда көрүнүштөрдө аралаша калат.

Манас. Манас – эпостун башкы каарманы. Чыгарманын сюжети негизинен Манас баатырдын өмүр жолун сүрөттөө аркылуу курулат. Манастын өмүр жолу – типтүү көрүнүш, образы – ошол эпос чагылдырган тарыхый шарт үчүн мүнөздүү элес. Эл «Манас» жомогунда жеке эле өткөндүн изин бербестен, элдин кыялы менен үмүтүн, тилеги менен ой жорууларын да бергендиктен Манастын образында эл идеалы менен келечектен күткөн тилек-үмүтү да баяндалат.

Эпостун өз аныктамасы боюнча Манас баатыр делет. Албетте баатырлык – жалтанбас эрдикти, чечкиндүүлүктү, ошону менен бирге эле өзгөчө күч-кубатты алып жүргөн адамга карата берилүүчү наам. Маната баатырдык тайман-

http://edu.portal.uz

бас сапат да, аны башкалардан айырмалап турган күч-кубат да баланын жаш кезинен эле билинет. Ал эми анын алы-күчү толуп, жетилген баатырдык кезиндеги абалы өзүнөн өзү түшүнүктүү: каарданып ачуусу келсе «оң көзүнөн от чыгып, сол көзүнөн чок чыгып, илебинен оп чыгып, көзүнөн жалын шыркырап, оозунан түтүн буркурап, баткалашта мараган кабыландай караган, чагарак куйрук, чаар тон сур жолборстой» шаңы чыгат. Беттешкен душманына анын сүрү, келбети: үстү жагынан Алп кара куш арбайтып бутун салып, алды жагында ажыдаар сойлоп, сол жагында чолок куйрук арстан, оң жагында кара чаар кабылан жандап, эки жагында кырктан сексен баатыр кошо найза сунуп качырып келе жаткандай болуп көрүнөт. Ошон үчүн кытайлардын башкы каны Эсенкан да, башка душмандары да Манасты:

«Балтыр эти толо элек,
Балбан чагы боло элек.
Умтулуп уруш сала элек,
Уруштун ыгын ала элек.
Чаң көзүнө толо элек,
Чабышка камбыл боло элек.
Уюган чаңга кире элек,
Уруштун ыгын биле элек».

борбую ката элек жаш кезинде кармап жоготууга аракет кылышат. Бирок ошол жаш курагында эле он үчтөгү Манас эки жүз балбан жин колдоочусу бар Нескара дөөнү качырып, он бир дууду жиберген он бир балбанды жеке байлап, Көкчө баатырды бала эңгендей атынан жулуп алган, Нуукер дөөнү Көкчөгө кошо аттан жулуп алып, өлтүрүп тынат. Он үч жашар Манас баланын душмандары үчүн кандай коркунучтуу жоо экендигине, аны менен беттеше албай качып бара жаткан Нескара дөөнүн арман кылган наалыш сөздөрү күбө:

«Кабылан жолго жатарбы ай,
Катыларга катылбай.
Кадемим мындай катарбы ай!
Жолборс жолго жатарбы ай.
Жолугарга жолукпай.
Жолум мындай катарбы ай!»

Бирок эпосто Манаска ыйгарылган «баатыр» деген наам жалаң эле кара күч менен чечкиндүүлүктү гана туюнтпайт, сөздүн маанисиалда канча терең жана кенен.

Баатыр – канга кандай талап коюлары, же кандай адам бул наамга татыктуу болору Манас кан шайланган учурда так көрсөтүлгөн:

«Кана, чыгыңарчы каныңар,
Чыгым тосор жаныңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгар тыңыңар
Кандыкка бириң, чыгыңар!
Беттешкен жоого белдүүңөр
Белдешкен жоого демдүүңөр,
Өткүр чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!..».

Манасты башкалардан бөлүп, бөтөнчө орунга койгон жана ага башкы каарман болууга укук берген өзгөчө артык сапат – анын эл башчысы экендиги. Ал талоонго түшүп, чабылып-чачылган кыргыз элинин башын коштурат. Туулган жеринен сүрүлүп, арып-азган кыргыз эли Манас төрөлгөндө баатыр, балбан төрөлгөндүгү үчүн эле эмес, эң алды менен эл тилегине ылайык калкка тирек боло турган азамат төрөлгөндүгүнө кубанышат. Бул кыйноодогу элдин тилеги эле. Эпостогу элдин күрөшү – көз каранды болбоо, сырттан кирген душмандарга каршы туруу. Манас – ошол ишти колуна алган баатыр, иш жүзүнө ашырган каарман. Бул – анын эң негизги артык сапаты. Ал эл абалын туура баалап, оюн туура түшүнөт. Эл тилегин орундатууну өз колуна алып, эр-азаматтарды тегерегине топтой алат, элдин башын кошуп, душманга каршы көтөрөт.

Манастын образы – жалпылаштырылган, чогултулган образ. Ага элге белгилүү уруу башчысына керек зарыл сапаттардын баары топтоштурулган. Бирок образ реалдуулуктан четке чыгып кетпейт. Манас – кадимки эле тирүү адам. Анын иштегендери менен максатынын негизи реалдуулукка таянат.

Манаска таандык бул сапаттарды мүнөздөө үчүн эпос аны түрдүү шарттарда, өмүрүнүн түрдүү учурларында, түрдүү окуяларга катыштырып сүрөттөйт.

http://edu.portal.uz

Манастын ичине арам сактабаган кең пейилдиги, ак көңүлдүгү анын чексиз күчүнө да, жанда жок баатырлыгына да тете. Ошон үчүн ал «Кулаалы жыйып куш кылат, курама жыйып журт кылат». Ар жерден келген кырк баатырдын башын кошуп, өзүнө таяныч түзөт. Ал – баарыга бирдей тең, калыстыгы өз менен жатка үлгү. Ушундай кеңдиги, калыстыгы үчүн эпос аны «айкөл» деп атайт. Айкөлдүк сапат чыгармада жеке Манаска гана ыйгарылган.

Баатырдын баатыр болушунда минген атынын, кийген кийиминин, алган курал-жарагынын эбегейсиз чоң мааниси бар.

Деги эле Манас баатырды минген аты Аккуласыз, жоо кийими Аколпоксуз көз алдыга келтирүү мүмкүн эмес. Аларсыз Манастын образы жупуну тартып, толук көркүнө чыкпай, кемип калар эле. Ошон үчүн эпосто баатырдын портрети, адат катары, анын жоого минчү аты жана согуштук кийим, курал-жарагы менен бирге тартылат. Манас баатырдын алдыдагы мингени:

«Өңү кула, кара жал –
Өзгөчө сонун бу бир мал.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрүп берсе чатына.
Жүктүү төө баткандай,
Куюшкандын кошконго.
Он бир карыш казанды,
Ойноп-күлүп аскандай.
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын.
Момолой ийин казгандай,
Таноосуна – мурдуна.
Кирер болсо жөргөлөп,
Азыркы жүргөн адамдар.
Кийими менен баткандай,
Камыш кулак, сом туяк.
Балтыры өгүз белиндей,
Басканы сырттын желиндей»

болгон Аккула ат. Үстүндөгү кийгени:

«Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күнү суу өтпөс.

http://elibrary.kg

Чыйырчык алтын, чымчык көз,
Чын бадана торгой көз.
Торгой көзү жыбырап,
Тоок көзү шыбырап.
Машаанын огу батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн.
Айга салып караса,
Алакан жүзү көрүнбөс.
Ак күрөөкө торгой көз,
Жакасы алтын жапмалуу.
Топчусу каухар такмалуу»

соот. Асынганы:

«Алыскы-жуук айнымбас,
Ыраакты, жакын ылбагас.
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан.
Кароолу тажаал, огу ажал»

Аккелте мылтык. Колуна алганы:

«Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган.
Темирин сегиз кырдаган,
Он эки түрдөп сырдаган.
Бөрү тил мизин чыгарган,
Учун ууга сугарган.
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган»

Сыр найза. Жанында байланганы:

«Түн ичинде суурса,
Өрт өңдөнүп кызарган.
Уруштуу күндө узарган,
Заарын тарткан мунардан.
Учун кайкы чыгарган,
Тоого чапса таш кескен.
Белге чапса баш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен.
Шилтегени мүрт кеткен»

шыпырма кылыч кара курч албарс. Баатырдын айбалтасы, күрсүсү, жада калса булдурсун камчысы да өзгөчө, өзүнө

http://edu.portal.uz

ылайык. Кедик койдун тармал жүнүнөн тырмакка салып тыттырып, келинге кесе бастырып, кызга кыя тиктирип жасаткан, сайса найза тешкис, чапса кылыч кескис, алтын менен чоктолгон калпагынан тартып, Даңдун тоонун териси калың текесинин терисинен иштелген сыр бараң атса ок өтпөс, табылгы жакса чок өтпөс кандагай шымына, алтындатып чордотуп, айнегин күмүш орнотуп, такасынын кыюусун тасмал менен куратып, таманынын баарына сары алтын салып буратып, таканын ичин ойдурган, таманын калың койдурган, кош жылаажын көк жеке өтүгүнө чейин ар бир буюму, курал-жарагы, кийими өзүнө жарашып, анын чексиз күчү менен терең адамгерчиликтүү ички сапаттарына – касиеттерине ылайык келип турат. Мына ушул ички жана сырткы белгилерди чогуу көз алдыга тутканда гана Манастын жандуу, элестүү образы тартылат.

МАНАС ЖАНА АНЫН КЫРК ЧОРОСУ

Кырк чоронун жалпы элесин Манастын образынан бөлүп кароого болбойт. Анткени, Манас жана кырк чоро бир бүтүн сапаттын – баатырдыктын көрүнүш белгиси. Кырк чоросуз Манастын баатырдык күчү кемчил да, көрксүз да, кандайдыр негизги мүчөсү – белгиси жетишпеген болуп калар эле. Манас менен кырк чоро ажырагыс бирдикте, бир бүтүндүк катары каралганда гана Манастын баатырдык сапат-касиетинин ажары ачылып, көркүнө келет.

Аткарган милдети, көтөргөн жүгү боюнча кырк чоро – Манастын таянычы, бели, күч-кубаты, душманга сүрү. Эпостун өзү берген түшүнүк боюнча кырк чоро (кырк жигит, кырк арстан, кырк баатыр делип атала берет) бийликтин – эл башында тургандыктын белгиси. Манас бала кезинен эле тегерегине өзүнө ишенимдүү жолдошторун (Кыргыл, Кутубий, Мажик ж.б.) топтоого аракеттенүүсү бекеринен эмес, бул жаш жеткинчек – болочок баатырдын өзгөчө жооптуу ишке – эл милдетин, жүгүн моюнга алууга даярдануусунан алдын ала кабар берген белги. Манасты бүт элге кан шайлоодо да так ошол кырк чоронун уюткусу болгон жаштар (Чеге, Куту-

бий, Кыргыл ж.б.) чечүүчү мааниге ээ болушат. Көп жактан Манасты Манас кылган – атак-даңкын көтөргөн, душманына каршы турган, кыйын-кысталышта жөлөк-таяныч болгон кырк чоро. «Жоону сайса биз сайдык, аты калды Манаска»,– делчү кырк чорого таандыкташтырылып айтылуучу сөздөр көп жактан жөндүү, чындыгы бар ой.

Кырк чоронун жаш өзгөчөлүгү, адамдык түрдүү сапаттары, аткарган милдети, алган орду, мааниси жагынан ар кыл. Эң улуусу – Кыргыл чал. Арасында Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу баатырдык сапаттары өзгөчө көзгө көрүнүп тургандары, Ажыбай сыяктуу чечендери, Төлөк, Агыдай сыяктуу төлгөчүсү, Шууту сыяктуу из чалгычы ж.б. түрдүү «адистери» – өнөрпоздору бар. Эпостун окуяларында алардын ар бири өз өнөрүнө жараша милдет аткарып, жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылышат. Чынында Манастын жеңилбес күчү, душман үчүн сүрү анын ушул жакын жардамчыларына таянгандыгында, алардын ынтымагында, биримдүүлүгүндө.

«Манастын» варианттарында кырк чоронун Алмамбет, Чубак, Сыргак ж.б. сыяктуу кеңири белгилүүлөрүнүн ысымдары дайым бирдей айтылат, калган көпчүлүгүнүн аттары түрдүү варианттарда ар түрдүү болуп атала берет. Ал турсун кырк чоронун санын да манасчылар ар түрдүү көргөзүшөт. Кырк – салтка ылайык гана аталган сан. Санай келгенде айрым манасчылар кырктан ашуун, кээде (мисалы, Тоголок Молдо) сексенден көп адам аттарын аташат. Буга караганда Манастын жардамчы жигиттеринин саны туура кырк болгон үчүн эмес, кырк жигит күтүү, жардамчыларынын саны кырк деп аталуу жалпы кабыл алынган салт экендигине байланыштуу болсо керек. Анын үстүнө Манастын кырк чоросу баатырга жигит болгону менен ар биринин өзүнө тиешелүү эли, колу, жигиттери бар. Алардын айрымдары (Чубак) өз уруусун башкарып, жоого киргенде өз колу менен кирет. Кырк чоро жалпы жонунан укукташ, бир топ болгону менен айрымдарынын эпостогу окуялардын жүрүш, өнүгүш жолунда орду, ролу зор болгондуктан алардын образына Манастын элесине чамаалаш көңүл бурулат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Манас – баатыр» дегенде эмнени түшнөсүңөр?
2. Баатыр деген түшүнүктүн кеңири маанисин баяндагыла.
3. Баатыр жана кан. Манас кандайча кан көтөрүлдү?
4. Манас баатырга таандык негизги сапаттарын белгилегиле.
5. Манас кадимки тирүү адам, анын адам катары кемчиликтери кандай?
6. Манас жана кырк чоросу тууралуу эмне билесиңер?
7. Манастын образын толуктап турган белгилер – минген аты, курал-жарагы, кийими ж.б. жөнүндө баяндагыла.
8. Үзүндүдөгү Манастын, Коңурбайдын портреттик мүнөздөмөлөрүн жаттап келүү.

Алмамбет. Алмамбет – кыргыздардын белгилүү баатыры, Манастын эң жакын жардамчысынын бири. Эпосто Алмамбеттин улуту кытай делет. Бирок, ал – Манастын эмчектеш бир тууганы, кыргыздарга жан-дили менен берилген, элге кызмат кылууну баарынан жогору койгон адам. Анын чынчылдыгы, ак пейили ага башка элдин адамы катарында мамиле жасоого жол бербейт. Акылмандык, билгичтик, кыраакылык жактан Алмамбет Каныкей менен бир катарга коюлат, ал эми өнөр, билим жактан кыргыз баатырларынын ичинде ага теңдеш адам жок. Кара күч менен билим, өнөрдү тең алып жүргөн адам – эпосто жалгыз Алмамбет. Анын образы аркылуу кара күчкө караганда өнөр, билим алда канча жогору турат деген элдик түшүнүк берилет. Мисалы, кыз Сайкал Бакайды баш кылып кырк жигиттин баарын аттан түшүрүп, Манастын өзүнүн шаштысын кетиргенде Алмамбет гана туруштук берет. Алар бирин-бири жеңе алышпайт. Эпос муну Алмамбеттин өнөрүнүн күчү менен түшүндүрөт. Алмамбеттин сырткы келбети:

«Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер.
Жекени белге курчанган,
Жети түмөн кол келсе.
Желбегей кирип кол салган,
Чекири жок, кой көздүү.

http://eduportal.uz

Сепкили жок, ак жүздүү,
Ай сарала ат минген.
Түпөгү жок найза алган,
Жанына жалаң кылыч байланган»,

адам катары сүрөттөлөт.

Алмамбет – терең трагедиялуу адам. Анын «жакындары кас болуп» эли-жеринен бөлүнүүгө туура келген. Ошон үчүн дайым анын айтканы – арман, ою – өкүнүч. Алган орду канчалык жогору экендигине карабастан, кыргыз элин канчалык жогору баалап сүйсө да, Манас баатырга канчалык берилип кызмат кылса да дайым өзүн азгын, жалгыз деп эсептейт. Кыргыз колун баштап Коңурбайга согуш ачышы, ага өз элин, өз тууган жерин терең сүйүүгө, жогору баалоого жолтоо болбойт. Анын өз элин, жерин сүйүүсүн Манас баш болгон кыргыз баатырлары туура түшүнүшүп, анын ыйык сезимине урмат менен мамиле кылышат. Алмамбеттин кытай элин, кытай жерин сүйүүсү эпосто кыргыз элине, кыргыз жерине чыккынчылык кылган катары эмес, адаттагы табигый иш катары бааланат. Мындан башка болууга мүмкүн эмес деп түшүндүрүлөт. Ошон үчүн Алмамбеттин кытай эли, кытай жери! – деп өксөөсү анын образындагы оң түшүнүктү тереңдетет, анын ыйык сезимине урмат менен мамиле кылууга түрткү болот.

Алмамбетти ала көөдөн Чубак жалпы эл алдында элсиз, жерсиз каңгып жүргөн азгын кул, калмак,– деген сөздөр менен тилдеп кемсинткенде баатырдын көкүрөгүндөгү арман-дуу туюк жарасы сызылып кан чыга жарылып, ал:

«Элдүүнүн баары эр экен,
Не деген кеби эм экен.
Элинен азган мен кургур,
Эгем таала кудурет.
Не түрдүү пендем деди экен?!
Калктуунун баары эр экен.
Канча айтса кеби эм экен,
Калкынан азган мен шордуу.
Кадыр Алда кудурет,
Кай түрдүү пендем деди экен?!» –

деп өксөйт.

http://edu.gov.kg



АЛМАМБЕТ

Алмамбет кытайдын белгилүү кандарынын бири, бүткүл кытай аскерлеринин башчысы Соорондуктун зарыгып жүрүп көргөн баласы. Ал жашынан зээндүү, чыйрак бала болуп, ажыдаардын окуусун окуп, көп кырдуу билим алган, өнөрү артык, айрыкча согуш ыгын мыкты билет. Акылы жетиктиги, калыстыгы, адилеттүүлүгү менен атагы чыгып, ыраазы болгон атасы өз ордун – кандыгы менен аскер башчылык укугун берет.

Алмамбет жолдоштору менен алыс жакка ууга чыгып, токой аралап жалгыз баратканда алдынан жолугуп, кол салган кыл кыйма каманды, жолборстун дөбөтүн курал колдонбой колуна кармаган чыбык-таягы менен уруп өлтүрөт. Булар – анын баатырдыгынын, күчүнүн белгилери. Жолдошторуна көргөзүү үчүн камандын санын кесип алып жанына байлап, Алмамбет нары жүрүп өзүнөн жашы улуу, чоочун адамга жолугуп, «коома» деп кытайча салам айтса, ал адам жооп бербейт. Биздин тилди түшүнбөйт го деп ойлогон Алмамбет тигинин сырткы түрүнө карап мусулманча салам айтат. Берки адам казактардын каны Көкчө экен. Ал да жер чардап, ууда жүрүптүр. Саламга жооп берүүнүн ордуна Көкчө:

«Саламдан кеткин садага,
Аликтен кеткин айланып.
Чочконун санын чолтойтуп,
Жүрүптүрсүң байланып».

өзүң капыр болуп туруп салам айтасың! – деп, уруша кетет. Анын сөздөрүнө, чоочун адам менен жөнү жок урушканына таң калган Алмамбет жай сурайт. Көкчө Алмамбетке капыр менен мусулманчылыктын ажытын түшүндүрөт. Жеринен зээндүү, сергек, бала кезинен эле дүйнө жүзү, ай-күн, асман-жылдыз ж.б. жөнүндө көп сурап, өзүнө канааттандырарлык жооп ала албай жүргөн, анын үстүнө мурдараак эле өзүнө көгүчкөн болгон кырк чилтен жолугуп, ак жолуна өтүү кеңешин берген Алмамбет исламдын чыныгы дин экенине көзү жетип, мусулманчылыкты кабыл алат. Көкчө менен достошуп, карызымдан кутулайын, элиме, эне-атама исламды кабыл алгыла деп сурайын деген Алмамбет үйүнө кайтып, эне-атасына мусулман болгула десе, алар көнбөйт. Атасы ата динден кетиптир деп, өлтүрмөк болгондо качып чыгып, аны күтүп жаткан Көкчөгө келип кошулат. Алмамбет

баатырдын элинен кетүүсүнүн себеби – ушул. Алмамбет таарынып, Көкчөдөн кетип, Манаска келердин алдында Манас түш көрөт, түшүндө өзгөчө курч кылыч таап алыптыр. Жакындарын чогултуп, түшүмдү жоруп бергиле деп өтүнгөндө Жакып эркек балалуу болот экенсиң! – деп айтмак болуп «Кайып кан кызы Карабөрк...», – деп келатканда Манас ачуусу келип, атасын акырайып, жаман көзү менен карайт. Уулунун түрүнөн корккон Жакып сөзүн бүтүрбөй, кеби оозунан түшүп олтуруп калат. Аны байкаган Ажыбай түштү Алмамбет баатыр келип, өзүнө жолдош болот экен! – деп жоруйт. Оюндагысын туура тапкан Ажыбайга ыраазы болгон баатыр сүйүнүп, ага чоң сый берет. Бул чакан эпизод Манас баатыр үчүн өзүнө тете жолдош болуучу баатыр баладан да жогору бааланарын айгинелейт.

Алмамбеттин курч акылы, билерман көсөмдүгү, согуш өнөрүн мыкты билиши кыргыздар үчүн бир эле жолу эмес, көптөгөн учурларда пайда келтиргени, айрыкча «Чоң казат» учурунда көрүнөт. Жол бийлигин да, кол бийлигин да өзү жеке колуна алган Алмамбет орчун колду ирээтке келтирип, катуу тартип орнотуп, узак жолдо баруучу жерине аман-эсен жеткирет. Жалаң Алмамбеттин акылы, билгичтиги, өнөрү менен баатырлар кытайлардын чебинин ичине кирип жылкы тийип, уй түгүндөй көп кытайдын эсепсиз көп колуна туруштук берип беттешип, акыры кыргыздар жеңишке жетишет. Бул жеңиште Алмамбеттин ролу өзгөчө зор. Ошондой болсо да эпосто Алмамбет баатырдын образынын трагедиялуулук жагына басым жасалып сүрөттөлгөн.

Алмамбеттин образы аркылуу эпосто адам уруусуз жашоого мүмкүн эмес деп эсептелген түшүнүктүн элеси берилген. Ар бир адамдын тагдыры уруунун тагдыры менен тыгыз байланышкан, ар бир адам уруу ичинде, ошол топтун колдоосуна таянып, анын атынан аракеттенгенде гана кандайдыр мааниге ээ боло алган уруу түзүлүшүнүн шартында Алмамбет сыяктуу өз уруусунан азган адам бөтөн уруунун ичинде өзүн жалгыз сезиши, уруу мүчөлөрү тарабынан жат адам катары кабыл алынышы адаттагы көрүнүш эле. Ошон үчүн Алмамбет: «Элдүүнүн баары эр экен, не деген сөзү эм экен»,– деп муңканат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Алмамбеттин тарыхы, теги тууралуу айтып бергиле.
2. «Алмамбет – трагедиялуу баатыр» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Алмамбеттин трагедиясынын себеби кандай?
4. Алмамбет – кыргыз баатыры боло алабы?
5. Манас жана Алмамбеттин достугу тууралуу баяндагыла.
6. Алмамбет баатыр кандай өнөр ээси?
7 Алмамбеттин элин баалап, жерин сүйүүсү кайсы окуяларда билинет?

Чубак. «Алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн, көк ырапыс тон кийген, көгала сындуу ат минген, кан Балтанын Чубагы – арстандын бири бу дагы». Нойгуттардын каны Акбалтанын жалгыз уулу (Саякбайдын варианты боюнча Акбалта талаадан таап алган бала) Манаска 13 жашында келип кошулуп, ошондон тартып жоону бирге жоолашып, доону бирге доолашып, баатыр менен дайым бирге жүрүп, ак кызмат кылган адам, Манас менен тең тууган, ошон үчүн кээде ачуусу келгенде Ногойдон нойгут кем бекен, Чубактан Манас эр бекен? – деп оолугуп кетмеси да бар. Чубак – карандай күчтүн ээси, аны-муну көп байкабаган энөө, ишенчээк, ачуусу чукул, кыялы чорт, чогоол баатыр. Бирок ак көңүл, ичине кир сактабаган адам. Бозуулдун бузуку сөзү менен чыр чыгарып, чалгынга кеткен Алмамбет менен Сыргактын артынан барганда Алмамбет жүйөөлүү сөздөр айтып, өзүнүн аракети элдин камы үчүн экендигин баса көрсөтө келип:

Элге кызмат кылдың деп,
Эрегишиң кай күчүң?–

деп жемелегенде мурда кой-айга болбой ээленген Чубак сөзгө жыгылып, жүйөгө көнүп, күнөөсүн мойнуна алып, жыгылыштуу болот.

Чубактын негизги сапаты – жалтанбас эрдик, түгөнгүс күч. Ал кытайлардын Нескара баш болгон алтымыш дөөсүн жеке байлап келет, атынан ажырап калганда сандаган душмандын курчоосунда калып, тогуз күн жөө согушат. Чубак-

http://eduportal.uz



ЧУБАК

тын тобокелчил эрдиги, коркунуч эмне экендигин билбегендиги, аны менен эсептешпегендиги Алмамбет экөөнүн Макел дөө менен кармашкан эпизодунда эң элестүү берилген. Жанда жок чоң дөө Макелди көрүп, шашып калган Алмамбет Чубакка келип: «Манаска кабар салалы, мейли Манас алабы, же балакеттүү Макел дөө аны байлап кетип калабы» өзүлөрү беттешсин дегенде:

«– Катыгүн Алмам не дейсиң?
Качуунун камын не жейсиң?
Атасынын көрү капырды,
Токтолуп уруш салалы,
Тобокел кылып алалы!
Качпай өлгөн эрлер деп,
Жакшы аттысы саа болсун,
Жолдошу Чубак экен деп,
Сооп чети маа болсун», –

деп кайрат айтат.

Бул кокустук көрүнүш эмес. Эпос ажыдаардан көз ирмеп жалтанбаган Алмамбет алдастап калган учурда Чубакка кайрат айттыруу аркылуу ага таандык эрдик сапаттын деңгээлин, күчүн көрсөтмөк болгон. «Чоң казат» учурундагы баатырлар курман болгон катуу кармашта Чубактын бооруна ок тийип, жарадар болуп, дайынсыз жоголот. Кийин Семетейдин учурунда Чубак Кашкарда жүргөнүн көргөн киши бар экен деген имиш менен Семетей «Чубактын дайынын таап бергиле, же кун төлөгүлө»,– деп Кашкарды камайт. Чубак Букарда жүргөн имиш деген кеп менен Букарды, анан Коконду чаап алат. Ошондон кыргыздарда «Чубактын кунундай чубалжып бүтпөгөн иш»,– деген ылакап кеп калат.

Сыргак. Эпостогу белдүү баатырлардын бири – Сыргак. Ал белгилүү баатырлардын эң кичүүсү, баарынын сүймөнчүгү. Карандай күч өзгөчө мааниге ээ болгон ошол доордо көпкөк темир кийген, жоо дегенде сүйүнгөн баатырлардын арасында өзүнүн адамгерчилиги, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, сезиминин терендиги, сыпайы жүрүш-турушу менен бөтөнчөлөнүп, башкалардан бөлүнүп турган бул баатыр – эл түшүнүгүндө жаштыктын, тазалыктын элеси. Ошон

http://edu.portal.uz



СЫРГАК

үчүн ал – элдин эркеси, баатырлардын сүймөнчүгү. Сагымбай боюнча Сыргак – Манастын аталаш тууганы, Жакыптын агасы Ороздунун он уулунун биринин баласы (Саякбайда Сыргак Улак кандын уулу делет), азан чакырып койгон аты – Бердибек, сымбатына жана баатырдык-кыраандык сапаттарына карата Сыргак (сыргак – кыраан бүркүттүн бир түрү) атыгып кеткен.

Сыргактын образындагы жогору бааланган негизги сапат – анын баатырлыгы.

Чалгынга жөнөмөк болгон Алмамбет жаныңа өлчөп жолдош ал деген Манастын кеңеши боюнча миң-сан элден Сыргакты тандайт:

Сырттан тууган Сыргактын
Жеке башын өзүнүн
Миңге тете көрөмүн,–

деген Алмамбеттин баасы Сыргактын адамдык сапаттары менен катар эле эрдигинин да күбөсү. «Жети түмөн кол келсе, желбегей кирип кол салган» баатыр Сыргактын жалтанбас эрдигин аны билген досу да, касы да жогору баалап, ага урмат менен мамиле кылат. «Чоң казат» учурунда белгилүү баатырлардын ичинен биринчи болуп окко учуп шейит кеткен ушул Сыргак. Анын көрсөткөн эрдик иштери жүрөгүнө тийип, жанына баткан Коңурбай Кожожаш мергенге:

«Ушу Сыргак баладан,
Ээримен арт кетти.
Жүрөгүмө дарт кетти,
Боконо сөөгүм болк этти.
Таш сайынган кытайдын,
Тазасы ыйлап солк этти».

Башкасын коюп, ушунусун жайлап бер! –деп жалынат. Атайын артынан ээрчип аңдыган Кожожаш Сыргакты атып, баатыр окко учат. Анын сырткы кебетеси эпосто:

«Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок жолго сак.
Чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган.

http://elibrary.kg

Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы.
Акыр заман журтуна,
Аты калган Сыргак деп.
Сыны сыргак, өзү эр,
Сынын билген айткан эл –
Сырттандардын бири дээр»,–

делип сүрөттөлөт.

Сыргактын атка жеңил, тайга чактыгы – начарлыгы, чабалдыгы эмес, анын сыпаалык кебетеси менен чыйрактык сапатынын көрүнүш белгилери.

Бакай. Эпостогу өзгөчө маани берилип, дыкаттык менен иштелип чыккан оң каармандардын бири – Бакай.

Бакай – Манастын аталаш тууганы, Жакыптын бир туугган агасы Байдын уулу.

Бакай жашынан эле «нускалап угуп сөз жеген, айылдагылардын көңүлүнө толгон, токтоолугу, акыл-эстүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турган» бала болуп чоңоёт.

Манас 9 жашында Бакайдын элесин көрүп: «бул ким?» – деп сураса кырк чилтен ага: «азыр 15 жашта, жалпы түрктүн журтунда жарыгы тиер Ай!» – деп тааныштырат. Бакай менен Манас биринчи жолу жолугушканда Кызыр олуя Манаска кайрылып: «Бакай сага өбөгүң болот өзүңдүн, айнеги болот көзүңдүн» – деп эскертет. Саякбайдын вариантында Манасты издеп келе жаткан Бакай ага талаадан жолугат. Ошол жолукканда эле Манас өзү:

«Туйгун аба, эр Бакай
Ата болуп өзүмө,
Тутка болуп туруп бер,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эл бийлигин алыңыз,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай аштаңыз,
Казак менен кыргыздын
Жолун өзүң баштаңыз!» –

деп өтүнөт. Эки вариантта тең Бакай Манаска жолуккан күндөн тартып үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, жаман-

http://kitep.al.uz



БАКАЙ

дыгын жашырып, жакшылыгын ашырып, капилетте сөз таап, караңгыда көз таап, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, эң жакын, эң ишеничтүү адамы катары кызматын кылат, акыл айтып, кеңешин берет.

Эл эпосто биримдик, ынтымак, калыстык жөнүндөгү түшүнүгүн көбүнчө Бакайга сүйлөтөт, бул багыттагы корутундуларын Бакайдын сөзү аркылуу берет. Көзкамандар сыяктуу ичтен чыккан жаттардын бузукулук иштерине Бакайдын мамилеси:

«Өпкө-бооруң куйкалайт,
Өзөктөн күйгөн өрт жаман.
Өз ичиңден талкалайт,
Өздөн чыккан жат жаман!»

Бул сыяктуу турмуш тажрыйбасынын корутундулары Бакайдын сөзү аркылуу баяндалуусу адаттагы көрүнүш:

«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп.
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу», –

деп Бакай эл арасындагы тескери баскан тентектерди акылжүйө менен теске салат.

Алакөөдөн Чубак көкүткөн бузуку сөз менен чыр чыгарып, нойгуттардын колун аттантып, чалгынга кеткен Алмамбеттин артынан жөнөгөндө Бакай алдынан тосуп:

«Ай, ай, балам, токто,
Акылым угуп, жокто.
Аңдасаң сонун ушу бар,
Ак тааланын жараткан.
Албан түрдүү кушу бар,
Канаты менен учуп жүр.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу.
Экөөбүздөн болуучу,
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Бир да болсо жыгылдык.
Миң да болсок кырылдык!» –

деп жүйө айтат.

http://eduportal.uz

Алмамбет кыйырыңдан карыш жылган жок, кытайга кызмат кылган жок, ал кылган кызмат өзүңкү, кылган кызмат сиз үчүн, кыргызга кызмат кылганга кыйкырып чабыш, кай күчүң!?– деп калыстык сөзүн айтып, чекилик кылган Чубакты жемеге алат.

«Союштан артык сойбоңор,
Бүгүн душман, эртең эл.
Бүлүндүрүп койбоңор»,–

деп жортуул учурунда да бөөдө ысырап кылууга, адилетсиздикке каршы турат, алкы бузуктарды тыят. Бакайдын эпос жогору баалаган сапаттарынын бири – эл салтын абдан жакшы билиши, татаал шарт, кысталыш учурда салттын эрежесин бул же тигил көрүнүшкө эпчилдик менен ылайыктап, чебер жол таба алышы. Ошон үчүн эл арасындагы чыр-чатактарды чечүүдө, муктаждыктарды угууда ал негизги калыс, бүтүм чыгаруучу адамдын милдетин аткарат. Калыс, чынчыл адам катары Бакайды досу-касы дебей бүт эл, ал турмак башка элдер да сыйлашат. «Чоң казатка» аттанып жатканда жүз отуз миң орчун колго Бакай кан болсун деген сунушту ал жердегилердин баары «колдун баары кубанып макул айтты төрөбүз, касиеттүү Бакайды канга ылайык көрөбүз!» деп, ошончо көп эл бир ооздон колдогону – мунун далили.

Негизги сапаттары боюнча Манас кыргыз элинин намысы болсо, Бакай – акыл-эси, абийири катарындагы адам. Бакай Семетей, Сейтектердин учурунда да негизги акылчынын милдетин аткарат, эл каалоосу боюнча түбөлүк өлбөй калгандардын бири.

Кошой. Эпостогу негизги оң каармандардын бири. Алган орду жактан Бакайдан кем турбаган, айрым сапаттары боюнча андан жогору да коюлуп, Манастын өзүнө теңдеш бааланат. Кошой катагандардын каны делет. Бирок анын эл арасындагы кадыр-баркы, атак-даңкы кандык мансабына эмес, өзүнүн жеке мыкты сапаттарына, иштеген иштерине, элге сиңирген эмгегине жараша ыйгарылган. Эпостогу баатыр катары аты аталган каармандардын арасынан калмактар кыргыздарды басып алып, элди туш-тушка чачып бөлгөндө душмандарга бой бербей кармашып, багынбай койгон жана

Ала-Тоонун аймагында өз уруусу менен калк уюткусу болуп калып калган – жалгыз ушул Кошой алп. Кыргыз баатырларынын ичинен жалтанбас эрдик сапатына эпсиз зор мүчөсү, жанда жок кара күчү төп келген да – ушул Кошой. Ошон үчүн ал эпосто алп Кошой, дөө Кошой делип мүнөздөлөт. Кошойдун ай кулагы калкандай, алагар көзү чолпондой, 90 койдун териси араң томугунан тон чыгат. Ошого жараша Кошой – терең акыл-эстин да ээси. Так ушул акылмандыгы, жөн билгилиги аркылуу ал бүт кыргызга «калк атасы» атанып, сый-урматка ээ болуп турат. Төгөрөктүн төрт бурчунан – жер жүзүнүн баарынан каапыр менен мусулман бүт чогулган чоң жыйында – Көкөтөй кандын ашында аш ээси Бокмурун: «Ашты берүүнүн жөнүн кандай кылам?» – деп Манаска кайрылса, ал: анын жөнүн Кошой билсин» деп бийликти Кошойго ыйгарышы – мунун далили. Манас Кошойдун акылмандыгын, жөн билгилигин, калк арасындагы кадыр-баркын өзүнүкүнөн жогору коёт, мындай орчун топту Кошой башкарса аш жөндүү, каалагандай деңгээлде өтөт деп түшүнөт. Ашты Кошой бийлеп, Манас башкарат. Ошондой чоң жыйындын бийлиги Кошойго тийишине чогулгандардын арасынан нааразы болгон адам чыкпайт (ашты Манас башкаруусуна кыргыз кандарынын көбү нааразы болушуп, «Чоң казаттын» чыгышынын себеби ушундан башталат). Ушунун өзүнөн да Кошойдун бүт эл алдындагы баркын көрүү оңой. Кошойдун башкалардан өзгөчө ордунун дагы бир далили: эпосто Манаска эл алдында ачык каршы сөз айта алуу, туура эмес ишин сындоо, ал эле эмес жемелеп, тилдеп коюу укугу да жалгыз ушул каарманга – Кошой абага гана ыйгарылган. Кошойду Манас башкалардан бөлүп, өзгөчө урматтаганынын далилин ошол Көкөтөйдүн ашындагы бир деталь айгине көрсөтөт. Жамбы атуу учурунда эч ким түшүрө албаган жамбыны атып алган Манас жүз адамдын кунуна барабар алтын жамбы олжосун ошончо чоң топтун көзүнчө алп агасы Кошойго кайрылып: «Абаке, муну алгын, ак сакалдуу карымсың, калк көтөргөн канымсың, касиеттүү жанымсың, батаңды берип салгын!» – деп тартуу тартат.

Кошойду эпостогу белгилүү каармандардан, айрыкча баатырлардын арасынан өзгөчө бөлүп турган дагы бир са-

паты ал «батасы журтту байыткан», «байланып калган базардын жолун ачкан, бекип калган бейиштин эшигин ачкан» касиеттүү адам экендиги. Манас өзү баш болуп чоңкичине дебей көптөгөн адамдар Кошойдун батасын алууга куштар. Абам батасын берсе балалуу болор бекемин! – деп үмүттөнгөн Канукей Кошойго арнап атайын кандагай шым камдайт. Канукейдин ал далалатын Манас өзү да кубаттап, аялынын атынан Кошойдон бата сурайт:

«Төрөбөгөн зарпынан,
Барзантынын дартынан.
Баатыр абам көрөр – деп,
Көрсө бата берер – деп.
Ишенсең аба сөзүмө,
Ашка келбей койсоң да.
Каттоочудан байлантып,
Жибермек экен өзүңө.
Касиеттүү карысың,
Бата берсең нетиптир!».

Кошой Канукейге эркек уулдуу бол, ал «аюу болбой, шер болсун, атышканын алып, күрөшкөнүн чалсын, ачуусуна тийгенде Абыке, Көбөш, чоң атасы Жакыпты, кырк чорону, Коңурбайды жайласын»,– деп бата берет, анын батасы бири калбай толук түрдө туура келет.

Кошой – эл кызматына башын тигип, намыс үчүн жаралган адам. Манас акыл сураганы атайын Алтайдан издеп келгенде (С. Каралаевдин варианты боюнча) Кошой аны:

«Калың журтуң издебей,
Калмакта жүрөр жөн барбы.
Эми каран күн, көк жал эл кайда?!» –

деп каңырыгы түтөп, каршы алат, дароо кайра барып, бат көчүп кел,– деп кеңеш берет. Кошойдун намыс үчүн башын тиккен адам экендигинин далилин ал «Көкөтөйдүн ашында» 85 жашта экендигине карабай нечен балбан, баатырлардын баары «балбанга чыккан Жолойбу, Жолойго адам жолойбу?! – дешип качып болбой койгон «алтымыш батман буудай жеп дан жыттанган, алтымыш эрди бир союп кан жыттанган» калмактардын каны, жанда жок бөкө-балбан чоң Жо-

http://eduportal.uz



КОШОЙ

лой дөөгө каршы күрөшкө чыкканынан жана Жолойду жыгып мөрөй алып, элдин намысын коргоп калганынан даана көрүүгө болот.

Каада-салтты мыкты билгени, так сактаганы, адамгерчилик, акылмандык жактан Кошой – Бакайга теңдеш адам. Ал Манастын кыргыз эли үчүн ким экендигин туура түшүнүп, анын биринчилик ордун моюнга алат жана түрдүү шарттарда, жакшылык-жамандыкта дайым аны колдойт жана иш-аракетине жардам берип, көп учурларда пайдасын тийгизет. Саякбай боюнча Манасты Ала Тоого көчүп кел деп кеңеш берген, баатыр минген атынан, кырк чоро жолдошторунан бүт ажырап, душман колуна түшүү коркунучунда калганда жардам берип, куткарып алган, кыргыздарга Манасты кан көтөрүү сунушун биринчи болуп айткан да Кошой. Көкөтөйдүн ашы үстүндө Манаска нааразы болгон кандар жыйылып чыр чыгармак болушканда «душманга колтук ачпайлы, чатакты койгула»,– деп жүйө айтып токтоткон да Кошой.

Оолуккан кандарды аш тараган соң, бир жылдан кийин келип Манасты өзүңөргө басып берем», – деп тыйып коёт да, айткан убагы бүткөндө: «Манасты чаап берем дебединиз беле?»– дешип чогулуп келген кандарды шылдың кылып келекелеп:

«Бекер жер Талас эмес,
Мен кылган Манас эмес.
Койгула балдар, Кошой силерге
Тамаша эмес!» –

деп тоготпой жатып алат.

Кыскасы, Кошой – нускалуу, акылман кары, ашкан баатыр, жанда жок балбан, калк атасы, алп баатырлардын кадырлаган, сыйлаган агасы, улуу-кичүү, аял-эркек жалпы эл үчүн аба болгон адам.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Чубак – чогоол баатыр, кара күчтүн ээси экендигин чечмелегиле.
2. Сыргактын – сыпаа, сылык, кичи пейил баатыр экендиги эмнеден билинет?

http://edubooks.kg

3. Бакайдын – акылман инсан экендигин далилдегиле.
4. Бакай – кыргыз салт жөрөлгөлөрүнүн сактоочусу десек болобу?
5. «Манас» эпосундагы өзгөчө орунда турган каарман – Кошой. Кошойдун өзгөчө сапаттарын баяндагыла.

ЭПОСТОГУ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗДАРЫ

Каныкейдин образы. Каныкей (Сагымбайдын айтуусу боюнча өз аты Санирабига. Кан никайи – канга нике кыйылганы үчүн Каныкей атыгып кетти делет) – Кыйбанын каны (Саякбайда Букардын каны Каракан) Атемирдин кызы, Манастын аялы. Каныкей – Манастын өзүнө тете, баатырга ылайыктуу жар. Бул абалга эпосто атайын көңүл бурулуп, чоң маани берилет. Сагымбай боюнча да, Саякбайда да Манастын Каныкейге чейин эки аялы бар (жалпы эле Манастын Каныкейге чейин эки аял алуусу – манасчылардын басымдуу көпчүлүгүндө учураган салттуу көрүнүш), бирок эки манасчыда тең ал мурда алган аялдары баатырга ылайык келүүчү, татыктуу жар эмес. Ошон үчүн Манас өзүнө тете аял алышы зарыл деп эсептелинет жана эки манасчыда тең бул зарылдыкты Манастын өзүнө баатырдын эң жакын адамдары ачык айтышат: Саякбайда Кум-Булактын белинен Манас кумайык таап алганда Бакай кол башындай боз күчүк кумайыкты табын таап же кайып, же ургаачынын тазасы зайып багат дечү эле. Алган зайыбың Акылай адеби жок, орой, каада билбеген адам:

«Катыным бар деп ойлопсуң,
Канкорум Манас бойдоксуң!
Каныкей алсаң оңосуң,
Калкка бааша болосуң.
Каныкей келсе Таласка,
Кадыр түн келет жолуңа.
Качканың келет колуңа,
Санааңды сансыз болтурат.
Сан казына мүлкүңдү,
Келе замат толтурат.
Сайып жүрүп бак кылар,

http://elibrary.kg.uz

Салып жүрүп там кылар,
Сандыргалуу башыңды.
Жер жүзүнө кан кылар...
...Ургаачынын төрөсү,
Алып калсаң Канықей –
Кырк чоронун энеси,
Ургаачынын ыктуусу.
Ак жоолуктун мыктысы,
Айтканыңа көнүүчү.
Ал кумайык күчүктү,
Жакшылап багып берүүчү», –

дейт. Бакайдын ою боюнча Манас баатырга ылайык, анын кадыр-баркына туура келүүчү жар – Канықей. Бакайдын оюн Чубак да кубаттап, Канықейдин жеке эле акылман гана эмес, баатыр да экендигин, аны өз көзү менен көргөнүн – өзү беттешип, тең келе албай качып келгенин айтат жана Манасты Канықейге үйлөн деп кеңеш берет.

Жакып биринчи көргөндөгү Канықейдин сырткы көрүнүшү бул:

«Санирабига кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен.
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кези экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөдөй,
Келишкен кара кашы бар.
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип.
Чийдей кашы чийилип,
Жазык маңдай, кара көз.
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Аркасы кайкы, аркар төш.
Ай чырайлуу бото көз,
Кызыл жүзү нурданган.
Кымча бели буралган»...

Жакып сынчы Санирабиганы сынап туруп бардык жагынан кынтык таппай көңүлүнө толтуруп, жактырып, бирок,

http://edu.iportal.uz



КАНЫКЕЙ

101

«айтсам балам алар, арылбаган шорум көп, арты болбой калар, тууса бирди тубар, тумшугу жок жаныма тукумдан кудай урар!» – деп арман кылат. Кийин Жакыптын сынындагы көргөндөрү бүт туура чыгат: Каныкей акылман, жөн билги, адамгерчиликтүү адам, жанда жок уз, сарамжалдуу аял болот, көпкө төрөбөй жүрүп, жалгыз бала көрөт.

Акылдуулуктун өзүнчө көрүнүш белгиси болгон сарамжалдуулук да Каныкейдин жаш чагынан эле негизги сапаттарынын бири катары даана көрүнөт. Кыз-күйөөгө арналып тигилген өргөөнү жасалгалаш үчүн Каныкей өзү мурдатадан камдап койгон буюмдарын алдырып келип койдурат:

«Машаты килем салдырып,
Барча, буулум, дүрүйө,
Мамыктан жаздык алдырып,
Атлес шайы тубардан
Алты жүз жууркан салдырып,
Арбын экен булардан –
Доолон, чүчтө, марадан,
Капырай, кайда койгон?! – деп,
Атемир баштап баары адам
Айран болуп караган,
Алтын чайдоос – даңкандан
Алтымышын алпарган.
Кырк жашаган катындай
Кыйбатты жыйган бир далай»...

Он алты жаштагы кыздын мындай сарамжалдуулугуна башкалар турмак өз атасы Атемир да таң калат.

Каныкейге таандык мыкты сапаттар, ошолордун ичинде анын акылмандыгы, жөн билги, адамгерчиликтүүлүгү Манас баатырга келип, анын иштерине активдүү катышып, бардык аракеттеринде эң ишенимдүү жардамчысы болгондо айрыкча даана көрүнүп, көптөгөн фактылар аркылуу бекемделет, таасирлүү элеси көз алдыга тартылат.

Каныкейдин билерман көрөгөчтүгү, уздугу, сарамжалдуулугу, айрыкча Манас баатырдын өзүн баш кылып, кырк чоросунун ар бирине ылайыктуу ички-сырткы кийим-кечек, соот, курал-жарак, минер атына чейин күн мурунтан камда-

http://edu.portal.uz

нып даярдап койгонунан даана байкалат. Коркунучтуу жоого каршы аттанып бара жатканда, өзүн, жолдошторун бүт бардык зарыл кийим-кечек, курал-жарак, минер ат, киер тон, зоот-чопкут менен жабдыган Каныкейдин кыраакылыгына, эмгегине ыраазы болгон Манас баатыр:

«Бу Каныкей катындын,
Буластаган капырдын
Ушу сөзү чын болсо,
Ургаачыдан тың болсо
«Атаң-анаң» – дебеске,
Артылта камчы салбаска,
Артынан күнү албаска
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!» –

деп касам ичип, ант берет. Кыскасы, Каныкей «Манас» эпосундагы терең ойлонуп, жогорку көркөмдүктө иштелип чыккан образдардан. Каныкейдин образы аркылуу баяндалган элдик ойлор эпостун башкы идеясынын ачылышында чоң мааниге ээ.

Билгичтик, баамчылдык жактан эпосто Каныкейдин алдына эч ким чыкпайт. Анын бул касиеттери айрым учурларда олуячылык, кереметтүүлүк, көзү ачыктык менен чектешип турат. Каныкейдин келечекте эмне болорун билиши касиеттүүлүк эмес, анын акылдуулугу.

Ошентип, Каныкейдин образында адамдын үй-бүлөдөгү, уруудагы жүрүш-туруштары жөнүндөгү элдик идеалдар көркөм түрдө ишке ашырылган. Эл өткөн коомдук түзүлүштөрдүн шартында социалдык чындыктан алда канча жогору турган өзүнүн нравалык идеалдарын да ушул образ менен тыгыз байланыштырган. Натыйжада Каныкей эл үчүн мааниге ээ эмгек сиңирет, эл кызматын кылат, эл камын көрөт. Ал эл өкүлү катары элге таандык жакшы сапаттарды сактайт жана өнүктүрөт.

Каныкейдин образын түзүү аркылуу эл аялдарды кемсинтүүгө, эркектин күңү, сатып алуучу буюму катары баалоого каршы турат. Аялдардын коомдон алган ордун, эл тагдырына, коом ишине активдүү катышкан идеал образын

http://edu.portal.uz

түзүү аркылуу жеке эле ошол эпос чагылдырган тарыхый шартка эмес, жалпы эле таптык коомдордогу эзүүчүлөрдүн идеологиясына каршы ой берилген.

Патриоттуулук Каныкейдин образында кенен берилген. Каныкейге кыргыз элин, анын баатырларын дайым жогору баалоо мүнөздүү. Айрыкча, Каныкей өз элинен, жеринен азып-тозуп жүргөн кезинде элинин жакын, жеринин кымбат экендигин өтө курч сезет. Ошон үчүн:

Кең-Колум өңдүү жер кайда,
Султаным Манастан калган журт эле,
Аргынды гана көрөр күн кайда, –

деп муңканат.

Каралды кылар белим жок,
Төлгөгө чапсам Тайтору
Капа кылбай сүрөөчү,
Каралды кыргыз элим жок, –

деп бөтөн жердеги, бөлөк элдеги жалгыздыгына өкүнөт.

Каныкей эпосто өлбөй калган каармандардын биринен. Бул көрүнүш анын элге сиңирген эмгегинин далили.

Арууке. Эпостогу катышкан оң типтеги аял каармандардын ичинен Каныкейден кийинки орун Арууке таандык. Арууке – Алмамбеттин аялы. Алмамбет Манастын эң жакын жардамчысы, ишенимдүү жолдошу, кеңешчиси болгондуктан, анын алган жары да аял каармандардын арасында эң көрүнүктүү орунду ээлеши – адаттагы көрүнүш. Арууке тагдыры жактан да Алмамбетке жакын. Алмамбет сыяктуу ал да – өз уруусунан кеткен адам. Уруусу кайып, өзү кайберендердин канынын кызы. Алмамбет өз эрки, каалоосу менен келип кыргыздарга кошулган сыяктуу эле, ал да өз каалоосу менен келип, адам баласынын арасына кошулуп алган. Алмамбет жайчылык касиети бар, баатырдыгы менен өнөр-билими шайкеш келген адам болсо, Арууке – да кубулуп түсүн өзгөртүп, башка кебетеге өтүүчү касиети бар, көп окуган, билимге ээ адам. Алмамбет баатыр катары Манастын эң жакын жардамчысы болсо, Арууке чебер уз, акылман, жөн билги аял катары Каныкейдин эң жакын жардамчысы. Аялы менен эрин бул сыяктуу сапаты жактан да, тагдыры

http://edu.portal.uz

жактан да бири-бирине жакын, окшош кылып сүрөттөөнүн өзүнчө маани бар. Муну менен эпос, биринчиден, аялы менен эринин бири-бирине төп келип, тете болгон адамдар экендигин айтса, экинчиден, эркек менен аялдын укугунун, аткарган милдетинин бирдейлиги жөнүндөгү элдик идея берилген. Ушул эле элдик идея Алмамбет баатырдын ишеничтүү жалгыз таянычым деп Аруукени эсептеши аркылуу дагы тереңделип, дааналанып турат. Аруукe да – Алмамбетти туура түшүнгөн, анын тагдырына ортоктош, ага берилген жар. «Чоң казатка» баатырлар аттанып жатканда өзүнүн жалгыздыгын, эли-журтунун жоктугун, жадаса «башканы коюп бажасы, бөлөктү коюп бөлөсү» да жок экенин, ал аз келгенсип, кокус көзү жумулса артында баласы да калбасын айтып арман кылып жашыганда оор жолдо эш болор бекен деген үмүт менен Аруукe Алмамбетке боюмда күмөн бала бар – деп эскертип, баатырды жубатат. Аруукe эпостогу ички касиетине сырткы келбети барабар келген, назиктик, жөн билгилик, чебер уз, терең акылдуулук сапаттарына сулуулугу жарашып турган каармандардын биринен.

Сайкал. Эпосто да, эл арасында оозеки өзүнчө айтылуучу легенда – уламыштарда да көп көңүл бурулган баатыр ургаачы Сайкал. Ал Карача кандын кызы. Сагымбай айткан вариантта теги калмак, атасы Каткалаң, Саякбайда нойгут уругунан. Эки вариантта тең Сайкалдын белгилүү баатырлыгына негизги көңүл бурулат. Сагымбайда Тейиш кандын тоюнда сайышка чыгып, Манасты аттан эңип кете турган болгондо Чубак ортого түшүп куткарып кетет. Манас анын келишкен көркүн көргөндө өзүм алчу кыз экен! – деп ичинен ойлоп, кызыкканы менен сюжет андан нары улантылбайт. Сайкал жөнүндө кенен сөз жок, ал кээде гана Каткалаңдын Сайкалы деген ат менен калмак-кытай баатырларын санаган кезде эскерилгени болбосо, окуяларга да катышпайт. Саякбайдын вариантында Сайкалга алда канча кенен орун берилген. Манас Сайкалга өзү барып тийишет, бирок кармашып алы келбей коёт, ал турмак Сайкал аны аттын үстүнөн ала коюп, бирок катындан Манас жеңилиптир деген сөз тарап кетер деп аны аяп кайра ээрге мингизип коёт. Ыза болгон Манасты Каныкей бир жыл бою таптап багып, Сайкалга

кайра жиберет. Манас бул жолу Сайкалды жеңип (чындап ачуум келгенде жембаштыктай бөктөрүп, эңип алдым Сайкалды» деп ал ооруп жатып өлөр алдында өзү эскерет), «азабы өттү долунун» ника кыйдырып, аялдыкка алам деп оолугат. Бирок Сайкал Каныкей ургаачынын сырттаны, касиеттүү киши экен, анын үстүнө күңү болуп барбаймын, сага тиги дүйнөдө тиейин деп болбой коёт. Манас Сайкалга кыяматтык ника кыйдырат. Сайкал өлөрүндө зыйнатыңа турам деп убада берип, ошол убадасы боюнча баатыр Бээжинден оор жарадар болуп келип, катуу ооруп жатканда келип, өлөрүндө зыйнатында турат. Баатырдын көзү өткөн соң үйүнө кайткан Сайкал кайып болот.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыздын турмушунда жана эпосто аялдарга мамиле кандайча баяндалган?
2. Төмөнкү темалар боюнча Каныкейдин образын ачкыла:

а) Каныкей – баатырга ылайыктуу, анын татыктуу жары;
б) Каныкейдин акылмандыгы;
в) Каныкейдин сарамжалдуулугу;
г) Каныкей – чебер уз;
д) Каныкей – идеал элес. Кыргыз элинин жакшы аял жөнүндөгү түшүнүктөрү.

3. Арууке кандай аял?
4. Сайкалдын баатыр кыз экендигин чечмелегиле.

Жакып. Жакып – Манастын атасы. Эпостогу окуялардын башталышында бир топ активдүү роль ойногон кейипкерлердин бири. Саякбайдын варианты боюнча Каракандын балдарынын ичиндеги тыңы катары чапкын көрүп, талоонго учураган кыргыздар анын тегерегине чогулуп баш кошуп, Алооке менен Молтого каршы турууга аракет кылышат. Сагымбай боюнча да алгачкы окуяларда Жакып активдүү каарман, аны каада билген, колунда байлыгы бар, элге кадырлуу адам катары кан көтөрүүгө сунуш кылышкандар да болушат. Бирок жалаң жылкысы эле 40 миңден ашып, башка төрт түлүк мал, өлүү дүйнөсү эсепсиз көп болгондугуна карабастан Жакыптагы негизги сапат – сараңдык жана ач көздүк. Өзү айткандай элүү жашка келгенче «күндөп-түндөп

http://eduportal.kz

тепеңдеп» жүрүп дүнүйө жыят. Жашы улгайып, өлүм оюна келе баштаганда баласы жок экендигин эстейт. Кудайдан зарлап бала сураганда эң алды менен жыйган дүйнөм кимге калат? – деп сарсанаа болуп, ошол мал-мүлкүнө ээ болор баланы тилейт. Бала Жакып үчүн жыйган мүлкүнө ээ болуу үчүн гана керек. Ал балага караганда малын жогору бааларына өзү, аялдары аян берген жакшы түш көрүшкөндө байбичеси эл чакырып, түлөө өткөрүп, түштү жоруталы десе безге сайгандай чочуп:

«Мен маңгулдун баарын чаптымбы,
Башынан мынча мал союп.
Башкадан дүйнө таптыңбы,
Мен кытайды жеке чаптымбы.
Кырктай бээ сойгудай,
Сен кызматтан дүйнө таптыңбы:

«Эркек түгүл кыз туубай,
Эмгектен чыгып бел буубай,
Мынча малды не кылам,
Мал түгөнүп калган соң.
Сенин барсантыңды не кылам?!
Бала болсун мал менен...», –

деген сөздөрүнөн ачык көрүүгө болот. Жакыптын түшүнүгү боюнча малы жок болсо баланын да кереги жок, ошон үчүн мал-түгөнүп калса сенин барсантыңды не кылам? – дейт. Баладан мал-дүнүйөнү жогору коюу Жакыптын мүнөз – сапатындагы кокустук көрүнүш эмес, негизги белги экендигине ал жаңыдан эркек балалуу болгонун сүйүнчүлөп барган Акбалтадан баланын баатырдык белгилерин уккандагы мамилеси да күбө. Акбалта балаң баатыр боло турган десе Жакып малымды ысырап кыла турган балекет бала го деп убайым жеп:

«Нар өлтүрүп коёр да,
Пулкор кылып салар да.
Эр өлтүрүп соёр да,
Кункор кылып салар да.
Кызыл-тазыл көрүнсө

http://edu.portal.uz

Кыздардан ала качар да,
Малымды суудай чачар да!» –

деп кейийт. Анын бул сөзүнө ачуусу келген Акбалта Жакыптын ач көз, сараңдыгын бетине айтат:

«Балам жок дейсиң майышып,
Ботом жок дейсиң кайышып.
Балага жаңы жетесиң,
Бай Жакып байым нетесиң?!
Баладан малды жуук көргөн,
Бакыл киши экенсиң!».

Жакып ач көз, сараң экендигин, бул сапат анын мүнөзүндөгү негизги белги экендигин баласы Манас да көзүнө айтат:

«Малга кароо сырың бар,
Мал жагына калганда.
Басылбаган чырың бар»,

Эпосто Жакыптын сапаттык маңызын өзгөчө таасын тактап көрсөтүп турган бир белги бар – ал жакшылыкта да, жамандыкта да мал союуга, же бирөөгө берүүгө туура келип калган учурда малынын карган-кургандарын гана сарп кылат: аялдары туш-тушунан чыгып жанын койбогондо түлөө өткөрүп, түш жорутуу үчүн жакшы тилек менен той берип жатып:

«Тогуз кары бээ болсун,
Токсон кары кой болсун...». –

деп буйрук берет.

Уулу Манас колдуу эки эр өлүп, аларга кун берүү коркунучунда туруп, алтайлык калмактар бүт жылкысын тийип кетеринде манжулуктар ага болушуп, тоодой балекеттен кутулганда да жылкычысын чакырып:

«Кары-куру бээден,
Как баш болгон аттардан
Төрт жүзүн айдап кел – деди,

http://edu portal.uz

Атасы өлгөн балага,
Арада өлгөн калмакка.
Аларга бөлүп бер – деди»,

Жакыптын образы аркылуу жеке керт башынын гана камын көрүп, дүнүйө менен малдын артынан түшкөн адамдын элеси берилген. Элдин түшүнүгүндө мындай адам терстин катарына жатат.

Коңурбай. Коңурбай – кытайлардын белгилүү кандарынын бири. Алоокенин алтымыш уулунун эң кенжеси, кечилдердин каны, бүткүл кытай элинин эң мыкты деген баатыры. Чынында эле Коңурбай – ченемсиз баатыр. Ал күч, кайрат жактан Манастан эч жери кем эмес, а турмак амал-айла жактан алда канча жогору. Анын көрүнүш келбети:

«Кыр мурундуу, кызыл көз,
Жоон билек, жолборс төш.
Кабагы бийик, каар сөз,
Капталы жазы, бою эңгер.
Кан Коңурбай деген эр», –

делип мүнөздөлөт. Сырткы көрүнүшү, карманган жоо куралдары боюнча да Коңурбай Манаска тете, андан кем калбаган баатыр:

«Атышкан жоосун колоткон,
Найзасынын темири
Кулач карыш болоттон».

Ак жөкөр деген очогор кара мылтыгы бар. Алдындагы мингени алтымыш пайза дубалды аттап өтүп кетүүчү канаттуу Алгара ат, өзү – бир элдин мыкты деген ханы. Ага миң сан аскерлери, эң көп балбан баатырлары баш иет. Согуш өнөрүн билүү, даярдык камын көрүү, уюштуруу ж.б. жактан да Коңурбай оң каармандардын эч кимисинен кем эмес. Митайымдык менен Манасты далай жолу алдап кетет. Анын арамза ойлорун Алмамбет гана туура түшүнүп, туура баалай алат. Эпостогу Коңурбайдын образына кеңири токтолуп, ага өтө чоң маани берүүнүн өзүнчө сыры бар. Коңурбай

http://edu.portal.uz



КОҢУРБАЙ

– терс каармандардын негизгиси, алган орду, чыгармадагы аткарган милдети жактан Манаска карама-каршы коюлуп турган образ. Эл түшүнүгүндө оң каарман баатырдын каршысында турган жоосу өзүнө тете болуусу зарыл, ансыз баатырдын баатырдык сапаты айкын ачылбайт. Ошон үчүн эпосто Коңурбайдын көрүнүш сыпаты, жоо кийими, курал-жарагы, күч-кубаты, минген атына чейин кенен сүрөттөлүп, Манастын өзүнөн кем эместиги атайын белгиленет. Бирок Коңурбай моралдык сапат жактан оң каармандардын кимисинен болбосун алда канча төмөн турат. Анда баатырдык салтты сактай билүү, эрдик намыс, өз күчүнө ишенүү жок. Анын ар бир аракети жалпыга таандык баатырдык салттын тартиптерин орой бузуу, намыссыздык менен сыймыксыз алдоону пайдалануу. Анын негизги куралы – боюндагы баатырдык күч-кубат, эрдик-кайрат эмес, алдоо, амал-айла. Анын пайдаланган амал-айласы да – терең акылды көрсөтүүчү ардактуу артык сапат катарында эмес, сыймыксыз, абийир, ар-намыска карама-каршы турган кара ниеттиктин көрүнүштөрү. Буга ал Манасты кантип жарадар кылганы ачык мисал боло алат. Камсыз, жараксыз турган Манасты капыстан аңдып келип, жарадар кылган Коңурбайдын иши эпосто баатырдын баатырдык жеңиши катары эмес, арсыз, намыссыз адамдын иши катары бааланат.

Коңурбайдын моралдык сапат жактан оң каармандардан төмөн туруусу анын баатырдык сапатын төмөндөтүп, чексиз күчүн да жокко чыгарат. Ал оң каармандардын эч кимиси менен тике беттешип кармаша албайт. Кара күч, баатырдык сапаты жактан өзүнөн төмөн турган кыргыз баатырларына жолукканда да тик беттешүүдөн баш тартып, алдына түшүп качып берет. Душманынан качыш ал үчүн намыс иш эмес. Баатырларга алар аңдабай турганда, артынан кол салууга гана даай алат.

Ал өз ишинин тууралыгын сезе албайт, эгер кыргыз баатырлары өз жеринин бейкуттугу, элинин эркиндиги, көз каранды болбостугу үчүн өлүмгө даяр турса, Коңурбай мындай эрдикке жараксыз.

Ошон үчүн опсуз чоң баатырлардын бири Коңурбай жалтаң, тобокел кылып өлүмгө бел байлап кармаша албайт. Аны мындай абалга дуушар кылган шарт – моралдык жактан оң каармандардан төмөн тургандыгы.

Жолой. Жолой эпосто калмактардын каны делет. «Манаста» аты аталган белгилүү оң жана терс каармандардын ичинен кара күч жактан Кошойдон башка Жолойго чак келе турганы жок. Ал «Көкөтөйдүн ашында» күрөшкө чыккында «балбанга чыккан Жолойбу, Жолойго пенде жолойбу» дешип белгилүү балбан, баатырлар каршы чыга албайт. Ал турмак Манастын өзү да «ат үстүндө тың элем, жөө күрөшкө жок элем» деп тайсалдайт. Жолойду сынаган сынчылар анын кебете көркүнө «чыккан экен дүйнөдөн бир азамат?» – деп таң калышат. Сынчылардын ою боюнча Жолойдун ички-сырткы сапаттары мындай:

«Өгүз көөдөн, өкүм сөз –
Өрдүк жагы дагы бар.
Өткүр кылыч, куу найза –
Эрдик жагы дагы бар.
Өз билгенин бербеген,
Бектик жагы дагы бар.
Булчуңу буура санындай –
Балбандык жайы дагы бар.
Өлөрүн өзү билбеген,
Айбандык жагы дагы бар»...

Бул карандай күч, билектин жоондугу көпкө жеткирген ошол доордо чоң мааниге ээ сапат. Бирок Жолойдун күчү – максатсыз, пайдасыз, талаага кеткен убара. Ошон үчүн анын мындай артык сапаты макталбастан, тескерисинче, соргок Жолойдун карикатуралык элеси тартылып, шылдыңга, мыскылга айланат. Анын «Алтымыш дөөнү бир союп, кан жыттанганы» айтылуу менен бирге «алты батман буудай жеп, дан жыттангандыгы» дароо эскерилет. Бул бири-бирине байланышпаган эки көрүнүш кокусунан бирге эскерилбейт. Жолойдун күчү духунун бекемдигинде эмес, бул сапат анын ички сапаты менен байланышпайт. Кеп дал ошол ички дүйнөсүнүн жардылыгында, көңдөйлүгүндө. Чынында эле ар-намыс, адамгерчилик менен анча-мынча болсо

http://elibportal.kz

да кабардар киши конокко келгенде эт уурдап жээр беле? («Көкөтөйдүн ашында» Жолойдун кемеге башында быша элек этти зордуктап жегени жөнүндөгү эпизод). Жолойдун ыксыз кара күчү менен жанда жок соргоктугуна ашкан ала көөдөн, мактанчаактыгы шайкеш келип, анын рухий жардылыгын, көңдөйлүгүн ого бетер айгинелеп турат. Ошондой болсо да эпостогу Жолой оңой жоолордун бири эмес. Баатырдык айбат, күч-кубаты боюнча менменсинген баатырлардын эч кимисинен кем калбайт. Анын сырткы көрүнүш келбетин эпос бул түрдө мүнөздөйт:

«Тырмагына караса,
Ак жолборстун салаадай.
Муруттарын караса,
Тегирмендин күпчөгү.
Текши каккан барадай,
Өлчөөсү жок өзгөчө,
Чечекейи чарадай.
Туурасы жоон, бою пас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз.
Комдонуп жаткан кара иттей,
Маңдайында кашы бар».

Келтирилген саптардан даана көрүнүп тургандай Жолой күч-кубат жактан белсемдүү баатырлардын бири. Ага жалпы эле эпостун каармандары үчүн мүнөздүү сырткы кебетенин коркунучтуулугу күбө. Ушуга байланыштуу көңүл буруп коё турган нерсе Жолойдун сырткы көрүнүшүндө, сапаттык белгилеринде өтө эле аша чапкан, карикатуралык мүнөздөгү сүрөттөөлөрдүн өзгөчө арбындыгы. Бул жагынан Жолой эпостук каарманга караганда жөө жомоктук каарманга, анда учуроочу дөөлөргө окшош баяндалат. Мунун эки себеби бар: биринчиден, Жолой чыгармадагы эң байыртадан бери келе жаткан, өз негизин жөө жомоктук кейипкерлерден алган образ болгондугу, экинчиден, эпостогу эл берген түшүнүк боюнча өтө чоң көлөм, чектен тышкары өзгөчө күч, кебете-кешпирдин адам жийиркенерлик сууктугу – акылдын төмөндүгүнүн белгиси. Ошон үчүн эпосто терс каарман өзгөчө коркунучтуу, ырайы суук болуп берилиши адаттагы көрүнүш.

http://edu.portal.uz

Эпосто каармандардын кийген жоо кийимин, курал-жарагын, минген согуштук аттарын сүрөттөөгө да кеңири орун берилген. Ар бир баатырдын өзүнө ылайык минген аты, кийген кийими, курал-жарагы бар. Аккула, Аколпок, Сырнайза, Аккелтесиз Манастын, Көктекесиз Чубактын, Сараласыз Алмамбеттин, Алгарасыз Коңурбайдын элесин көз алдыга келтирүү кыйын. Ар бир баатырдын сапаты алардын минген аты, алган жарагында белгилүү даражада кайталанат. Мисалы, ашкан айлакер, акылман Алмамбеттин миңгени – адамдай эстүү Айсарала. Ал «кырт эттирип чөп үзбөй, кылт эттирип суу ичпей», эч адамга карматпай, Алмамбеттин сөөгүн жалгыз өзү кыргыз жерине жеткирет. Чогоол, москоол баатыр Чубактын мингени «алтымыш чапса былк этпес» кашаң Көктеке, айлакер, амалкөй Коңурбайдын мингени аны дайым коркунучтан аман алып калып, өлүмдөн куткарган канаттуу күлүк – Алгара ж.б.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Жакып сарандыктын, ач көздүктүн үлгүсү экендигин далилдегиле.
2. «Коңурбай – кытайлардын баатыры». Эпосто кандайча сүрөттөлгөн?
3. Коңурбайдын образындагы рухий жардылык кайсы окуяларда баяндалган?
4. Жолойдун кара күчтүн ээси экенин ырчылар кантип сүрөттөгөн?
5. Жолойдун образындагы байыркылыктын белгилерин айткыла.
6. Каармандардын образынын түзүлүшүндө, ачылышында курал-жарак, жоо кийим, минген атынын маанисин чечмелегиле.

«МАНАСТЫН» КӨРКӨМДҮК ТҮЗҮЛҮШҮ

Көркөм чыгарманын формасы – көркөмдүк түзүлүшү жөнүндөгү илим поэтика делет. Дегеле чыгарманын поэтикасы дегенде сөздүн кеңири мааниси боюнча окуялардын курулуш, берилиш ыгынан тартып, образдардын түзүлүшүнө, көркөм каражаттарына чейин бүт камтылат. Адат катары көпчүлүк учурда поэтика чыгарманын көркөмдүк касиеттери деген түшүнүктүн ордуна колдонулат.

http://edu.portal.kg

«Манас» эпосунун поэтикасы дегенде андагы окуялардын берилиш ыгын, өнүгүш жолун, каармандардын сүрөттөлүшүн ж.б. түшүнөбүз. «Маната» адамды толкундаткан таасирдүү окуялар, таамай элестер эң көп. Муну эпосту көркөмдөөгө элдин таланттуу өкүлдөрүнүн көптөгөн муундары катышкандыгы менен түшүндүрүүгө мүмкүн. Эпостогу элестүү көрүнүштөрдү, так образдарды түзүү эл тилинин чексиз байлыгына, эбегейсиз таасирдүү күчүнө негизделген. Ошол эл тилинин түгөнгүс казынасын кеңири жана чебердик менен туура пайдалана билүү, кылымдар бою элдин таланттуу өкүлдөрү иштеп чыккан чыгарманы көркөмдөтүүнү, образ, тип түзүүнүн атайын ыктарын, каражаттарын туура колдонуу – бул кайталангыс типтердин, таасирдүү элестердин жаралышындагы негизги таянычтар.

Материалдарды берүүдө манасчынын өз атынан жүргүзүлүүчү баяндоолор, каармандардын сөздөрү менен монологдору жана сүрөттөөлөр кеңири колдонулат. Каармандардын сөздөрү – монолог аркылуу эпостогу катышуучулардын бири-бири менен болгон мамилелери, кайсы бир көрүнүшкө, окуяга берген алардын баасы, ички толгонуулары – кайгысы, арманы, кубанычы ж.б. берилет. Каармандардын кармаш-күрөштөрү, согуш жана тынч турмуш көрүнүштөрү ж.б. көбүнчө айтуучунун баяндоосунун жардамы менен иш жүзүнө ашырылат. Жаратылыш көрүнүштөрүн, каармандардын сырткы кебете түзүлүштөрүн, тулпарлардын сынын, жоо кийим, курал-жарактарды баяндоодо сүрөттөө ыгы пайдаланылат.

Эпостогу каармандардын образынын иштелип чыгышында портреттик сүрөттөөнүн мааниси чоң. Портреттик сүрөттөөнү каармандын бир гана учурдагы көрүнүшүн баяндаган элес катары кароого болбойт, ал шартка, талапка ылайык өзгөрүп, жаңыланып турат, б. а. ар бир каармандын келбети катып калган жансыз көрүнүш эмес, өзүнчө өсүшкө ээ болгон турмуштун жандуу элеси.

Портрет түзүүдө манасчылар кеңири пайдаланган көркөм ыктын бири – гипербола.

«Манас» эпостордун ичиндеги байыркы үлгүлөрдүн биринен болгондуктан жалпы эле анда гипербола көркөмдөтүүнүн негизги ыктарынан болуп кызмат кылат. Анын каармандар-

дын сырткы көрүнүшүн сүрөттөөдө, портрет түзүүдө да аткарган милдети, ойногон ролу чоң.

Эпосторго таандык салт боюнча жомоктогу катышкан каармандардын элесин түзүүдө апыртуу, ашыра сүрөттөө – адаттагы көрүнүш. Каарман ашыра сүрөттөлбөсө эпостук чыгарманын көркү да болбойт. Ошон үчүн жашаган жайы, урунган буюмуна чейин ашыра сүрөттөлө берет.

Эпосто кеңири пайдаланылган көркөм каражаттардын бири – эпитет. «Манастан» эпитеттердин жалпылык мүнөздөгү жөнөкөй формаларын да (арстан Манас, көк жал Алмаң), бир гана каарманга таандык жеке белгини ачып турган эпитет мүнөздөмөлөрдү да (айкөл Манас, алп Кошой ж.б.) кеңири жолуктурабыз.

«Манас» эпосунда жогоруда көрсөтүлгөндөй башка да көркөмдөтүүнүн ыктары менен көркөм каражаттардын көп түрлөрү кезигет.

Эпосто жаратылыш көрүнүштөрүн, баатырлардын жоо кийимин, курал-жарактарын, тулпарлардын сынын, сапатын сүрөттөөгө да чоң маани берилип, көп көңүл бурулган. Баатырдын жоо кийими, курал-жарагы, минген аты өзүнө ылайык болушу – эпостогу жалпы кабыл алынган салт.

Эпостун лексикасынын курамында азыр колдонуудан калган, же бүгүнкү адамдардын басымдуу көпчүлүгү маанисин так биле албаган көөнө сөздөр (архаизмдер) айрыкча көп. Ошону менен бирге эле белгилүү аймакта гана колдонулуучу диалектизмдер да, башка элдердин айрым сөздөрүн ошол түрүндө пайдаланган варваризмдер да, ал турмак кагаз бетине түшүрүлгөн тарыхый шарттарда эл арасында жаңы пайда болуп, колдонула баштаган неологизмдер да кезигет. С. Орозбак уулунун вариантынан көптөгөн көөнө сөздөрдү гана эмес, кыргыз тилинин эски учурлардагы формаларынын айрым көрүнүштөрүн да кезиктиребиз. Мисалы, эпостун ыр текстинен кезигүүчү «ажына», «акси», «бөкө», «балкы», «кирич», «колок» ж.б. сыяктуу сөздөр архаизмге жатса, «бакар», «көспант», «какай» ж.б. сыяктуу сөздөр варваризмди түзөт.

«Манас» – окуяларынын татаалдыгына, мазмунун өзгөчө кеңири мүнөзгө ээ экендигине карабай жалаң ыр менен – белгилүү муун, сап ченемине ээ болуп, уйкаштыкка келти-

рилген, ыргактуу, ачык эмоциялуу сөздөрдүн тизмеги менен курулган чыгарма. Ыр саптары негизинен 7–8 муундан турат. Эпостун тексттерин оозеки аткарууда көркөм деклама-циялык ыкты эске салып турган атайын өз обону колдонулат. Бул обон ырды созуп айтууга караганда зор күч, ички сезим менен мимиканы кеңири пайдаланып, көркөм окууга жакын түрдө аткарууга ылайыкташкан.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэтика жана ал камтыган маселелер тууралуу түшүнүгүңөр кандай?
2. «Манас» эпосунун окуяларынын курулуш ыгын чечмелегиле.
3. Бир окуядан экинчи окуяга өтүүдө манасчылар колдонгон атайын ык кандай?
4. Баяндоо, монолог, сүрөттөөлөр дегенибиз эмне?
5. Портреттик клише, образдын иштелип чыгышындагы анын аткарган ролу, маанисин баяндагыла.
6. Каармандын сырткы көрүнүшү, ички сапаттары, экөөнүн байланышын түшүндүргүлө.
7. Салыштыруу, аны пайдалануунун ыгы, теңештирүү, окшоштуруу, апыртуу, ашыра сүрөттөө, аларды колдонуунун ыктарын баяндагыла.
8. Эпитет, эпитетке мүнөздөмө – туруктуу эпитетке мисал келтиргиле.
9. Эпостун лексикалык курамы, архаизм, варваризм, неологизмдер, дегенибиз эмне?
10. «Манастын» ыр түзүлүшү, Саякбай менен Сагымбайдын варианттарындагы ырлардын муун өлчөмдүк айырмаларын айткыла.
11. Сагымбайдын, Саякбайдын варианттарын окуп, алардагы архаикалык, чет элдик, жаңы сөздөрдү таап, аларды жазып келүү.
12. Эки варианттагы архаизмдердин – пайдалануудан калган көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүн чечмелөө жана аларды эстеп калуу аракетин көрүү.

http://edu.portal.uz

«МАНАС» ЖАНА БҮГҮНКҮ КҮН. «МАНАСТЫН» ЖЕТИ ОСУЯТЫ

«Манас» эпосу – миң жылдан ашуун убакыттан бери кыргыздардын бардык табылгаларынын алгылыктууларын жыйнаган казынанын милдетин аткарып келген чыгарма. Ал акыл-насаатка жата турган жол-жоболорду жаштарга тарбия берүүдө, өз күндөлүк турмушунда, башкалар менен мамиле, алака-катнаштарында кеңири пайдаланышкан. Элдик ошол салт бүгүн да улантылууда. Буга Кыргыз Республикасынын 1-президенти А. Акаев жаңы түптөлүп келе жаткан эркин өлкөнүн өз алдынча, жаңы идеологиясынын негизи-уюткусу катары «Манастын» жети осуятын сунуш кылышы айкын күбө.

«Манастын жети осуяты» элдик улуу мурастагы жалпыга белгилүү, мурдатан калк ичинде калыптанган салттык нуска түрүндөгү түшүнүк-ишенимдерди жаңы тарыхый шартка, учурдун талабына ылайык пайдалануунун таасын үлгүсү.

«Манастын» жети осуятынын биринчиси – улуттун биримдиги. Элдин биримдигин колдоо, элди ынтымакка, биримдикке чакыруу эпостун башкы темасы менен тутумдаш, чыгарманын негизги идеясында чагылдырылган түшүнүк. Кыргыздардын биримдиги жоктугунан «эндекей жатып» күчтүү жоодон жеңилип, чабылып-чачылат. Манас баатыр катары калкка таанылып, «ат жалын тартып минип», атагы билине баштагандан тартып өмүрүнүн акырына чейин негизинен жалаң ушул идея – эл биримдиги үчүн кызмат кылат.

Биримдиги, ынтымагы салт катары ыйык сакталган үчүн **саны жагынан аз калк кыргыздар адам баласынын тарыхынын түпкүрүнөн бери өзүнүн атын, элдүүлүк белгисин жоготпой сактап келген.**

Экинчи осуят – улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык. «Маната» уруу түзүлүшүнүн гүлдөп, өнүгүүнүн жогорку чегине жетип, күчкө толуп турган тарыхый шарттагы абалы баяндалат. Бирок ошого карабастан уруулар союзу аркылуу эл түрүнө келип, бир элге биригүү идеясы менен башка уруулларга-элдерге жакындашуу, кызматташ болуу, достук мамиле түзүү аракети бирин-бири жокко чыгарбайт, тескерисинче тутумдашып, байланышта, бирге каралат.

http://elibrary.kg

Эпос боюнча ар бир чоң топто, маанилүү иш, аш-тойлордо ж.б. жыйындарда көптөгөн элдердин өкүлдөрү катышканы, алар мамилелеш болгону айтылат. Ал эле эмес, жай турмушта жашаганда да алар айылдаш, канатташ, коңшу жашашат, ал эми казат-согуш сыяктуу орчундуу иш-аракетте алардын көбү өз-өз тобу менен ошол ишке башкалардын катарында бирге катышышат. Мисалы, Мамырдын кара сазында жайлап олтурган Жакып менен бир айылдаш болгондор аргын Каракожо, алчындардын Бообеги, манжулук Дөгөн, наймандардан Көгөн, кыргыздардан Саламат, кыпчактардын Ошпуру, Кыдырбайдын уулу Таз чечен, өзүбектен Акунбек ж.б. саналат. Ал эми Манасты кан шайлаган чоң жыйында Жайсаң баш болгон маңгулдар, Мажикти ээрчиген манжурлар, алтайлыктын баары, алчын, үйшүн, найман, аргындардан Каракожо, Айдаркан баш болгон абактар бүт, кыпчак Таз, нойгуттардын Акбалтасы, тотудан Токтобий, лөкүштөрдүн Өмүрзак, өзүбектен Дамбылда ж.б. катышат. Ошолордун баары биригип, Манасты кан шайлашат. Ошондой эле Манас кыргыздардын ата-бабасы өткөн жер Ала-Тоону баскынчы душмандардан бошотууга аттанганда чогулган алты жүз миң колдун ичинде кыргыздарга жардам бериш үчүн жогоруда аты аталгандардан башка да өз кошуундары менен калмактардан Мунар кан, Кара-Кыш шаарынан Бурчак, Дагалак шаарынан Кайып, уйгурлардан Бегиш, Көгүш, Төлөк, казактардан Айдаркан ж.б. көптөгөн эл-уруулар катышып, ошончо көп колго казак Айдаркан кан шайланат.

Ошол элибиз мурдатадан колдонуп келе жаткан салт бүгүнкү шартта улуттар аралык ынтымак, достук, кызматташтык катары мамлекетибизде жашаган, же эмгектенген ар бир улут өкүлү Ата Мекенин өз үйүм, анда жашагандарды өз тууганым, тилектешим, мекендешим деп кабыл алуусу үчүн кызмат кылуусу милдет, ошол милдеттин туура маңызда жүзөгө ашышы үчүн зарыл болгон бардык күч-аракетин көрүү – кыргыз тукумунун парзы.

Үчүнчү осуят – улуттук ар-намыс жана патриоттук. Улуттук ар-намыс жана патриоттук сезим да – «Манас» эпосунун негизги тема, идеясы менен тыкыс байланышкан, тутумдаш, аны менен бир каралуучу маселе.

«Манас» эпосунда ата уулдук чыныгы ар-намыс өзгөчө жогору бааланат жана ардакталат. Мунун далилин ошол ата уулдук ар-намыстын эпостогу негизги алып жүрүүчүсү, чыныгы патриоттук сезимдин ээси Манас баатыр өзү болгондугунан, чыгармада анын образына кандай маанилүү роль берилгендигинен даана көрүүгө мүмкүн.

Эпосто Манас – жеке адамдык ар-намыс менен ата уулдук намысын бирдей туткан, экөөн бир деп караган инсан. Ошон үчүн ал жашынан тартып эл милдетин мойнуна алып, азган-тозгон элдин тагдыры үчүн өзүн жоопкер катары сезет.

«Манастын» үчүнчү осуяты да эпостун негизги темасынын өзүнөн чыккан, чыгарманын мазмуну менен түздөн-түз байланышкан, байыртадан бери элибизде жогору бааланып, ыйык салтка айланган асыл түшүнүктөрдүн бири экендигин айгинелейт. Бүгүнкү элибиздин акыл-эстүү ар бир инсаны ошол ата-бабаларыбыз ардактаган, кийинки муундарга мурас калтырган асыл түшүнүктү бийик тутуп, өз иштери, жүрүм-туруму менен өзүнүн жеке керт башына да, жалпы улутубуздун ар-намысына да шек келтирүүгө жол бербей, эли үчүн колдон келүүчү аракети менен кызмат өтөп, патриоттук үлгү көрсөтүүсү – адамдык да, ата уулдук да парзы.

Төртүнчү осуят – арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу. Эпосто эмгек өзгөчө кадыр-барка ээ. Чыгармада катышкан оң каармандардын ичинде эмгектенбеген адам жок, деги эле эмгектенбей жан сактоого, жашоого мүмкүн деген түшүнүк да жок. Ар бир адам өз алына жараша эмгек кылат, ал эми негизги каармандар арыбай эмгектенишет, үзүрлүү, кажыбас эмгек каармандардагы оң сапаттардын маанилүүлөрүнүн биринен. Баланы жашынан турмуштун өйдө-ылдыйы менен тааныштыруу, жаман-жакшыны билип, ач-ток болуп, «сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын» үчүн эмгекке тарбиялоо зарыл делип түшүнүлөт. Ошон үчүн Манастын өзү да 8 жашынан козу кайтарат, 12–13 жашынан жылкы багат. Байлыкка, бакубат турмушка кажыбас эмгек аркылуу гана жетишүү мүмкүн. Буга Алтайга айдалып барганда эгин айдап, алтындын кенин казып жан баккан, эмгек менен байлыкка жетишкен кырк үйлүү кыргыз, алардын арасында ченемсиз бай болгон Жакып – далил.

Эпостун түшүнүгү боюнча эмгек өнөр, билим менен айкашканда үзүрлүү жана натыйжалуу болот. Жалпы эле колунан көөрү төгүлгөн чебер уз, дөөтү менен достошкон устадан тартып, көптөгөн өнөр ээлери жогору бааланат. Алардын ичинде учкан менен конгонду, түрдүү түргө өтүп кубулганды билген өзгөчө билимдүүлөр да бар. Манастын кырк чоросунун арасында Ажыбай сындуу алтымыш уруу тил билген, сөзгө жүйрүк, тили жатык чечендери, төлгөчү Каратөлөк, далы көрүүчү Агыдай, караңгыда жол жүрсө карсактын изинен жаңылбас Шууту, башында бөркү чоктуу кул, айтар оозу шоктуу кул Ырчы уул, Агыш, Көйүш аярлары ж.б. өнөрлүүлөрү көп.

Бешинчи осуят – гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк. Согуш убагында колго түшкөндөргө кордук көрсөтүп, залал кылбоо, жаралууларга жардам берүү, «союштан артык сойбоңор, бүгүн душман, эртең эл, бүлүндүрүп койбоңор!» – деп талоонду, зордукчулдукту тыюу, «катын-кызга катылба, жолго зыян болот»,– деп карысы жашын жемелеп, терс ишке жолотпой кайтарып туруу ж.б. эпосто дайым кайталанып айтылуучу көрүнүштөр жана кыргыз баатырларынын баатырдык наркты катуу сактап, согуштук аракеттерди да, кармашкүрөштөрдү да адилет, алдоосуз жүргүзүшү ж.б. көптөгөн фактылар эпостун мазмунунда орчундуу орун ээлеген согуш жана ага байланышкан иш-аракеттер кыргыздар тарабынан адамгерчиликтин, гумандуулуктун чегинде жүргүзүлгөндүгүн айгинелейт. Жай турмушта алдуусу жармачына жардам берүү, колунда бары жогуна карашуу – жалпы кабыл алынган адаттагы көрүнүш. Ошондой эле карып-мискинге, жетим-жесирге садага-кайыр берүү, мүдөөсүн орундатуу, колунда болгону менен кайрылышуу да – салттык белги.

Боорукерлик, гумандуулук, адамгерчиликтүүлүк, адилеттүүлүк, айкөлдүк, кечиримдүүлүк – тутумдаш, бири-бирине байланыштуу түшүнүктөр.

Эпосто адамдык башка мыкты сапаттар сыяктуу эле айкөлдүк, кечиримдүүлүккө жогору баа берилет. Айрыкча айкөлдүк сапат – бардык эле адамдарда боло бербей турган, өзгөчө баалуу касиет-сапат. Чыгармада «айкөл» деген туруктуу эпитет жалгыз Манаска гана карата колдонулушу да ушундан. Манастын айкөлдүгү анын калыстыгы, баары-

га тең карап, бирдей мамиле кылгандыгы, адилеттүүлүгү, кечиримдүүлүгү, анча-мынча майда баратка көңүл бурбагандыгы, кек сактабагандыгы, ак пейилдиги, кеңдиги менен сыпатталат. Ошон үчүн ал кыркы кырк жерден келген чоролорун баш коштуруп, жеке эле кыргыздар эмес, көптөгөн башка уруулардын, элдердин башын курап, кыргыз урууларын бириктирип элге айлантып, нечен менменсиген баатырларды ынтымакташтырып, өз айланасына топтоп, «кулаалы таптап куш кылып, курама жыйып журт кылып», жанындагылары менен жакындарынын жаманын байкоос албай жашырып, жакшылыгын арттырып айкөлдүк кылат.

Кечиримдүүлүк, кең пейилдик сапат Каныкейге да, Алмамбетке да, айрыкча Бакайга мүнөздүү. Демек, «Манас» эпосунда гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк адам сапаттарынын ичиндеги мыктылары катары жогору коюлуп, орчундуу маани берилген, аларды баалоо элдик салтка айланган түшүнүктөрдөн. Өлкөбүздүн бүгүнкү шартында жалпы калкыбыздын келечеги, ынтымагы, ийгилиги үчүн бул түшүнүктөрдү туу тутуу, карманууу – көп улуттуу мамлекетибиздин ар бир тургунунун инсандык парзы.

Алтынчы осуят – табият менен таттуу мамиледе болуу. «Манастын» окуяларында чагылтылган тарыхый шартта кыргыздар – көчмөн, малдын жайытынын ыңгайына карап көчүп жер которуп, бир чөлкөмдө турук албаган эл. Ошон үчүн ал элдин табигат менен байланышы өзгөчө терең, ага карата мамилеси өтө сезимтал, сыйлуу. Табигат көрүнүштөрүнүн, айрыкча кооз, же адаттагыдан башкача жайларын, көрүнүштөрүн ыйык тутуп сыйынуу адаттарынын өзгөчө гүлдөп өнүккөн учуру так ушул мезгилдерге туура келет дешке да негиз бар. Эпос боюнча, айрыкча туулган жердин топурагы май, ташы алтын – тоосу-төрү, ою-түзү өзгөчө кымбат, өзгөчө баалуу. Ата-баба мекендеген жердин кооздугу, кымбаттыгы, көзгө өзгөчө жылуу, өзгөчө сулуу көрүнүшү жетим Семетей Таласка жаңы келгендеги анын көргөнү, сезими аркылуу эң элестүү сүрөттөлгөн. Жылгындуу Кең-Көл, чоң Талас деп атын угуп, көрсөм деп дегдеп келген жетим балага жеринин көркү мындай тартылат: «бөөт-бөөт белди, бөтөнчө сонун жерди, адыр-адыр белди, адырмак нечен жерди, бөлүнгөн чалкар төрдү,

бөлөкчө кооз жерди, жайкалып жаткан өзөндү» көрөт. «Адырдын чөбү суюлат, аркары кумдай куюлат, будурдун чөбү суюлат, бугусу кумдай куюлат, тектирде теке камалып, кыясында аркардын жүнү сабалып, керүүдө кийик токтошуп, текеси жүздөн топтошуп, адырда аркары койдой жайылып, эңкүүлөп элик чуркаса эки колу сайылып, чөбү нумар баттанып, бетеге белден бураган, түрдүү гүлдөр жыттанып, жалбырагы жаргактай, кара курту бармактай, бөөт-бөөт сазы бар, бөлүнүп учкан казы бар, кыл куйругу кылкылдап, кара суунун баарында кызыл баш өрдөк былкылдап, кайыңга тууган куштары камданып турат учканы, чынарга тууган куштары чыңданып турат учканы, теректери чынардай, чынары бийик мунардай, тоосунда улар ышкырып, токойдо бугу бышкырып, алмасы бышып көң болгон, өрүгү чирип дөң болгон, жаңгагы кулап сай толгон» Талас ажайып сонун жер экен. Карап турган Семетей ата-бабам өскөн жер, жер соорусу турбайбы, муну жердеген адам тунбайбы! – деп кубанат.

Ошол элибиз байыртадан бери аздектеген асыл салттын бүгүнкү шартта маани-маңызы, айрыкча жогору көтөрүлгөн учур. Ушуну эске ала жаштан карыга чейин ажайып кооз жайларыбыздын көргөн адамды суктанткан көркү бузулбай, бөксөрүп кетпей, касиетин жоготпой сакталышын, жан сергитип адамга рахат берген жайлоолорубуз, сары өзөн Чүй, Көл айланасы, Талас, Фергана ж.б. көптөгөн элибизди баккан өрөөндөрүбүз түшүмдүүлүгүн төмөндөтпөй, жалпы эле Ата Мекенибиздин керектүүнүн баары бар, өзгөчө кооз жана жашоого ыңгайлуу аймагы – тоо-токою, ою-түзү дебей бүт өз касиетин, көркүн, пайдалуулугун бузбай, кемибей сакталышынын камын көрүү, табигатка жакын досу катары татуу жана аяр мамиле кылуу милдетин өз парзы, ата-бабадан калган салтты бузбай аткаруу катары түшүнүшү зарыл.

Жетинчи осуят – Ата Мекенибизди чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо. «Манас» эпосунда «кандуу журт» деген термин-түшүнүк бар. Эпикалык душман аталган кытай-калмактар жөнүндө сөз болгондо алардын күчтүүлүгүн, өсүп-өнүккөндүгүн белгилөө үчүн адатта, «кытай да болсо кылым журт, калмак да болсо кандуу журт, качантан берки камдуу журт», – деген туруктуу ыр саптары көп кайталанат.

«Кандуу журт» түшүнүгүнүн маани-маңызы уюмдашкан, бир бүтүн катары баш кошкон, белгилүү тартипке баш ийген элге айлануу, б.а. мамлекеттик курулушка ээ болуу. Кыргыз, казак, калмак, манжу, маңгул ж.б. уруу, элдер чогулуп:

«Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт жөнүкпөйт.
Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт.
Каны болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт.
Көтөрүңөр каныңды,
Кандуу журт болуп калалык.
Кайраты бар бирөөңдү,
Кан көтөрүп алалык!» –

дешип кеңешип, Манасты кандыкка ылайык көрүп кан шайлашат. Кан шайлоо эпостун түшүнүгү боюнча зарылчылык, ансыз эл өнүкпөйт, ийгиликке жетише албайт, баш аламандыктан кутулбайт, жоого да каршы тура албайт. Кандык куруу – уюмдашуу, «өлүп калса бир чуңкурга толуп, тирүү болсо чогулуп бир дөбөдө болууга», биригүүгө шарт түзөт.

Эпостун негизги мазмуну ошол Манас башында турган кандыкты кыргыздар кантип түзгөндүгүн жана аны ыркты бузган ички, басып кирген сырткы душмандардан жан аябай активдүү коргоп, көздүн карегиндей сактап, өстүрүп-өнүктүргөнүн – чыңдагандыгын кеңири баяндоого арналган. Демек, жалпы эл шайлаган кан башында турган кандыкты – мамлекеттүүлүктү, турмуштагы биримдикти, тартипти, өсүп-өнүгүүнү камсыз кылуучу зарылчылык деп кабыл алуу жана аны сыйлап, урматтоо, коргоо, бекемдөө ар бир ата уулунун милдети катары түшүнүү да – мурдатан келе жаткан элдик салттардын бири. Бүгүнкү шартта ошол элдик салтты ыйык сактап, так аткарууну мойнундагы парзы катары кабылдоо, аны так аткаруу абийирдин иши деп түшүнүү мамлекетибиздин ар бир инсаны үчүн чоң милдет.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Элдик мыкты салттардын жашоодогу орду, мааниси?
2. «Манастын» жети осуятынын мааниси?
3. Жети осуятты санап берүү.

http://edu.portal.uz

4. «Манастын» жети осуятынын аталыштарын жаттап келүү.
5. Жети осуяттын маңызын өз сөзү менен айтып түшүндүрүү.

«СЕМЕТЕЙ»

«Семетей» – «Манастын» экинчи бөлүгү. «Семетей» – «Манастын» уландысы, үчилтиктин экинчи бөлүгү. Сөз негизинен Манастын уулу Семетей, анын иштеген иши, башынан өткөргөндөрү жөнүндө болот. «Маната» башталган окуя «Семетейде» андан ары улантылат, эки бөлүмдө бирдей идея баяндалып, биринде катышкан каарман экинчисинде да катыша берет жана ал каарманга биринчи бөлүмдө берилген мүнөздөмө экинчисинде толукталып, тереңдетилет. Мисалы, Бакай, Каныкей, Жакып, Коңурбай ж.б.

Эпостордогу генеалогиялык циклдешүү салтына ылайык «Семетей» «Манастын» түздөн-түз уландысы, биринчи бөлүмдө баяндалган окуялардын аларга удаа келген натыйжасы катары баяндалса да, бул эки чыгарманын мазмуну эки башка тарыхый шартты чагылдырат. «Маната» тапсыз коом, уруу түзүлүшүнүн уруу союздары учуру баяндалса, «Семетейде» ага караганда алда канча кийинки шарттар сүрөттөлөт. Эгер «Маната» элге азап-тозок алып келгендер катары негизинен сырттан басып кирген душмандар эсептелсе, «Семетейде» элдин негизги душманы – ички душмандар. Манастын учурунда Алоокеден кордук көргөн эл андан кутулар күндү эңсеп, Манасты күтсө, «Семетейде» Абыке, Көбөштөн кутулар күн жөнүндө кыялданышат, Семетейди күтүшөт. Демек, Абыке, Көбөш – эл башына туруп алган начар жетекчилер эмес, бийликти ээлеп алып, элге кордук көрсөткөн зордукчулар. Манасты жол башчы, кол башчы кылып эл шайласа, Абыке, Көбөштөрдү эч ким шайлабайт. Жогорку бийлик мурдагыдай бүт элдин чогулушуна эмес, ак сөөктөргө, алардын колдоосуна таянган канга таандык. Ак сөөктөр катары кырк жигит да көрсөтүлөт. Булар мурдагы эл баатырынын жакын жардамчылары эмес, алар эми жоого каршы барууга, элге кызмат кылууга, эл баатыры менен тилектеш болууга караганда бийлик жүргүзүүнү жакшы көрүшөт.

Мурдагы кырк жигиттен айырмаланып элден такыр бөлүнгөн кырк чоро эл баатыры Семетейден анын сөөк өчтү

душманы Коңурбайды жакын көрүшөт, элге, эл баатырына кызмат кылууга караганда чыккынчылыкты туура табышат. Семетей менен урушуп, Коңурбайды көздөй качышат. Бул эпизоддор аркылуу эпос уруу кызыкчылыгынан тап кызыкчылыгы жогору коюла баштоонун алгачкы элементтеринин үлгүсүн берген.

Ушуга ылайык экөө тең баатырдык эпос болгондугуна жана негизги темалары – эли-жерин коргоо, элге кызмат кылуу, ички-сырткы душмандарга каршы туруу экендигине карабастан, бул эки бөлүм тематикалык жактан да белгилүү айырмачылыкка ээ.

«Маната» да, «Семетейде» да негизги максат – кыргыз элинин бирдиктүүлүгү, көз каранды болбостугу үчүн күрөш, эли-жерин сүйүү, элге кызмат кылуу. «Семетейде» да «Манастагы» сыяктуу эле эл баатырлары ички-сырткы душмандарга каршы чыгат, эл күрөшүнүн башында турат. Бул абал «Маната» уруу союздары түзүлүп, элдин биригүүгө карата болгон умтулуусу зор тарыхый шарттын элестери берилсе, «Семетей» патриархалдык уруу феодалдарынын чырчатагы барып, эл бытырап, уруу феодалдарынын арасындагы бийлик, таасир үчүн болгон күрөш күч алган тарыхый шарттын көрүнүштөрү сүрөттөлгөнүн далилдейт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Семетей» – «Манастын» уландысы. Эки чыгарманын бирдигин камсыз кылган белгилер кайсылар?
2. «Манас» менен «Семетейдин» айырмасы. Чыгармалар чагылдырган тарыхый шарттарды чечмелегиле.

«СЕМЕТЕЙДИН» АЙТУУЧУЛАРЫ ЖАНА НЕГИЗГИ ВАРИАНТТАРЫ

«Манасты» ким биринчи чыгарып, ким баштап айтканы так белгилүү болбогон сыяктуу эле «Семетейдин» биринчи «автору» да илимде белгисиз.

Азыр бизге «Семетейдин» 25 варианты белгилүү. Булардын ичинен бөлүмдүн негизги окуяларын баштан аяк толук камтыгандары – 14. Бирок булар бир кылка эмес. Айрымдарында ар бир окуя кенен баяндалса (мисалы, С. Каралаев,

http://edubirim.kg

К. Кожеков, М. Мусулманкулов, Б. Сазанов, М. Чокморов ж. б-дын варианттары), айрымдарында окуялар бүт камтылганы менен үстүртөн, кыскарган түрүндө, же айрым окуялар түшүп калып (мисалы, Ж. Сарыков, А. Рысмендеев, Ш. Рысмендеев, А. Тыныбеков, Ы. Абдыракманов жана башкалардын варианттары) айтылган.

Окуяларынын толук жана ар бир эпизоддун кеңири мүнөздө баяндалышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу жактан өзгөчөлөнүп турганы – С. Каралаевдин варианты. Бул вариант боюнча «Семетейдин» кыскача мазмуну: Манас өлгөндөн көп узабай Жакыптын акылы боюнча Көбөш Кыргыл чал менен Тазбайматты мага тийсин деп Каныкейге жиберет. Бул учурда Абыке Ажыбайды ээрчитип, үч кандын элиндеги чатакты басканы кеткен. Каныкей барган экөөнү канжар менен сайып, жарадар кылып, кубалап жиберет. Арачылардан болгон ишти уккан Көбөш күүлөнүп, Каныкейдин сарайын талап, Семетейди өлтүрмөккө аттанат. Алардын келе жатканынан чочулаган Каныкей уулун Чыйырдыга көтөртүп качыртып жиберет да, Семетейдин бешигине кара күндүн баласын бөлөй коёт. Жигиттери менен келген Көбөш бешиктеги баланы өлтүрүп, Каныкейдин эмчегин жара чабат, уруп, эсин оодарат, мүлкүн талайт. Каныкей эсин жыйып, Көбөштөр эч нерсени койбой талап кеткенин көрөт да, бул жерге турсам акыры баламды соо кылбайт деп чочулап, качып кетүүнү чечет. Чыйырды менен Семетейди таап, Манастын күмбөзүнө барып коштошуп, Букарды көздөй качып жөнөшөт. Жолдо далай кыйынчылыктарды көрүшөт. Шайы кеткен Чыйырды өзүн таштап кетүүсүн суранат. Каныкей көнбөй, кайын энесин Семетейге кошуп көтөрүп алып, 7 күн жол жүрүп, Сыр-Дарыяга жетет. Дайра кирип жаткандыктан жөө кечүүдөн батына албай, айласы кетип токтоп калышат.

Каныкейдин абалын билгени келген Бакай Манастын ордосунун таланганын көрөт да, эмне болгонун сезет. Каныкейлерди издеп, качкындардын артынан барат да, аттап-тондоп, камы менен узатып, кайра кайтат. Каныкей атасынын элине келип, Семетейди багып ал деп иниси Ысмайылга берет. Семетей он экиге чыгат. Темиркан жетимди кан көтөрмөк болуп, Манастын ашы, Семетейдин тою деп көп эл чакырат.

Атасы кой дегенге болбой Канықей Тайторуну төлгө кылып, чабылган аттарга кошот. Тайтору чыгып, Семетей өзү сүрөп алат.

Күлботонун токоюнда куш салып жүргөн Семетейге Сарытаз жолугуп, ага тегин билдирет. Канықейге жолугуп ата-бабасы ким экендигин аныктап билген Семетей Таласка жөнөйт. Канықей кыргыз эли, Манастын иштерин жомок кылып уулуна баяндайт. Семетей элине келип Бакайга жолугат. Атасынын жоо кийимдерин алып, Тайбуурулду минип, Темиркандын элине кайра барат. Элиме кайтайын деп таятасынан уруксат сурайт.

Темиркан бир тууганы Шаатемирдин кызы Чачыкейди Семетейге алып берип, энчи бөлүп узатат. Көчүп келген Семетейди эл кубанып тосуп, кан көтөрүшөт. Көбөш камданып кол жыйып келип урушат да, Абыке экөө Семетей колдуу болуп өлүшөт. Көбөшкө болушкан 40 чорону да кырып, күмбөз салдырат. Жакыпты аялдар өлтүрүшөт. Семетей менен араздашып, таарынып кеткен тууганы Чынкожо жедигердин Толтоюна көчүп барып, кудалашкан колуктуң Чачыкейди Семетей алып алды, анын кудалаган колуктусу Айчүрөктү сен алып ал деп көкүтөт. Экөө көп кол менен Акундун шаарына келишип, кызыңды бер деп канга элчи жиберишет. Акун ойлонууга 80 күн уруксат сурайт. Айчүрөк ак куу болуп учуп, жер кыдырат. Таласка келип Семетейдин ак шумкарын ала качат. Артынан издеп барган Семетей Үргөнчтүн боюнан Айчүрөккө жолугат. Түшүнөн чочуган Толтой Чынкожого Семетейдин атасын Көкөтөйдүн ашында көргөнүн айтып, Семетей Айчүрөктү бербейт, кетели дейт (Ушул жерде Толтойдун сөзү аркылуу «Көкөтөйдүн ашы» баяндалат). Чынкожо макул болбойт. Чалгынга чыккан Толтой Күлчорого жолугуп, андан жарадар болуп, качып кутулат. Чынкожо менен Толтойдун колу Семетейге каршы аттанып, урушта Чынкожону Семетей, Толтойду Күлчоро өлтүрөт. Акункан көп дүйнө менен кыз-күйөөсүн узатат. Барба, барсаң көп кол алып камданып бар деген Канықейдин акылына көнбөй, Семетей атамдын кунун кууймун деп Күлчоро, Канчоро, Бакайды ээрчитип, Коңурбайга каршы жөнөйт. Чалгынга барган Семетей жылкы тиет, Карагул аны алдап, качып кутулат.

Кабар уккан Коңурбай келип ат үстүндө уктап бара жаткан Семетейди атып, жарадар кылат. Өлтүрөрдө Күлчоро келип, Коңурбайды сайып жарадар кылат. Ал качып кутулат. Атка жүрө албай калган Семетейди Айчүрөк келип, ок аттап айыктырат. Коңурбай көп кол менен Таласка аттанат. Узакка созулган катуу согуш болот. Акыры Күлчоронун акылы менен Коңурбай жеңилет, аны Семетей өлтүрөт. Көкчөнүн уулу Үмөтөй «Чоң казатта» өлгөн атамдын кунун Семетейден кууймун деп күүлөнүп, энесинин кой дегенине болбой көп кол менен аттанат. Семетей аны өлтүрүп, сөөгүн Тайбуурулга жүктөп, таежеси Акеркечке жөнөтөт. Акеркеч Тайбуурулдун кулагына коргошун куйдуруп, атынан ажырады деп Багыштын кичи уулу Кыяска кабар жиберет. Эли кой десе болбой Кыяс колу менен аттанат. Кыяс келер күндү билген Канчоро Семетейди алдап, атасынын мүрзөсүнө таюуга куралжараксыз алып барат. Согуш болуп, Канчоро жедигерлерге кошулуп кетет. Күлчоро жалгыз урушуп, көп эрдик көргөзөт. Канчоронун көкүтүп жиберүүсү менен жөө турган Семетейге Кыяс артынан келип найза сайып, жарадар кылат. Туман түшүп, алаамат болуп, Семетейдин кайда кеткени, эмне болгону билинбей калат (Айчүрөктүн синдиси, перинин кызы Көкмончок алып кеткен болот). Күлчоро Семетейди издеп таппайт. Канчоронун талабы боюнча Күлчорону көптөп кармап алышып, кечирин кесип, кабыргасын сындырып, бутун чыгарып жылкычыларга кул кылып беришет. Канчоро Чачыкейди алып, Таласка кан болот. Айчүрөктү колго түшүрүп олжо кылган Кыяс элине кайтып, ага үйлөнөт. Эл буга нааразы болот. Айчүрөктүн боюнда күмөн бала калат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Семетейдин» айтуучулары, пайдаланган көркөм ыктары жактан манасчы менен семетейчинин айырмасын айткыла.
2. «Семетейдин» варианттары канча?
3. С. Каралаевдин айткан «Семетей» вариантынын сюжети кандай?
4. С. Каралаевдин варианты боюнча «Семетейдин» эки томдугун окуп келүү.

http://fedu.uz

«СЕМЕТЕЙДИН» ТЕМАСЫ ЖАНА ИДЕЯСЫ

«Семетейдеги» башкы тема негизинен «Манастын» башкы темасы менен үндөш. Экөөндө тең эле эл таламын талашып, мүдөөсүн көздөгөн баатырлар жөнүндө сөз болот. Бирок ар бир бөлүмдүн өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар.

«Семетейдеги», айрыкча терең иштелип, өнүктүрүлгөн элдик эң сонун идеянын бири – Мекен темасы. Ата Мекенди сүйүү – эли-жеринин кадыр-баркын баалоо Каныкейдин эли-жерин сагынышы, бөтөн элде өсүүгө мажбур болгон Семетейдин элин эңсеп куса болуусу аркылуу баяндалат. Жерин көргөн жетимдин кубанычы аркылуу Мекендин касиети, кубаты, кооздугу сүрөттөлүп, Мекенин табуу арып-азган адам үчүн кандай бакыт экендиги эң элестүү да, таасирдүү да берилет. Самап жүргөн Таласты жаңыдан көргөн Семетей үчүн Ата Журту дүйнөдө жок кооз, сулуу болуп сезилиши жана өз жеринин берекесине, байлыгына, кеңдигине, артыкча касиеттерине, сулуулугуна анын сыймыктануусун, кубануусун баяндоо аркылуу эл Мекенди сүйүүнүн таасирдүү элесин түзөт. Атагын энесинен угуп, көрсөм! – деп эңсеп келгендеги Семетейдин көз алдында тартылган Талас өрөөнүнүн эпостогу сүрөтү:

«Кең Таластын чоң өзөн,
Жаткан экен жайкайып.
Өзөнү чалкак кайкайып,
Адырдан аркар куюлуп.
Адырдын чөбү суюлуп,
Будурдан бугу куюлуп.
Будурдун чөбү суюлуп,
Тектирден теке камалып.
Кыясында аркардын жүнү сабалып,
Керүүдө кийик токтошуп.
Мунун текеси жүздөн топтошуп,
Адырдан аркар жайылып.
Эңкүүлөп элик чуу койсо,
Эки колу сайылып...».

Бул – эпостун түшүнүгүндө кыргыз үчүн идеал, эмне кааласаң, эмне керек болсо ошонун баары бар сонун Мекен. Кыргыз эли сыяктуу негизинен мал чарбачылыгы менен

http://edu.gov.kg

жан сактаган жана малдын жайытынын ыңгайына карап бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүүгө көнгөн элдин турмушунда жана түшүнүгүндө Мекен жөнүндөгү ушундай терең, таасирлүү, жогорку көркөмдүктө иштелип чыккан чыгарманын болушу – өтө сейрек учурай турган көрүнүш. Ошон үчүн бир катар окумуштуулар бул өзгөчөлүктү атайын белгилешет.

ЭПОСТУН КААРМАНДАРЫ

Семетейдин образы. Чыгармадагы башкы каарман – Семетей. Ал Манастын мурасчысы жана анын ордун басып, ишин уланткан адам. Баатырдык эпосторго таандык салт боюнча Семетей да жышааналуу бала болуп, анын жөнөкөй бала эместигинен ал туула электе эле кабар берилет: ата-энеси баласыз жүрүшөт, ал Кошойдун Каныкейге берген батасынын касиетинен жаралат, эң жашынан тартып кас душмандары асылып, далай кыйынчылыктарды, коркунучтарды башынан өткөрөт ж.б.

Манастын образы менен Семетейдин образынын арасында окшоштуктар, жалпылыктар көп. Бул биринчиден, Семетей Манастын ордун басып, ишин уланткандыгында, экинчиден бул эки баатырдын тагдырынын бирдейлигине, окшоштугуна байланышкан. Манас сыяктуу эле Семетейге да чачылган, чабылган элдин башын кошуп, ички-сырткы душмандарга каршы турууга туура келет. Экөөндөгү бул багытта болгон айырма – Манас сырткы жоо басып алган элди кулдуктан куткарат, Семетейге өлкөнү ички душмандардан тазалоого туура келет. Демек, экөө тең – эл башына оор күн түшүп турган шартта чыгышып, эл таламын талашкан баатырлар. Ошон үчүн бул эки баатырдын эл турмушундагы ойногон ролу, түпкү максаты бир. Эл да өз эпосунда бул каармандарды бири-бирине жакын, окшош баяндайт.

Семетей Манаска жакын тип, бирок анын жеке өзүнө гана таандык болгон белги, өзгөчөлүктөрү да бар. Семетей Манастын ишин улантышы бул эки типти бири-бирине жакындаштырып, жалпылыкка ээ кылса, эки чыгарманын мазмуну эки башка тарыхый шартты сүрөттөшү бул образдын өзүнчөлүгүн



СЕМЕТЕЙ

туудурат. Тапсыз коомдун, биримдешүүгө карата болгон жалпы элдик зор умтулуулардын шартындагы каарман Манастан айырмаланып, уруу феодалдарынын өз ара чатагынын, бытырап майда топторго бөлүнгөн учурлардын, жиктелген таптык белгилердин шартындагы каарман Семетей өз учурунун өкүлү катары мүнөздөлөт. Ал Манастан баатырдык сапат жактан кем эмес, бирок Манас сыяктуу жалпы элдин башын кошо албайт, ал гана турмак буга аракет да кылбайт. Анын башкалар түгүл Чынкожо сыяктуу өз туугандарын жанына тартуу аракети да оң натыйжага ээ болбойт, тескерисинче, ич күйдүлүктү арбытып, душмандарынын санын көбөйтөт. Манас баатырдык доордун катаал шартынын суз каарманы болсо, Семетейдин образынан лирикалык белгилерди байкайбыз. Урунарга тоо издеп, урушарга жоо издеп, кызыл кыргынды тамаша көргөн Манас доорунун адамдарынан айырмаланып, Семетей сезимтал. Ага кайгы да, кубаныч да тез таасир тийгизет. Ал ак шумкарын жоготсо, атайын кайгыга батат, суу жээгинде шапар тепкен кыздарды көргөндө барбаландап сүйүнөт. Айчүрөк менен Семетейдин мамилесинде жеке эле баатырдык эпостордун «жар издөө» мотивине ылайык белгилер гана эмес, терең сезим да аралашкан.

Семетей да – Манас сыяктуу идеал образ. Бул образ аркылуу элдин белгилүү тарыхый шарттагы тилеги, кыялы баяндалган. Манас менен Семетей ушул белги жактан да айырмаланышат. Манас өз дооруна ылайык эл башчысы болсо жана эл бул тип аркылуу элдин башын кошуу, биримдештирүү тилегин берсе, Семетей – өз доорунун өзгөчө шартына жараша адилет башкаруучу. Бул образ аркылуу элдин адилет кан, калыс башкаруучу жөнүндөгү ой жоруулары, кыялы берилген.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Семетейдин бөлүмдөгү башкы каарман экендигин баяндагыла.
2. Семетей жана Манас. Жакындык жана айырмасын чечмелегиле.
3. «Манас» эпосун окуп (С. Каралаев боюнча), андагы тексттерден Манаска берилген мүнөздөмөнү таап көчүрүү жана ошондой эле «Семетейден» Семетейге берилген мүнөздөмө портретти таап экөөн салыштыруу, өз алдынча талдоо жүргүзүп, жакындык белгилерди жана айырмаларды көрсөтүү.

http://elibrary.kg.uz

Күлчоро. «Семетейде» баяндалган окуялардын өсүп-өнүгүшүндө Семетейдин өзүнөн кем эмес, айрым учурларда андан жогору деңгээлде туруп, активдүү катышкан каарман – Күлчоро. Күлчоро – Алмамбеттин уулу. Ошон үчүн «Манаста» Манас үчүн Алмамбет ким болсо, кандай роль аткарып, кандай орунга ээ болсо, «Семетейде» Семетей үчүн Күлчоро, ошондой эле орунга ээ, ошондой эле роль аткарат. Бирок, Алмамбеттин образындагы трагедиялык мүнөз Күлчородо жок. Күлчоро кыргыздын өз уулу, аны эч ким бөтөнсүң деп айтпайт.

Ал өзүн сен кимсиң деген Айчүрөктүн суроосуна:

«Жерибиз Кең-Кол, кең Талас,
Атабыз артык шер Манас.
Калкыбыз атпай көп кыргыз,
Кыргыз, кыпчак аралаш». –

деп жооп берет.

Демек, анын жери Талас, эли кыргыз, өзү – Семетейдин иниси. Себеби ал Семетей менен эмчектеш тууган, Күлчоро менен Семетейдин мамилеси Манас менен Алмамбеттин мамилесинен да жакын. Буга, биринчиден, Алмамбеттин образындагы эли-жеринен кеткен азгын баатырдын элеси бул жерде жоктугу себеп болсо, экинчиден, Күлчорону Каныкей өзү тарбиялап, өзү өстүргөн.

Күлчоро ашкан баатыр да, терең акылга да ээ. Адамдын аяры, кексе Коңурбайды жеңүүдө Күлчоронун акылы, амал-айласы чоң роль ойнойт. Ал акылман, жөн билги адам катары эң көп жолу Семетейге пайдасын тийгизет.

Күлчоро балбандык, баатырдык сапат жактан агасы Семетейден кем калышпайт, ал гана эмес, ык, амал-айла, акыл жактан жогору да турат. Ошон үчүн Айчүрөк аны: «Төрөсүнөн чоросу төрт эли өөдө эр экен», – деп сынайт. Анын акылын, эрдигин, эпчилдигин, чечендигин, башкалар турмак дайым аны менен күнүлөшүп жүргөн, ич тар, өзү арамза Канчоро да мойнуна алып, Күлчоро менден артык дейт:

«Күйдүргү Күлүс шок эле,
Сөзүндө сөлтүк жок эле.
Чуулдап учкан ок эле,
Чукугандай сөз тапкан.

http://edu.portal.uz

Эрдиги менен элдиги,
Бирдей келген эме эле.
Бул жагынан Канчоро,
Күлүскө качан тең эле?
Тили чечен, өзү шок,
Тирүүдө мындай эме жок».

Күлчоронун образы – чыныгы достуктун, эл баатырына берилип кызмат кылуунун идеал элеси. Семетей дайынсыз жоголуп, эли-жери душман колуна түшкөндө да Күлчоро элге, эл баатырына кызмат кылып, акыры Сейтекти чоңойтуп, элижерин таптырып, кыргыздарды Канчоро, Кыястардын туткунунан, кордугунан куткарууда көрүнүктүү роль ойнойт. Семетейдин табылышы, элине кайтышы Күлчоро менен байланышкан. Эл түшүнүгүндө Күлчоро – жаш, шайдоот, эпчил баатыр. Эпос баатырларынын түбөлүк өлбөй калышы жөнүндөгү элдик уламышта да Күлчоронун элеси жаш жигиттин, шайдоот, кичи пейил, тайманбас баатырдын үлгүсү катары сакталат.

Айчүрөк. Айчүрөк – Оогандын каны Акундун кызы. Акун менен Манас балдары төрөлө элек кезинде эле бел куда болушкан. Ошон үчүн Айчүрөк Семетейдин «мыйзамдуу» колуктусу делет. Эпостогу Айчүрөктүн образы аркылуу ашкан айлакер, сулуу, акылман, жөн билги, кирсиз таза адамдын элеси берилет:

«Шекерди көр, сөзүн көр,
Чолпонду көр, көзүн көр.
Алкымын көр, айды көр...
Кара жерге кан тамса.
Кардан аппак этин көр,
Кар үстүнө кан тамса.
Канды көр да, бетин көр,
Жибекти көр, чачын көр.
Алманы көр, башын көр...
Арка чачы самсаалап.
Тоту куштун жүнүндөй,
Албырган жүзү кыпкызыл.
Жазгынын кызыл гүлүндөй...».

http://elibrary.uz

Сулуулук – Айчүрөктөгү негизги касиет. Эпосто анын башка сапаттарына караганда ушул сапатына алда канча көбүрөөк көңүл бурулат.

Каныкей сыяктуу эле Айчүрөк да – баатырга кеңешчи. Анын башына келер жамандык менен жакшылыкты күн мурун билип турат. Канчоронун азгыруусу менен куралсыз, камсыз өлүмгө бармак болгон Семетейге барба, кырсыкка кабыласың деп какшайт. Жалпы эле Айчүрөктүн образы белгилүү даражада Каныкейдин образын кайталайт, алар эң алды менен негизги сапаттар жактан жакын. Экөө тең акылман, билгич, жөн билги, сарамжалдуу, адамгерчиликтүү. Жадаса бул эки каармандын тагдыры да бир сыяктуу, башынан өткөргөндөрү окшош. Экөө тең күйөөсүнөн ажырагандан соң талоонго түшүп, көп кордук көрүшөт, экөө тең бул кордуктарга баласы үчүн чыдашат, экөө тең балдарын тарбиялоодо, аларга атасынын ордун бастырууда чечүүчү роль ойноп, чоң эмгек кылышат ж.б. Бирок Айчүрөк Каныкейдин формалдуу кайталоосу эмес, бул эки образ эки башка тип, ар биринин өзүнө таандык өзгөчөлүгү, ар биринин өзүнчө касиеттери бар. Жалпы эле бул эки образдын көп окшоштуктары менен, бири-биринен айырмаланган, өзгөчө учурлары да көп. Каныкей жеке эле акылман, жөн билги адам эмес, ал баатыр да, колуна курал алып, жоосуна каршы активдүү күрөшөт. Айчүрөктө бул сапат жок катары, анын образында баатырдыкка караганда лиризм алда канча кеңири өнүккөн. Айчүрөктүн образынан жеке адамдын ички сезимин жогору баалап, биринчи орунга коюунун «Манас» эпосундагы алгачкы үлгүлөрүн көрөбүз.

Айчүрөк – эли-жерин терең берилип сүйгөн каарман. Ал да Каныкей сыяктуу эле баланы чоңойтуу, эл баатырын камдоо ыйык милдетим деп түшүнөт. Бардык кыйынчылык, кордук, азаптарга чыдоодо баласын эш тутат, элинин тагдыры, келечегин ойлойт. Душман колунда жүргөндө:

«Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас,
Жерин самап бир ыйлап.
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын,
Элин самап бир ыйлап». –

санаа чегет, элин табаар, жерин көрөр күндү эңсейт. Сейтек төрөлгөн күндөн тартып эле Кыястан өч алууну ойлой баштайт, кам көрөт, даярданат. Таласка кетсем, карып болгондорду куткарып, баламды элиме ээ кылсам деп эңсейт. Кыскасы, Айчүрөк Бакайдын сөзү менен айтканда:

«Акундун кызы Айчүрөк –
Ал Семетей зайыбы.
Кереметтүү чоң билгич,
Бир кылча жок айыбы.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын паашасы», –

болгон адам. Айчүрөктө кенедей күнөө, кылдай айып жок, телегейи тегиз, эч кемчиликсиз аял, ошон үчүн Семетей жарадар болгондо ал ок аттайт. Эпостогу Айчүрөктүн образы аркылуу элдин жакшы аял жөнүндөгү идеалы берилген.

Бакай жана Каныкей. «Манас» менен «Семетейдин» биримдик байланышын иш жүзүнө ашырып турган түйүндүн бири – Бакай менен Каныкей. Бул каармандар эки бөлүмдүн экөөндө тең, болгондо да активдүү мүнөздөгү башкы каармандардан болуп катышат.

Бирок «Манастагы» Бакай менен Каныкейди «Семетейдеги» Бакай, Каныкейлерден айырмасыз бир элес дешке болбойт. Андай болгондо образда өсүш болбой, бир эле көрүнүш экинчи бир учурга жөнөкөй гана көчүрүлүп коюлган болор эле. Чынында «Семетейдеги» Каныкей жаңы сапаттарга ээ. Бакай да мурдагыдан алда канча башка киши. Эпостун эки бөлүмүндөгү бул каармандарга берилген мүнөздөмөдөгү өзгөчөлүк эң алды менен алардын образдарын кеңейтүү, сапаттарын жаңы касиеттер менен толуктоо аркылуу жетишилген. Мисалы, Каныкей «Манастагы» өзүнө таандык мыкты сапаттарын толук сактоо менен дагы сонун касиеттерге, сапаттарга ээ болот. Алардын башкысы анын элдик баатырды тарбиялай турган эне экендиги. Эпостогу берилген эл түшүнүгү боюнча эне менен Мекен бирдей бааланып, тең алынып сүйлөнөт. Эне ыйык, эне касиеттүү: «кагылайын энекем, касиеттүү ур Мекем...» – деген саптар энеге берилүүчү баадагы туруктуу эпитеттер катары эпосто эң кеңири жолуккан саптардан.

Каныкейде энелик назик сезим менен болочок баатырдын тагдыры үчүн эл алдындагы жоопкерчилик айкалыша келгендигин, ал Семетейди аман сактоо, туура тарбиялоо аркылуу мойнундагы ыйык милдетти аткарып жаткандыгын туура түшүнгөндүгүн көрөбүз. Эл да Семетейди аман сактап, тарбиялап-өстүрүп, элине кайра алып келүү Каныкейге жүктөлгөн чоң милдет деп түшүнөт. Ошон үчүн Семетей чоңойгончо Каныкейдин көргөн азап-тозоктору – эненин гана баласы үчүн тарткандары эмес, эл ишин аткаруунун, элге кызмат кылуунун үлгүсү.

Качан Каныкейдин ою боюнча Семетей эрезеге жетип, элине кайтуучу учур болгондо, ал бала баатырды атасынын иштери менен тааныштырат. «Манас баатыр жөнүндөгү жомогун» айтат.

Каныкей сыяктуу эле бул бөлүмдө Бакай да – «жаңы» адам. Анын да аткарган милдети, алган орду өзгөргөн, жашоодогу негизги максаты «Манастагыдан» башка.

Биринчи бөлүмдөгүдөй эле экинчи бөлүмдө да Бакайдын образындагы негизги артык сапат – акылмандык, жөн билгилик. Бирок экинчи бөлүмдө Бакайдын башкы милдети – Семетейге кеңешчи болуу. Семетей иштеген бир да маанилүү иш Бакайдын уруксатысыз, кубаттоосусуз болбойт. Ырас, Бакай Манаска да кеңешчи болгон, акылын айткан. Бирок, бул милдет «Семетейде» өзгөчө орунга ээ. Семетей бүтүргөн ар бир иштин, ал жасаган ар бир кадамдын башы – акылы Бакай, колу – күчү, аткаруучу куралы Семетей.

Семетейде Бакайдын терең акылы менен эң бай тажрыйбасы айкалыша келген, анын образында бул эки артык сапаттын кайсынысы биринчи орунда турарын так айтуу да кыйын. Бул бөлүмдөгү Бакай карынын аткарган милдети, образындагы жаңылык аркылуу турмуштагы эң көп жана татаал маселелерди туура баалап, туура чечүүдө көптү көргөн, көптү билген, турмуштук бай тажрыйбага ээ адамдын коомдогу орду, мааниси элестүү баяндалган.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Күлчоро жана Семетей, экөөнүн достугу тууралуу баяндагыла.
2. Күлчоронун кыргыз баатыры экендигин далилдегиле.

http://edu.portal.uz

3. Төмөнкү темалар боюнча Айчүрөк менен Каныкейдин образдарын ачкыла:
   а) Айчүрөк – баатырга ылайык, ага татыктуу жар;
   б) Айчүрөк – сулуулуктун, тазалыктын үлгүсү;
   в) Айчүрөк – эне;
   г) Каныкей – эне;
   д) Каныкей – эл таккан милдетти аткаруучу.
4. Бакайдын образындагы жаңы белгилерди тапкыла.

ЭПОСТОГУ ТЕРС КААРМАНДАР

Канчоро – эпостогу эң татаал образ. Жомоктогу окуялардын алгачкы өсүшүндө ал – оң тип. Окуялардын чечилишинде гана терс болуп чыга келет. Бул – жалпы эле сырын ичине катып, бетин жашырган чыккынчыларга мүнөздүү көрүнүш. Канчоро түбү душман болуп чыгары жомокто алдын ала Каныкейдин сөзү аркылуу эскертилет. Күлчоро менен Канчорону эмизгенде Канчоро эмген эмчектен кан чыгышын жаман жышаан катары эсептеп, Каныкей, бул баланын түбү душман, өлтүрүп салалы дейт. Эпосто Каныкейдин бул сунушу таш боордук эмес, чечкиндүүлүк, келечекти байкаган көсөм акылмандык катары берилет. Бирок Семетей кенебестик кылып, жаш баланын колунан эмне келет эле деп болбой коёт. Каныкей байкаган кереметтүү сыр эпосто бир канча жолу эскертилет, бирок Канчоронун душмандыгы жөнүндө эч шек болбойт. Тескерисинче, эпосто ал Семетейдин жакын жардамчысы, Күлчородон кем калбаган баатыр катары сүрөттөлөт. Анын эрдиги даңазаланат, ал баатыр катары урматталат. Ырас, чорт кыял, орой, чогоолдук, кекчилдик – Канчоронун башынан белгилүү сапаттары. Бирок, бул сапаттар адегендеги анын оң мүнөздөмөсүнө тоскоолдук кылбайт. Ал гана эмес карандай күчтүн ээси баатырдын чогоол болушу эл түшүнүгүндө адаттагы көрүнүш катары мүнөздөлөт. Ошондой болсо да буга карап Канчоронун чыккынчылыгын кокустук көрүнүш катары кароого болбойт. Канчоро – өз изин жашырган чыныгы жырткыч, сырын билгизбеген митайым. Ал атка таарынгандыгы үчүн ушинткен жок. Ал дайым ушундай болчу. Эки жүздүүлүгү, митайымдыгы ага өз оюн тереңге катып, ким экендигин билгизбей, бүт баарын алдап келүүгө мүмкүндүк берген.

http://elibrary.uz

Оңтойлуу учур келгенде анын тереңде катылган чыныгы ою, боёлгон жүзү дароо түрүн өзгөртүп, өзүнүн табигый түрүнө келет.

Канчоронун образы аркылуу бийлик, дүнүйө үчүн бардыгын сатууга, бардыгына чыккынчылык кылууга даяр турган мансапкордук, сатылгыч чыккынчынын элеси берилген. Ал үчүн ыйык нерсе жок. Эң негизгиси бийликке жетишүү, бул үчүн бардыгын иштөөгө, кандай гана жүзү каралык болсо да баш тартпай аткарууга даяр. Эпосто мүнөз жагынан да, максат жагынан да Канчоро жалгыз эмес. Анын жакын жардамчысы, бек таянычы, тилектеш, сырдашы бар. Ал – эрке катын Чачыкей.

Чачыкей – Семетейдин биринчи аялы. Бирок Чачыкей баатырга ылайыктуу жар эмес, эпостук салт боюнча баатырдын аялына коюлуучу талаптарга жооп бере албайт. Мисалы, Семетей Айчүрөккө үйлөнгөнгө чейин анын жоо кийимин тигип, сарамжалын көрүү милдетин аялы Чачыкей эмес, энеси Каныкей көрөт. Бул көрүнүш – Чачыкейдин баатырга ылайыктуу жар эместигинин ачык далили. Качан Айчүрөк келгенде гана баатырдын камын аялы көрүп калат. Чачыкей Канчоронун чыккынчылыгында активдүү роль ойнойт.

Чачыкей жүрүш-турушу, иштеген иши, өзүн кармоо жактан таптык коомдогу канышанын элесин берет. Ошон үчүн эпосто ага карата «эрке катын» деген эпитет колдонулат. Эл түшүнүгү боюнча колунан иш келбеген чоркоктук, эл тагдырына көңүл кош караган пассивдүүлүк, күнү-түн оюнкүлкүнүн үстүндө болгон жатып ичер жалкоолук – адамдагы барып турган тескери сапаттар. Бул сапаттардын баары Чачыкейге мүнөздүү. Ошон үчүн Чачыкей эң алды менен начар сапаттары аркылуу терс каарман, ал эми анын чыккынчылыгы – ошол терс сапаттарынын натыйжасы, анын образындагы тескериликтин жогорку чеги. Чачыкей адамдык артык сапат жактан Айчүрөккө карама-каршы турат. Бул образды эл эпоско Айчүрөктүн образын тереңдетүү, артык сапаттарын мунун терс сапаттары менен карама-каршы коюу аркылуу дааналап ачып, маанисин атайын белгилөө үчүн киргизген.

Семетейдин түздөн-түз ачык душмандары катары эпосто Чынкожо менен Толтой сүрөттөлөт.

Чынкожо – Семетейге аталаш тууган адам. Бирок, Семетейге ниети каралык кылып качып кетип, Толтойду баш пааналап жүрөт. Семетейге каршы чыгуусуна негизги себеп – тегибиз бир, мен мындан кем эмесмин деген куру намыс. Мунун түбү бийлик үчүн болгон күрөш менен шартталган.

Чынкожо – ала көөдөн, оозун көптүрүп чарпып сүйлөгөн опурулма адам. Анын образы – оор басырык, жөн билги, сөзү менен иши бөлүнбөгөн баатыр Семетейдин элесинин карама-каршысы. Толтойду күүлөп көкүткөн, Айчүрөктү ала коёлу деген ойду баштаган да – ушул Чынкожо. Бул эпизоддор Чынкожонун бузуку, элди бөлүп-жарып бүлүндүргөн куйту адам экендигин айгинелейт. Жалпы эле эпос бул образ аркылуу өз агасын ага тута албай, тууганына жат болуп, душманынын кызматын кылган, элден кечип, журтунан безген адамдын элесин берет. Бул элести уруу феодалдарынын бийлик үчүн болгон өз ара күрөштөрү жараткандыгын байкоо кыйын эмес.

Толтой – Чынкожо менен типтеш элес. Бирок жеке мүнөз жактан экөөнүн бири-биринен чоң айырмасы бар. Толтой да – өзүнчө белгилүү баатыр. Чоң уруунун башында турат. Семетейге алы жетпесин түшүнөт. Чынында анын ички сыры Семетейге каршы да эмес. Өзү баатыр болгону менен эрки бош, оома адам. Ошон үчүн аны Чынкожо өз эркине баш ийдирип, өз максатынын куралына айландырып алган. Толтой Семетейдин душманы дегени менен ал өзү чыныгы душмандык сезимди билбейт, салттын таламына, Чынкожонун түрткүсүнө гана баш ийип, Семетейге каршы Чынкожо уюштурган чатактын чаңында жүрөт.

Эпостогу бир көңүл бурула турган учур ар бир терс каармандын өзүнө ылайык жанга өлчөлүү күлүк аты бар. Мисалы, Чынкожонун Кара аты, Толтойдун Суркоёну, Коңурбайдын Алгарасы ж.б. Ал эми Семетей менен анын чоролорунун ортосунда ишенимдүү ат жалгыз Тайбуурул, аны ар бир кооптуу жоого аттанарда улам бири минишет. Бул көрүнүштү кокустук катары карабоо керек. Тайбуурулдун бир нече баатырдын ортосундагы жалгыз ат болуп калышы – символикалык түрдө кыргыздардын мурдагы күчтүү абалы жок экендигин белгилеген элес. Ушундай эле зоот-чопкут,

курал-жарак да баарынын ортосунда бир сыяктуу. Тайбуурулга ким минсе, ошол Сырнайзаны, Аколпокту, Ачалбарсты пайдаланат. Ырас, булар элге белгилүү, душманга сүрдүү, чоң атакка ээ, Манастын өзүнүн курал-жарагы катарында өзгөчө бааланышы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Анын үстүнө бул курал-жарактар өзүлөрүнө таандык артык сапаттардан башка пайдаланган адам үчүн ыйык тумардын милдетин аткаруусу да мүмкүн. Ошон үчүн баатырлардын ушуларды алып жоого кирүүгө умтулуусу да – табигый иш. Ошондой болсо да, ар бир баатыр Манастын учурундагыдай өзүнө ылайык туруктуу ат минип, туруктуу курал-жарак пайдаланбашы, тескерисинче бир нече баатырдын ортосунда күчтүү жоого кирүүгө жарактуу, ишенимдүү бир эле ат, бир эле кийим, жоо-жарак болушу ушул доордун мүнөзү да башка экендигин, бул доордун баатырлары да мурдагыларга караганда майда, «чабал» экендигин белгилеген сыяктанат. Семетей өз жардамчылары менен жалгыз ат, жалгыз тонго карап калышы жардылыктын белгиси эмес, бытыраган майдалыктын, мурдагыга караганда алсыздыктын символикалык элеси.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Эпостогу негизги терс каармандар, алардын «Манастагы» типтеш кейипкерлерден айырмасын аныктагыла.
2. «Канчоро – өздөн чыккан жат, өзөктөн күйгөн өрт» экендигин далилдегиле.
3. Эрке катын Чачыкей тууралуу баяндагыла.
4. Чынкожо кандай адам?
5. Толтой – эрки бош, ээрчиме баатыр экендиги кайсы окуяларда баяндалган?
6. Баатырлардын курал-жарагы, аттын өзгөчө ролуна көңүл бөлгүлө.
7. Кыргыз баатырларынын жалгыз ат, жалгыз тонго көз каранды болуусунун мааниси эмнеде?

«СЕМЕТЕЙДИН» ПОЭТИКАСЫ ЖӨНҮНДӨ

«Семетей» – өз мазмунунда көптөгөн окуяларды камтыган, татаал сюжеттүү чыгарма. «Семетей» жеке эле окуяларынын өнүгүш жолу жактан гана эмес, көркөм чыгармага таандык бардык компоненттери боюнча «Манастын» уландысы бол-

http://elibrary.kg

гон чыгарма, б. а. анын темасы, идеялык багыты, образ системасы, окуяларынын өнүгүшү, ошондой эле поэтикасы да эпостун биринчи бөлүгүнүн уландысы катары түзүлгөн. Бул салтты бөлүмдүн бардык айтуучулары – «Манаска» кошо «Семетейди» да айткан манасчылар да, «Семетейдин» өзүн гана аткарган семетейчилер да, адатта, так, бузбай сакташат.

«Манас» менен «Семетейдин» көркөмдүк касиеттеринин арасындагы жакындык, айрыкча, эки чыгармадагы көркөм каражаттардын аткарган милдеттери менен пайдалануу ыктарынан даана байкалат.

Көркөм каражаттардын «Манаста» жолуккан ар бир түрү «Семетейде» да ошол маанисинде колдонулат. Гипербола, эпитеттин, салыштыруунун түрлөрү ж.б. сыяктуу «Манаста» кеңири жолугуучу көркөм каражаттардын кайсынысын албайлы «Семетейде» да ошондогу эле милдетти аткарган үлгүсүндө колдонулгандыгын байкоо кыйын эмес. Алсак, «Манастагы» оң, терс каармандардын эрдиги, күчү, кайраты, сүрү ж.б. эмнелерге салыштырылса «Семетейдин» каармандары да так эле ошондой түрдө сыпатталат, ошондой эле боёктор менен сүрөттөлөт. Жадаса туруктуу эпитеттердин бир гана каарманга мүнөздүү болуп айтылуучу үлгүлөрү да өз формасын жана ички касиетин өзгөртүү менен жаңы мааниге ээ болуп айтыла берет. Мисалы, жалаң гана Манаска таандык катары колдонулуучу «айкөл» деген туруктуу эпитет «Семетейде» Семетейге карата да пайдаланылат.

«Манастан» айырмаланып, «Семетейде» жай турмуш сүрөттөрү алда канча көбүрөөк. Болгон согуштарда Семетейдин жеке өзү, же жакын жардамчылары гана катышкандыктан «Манастагы» сыяктуу мүнөзгө ээ эмес, ага салыштырганда майда чатак, же чакан кармаш түрүндө.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Эпостун эки бөлүмүнүн окуяларынын курулуу ыгы боюнча бирдейлигин, «Манастагы» көркөм каражаттардын «Семетейде» да ошол түрдө колдонулушун эмнеден байкоого болот?
2. «Семетей» эпосунун С. Каралаев айткан вариантынан башка үлгүлөрүнүн китеп түрүндө жарыялангандарын окуп чыгуу.
3. Өзү окуп чыккан варианттар боюнча өз оюн айтуу, алардын мазмунуна, көркөмдүк касиеттерине өз алдынча талдоо жүргүзүү.

http://elibrary.kg.uz

«СЕЙТЕК»

«Сейтек» – «Манастын» үчүнчү бөлүмү. «Сейтекте» мурдагы эки бөлүмдүн окуяларынын да, идеялык багытынын да жыйынтыгы чыгарылат, корутунду берилет. Ырас, айрым жомокчулардын варианттарында «Манас» циклине кирген чыгармалар «Сейтек» менен эле бүтпөйт. Мисалы, Саякбай манасчынын вариантында Манас, Семетей, Сейтек менен катар эле Сейтектин уулу Кенендин, анын балдары Алымсарык менен Кулансарыктын окуялары да жомоктолот. Эпосту бул түрдө циклдештирүү жеке эле Саякбайга таандык эмес. Эл арасында манасчы Чоюкенин да жомокту ушуга жакын түрдө бутактантып айтканы эскерилет. Бирок, ошондой болсо да кыргыздар «Манас» жомогун негизинен үч муундан турган баатырлардын окуялары катары түшүнүшөт жана бул түрдөгү варианттар эл арасына кеңири тараган. Ал эми баатырлардын Сейтектен кийинки муундары жөнүндөгү кабар бүдөмүк. Анын үстүнө «Манас» эпосунун идеялык багыты, окуяларынын түзүлүшү да ушул «Сейтек» бөлүмүн жыйынтык, корутунду катары кароого ылайыкташкан.

«Сейтек» – өзүнчө чыгарма, ал эл арасында «Манас», «Семетей» сыяктуу эле чоң кадырга ээ. Ал гана турмак мурдагы бөлүмдөрдүн жыйынтыгы, корутундусу, элдин өз максатына, тилегине жетип, адилеттүүлүк, тынчтык орногондугун баяндаган, эл түшүнүгү боюнча идеал турмуштун элес көрүнүшүн сүрөттөгөн бөлүм катары өзгөчө мааниге да ээ. «Сейтек» да «Семетей» сыяктуу эле манасчылардын негизги репертуарына кирет, эл арасында көптөгөн варианттары бар.

Сюжети жактан «Сейтек» – «Манас» менен «Семетейдин» уландысы катарында түзүлгөн чыгарма. «Семетейди» «Манастын» уландысы катарында көрсөткөн белгилер «Сейтекке» да мүнөздүү. «Сейтекте» «Манаста» башталып, «Семетейде» уланган идея андан ары тереңдетилет, өнүктүрүлөт, жыйынтыкталып, корутунду чыгарылат. Бул үч бөлүмдүн окуяларынын арасындагы байланыш циклдешүү адатына ылайык бири экинчисинин баласы, ишин улантуучу болуп сүрөттөлүшү аркылуу да, айрым каармандардын үч

бөлүмдө тең бир пландагы милдетти аткарып, бир мүнөздөгү тип болуп берилиши аркылуу да иш жүзүнө ашырылат. Бул бөлүмдө үч бөлүмгө бирдей таандык болгон идеяга жыйынтык чыгарылат, үч бөлүмдө тең катышкан каармандардын элеси толук калыптанып, эң акыркы редакциясына ээ болот.

«Сейтектин» уландылары катары айтылган бөлүмдөрдө бул белгилер жок. «Манастан» бери катышып келе жаткан каармандар ушул «Сейтек» менен токтоп, өзүлөрү өлбөй калгандыгына карабастан, андан кийинки окуяларга катышпасы бекеринен болбосо керек. Анын үстүнө «Манас» менен «Семетейдеги» окуялардын аягы жеңилиш, кайгы менен бүтүү. «Сейтекте» кубаныч менен алмашылып, эпостун үч бөлүмүндөгү эл тилегине ылайык келе турган корутунду чыгарылса, «Сейтектин» уланды бөлүмдөрүндө кайра баштан эл кайгысы, өкүнүч баяндалат. Айрыкча колдо бар материалдар боюнча, Саякбайдын вариантындагы белгисиз аралга барып корголоо менен аяктаган. Кенендин балдарынын тагдыры эл идеясы, үмүтү, оптимисттик көз карашы менен коошпойт. Ошон үчүн «Манас» жомогунун корутунду бөлүгү деп үч муун баатырлар жөнүндө гана сүйлөгөн бөлүмдү эсептөө жөн. Булардан кийинки муундар жөнүндөгү маалыматтар – эпосторду циклдештирүү салтына ылайык пайда болгон, бирок али калыптанбаган, «чийки», толук бойдон редакцияланбаган материалдар.

Эл коргоо, ички-сырткы душмандарга каршы туруу, эл таалайы, адилеттик үчүн күрөш – «Манас» менен «Семетейдегидей» эле «Сейтекте» да башкы тема. Манас басып алуучу душман Коңурбайга, Семетей ички душман Абыке, Көбөшкө, Чынкожо, Толтойго каршы күрөшкөн сыяктуу эле эл таалайы үчүн аракеттенген Сейтек элди азапка салып, кордоп жаткан Канчорого, Кыяска каршы күрөшөт. Семетей жеке эле Абыке, Көбөштөрдү гана эмес, Коңурбайды да жеңгендиги баяндалып, эпостун биринчи бөлүмүндөгү максаттын иш жүзүнө ашышы берилсе, Сейтек ички-сырткы душмандарын бүт жеңип, эпостогу жалпы максатты жыйынтыктайт. Демек, негизги үч бөлүмдөгү идеялык багыт бир, үчөөнө бирдей таандык болгон тема «Сейтекте» жыйынтыкталып, бир корутунду чыгарылат. Бул аркылуу эл кандай

кыйын шарттарга дуушар болсо да, акыры өз душмандарын жеңбей койбойт деген оптимисттик идея баяндалган.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Сейтек» үчилтиктин үчүнчү – корутунду бөлүгү экендигине көңүл бөлгүлө.
2. «Сейтек» – өзүнчө чыгармабы?
3. «Сейтекти» окуяларынын курулушу жактан «Манас» менен «Семетейдин» уландысы катары билсек болобу?
4. Үч бөлүмдүн тема, идея боюнча жакындыгы кандай?
5. «Сейтектин» чагылдырган доору кандай болгон?
6. «Сейтекте» чагылдырылган идеялык корутунду – эл кыялы десек туурабы?

«СЕЙТЕКТИН» СЮЖЕТТИК КУРУЛУШУ ЖАНА НЕГИЗГИ ОКУЯЛАРЫ

«Семетей» «Манастын» идеялык-көркөмдүк системасын кайталабаган сыяктуу эле «Сейтек» да мурдагы сюжеттик системаны кайталабайт, ага жаңы идеялык маани киргизет, толуктайт. «Сейтектеги» окуялар «Манас» менен «Семетейдеги» окуялардын жөнөкөй көчүрмөсү эмес, жаңы тарыхый шарттын элес көрүнүштөрү, элдин мурдагыдан такыр айырмаланган учурдагы турмуш белгилери. Ошондой эле «Сейтектеги» каармандар – мурдагы муундардын көлөкө элестери эмес, жаңы шарттагы өзүнчө атайын типтер.

«Сейтек» баяндаган тарыхый шарттын өз талабына, эл турмушунун өзгөчө деңгээл мүнөзүнө ылайык бул эпосто башка бөлүмдөрдө такыр кезикпеген белгилер, көрүнүштөр да көп. Бул белги чыгарманын сюжет түзүлүшүнө, окуяларына да байланыштуу. «Сейтектин» окуяларында драмалык мүнөз, курч кырдаалдар, терең таасирдүү психологиялык мүнөздөмөлөр өтө күчтүү жана кеңири планга ээ. Эгер «Манаста» ал баяндаган баатырдык доордун өзгөчө мүнөзүнө, талабына ылайык айрым адамдын жеке сезимине анча көңүл бурулбаса, «Сейтекте» тескерисинче каармандардын ички мүнөздөмөсү, сезими, кайгысы менен кубанычы айрыкча ынтаа коюлуп сүрөттөлөт. Бир кездерде күркүрөшү күн болуп, жоонун жүрөгүнүн үшүн алып турган чексиз баатыр

http://eduportal.uz

Күлчоронун кул болгон абалындагы элестерин сүрөттөө, Айчүрөктүн жүрөгүнүн тереңинен сызылган зары, тирүү бойдон көкбөрү тартылып, кордук көргөн Бакай кары менен Каныкей эненин муңу, баатырынан ажырап каран түнгө түшкөн кыргыз элинин абалы, акыры Сейтек жетилип, элин тапкандагы жалпы кубаныч көрүнүштөрү мунун ачык далилдери. «Сейтекте» кубанычка караганда кайгыны сүрөттөөгө көп орун берилет.

«Сейтектеги» окуяларды мүнөзү жактан эки чоң бөлүмгө бөлүүгө болот:

1) элдик кайгыны, оор азапты баяндаган бөлүм. Буга Семетейдин кайып болушунан Сейтек бой жеткенге чейинки окуяларды бүт киргизүүгө мүмкүн. Жада калса баатырдын төрөлүшү сыяктуу эпизоддор да жалпы кайгыны, оор муңдун фонунда сүрөттөлүп, окуялардын мүнөзүн өзгөртө албайт. Тескерисинче, Кыястын кыянатчыл ойлору баяндалуу менен душман колундагы жаш баатырдын тагдыры үчүн убайым жеш, чочулоо күч алат. Бул бөлүмдө далысынын кечири кесилип отунчу кулга айланган Күлчоронун муңу, Каныкейдин зары, Айчүрөктүн арманы сыяктуу адамды толкундатып, муун бошоткон таасирдүү эпизоддор эң көп.

2) адилеттиктин жеңишин, элдин кубанычын баяндаган бөлүм. Буга Сейтек өз жерине келгенден кийинки окуялар жатат. Булардын көрүнүктүүлөрү: Сейтектин элине ээ болушу, Семетейдин кайра келиши. Ушул эпостун экинчи бөлүмүнө кирген окуялардын ичинде Сарыбай менен болгон кармаш бар. Бул эпизод Саякбай Каралаевден башка жомокчулардын варианттарында жок. Мүнөзү жактан мындагы окуялар фантастикалык баатырдык жомоктордун, же жөө жомоктун материалдарына жакын. Буга караганда Сарыбай жөнүндөгү окуялар эпостун сюжетине киргизилген адаттагы толуктоолордун бири дешке болот.

Бардык варианттарда чыгармадагы окуялардын жыйынтыгы белгилүү баатырлардын түбөлүк өлбөй калышы менен бүтөт.

«Манастын» биринчи эки бөлүмү сыяктуу эле «Сейтек» да – көп варианттуу чыгарма. Бирок, «Манас» менен «Семетейге» салыштырганда эпостун бул бөлүмүнүн эл арасында

азыраак айтылаары жана ошого ылайык варианттарынын саны да аз экендиги байкалат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Сейтек» – баатырдык эпос, муну айкындаган белгилер кайсылар?
2. Эпостун үч бөлүгүнүн сюжеттик курулуу ыгы, окуяларынын мүнөзү жактан окшоштуктар. Негизги каармандардын тагдырлаш болушу эмнени билдирет?
3. «Сейтекке» таандык өзгөчө белгилер. Чыгарманын окуяларынын эки чоң бөлүмгө бөлүнүшүнө көңүл бургула.

«СЕЙТЕКТИН» С. КАРАЛАЕВ АЙТКАН ВАРИАНТЫ

«Сейтектин» варианттарынын ичинен окуяларынын толуктугу, көркөмдүк деңгээли жактан айырмаланып турганы – Саякбай Каралаев айткан үлгү. Бул вариант «Сейтекке» таандык салттык туруктуу окуяларды баштан аяк бүт камтыйт жана ошону менен бирге эле айрым өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө да ээ. Ал өзгөчөлүк эң алды менен эпостун сюжети кеңейтилип, жомоктук, жөө жомоктук мотивдер – окуялар кошулуп айтылгандыгында. С. Каралаев айткан варианттын сюжеттик өнүгүшү бул түрдө: мен өлүп калсам боюмдагы бала кошо өлүп, Семетейден тукум калбай калат деген ой менен Айчүрөк бардык кордуктарга чыдап, Кыястын колунда калат, бирок Кыястын койнуна сыйкыр менен өзүнүн сүрөтүндөгү башка аялды жаткырып жүрөт. Ай күнү жетип, Айчүрөк толготот. Кыяс эркек төрөсө баласын өлтүргүлө деп жети кемпир жиберет. Кыястын айтканын анын күңү Карачач угуп калып, Айчүрөккө жеткирет. Жаман ой менен барган жети кемпирди Айчүрөк уу берип жайлайт. Айчүрөк эркек төрөгөнүн уккан Кыяс кемпирлердин ою ишке ашпай калганын сезип каарданып, акылчы, мыктыларын чогултуп кеңеш сурайт. Куту өз баласын да өлтүргөн болчу беле, бул өз балаң, анын үстүнө баласына кастык кылсаң Айчүрөк түбүндө сени соо койбойт, андан

http://edu.portal.uz

көрө Айчүрөктүн көңүлүн агартуу үчүн чоң той бер дейт. Кыяс бул акылды макул көрүп, эл чогултуп той берет. Туулган балага ат койдуруу үчүн баланы колуна алып эл алдына бара жатып салмагы моло таштай болгон ымыркайдын баатырдык сүр-белгилерин көрүп чочулап, өлтүрүүнү оюна алат. Кыястан чочулап шек санап жүргөн Айчүрөк анын оюн түшүнүп, катып жүргөн ак тинтени жанынан сууруп чыгып: балама зыян келтирсең өзүңдү өлтүрөм, ак куу кебимди кийип, атам Акун канга учуп барып кол жыйып келип, элиңди чабам,– деп Кыяска умтулат. Эненин эч нерседен кайра тартпас түрүн көргөн Кыяс чочулап, тамаша кылдым эле! – деп, жалтактайт.

Балама ат коюп бергиле деп Кыяс элге кайрылса, эч ким балага ылайыктуу ат таба албайт. Аңгыча белгисиз думана келип: баланын аты Семетейдин уулу Сейтек болсун деп ат коюп кетет.

Сейтек аман-эсен чоңоёт. Айчүрөктөн корккон Кыяс ага жамандык кыла албайт.

Кыястын уулу аталып жүргөн Сейтек ууга барат. Аны атайын күтүп жүргөн Карадөө жолугуп, балага ата-тегинин жөнүн билдирет да, атаңдын досу Момунжанга барып дары алып келип, Күлчорону айыктырам деп кетет.

Жылкычыларга отунчу болуп жүргөн Күлчоро Айчүрөк менен учурашып, Сейтектен кабар алып келүү үчүн уруксат сурап, Кыястыкына барат. Айчүрөк аны Сейтек менен жолугуштурат. Кыясты алдап уруксат сурамыш болуп, андан макулдук алган Сейтек Күлчоро менен жылкыга кетет. Кечигип келесиң деп кыйкымдап, Күлчорону уруп кирген Карагулду өлтүрүп, Сейтек туу бээ союп, казыга бөлөп, Күлчорону жакшылап багат.

Кызыл сарт атанган Семетейдин досу Момунжанды ээрчитип Карадөө келет, дарыгер Күлчорону айыктырат. Ал 90 кетменди жаа менен теше аткан мурдагы абалынан да алда канча өөдө болуп оңолот.

Кыястын жоого минүүчү, адамдай эстүү Тоотору деген атын алдап минип алып, Айчүрөк да жылкыга келип, Сейтектерге кошулат. Артынан келген Кыясты Күлчоро менен Сейтек жайлайт.

Элге Кыястын казынасын талатып, Сейтек энеси менен Күлчорону алып, Таласка көчүп жөнөйт.

Көчтүн алдында жалгыз келген Сейтек эки торпоктун ортосунда байланып, торпок кайтарып жүргөн чоң энеси Каныкейге жолугат. Айчүрөк, Күлчоролор келип, Каныкей менен көрүшөт. Баатырдын уулу жерине келгенине эл кубанат. Кеткенди унутуп, тууган бололу деген жүйөгө көнбөгөн Канчорону тинте менен сайып Айчүрөк өлтүрөт.

Сейтек атасынын ордун басып, чачылган эл жыйналып, бейкут жатып калышат.

Карадөө жер чалып жүрүп, Семетейди көрөт. Жай сураса жооп бербей, Семетей чоң үңкүргө кирип кетет. Карадөө элге кабар берип, Күлчоро экөө аңдып жүрүп Семетейди кармап алышат. Каныкейдин эмчегин ээмп Семетей айыгат. Көрсө ал Кыяс менен согушта жарадар болгондо перинин кызы Көкмончок алып кетип, дуба менен көзү көрбөс, кулагы укпас кылып сыйкырлап, багып жүргөн экен. Семетейдин кайра келгенине эл катуу кубанып, чоң той беришет.

Жер чалып жүргөн Карадөө кыргыздарды чаап алам деп келе жаткан Желмогуз уулу Сарыбайга жолугуп, урушта өлөт. Сарыбайды эч ким жеңе албайт, акыры Айчүрөк өзүнүн досу Кайыпчал кызы Куялы деген балбан кызды ээрчитип келип, ошол жеңет. Чоң той берип, элге Сейтекти кан көтөрүшөт.

Күнүбүз бүттү, биз элден бөлүнөбүз, – деп Бакай, Семетей, Каныкей, Айчүрөк, Күлчоро бешөө коштошуп, кайып болушат.

Сейтек өзүнө ашык болгон перинин кызы Акберметти издеп барып, таап үйлөнөт.

Коңурбайдын небереси Ките мыкты чыгып, чоң атамдын кунун кууймун деп Кожожаштын уулу Чоң Билгичти ээрчитип кыргыздарга каршы аттанат. Сейтек менен Акжолтой жылкы тийген жоону кубалай барып урушуп, жылкыларды ажыратып калышат.

Сейтектин аялы Акбермет уул төрөп, атын Кенен коюшат.

Андан ары атасы Сейтектин ордун баскан Кенен жана андан төрөлгөн балдар Алымсарык менен Кулансарык жөнүндө сөз болот.

«Сейтектин» илимге белгилүү болгон варианттарынын басымдуу көпчүлүгүндө «Манас» эпосунун бул корутунду бөлүмүнүн негизги окуялары кайып болгон Семетей кайра элине кошулуусу менен бүтөт да, чыгарманын мурдатан келе жаткан белгилүү баш каарманы Канықей, Бакай, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро элди Сейтекке тапшырып, эми көңүлүбүз жайланды, жоолорду жеңдик, эл ээсин тапты деп кайып болушу менен жыйынтык чыгарылат. Биринчи бөлүм «Манастан» башталган эпостун окуяларынын логикалык өнүгүш жолу боюнча да мындай корутунду жөндүү. Бирок, С. Каралаев сюжетти андан нары бутактантып Сарыбай окуясын кошуп айтат жана ошондой эле Сейтектин үйлөнүшү, Ките менен согушу, Кенендин туулушу ж.б. эпизоддорду да киргизет. Мындай ыкты жалаң гана С. Каралаевге таандык көрүнүш дешке болбойт. Жалпы эле эпостун окуяларын бутактантып улоо, кошумчалар менен толуктоо, ошондой эле баатырлардын улам кийинки муундары жөнүндө сүйлөө – дүйнө элдеринин көбүнө маалым ык. Бул ыктын үлгүсүн Саякбай манасчы өз устаты Чоюкеден үйрөнүп кабыл алса керек. Анткени, илимге белгилүү колдо бар маалыматтарга караганда Чоюке да эпостун бөлүмдөрүн ушул түрдө бутактантып айтчу экен. Жалпы эле эпостогу баатырлардын Сейтектен кийинки муундарын улап айтуу салты жеке эле Чоюке манасчыга гана таандык көрүнүш да эмес. Башка манасчылардан да бир топ муунду бутактантып айткандар болгону маалым. Мисалы, кызыл-суулук (Кытай Эл Республикасы) кыргыздардан чыккан жазма манасчы Жусуп Мамай баатырлардын сегиз муунуна таандык окуяларды баяндайт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. С. Каралаев айткан варианттын сюжетин баяндагыла.
2. Эпостун салттык окуяларын С. Каралаевдин толукташы кайсылар?
3 Баатырлардын Сейтектен кийинки муундары жөнүндө баяндоо – салттык ыктардан экенин баамдагыла.

http://kitep.uz

ЧЫГАРМАНЫН НЕГИЗГИ КААРМАНДАРЫ

Сейтек. Эл тилегине ылайык жаралган, элдин башын кошуп, баатырларды топтоп, күрөшкө багыт бере турган башкы каарман Сейтек. Манас менен Семетей элге баатыр керек учурда кандай пайда болсо, Сейтек да так эле ошондой, өз учурунда, зарыл керек болгондо пайда болот. Мында эл ээсиз, баатырсыз калбайт, ар бир зарыл учурда эл иши үчүн курман болууга даяр турган чыныгы азаматтар чыга келет деген элдик ишенимди, оптимисттик түшүнүктү көрөбүз. Эпосто Сейтектин образы да атайын даярдалат. Анын шексиз белгилүү баатыр боло тургандыгына алдын ала күбө болуп, эскертип турган белгилер берилет.

Сейтек төрөлгөндө эле Семетейге куюп койгондой окшош болуп төрөлөт:

«Тиктесе жүрөк жангандай,
Көрсө суусун кангандай.
Кабылан көк жал баатырдын,
Оозунан түшө калгандай...».

Баланын Семетейге сырткы окшоштугун белгилөө бул эки баатырдагы жакындыкты, окшоштукту жеке эле өң, түс жактан гана эмес, максат, иш жактан да бирдей болот дегендиктин алдын ала айтылган эскертүүсү.

Сейтек өз теги ким экендигин билбей чоңоёт. Бирок ага таандык болгон адамгерчилик, адилеттик, калыстык аны Кыястан бөлүп турат. Өзү Кыястын баласымын деген күнү да ал Кыяска окшобойт, кыял-жоругу, жүрүм-туруму жактан анын карама-каршысы. Ошон үчүн ал чыныгы тегин билген эле күндөн тартып өз элин, ата-бабасы өскөн жерди эңсейт:

«Кан зааданын жалгызы,
Каңгырап жүрөр жөн барбы?
Каран күн, энем, эл кайда,
Элге жетер күн кайда?» –

деп зээни кейийт;

«... Качан ашам, энеке,
Кара-Буура, Кең-Чаткал.
Калк жайлаган белимди?

http://edu.pertal.kz



СЕЙТЕК

Качан көрөм, энеке,
Атадан калган мураапым.
Аргын, кыргыз элимди?» –

деп эли-жерин эңсейт;

«Ордо күтүп, тоо жайлап,
Белге качан кетебиз?
Оромпой тээп, ордо аткан,
Ата жатак мураапы.
Элге качан кетебиз?
Күйүк, Чакмак эки ашуу,
Белин качан басабыз?
Күрдөөлдүү кыргыз, көп аргын,
Айыл конуп айкалып.
Күлкүнү качан ачабыз?» –

деп кыялданат.

Сейтектин эли-жерин чексиз сүйгөн жалындуу патриоттуулугу бөтөн жерде, чоочун элде жүргөндө эли-жерин эңсесе, эртерээк жетүүнү самаса, жерине келгенде элине башын тигип, кызмат кылуусунан да ачык көрүнөт.

Сейтекке таандык артык сапаттардын бири – анын чексиз баатыр, ашкан балбан экендиги.

Кара күч менен майтарылгыс кайратты, жалтанбас баатырдыкты, терең акылды негизги каарманга мүнөздүү кылып көрсөтүү, бул сапаттарды дайым бир алып кароо – элдик эпостордогу жалпыга таандык белги. Ушул салтка ылайык Манас, Семетей кандай балбан, баатыр, акылман, калыс болсо, Сейтек да ошондой эле ашкан балбан, чыныгы патриот, жалтанбас баатыр. Баатырдык сапат Сейтектин эң жаш кезинен тартып эле көрүнөт. Мисалы, төрөлгөндө эле байкалган аркасындагы кара жалы – баланын баатырдык, эрдик жыша-анасы, өзгөчө салмагы анын болжолсуз күчүн белгилейт. Балага ат койдурмак болуп, Айчүрөктүн колунан алып, этегине салган Кыяс анын бул белгилерин биринчи сезет:

«Болжолу жок баланын,
Моло таштай салмагы.
Агыштын уулу Кыястын,
Такасы жерге кириптир.

http://edu.portal.uz

Туткагы кармап шум Кыяс,
Жоо болорун билиптир».

Болочокку баатырдын күчүн биринчи жолу сөөк өчтү душманына сездирүү кокустук эмес. Мунун символикалык маниси бар. Ошон үчүн Кыяс акылчыларынын айтканына көнбөй, бул бала мага душман деп чочулайт, түбү өзүн соо койбосун сезип, андан жаш кезинде кутулууга аракет кылат. Сейтекке таандык күч, кайрат, баатырдык С. Каралаевдин вариантындагы Сарыбай менен болгон кармашта, айрыкча даана байкалат.

«Манас» үчилтигинин башкы, негизги оң каармандары сыяктуу эле Сейтек да – идеал образ. Бул тип аркылуу элдин тилек-үмүтү берилген. Айрыкча эпостун корутундусунда элге ээ болуп, аны ички, сырткы душмандардан коргоп Сейтектин туруп калышы бул образга элдин зор көңүл буруусун белгилейт жана образга берилген баанын далили.

Куялы. Куялынын теги, кимдиги, эли жөнүндө кеңири маалымат берилбейт, эпосто ал Кайыпчалдын кызы, Айчүрөктүн досу – курбусу катары белгилүү. Анын негизги сапаты – өзгөчө балбандыгы. Кыргыз баатырлары Сарыбай менен кармашып, ээрчиткен колун бүт кырганы менен жеке өзүнө баарынын алы жетпейт. Айласы түгөнгөндө ага тете баатыр таап келем деп, издеп барып Айчүрөк Куялыны алып келет. Айчүрөктүн жардам бер деген өтүнүчүнө Куялы макул болот, бирок «акысы» үчүн ойдо жок талапты коюп, Семетей мени аялдыкка алсын дейт. Эл башына түшүп турган оор күндү ойлогон Айчүрөк, Куялынын талабы салттык түшүнүк боюнча адаттан тыш экендигине карабастан, дароо макул болот.

Семетейдин Куялыга үйлөнүүдөн баш тартуусу, түрдүү сунуштарга Куялы болбой, айтканынан кайтпай көшөрүп туруп алышы, акыры көптөп жатып балбан кызды кыяматтык жар кылып алууга Семетейди көндүрүү, ошондон кийин гана Куялы Сарыбайга каршы аттанып, аны жеңип келүү Куялынын образындагы сырдуулукту – романтикалуулукту күчөтүп жана каармандагы айтканынан кайтпаган бекемдикти айгинелеп, элеске өзүнчө башкалардан айырмаланган түр, – боёк берип турат.

Баатырдын баатыр кызга кыяматтык жар катары үйлөнүүсү – кеңири белгилүү сюжет. Ушул эле сюжетти эпостун биринчи бөлүгүндөгү Манастын кыз Сайкалга үйлөнүүсүнөн да көрөбүз. Бирок, баатырдан жеңилгендиктин белгиси катары анын жары болууга макулдугун берген Сайкалдын образы эпостогу байыркы белгилерден. Ал эми өзү баатыр менен беттешпей туруп, андан өзүнө үйлөнүүнү талап кылган Куялынын элеси бизге жакын турган башка тарыхый шарттын – адамдардын жеке сезимин эске алуу талабы маанеге ээ болуп калган учурдун белги-көрүнүштөрүнөн.

Эпостогу терс каармандардын белгилүүлөрү – **Кыяс** менен **Канчоро.** Кыяс жедигер элинин каны, Канчоронун досу. Ал Канчоронун жардамы менен Семетейди капыстан басып, жарадар кылат. Семетей кайып болгондо элин чаап, ордосун талайт, аялын олжо кылат. Кыяс менен Канчоро бири-бирине жакын турган, мүнөздөш, типтеш каармандар. Экөө тең арамзаадалык менен эки жүздүүлүктүн ачык элестери. Булардын образында эки жүздүүлүккө катаалдык, таш боордук, кара мүртөздүк айкалыша келген.

Мисалы, Канчоро эмчегин эмизген энесин көкбөрү тарттырат, бирге ойноп чоңойгон курбусунун далысын кестирип, кул кылууга көмөкчү болот ж.б. Булардын мүнөзүнө адилеттик, адамгерчиликтүүлүк, калыстык кандай жат болсо, чыныгы баатырдык салт ошондой эле жат. Булар баатыр эмес, эл бузар бузуку, эки жүздүү алдамчылар. Алардын күчү баатырдык сапатында эмес, эки жүздүүлүгүндө, арам оюнда. Бул абал эпосто Күлчоронун сөзү аркылуу эң таамай берилген:

«Кыстап келген бу Кыяс,
Кызыл мунар тоо эмес.
Же кыйырдан келген жоо эмес,
Кара будур тоо эмес.
Каптап келген жедигер,
Же калмактан чыккан жоо эмес.
Ала-Тоо эле жерибиз,
Кара чепкен, ак калпак,
Калың кыргыз элибиз.
Карсылдатып ок аттың,
Бурулган экен сыртыбыз,
Чиркин, бузулган экен
ыркыбыз!».

Канчоро да Кыяс да мурдагы бөлүмдөгү окуяларга аралашкан каармандар. Айрыкча Канчоро «Семетей» эпосунда-

http://elibportal.uz

гы көрүнүктүү окуялардын көбүнө катышат. Бирок бул эки каармандын экөөнүн тең образы ушул бөлүмдө гана терең ачылган. «Семетейде» Канчоро оң каарман катары баяндалып келип, чыгарманын аягында гана терс каармандардын катарына кошулат:

«Күрсүлдөгөн куу кулдун,
Оң далысын ойгула.
Оң кечирин сойгула!
Сол далысын ойгула.
Сол кечирин сойгула!
Өлүк эмес, тирүү эмес.
Арам санаа бул кулду,
Ара жайга койгула!
Кырк жылкычы, сексен кул.
Ошого отунчу, суучу
кылгыла!» –

деп эмчектеш бир тууганы, бирге чоңойгон курбусу Күлчорого кылган кыянаты;

«Бу Семетей баатырдын,
Элин кыйнап, топ кылам.
Энесин кыйнап, жок кылам», –

деп ызырынышы – адамдын бүткөн боюн дүркүрөтө турган бузукулук, адамгерчиликтен кеткендик.

Ошондой эле Кыяска таандык тескери мүнөздөр да ушул бөлүмдө айрыкча терең көрүнөт. Мисалга анын жаңы төрөлгөн Сейтекке карата мамилесинин өзү эле канчалык адамгерчиликтен төмөн турган адам экендигин белгилей алат. Мына ошон үчүн бул экөөнүн өлүмүн эл эпосто адилеттиктин жеңиши, зор кубаныч катары баяндайт.

Сарыбай. Эпостогу орчундуу терс каармандардын бири – Сарыбай. Ал чыгармадагы чоң окуянын активдүү катышуучусу. Эпос боюнча Сарыбай Желмогуз уулу делет. Аткарган ролу жактан ал сырттан басып кирүүчү жоонун өкүлү. Ырас, чыгармада мурдатан келе жаткан эпикалык жоо – Коңурбайдын небереси Ките эскерилет. Бирок ал жоонун элеси кеңири иштелип чыккан образдын деңгээлине жеткен эмес.

Сарыбай да – кыргыздарга өчмөндүү душман. Анын атасы Желмогуз Манастын карындашы Карлыгачтын күйөөсү Жарманастын элин чаап алат. Кыргыздар күйөө баласынын таламын талашып уруш чыгып, ал Манас колдуу болуп өлгөн экен. Ошондо 8 жаш курагында жетим калган Сарыбай эми

http://edu.ziyonet.uz

эрезеге жетип, атасынын кунун кууп, кыргызды чаап, Манастын уулун жайлаганы атайын камданып келет.

Сарыбай жөө жомоктук сапат-касиеттерге ээ, анын негизги касиети – дубакөйлүк амал.

Ал ээрчиткен колунан ажырап жалгыз калса да, күнүтүнү болгон кармаштарда көп жеринен жара жеп өлө турган абалга келсе да кайра эле куландан соо болуп, алсырамак түгүл күчөп согушка кирет. Семетей, Күлчоро, Сейтек баштаган кыргыз баатырларына жалгыз каршы туруп кармашып, бой бербейт, тескерисинче, шаштысын кетирип, оор абалга дуушар кылат. Жадаса Семетей да алышып алыбыз жетер эмес, багынып берсекпи деп кылчактоого аргасыз болот. Сарыбайга эч даба табылбай, аны жанда жок балбан кыз Куялы Манастын касиеттүү Сырнайзасы менен сайып, жеңип, сөөгүн өрттөп, күлүн сапырып жиберип гана кутулушат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Чыгарманын негизги каармандары. Күлчоро, Айчүрөк, Бакай, Канықейлердин образындагы жаңы шартка ылайык өзгөрүүлөр кайсылар?
2. Сейтектин образы кандай берилген?
3. Күлчоронун образы тууралуу баяндагыла.
4. Айчүрөктүн образын толуктай түшкүлө.
5. Бакай, Каныкейдин образдары кандайча чагылдырылган?
6. Куялынын образы жөнүндө эмне билесиңер?
7. Кыяс менен Канчоро тууралуу өзүңөрдүн пикириңер кандай?
8. Сарыбай дөө жөнүндө баяндап бергиле.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ. БААТЫРДЫК ЭПОС

Кыргыздардын баатырдык эпосторго зор маани берип, көңүл буруусу элдин басып өткөн тарыхый жолунун өзгөчөлүгү менен шартталган: нечен кылымдар бою четтен басып киргендерге каршы туруп, эркиндик, көз каранды болбостук үчүн жан аябай күрөш жүргүзүүгө туура келген элде баатырдыкты жогору баалоо, даңазалоо, жаштарды ошол духта тарбиялоо табигый нерсе эле. Ошондуктан эл коргоп, жоого каршы турган баатырлар жөнүндө, жалпы элдик каармандыкты, теңдикти, эркиндикти туу туткан чыгармалар жа-

ралган. Аларда эл башынан өткөргөндөрдүн изи, көрүнүктүү тарыхый окуялардын жаңырыктары чагылдырылган, ошону менен бирге элдин келечектен күткөн үмүтү, тилеги, кыялы да баяндалган.

Элдин башынан өткөргөн көрүнүктүү окуяларынын негизинде пайда болуп, эл арасынан чыккан баатырлардын каармандык күрөштөрүн сүрөттөгөн көлөмдүү, ыр түрүндөгү чыгарма баатырдык эпос делет.

Баатырдык эпостордун негизги темасы жерди жат душмандан коргоого арналып, чыгармада негизинен согуштук окуялар баяндалат.

Баатырдык эпосторго таандык мүнөздүү белгилердин бири – ал чыгармада баяндалган окуялар эл тарыхына тыгыз байланыштуу болушу жана каармандары да басымдуу учурларда реалдуу турмушта жашаган адамдардын иштеген иштеринин негизине таянылып түзүлүшү.

Эл тарыхынын урунттуу учурлары баатырларды – элдин башында туруп, чоң иштин активдүү катышуучусу болгон адамдарды жараткан. Ал окуя жана ага катышкан көрүнүктүү адам жөнүндөгү улама, баян, эскерүү баатырдык эпостун негизин түзгөн.

http://edu.portal.uz

ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ АДАБИЙ МУРАСТАРДАН

VIII–X кылымдарда Борбордук Азияда илимий ойлордун өнүгүшү пайда болуп, жергиликтүү калк арасынан чыккан айрым таланттуу инсандар өз учуру үчүн орчундуу маанилге ээ, коомду, дүйнөнү таанып-үйрөнүүдө белгилүү салым кошкон эмгектер жаратып, чар тарапка аты угулган, кийинки урпактарына өлбөс мурастарды калтырышкан. Ошол учурдун белгилүү илимпозунун бири **Абу Наср аль-Фараби ат-Түрки** (870–950-жылдар чамасы). Түрк тукумунан чыгып, Сыр-Дарыянын боюндагы Фараби шаарында туулган, Фараби, Бухара, Дамаск, Багдад шаарларында окуп билим алган, аскер башчысынын бул уулу байыркы грек философторунун, айрыкча Аристотелдин эмгектерин терең изилдеп, мыкты билген философ болуп, бир катар эмгектерди жараткан, анын Аристотелдин «Метафизикасына» берген түшүндүрмөлөрүндө терең ойлор, илимдеги жаңы ачылыштар берилген. Эмгектерин ал ошол кездеги салт боюнча араб тилинде жазган.

IX кылымда жашаган өз учурунун көрүнүктүү математиги жана астроному ферганалык **Ахмед (Ахмед ал-Фергани)** да эмгектерин араб тилинде жазган.

X–XI кылымдардын аягы ченде Баласагын менен Кашкар мусулман илимпоздорунун Чыгыштагы очогуна айланат. Бул шаарларда математика, астрономия, медицина, араб-перси адабияты ж.б. илим багыттарында ошол тарыхый шарт боюнча терең билим алууга мүмкүн болгон. Ушуга ылайык түрк элдеринин арасынан белгилүү илимпоздордун, адабиятчылардын, жалпы эле кеңири билимдүү адамдардын алда канча көп чыгышына дурус шарт, мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Буга – **түрк тилиндеги ошол учурларга таандык биринчи көрүнүктүү поэма «Кутадгу билиг» («Кут алчу билим»**, же «Мамлекетти башкаруунун илими») пайда болгондугу-

http://eduportal.kg

нун өзү да далил. «Кут билимди» Баласагындык Жусуп жазган. Ал өз учурунун белгилүү акыны жана географияны, тарыхты, философияны мыкты билген ойчул, окумуштуу адам болгон.

Баласагындык Жусуптун өз доорунда түрк тилинде жазылган ушул поэмасы менен түрк элдери адабиятын бийик деңгээлге көтөрүп гана койбостон, түрк адабий тилинин негизин салып, түрк тилинин сөздүк казынасын байытып, анын мүмкүндүктөрү кандай кең экендигин, ийкемдүүлүгүн бүт ааламга далилдеп кеткен эле. Жусуп айтып калтырган акыл-ой, накыл кептер кылымдар бою өз маанисин жоготпой, эчен-эчен муундун дүйнө таанымына таасирин тийгизди, азыркы кезде дагы өзүнүн тереңдиги менен, кооздугу менен көзгө урунат. Жалпы түрк тилдүү элдердин көөнөргүс, асыл кенчи.

Дагы бир түрк кулуну, түрктөрдү изилдөөчү окумуштуу, лингвист, лексикограф, этнограф, фольклорчу, тарыхчы жана географ кашкарлык Махмуд өзүнүн «Сөздүгү» менен даңкы чыккан.

Орто кылымдарда жашап, өзүлөрүнүн өлбөс эмгектерин жараткан жана ошол аркылуу ысымдарын түбөлүккө калтырган бул улуу инсандардын өмүрү, кимдиги, кандай жашагандыгы жөнүндөгү маалыматтар өтө эле аз. Ал турмак алардын кимиси так кайсыл элдин тукуму экени да белгисиз. Алар – өзүлөрүнүн түрк тукумунан экенин жар салып, түрктөрдүн туусун көтөрүп, атагын арттырууга аракет кылып өткөн адамдар. Ошон үчүн бул улуу бабаларыбыздын артында калтырган эмгектери да – түрк элдери үчүн орток мурас. Ошону менен бирге көңүлгө алып коё турган бир учур – орто кылымдык улуу түрктөрдүн кимиси кыргыз экенин так айтуу мүмкүн болбосо да экөө жердешибиз болгону эч кимге күмөн туудурбай турган чындык. Алар – Жусуп (Баласагындык Жусуп) жана Махмуд (кашкарлык Махмуд).

http://eduportal.uz



БАЛАСАГЫНДЫК ЖУСУП

(1015–1090)

«КУТ АЛЧУ БИЛИМ»

Орто кылымдарда жашаган белгилүү акын, илимпоз, ойчул Баласагындык Жусуп коомдук жана табият таануу илимдеринен маалыматы бар, өз учурунун билимдүү адамдарынын биринен болуптур.

Жусуптун өмүр жолу, теги ж.б. жөнүндө жазма булактарда сакталып калган кеңири маалыматтар жок. Анын кимдигине байланышкан кабарларды негизинен өзүнүн чыгармасы «Кут алчу билим» поэмасынан, айрыкча поэманын автор өзү жазган кириш бөлүмүнөн алууга болот. Акын Жусуп азыркы Кыргызстандын Чүй өрөөнүнөн орун алган орто кылымга таандык шаар Баласагында[1] 1021-жылдар ченде (кээ бир маалыматтар боюнча 1015–1016-жылдардын биринде) туулган экен. Музыканттын үй-бүлөсүнөн.

Баласагындык Жусуп чыгармаларын түрк тилинде жазган. Анын бизге жеткен мыкты чыгармасы «Кутадгу билиг» 1069-жылы байыркы уйгур тилинде жазылган.

«Кутадгу билиг» – «Бактылуу болуунун илими» же «Кут алчу билим» – социалдык, философиялык, этикалык, согуштук көз караштар, түшүнүктөр баяндалган дидактикалык планда жазылган көркөм чыгарма жана саясий трактат. Орто Азия жана Чыгыш Түркстанда жашаган түрк урууларына жалпы таандык деп эсептелген орток маанидеги баа-

[1] Баласагын – Чүй өрөөнүнөн орун алган орто кылымга таандык шаар. Академик В.В. Бартольд, профессор А.Н. Бернштам ж.б. окумуштуулардын пикири боюнча азыркы Токмок шаарынын түштүк тарабындагы Бурана мунарасынын аймагында жайгашкан.

http://eduportal.uz

луу адабий мурас. Жанрдык белгилери жактан чыгарманы дидактикалык мазмундагы поэма дешке болот.

Поэманы жазууга Жусуп 50 жашында киришкен.

Поэма кара сөз менен жазылган чакан кириш сөздөн жана шарттуу түрдө глава деп атоого боло турган 72 бөлүмдөн турат. Ар бир бөлүмдүн аты – наамы бар. Темалардын мазмуну, ыр саптарынын көлөмү да бир кылка эмес, бул белги козголгон теманын мүнөзүнө жана акындын ушул багыттагы айтмакчы болгон оюнун мазмунуна ылайыкташкан.

Поэманын жалпы көлөмү, кара сөз түрүндөгү кириш бөлүмдү эсепке кошпогондо, 6645 кош сап ырдан турат, б.а. 13290 сап ыр. Мындан сырткары китептин кириш сөзүнүн ыр түрүндөгү үлгүсү 77 кош сап ыр.

Поэманын авторуна чыгарманы жазууда Ибн Синанын этика жөнүндөгү түшүнүктөрү жана Фирдоусинин «Шахнамесинин» таасири күчтүү болгону байкалат.

Поэманын автору чыгармасын Кашкардын ханы – Арстан хандын небереси, Али-Хасандын уулу Табгач Караханга тартуу кылат. Анын белегине ыраазы болгон хан акынга ордо кызматкерлеринин өзгөчө сыйлуу мансаптарынын бири – Хас Хажиб наамын берет. Бул жөнүндө поэманын кириш сөзүндө: «Бул китепти жазган баласагындык такыба, сыпаа киши. Ал китебин Кашкарда бүтүрүп, чыгыштын өкүмдары Табгач хандын ордосуна тартуу кылды, өкүмдар ага зор урмат-сый көрсөтүп, Хас Хажиб наамын берип, анын зоболосун көтөрдү. Ошондон анын улуу Хас Хажиб Жусуп аты ооздон түшпөй даңкталып келет»,– деп жазылат.

Чыгарма бизге үч кол жазма түрүндө жетти. Биринчиси азыр Вена шаарында сакталган кол жазма. Ал уйгур тамгасы менен жазылган. XV кылымга таандык. Афганстандын Герат шаарында 1439-жылы көчүрүлгөн нуска. Бул көчүрмөнү XIX кылымдын 20-жылдарында чыгыш изилдөөчү Хаммер деген адам Стамбулдан таап, Венага алып кеткен. Поэманын дагы бир көчүрмөсү Каирден, үчүнчүсү 1914-жылы Намангандан табылган. Бул нуска азыр Ташкентте сакталууда. Кийинки эки көчүрмө араб тамгасы менен жазылган. Автор чыгармасын кандай тамга менен жазганы белгисиз. Белгилүү түрколог С.Е. Малов акын поэмасын араб тамгасы менен эле

жазып, Кашкар ханына тартуу кылаарда уйгур тамгасы менен көчүрсө керек деген жоромол айтат.

Каирде сакталган көчүрмөнү биринчи жолу академик В.В. Радлов сөзмө-сөз которуп, кириш жана акыркы сөз жазып жарыялаган. Поэманын качан жазылып, канча убакытта бүткөнүн автор чыгармасынын корутунду бөлүгүндө белгилеп кеткен. «Бул китепти жаратуучу Жусуп уулу Хас Хажиб өзүнө насаат айтат» деп аталган поэманын эң акыркы главасында он сегиз ай иштеп, 462-жылы китеп жазылып бүткөнүн эскертет. Мусулманча жыл саноонун бул датасы азыр биз колдонгон календардын 1069-жылына туура келет.

Чыгарма жазылган тарыхый шарттагы мусулман дининдеги элдердин жазма адабияттарында жалпы кабыл алынган салт боюнча поэмасынын кириш сөзүн автор кудай атына кайрылуу менен баштайт. Кириш сөздү шарттуу түрдө эки бөлүмдөн турат десе да болот, чынында бул эки башка мазмун эмес, бир эле ойду, фактыларды автор эки жолу – алды менен кара сөз түрүндө айтып, андан кийин ошолордун өзүн ыр түрүндө кайталаган. Кайталоо сөзмө-сөз түрүндө эмес, ошол үчүн айрым деталдык жактан айырмачалыктар да бар. Мындай болуунун сыры, балким, кириш сөз алгач кара сөз менен жазылып, анан ал поэманын жалпы стилине ылайык ырга айландырылгандыр.

Кириш сөздө поэманын өзөгүн түзгөн негизги мазмуну, катышуучу каармандары жөнүндө кыскача мүнөздөмө маалымат берилет.

Суроолор жана тапшырмалар

1 VIII–X кылымдардагы Борбордук Азияда илимий ойлордун өнүгүшү кандай болгон? Жергиликтүү калктар арасынан ойчул, окумуштуу адамдардын чыга башташынын себеби не?
2. X–XI кылымдардын аяк чендериндеги чыгыш мусулман элдеринин көрүнүктүү илимий очоктору кайсы шаарлар? Түрк тилдеринде эмгектер жазган алгачкы көрүнүктүү адамдар кимдер?
3. Баласагындык Жусуп. Өмүрү жөнүндөгү маалыматтар. Бизге жеткен көрүнүктүү эмгеги – «Кутадгу билиг» тууралуу эмне билесиңер?
4. «Кутадгу билиг» поэмасынын кыргызча котормосун окуп келүү. Поэма жөнүндө өз оюн айтуу (чыгарманын мазмуну, анда сөз болгон негизги маселелер боюнча).

http://eduportal.uz

ПОЭМАНЫН СЮЖЕТТИК КУРУЛУШУ ЖАНА МАЗМУНУ

«Кутадгу билигдин» авторунун негизги максаты – адам мүнөзүндөгү, жүрүм-турумундагы оң-терс, жакшы-жаман сапаттар жөнүндөгү өз ой, түшүнүктөрүн баяндоо. Ошон үчүн поэманын мазмунун дидактикалык мүнөздөгү ыр саптары түзөт. Чыгармадагы окуялар да ушул башкы максатка баш ийдирилип уюштурулган – көлөмдүүсүнө карабастан анда татаал сюжеттик курулуш, курч кырдаалдар жок, сюжети эң эле жөнөкөй, каармандарынын саны да аз.

Автордун максаты поэмасында турмуш чындыгынын бул же тигил көрүнүшүн көркөм чагылдыруу, же айтмакчы болгон оюн реалдуу тарыхый окуялар, адамдар, алардын иштеген иштери аркылуу баяндоо болбостон, кыялдан жаралган өлкө жөнүндө болуп, каармандарды да ал өзү атайын ойдон чыгарып алат. Бул жөнүндө ал китептин кириш сөзүндө минтип жазат: «Бул китептин өзөгү айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат: биринчиси – адилет, экинчиси – дөөлөт, үчүнчүсү – акыл, төртүнчүсү – каниет делип, алардын ар бирине түркчө өз аттары берилген. Адилетти – Күнчыкты элик атаган, бул – өкүмдар; дөөлөттүн аты – Айтолду, ал – вазир; акылга – Акдилмиш деген ат берилген, ал – вазирдин уулу; а каниет болсо Өткүрмүш аталып, анын иниси делген. Мына ушулардын ортосунда өз ара сүйлөшүүлөр, суроо-жооптор аркылуу санжыра чечмеленет». Демек, поэманын башкы каармандары болгон Күнчыкты, Айтолду, Акдилмиш жана Өткүрмүш адам типтери эмес, түрдүү сапат-касиеттердин шарттуу наамдары. Китептин сюжетин автор ошол сапат-касиеттердин өз ара мамилелери, суроо-жооптору менен курулган бул же тигил көрүнүш жөнүндөгү ой-толгоолор аркылуу түзөт.

Поэмада автор өзү түзгөн сюжеттик нуктан сырткары бөлүмдөр жана главалар да бар. Буга кара сөз менен түзүлүп ыр менен кайталанган кириш сөздөн, автордун өз атынан сүйлөнүп, жаштыкка өкүнүп, карылык, мезгилдин катаалдыгы, достордун мерездиги жана Жусуп өзүнө насаат айткан чыгарманын акыркы үч главасынан башка да поэмада

бет ачар катарындагы милдетти аткарып турган алгачкы он бир глава кирет. Бул бөлүмдөр менен главалардагы айтылган ойлор автордун өз атынан сүйлөнүп, китептеги акын курган сюжеттик нуктан сырткары турганы менен мазмуну жактан поэманын негизги главалары – уютку бөлүм менен үндөш. Ошон үчүн китептин бардык бөлүмдөрүн жана главаларын бир-бирине тыгыз байланышкан, бир композициялык бүтүндүккө ээ дешке толук негиз бар.

Жусуп акындын түшүнүгү боюнча социалдык мамилелердин төрт тарабы төп келген идеалдык түзүлүшүнө адилеттик, дөөлөт-байлык, акыл жана каниет-нысап кылуу сыяктуу төрт элементтин бирдиги, карым-катышта болуусу аркылуу гана жетишүүгө мүмкүн. Ошон үчүн ал бул төртөөнү бийлик ээси адилеттүүлүктүн – Күнчыктынын айланасына топтоп, төрт образдын өз ара катышы, пикир алмашуулары – сүрөөжооптору аркылуу социалдык, философиялык, этикалык, согуштук көз караштарды баяндайт. Акын поэмасын жазган тарыхый шарттагы өз чөйрөсүнө таандык түшүнүктөрдү чагылдырган көз караштары, оң жана терске берилген баа көп жактан энөө: реалдуулукка эмес, кыялга негизделген. Ошондой болсо да автор өз ойлорун айтууда башкы булак жана таяныч катары прогрессивдүү элдик көз караштарды пайдалангандыктан турмуш чындыгына жакын турган түшүнүктөр чыгарманын негизги мазмунун түзөт. Мунун далилдерин поэмадагы адилеттиктин, калыстыктын, акылдын, билимдин мааниси ж.б. сыяктуу көптөгөн багытта ойтүшүнүктөрдөн кеңири жолуктурабыз.

ПОЭМАДАГЫ ОБРАЗДАР

Чыгарманын сюжеттик өзөгүндө каарман катары жети адам эскертилет. Алардын үчөө эпизоддук кейипкерлер, төртөө образ катары иштелип чыккан. Автор негизги каарман деп адилеттиктин символу катары баяндалган Күнчыктыны эсептейт. Окуялар ошонун айланасына топтолуп, айтылуучу ойлордун көбү да анын суроосу, каалоосу боюнча айтылат. Бирок чыгарманы жараткан акындын көңүлүнө акыл – Акдилмиш алда канча жакын тураары жана жогору бааланары даана көрүнүп турат. Автор айтмакчы болгон ой-

түшүнүктөрүнүн өзгөчө баалууларынын көпчүлүгүн ушул каарманга айттырат.

Чыгармадагы башкы каармандардын ар бирине берилген даяр мүнөздөмө – баалар бар. Автордун өз сөзү, көбүнчө каармандардын бири-бирине берген суроо-жооптору аркылуу ишке ашырылган бул мүнөздөмөлөрдө ар бир символдуу образ чыгарма жаралган тарыхый шарттын деңгээл түшүнүгүнөн чыккан баага ээ болуп баяндалат.

Күнчыкты – бийлик ээси, адилет башкаруучу. «Өкүмдар жакшы болсо өлкө гүлдөйт, жыргалда баары жашап, кырсык билбейт. Күнчыкты башкарганда эли байып, калыптыр кой, бөрүнү кошо жайып». Анын Күнчыкты аталышынын себеби: бийлик ээси да Күн сыяктуу дайым бөксөрбөй, азайбай толуп турушу керек. «Экинчи – Күн ааламга жарык чачат, адамга нурун төгүп турат жайнап». Ошол сыяктуу адилет башкаруучу да ак иши, адилдиги, баарына бирдей мыйзам-өкүмү менен бүт элге тиешелүү. «Үчүнчү – Күн асмандан ысык айдайт, жер бетине миң түркүн гүлдөр жайнайт». Адилет башкаруучунун бийлиги да ушул сымал «жеткен жерге өмүр берип, жакшы мыйзамдан эл жыргап, чөл көгөрөт». Ушул саптарга жооп берген үчүн адил башкаруучу поэмада Күнчыкты аталат. Башкаруучу катары Күнчыктынын сыртқы көрүнүш белгилери да символикалык мааниге ээ. Аны поэма мындай сүрөттөйт: олтурганы үч буттуу күмүш такта, колунда курч бычак, оң жагында бал, сол жагында уу, кабагы суз. Бул көрүнүш Күнчыктынын өз сөзү аркылуу төмөнкүчө чечмеленет: тактанын күмүштөн жасалып, өңү ак болушу тазалыктын, ак дилдин белгиси, үч буттуу болуу – туруктуулуктун, бекемдиктин көрүнүшү. Колундагы бычак курчтукту, чечкиндүүлүктү, тездикти түшүндүрөт. Оң, сол жагындагы бал менен уунун жөнүн Күнчыкты өзү:

«Таттуу шире эмнеге? – азап чегип,
Жүргөндөр чындык табат менден келип.
Анан ал шире татып, сый-урматтан,
Күн болуп күлүп турат, жайнап чыккан.
Ал ууну – бузуктугун өзү туюп,
Чындыктан качкандарга берем куюп.
Аларга сөзүм катуу, сөзүм ачык,

Уу даамын таттырамын, кетпейт качып.
А менин кабак ачпай түнөргөнүм,
Алсызды кулдай туткан көөдөк үчүн». –

деп чечмелейт. Мындагы бал да, уу да түз мааниге эмес, өтмө катар, символикалык мааниге ээ.

Өкүмдар Күнчыкты канчалык күчтүү болбосун жана бардыгына колу жетпесин акылдуу, билимдүү, калыс жардамчыларга муктаж. Андай жардамчыларсыз ал өзүн алсыз сезип, негизги милдетин так аткара албай калам деп чочулайт.

Айтолду – Бийлик ээсинин жардамчысы – вазири. Образ адам башына бак конгондо келе турган дөөлөттүн символу катары алынган. Ошон үчүн ал Күнчыктынын кабарын угуп, аны өзү издеп келип, кызматына турат. Айтолду – дөөлөттүн келип токтогон адамына бере турган баалуу белеги-пайдасы – байлык жана кубаныч, ал – «байлык менен бийликке – өзөк», дөөлөт келген адам түйшүктү билбейт. Бирок, Айтолду – дөөлөттүн орчундуу кемчилиги бар – ал өзгөрүлмө, туруксуз. Ошон үчүн:

«Бактым бар деп кубанба: келет, кетет,
Дөөлөт бар деп мактанба: толот, бүтөт».

Дөөлөттү кармап токтотуп калуу ар кимдин колунан келе бербейт, бирок анын жолу бар. Бул үчүн дөөлөттүн артынан кууп издебөө, бой көтөрүп мактанбоо, текеберлик кылбоо, бирөөгө жамандык кылбоо, топук кылуу, улууну урматтап, кичүүнү сыйлоо, адамды кордоп кейитпөө, алсызга бой көтөрүп чоңдук кылбоо, ичимдиктен, бекерликтен алыс болуу. Ушул негизги сапаттарга ээ болгон жана аларды дайыма так сактаган адам гана башына конгон дөөлөттү качырбай дайым токтотуп кала алат.

Дөөлөттүн адамга келиши жана кетиши жаңырган, толгон жана өчүп жок болгон айды эске салат. Ошон үчүн дөөлөт Айтолду деп аталат.

Акдилмиш – акыл, ой ээси. Акыл адамдарга таандык сапат-касиеттердин эң баалуусу жана керектүүсү. Ал келип-кете турган байлык-дөөлөттөн айырмаланып, адам менен кошо жаралат жана кошо жашайт, ошондуктан ал – ар бир адам үчүн түбөлүк кенч. Бул образдын төрт тарабы тең, кемчилиги жок. Анткени:

«Акылдуу бардыгынан бийик турат,
Көп сапаттын үстүнө акыл чыгат».

«Акыл – чоң баа, мындан артык энчини эңсеп болбойт, жакшылыкты бир гана акыл берет». Акылдын мааниси, пайдасы, жашоодогу орду, адам баласынын адамдык сапатынын көрүнүшүндөгү ролу Акдилмиштин – акылдын мааниси жөнүндөгү Күнчыктыга айткан сөздөрүндө, өкүмдардын берген суроолоруна берген жообунда кенен айтылган. Акыл айрыкча илим-билим менен бириккенде эң жогорку деңгээлге көтөрүлөт.

Өткүрмүш – колунда барга каниет кылуунун элеси. Өткүрмүштүн Күнчыктынын чакырыгынан баш тартып келбей коюусу аркылуу автор байлыктан, бийликтен баш тартып, бул дүйнөнүн жыргалчылыгын опосуз деп түшүнгөн образды берет. Бирок акын Жусуптун өз ою мындай философиясы каршы. Ошон үчүн анын идеал каарманы Акдилмиш Өткүрмүштү оюнан кайтып, элге кошулууга чакырат.

Поэманын биз үчүн өзгөчө мааниси автор жараткан образдардын баасында эмес, чыгарманын мазмунунда баяндалган таамай ой, эл түшүнүгүнө жакын туруп, тубаса чындыкка негизделген философиялык корутундуларда.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэманын мазмуну, ал жөнүндө автордун өзүнүн айткандарына көңүл бургула.
2. Поэманын сюжети – окуяларынын өнүгүшү кандай?
3. Поэманын негизги сюжетке кирбеген бөлүмдөрү, ал бөлүмдөрдүн мазмуну, мазмундун берилүү ыгын баяндагыла.
4. Поэманын идеялык багыты кандай?
5. Поэмадагы образдарды чечмелегиле:
   а) Күнчыкты;
   б) Айтолду;
   в) Акдилмиш;
   г) Өткүрмүш.

ПОЭМАДАГЫ АКЫЛ, БИЛИМ, ТИЛ – СӨЗ ЖӨНҮНДӨГҮ БААЛУУ ОЙЛОР

«Кутадгу билиг» адам турмушунун эң эле көп жактарын өзгөчө кеңири ичине камтып, алар жөнүндөгү автордун баасын, түшүнүгүн чагылдырат. Чыгармада козголгон ойлордун баарын

http://edu.gov.kg

бириктирип турган жалпы теманы табуу кыйын. Анткени анда күн-түн, жыл мезгилдери, планеталар, жылдыздардан тартып, тил, акыл-ой, илим-билимге чейин, адилеттик, калыстыктан тартып, аскер башчысы, ашпозчуга чейин, дыйкандан тартып ордо кызматкерине чейин, аял тандоодон тартып, балдарына тарбия берүүгө чейин ж.б. көптөгөн маселелер боюнча ойлор айтылат, баа берилет, ар бир сапат, кесиптин ж.б. оң-терс жактары ачылып чечмеленет. Ыр саптарында кеңири жолуккан макал-ылакаптарда жана макал-ылакап түрүнө келтирилип түзүлгөн турмуш тажрыйбасынын корутундулары катары айтылган чулу ойлордо жакшы-жаман, оң-терс жөнүндөгү көптөгөн этикалык түшүнүктөр баяндалат. Чыгарма дидактикалык мүнөздөгү жыйнак түрүндө түзүлгөндүктөн бир ой, түшүнүк бир эле жерде айтылып чектелбестен, формасы, же берүү ыгы өзгөргөн түрдө китептин ар кайсы жеринде, башка темаларда кайталанып айтылган учурлар да аз эмес.

Чыгармада козголгон ар бир маселе, түшүнүккө карата автордун мамилеси, баасы, түшүндүрмөсү бир кылка эмес, өйдө-ылдый, кээсине кошулууга болбойт. Анткени, автордун өз учурунун түшүнүк деңгээлине, чөйрөсүнүн талабына ылайыкталган көптөгөн ой жоруулары чектелген жана чындыкка туура келбейт. Бирок, поэмада турмуш чындыгынын корутундусун чагылдырган, элдик көз караш түшүнүктөрдүн позициясында турган ой-пикирлер да арбын. Булардын ачык үлгүлөрүн акындын акыл, билим, тил-сөз ж.б. жөнүндөгү түшүнүк-пикирлеринен даана көрөбүз.

Акындын түшүнүгү боюнча акыл – адамды айбандан айырмалап турган негизги сапат. Адамдын жан-жаныбарлардан айырмаланган улуулугу акыл-эсинде.

«Акыл – чырак күүгүмдө, сокурга – көз,
Денеге – жан, үндөбөс дудукка – сөз!».

Поэманын «Акдилмиш эликке акылдын маанисин айтат» деп аталган 27-главасы:

Айтты Акдилмиш: «Акыл – кубаныч негизи,

Акылдуу – адилет да, байлык ээси»,– деген саптар менен башталат. Бул кош сап ырдагы берилген маани боюнча акыл кубанычтын – ийгиликтин негизи, ал – адилеттиктин да, бай-

http://elibrary.kg

лыктын да ээси, б. а. китептеги урматталган адилеттик, дөөлөт-бакыт сыяктуу түшүнүктөрдөн жогору турат. «Акылдуу жакшы жолду таба билет. Жаш болсо да жакшы иши андайдын, иши менен жакшы атанат ал дайым. Кайрылса кайда болсо – иши бүтөт, сүйлөсө сөзү орундуу – ойго жетет. Түшүнбөстү тез эле түшүндүрөт, кандай түйүн болсо да чече билет. Оңду, солду, алды, артын таамай көрөт, баарын билип, баарына мөөнөт берет. Учканды илип, качкандарды куткарбайт, кыйшыкты оңдоп, сыныктарды тез жалгайт. Акылда жакшылыктын башталышы, өзүндө баары түгөл, баары жакшы. Шашылбайт, салмак менен ишин баштайт, эң алгач баарын ойдо бүтөйт, тактайт!». Акыл илим-билимге сугарылса, бул эки сапат бири-бирине шериктеш болуп, кошулушса төрт жагы түгөл болот. Анткени, акыл окуу-билимдин жардамы менен гана күч алат, өсүп-өнүгөт, тазаланат. «Түшүнгүн: караңгы үй – адам деген, жарык күн ага келет билим менен». Акыл менен билимде улуу маани жатат. Алардын бирдиги баарыга жеткирет.

Поэмада акыл менен билимден кем маани берилбеген сапаттардын бири – сөз өнөрү. Автордун түшүнүгү боюнча:

«Тил көпүрө илим менен билимге,
Тил адамга кубаныч берет өмүрдө.
Тил адамды бакыт, даңкка жеткирет».

Ошону менен бирге эле бири-бирине карама-каршы келген мындай эки жактуулуктун сыры тилдин – сөздүн маани касиетинде. Анткени:

«Тил адамды шорго салат, өлтүрөт,
Тил – арстандай босогоңдо комдонгон.
Байкабасаң өзүңдү да жеп койгон,
Көп сүйлөсөң ойлонбой кырсык келет...».

Акын Жусуптун тил, сөз жөнүндөгү айтылган ойлорунан чыгуучу идеялык корутунду: сөз орду менен айтылып, жөндүү болсо адамга пайда келтирет, орунсуз, орой айтылган сөздүн зыяны тиет. Ошон үчүн акын сөз жөнүндөгү ойлоруна жыйынтык катары:

«Туура сөздү сүйлөй билгин тартынбай,
Кыйшык, калптан качкын кектүү касыңдай!» –

деп корутунду чыгарат.

ПОЭМА КЕСИП ЭЭЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

«Кутадгу билигдеги» орчундуу маани берилип, көңүл бурулган теманын бири түрдүү кесипчиликке мүнөздөмө берип, алардын жашоодогу керектүүлүгүн белгилөө. Чынында чыгарманын жалпы көлөмүнүн басымдуу бөлүгүн акындын ушул темага арналган ой-пикирлери ээлейт. Акын өзүнүн турмуш, коом, оң, терс сапаттар ж.б. жөнүндөгү түшүнүктөрү менен айтмакчы болгон ойлорунун көбүн да ушул теманын айланасында, ага байланыштуу берет.

Түрдүү кесип жана ошол кесипке жарактуу адамдар жөнүндөгү ойлорун автор Акдилмишке айттырат. Кесиптерди акын шарттуу түрдө эки топко бөлүп айтат. Биринчисине башкаруу ишине тиешеси бар кесиптер кирет. Буга өкүм ээси бектен, анын жардамчысы вазирден тартып ордо башы, элчи, катчы, башкы ашпозчу менен суусун башыга чейин топтолгон. Бул кесип ээлери жөнүндө Акдилмиш Күнчыктыга анын суроосу боюнча маалымат берет. Кесип ээлеринин экинчи чоң тобу жөнүндөгү түшүнүктөрүн Акдилмиш Өткүрмүш менен сүйлөшкөн сөздөрүндө баяндайт.

Мындай эки топко бөлүү кокустук эмес десе болот. Анткени, экинчи топтогу кесиптер негизинен бир гана социалдык топко эмес, жалпы элдик мүнөзгө ээ. Алар – башкаруучу топ, чөйрө менен түздөн-түз байланышпаган, көбү жалпы элге жакыныраак турган, же элдин арасынан чыккан өкүлдөр. Ошон үчүн бул топ жөнүндөгү ойлорун Акдилмиш бийлик, байлыктан баш тартып, колуңда барга ыраазы болгон адамга – каниетке айтат. Ушул аркылуу автор кесиптердин кайсынысы кимдерге көбүрөөк тиешелүү жана жакын экендигин атайылап белгилеген дешке мүмкүн.

Поэмада жогору бааланган кесиптин бири – илимпоздук.

Билимдүү адамды поэма билими жалпы журтка жол көрсөткөн, жакшы менен жаманды билип, ак жолду ажыраткан, акыйкаттын түркүгү деп эсептейт. Элге караңгы түндө да туура жолду анык көрсөтүп турган жарык бул – билим. Ошон үчүн акын билимдүүлөрдү урматтоого, кадырлоого чакырат жана ар бир адамга билим алууга кеңеш берет, элди илимдүүнүн айтканын кылууга үндөйт.

http://eduportal.uz

Жалпы элге, ар бир адамга керек, сыйлуу кесип ээлеринин бири – дарыгерлер. «Айыктырат кеселден алар элди. Сопсоо туруп кээде адам ооруп калат, а дарыгер кеселге даба табат». Ошон үчүн өлүмгө жолдош болгон ооруга себеп болуу «дарыгерди сыйлагын, достошо жүр, элге керек, айтканын аткара бил», деп кеңеш берет акын.

«Учкул, көркөм сөздөрдүн» ээси акындар да поэмада жогору бааланат:

«Акындар ой көлүнө окшоп турат,
Ал жерде сөз бермети өнүп чыгат».

Поэманын автору акындардын тилин өткүр миздүү кылычка салыштырат жана кеңеш берет:

«Мактаса алар кимди – атак алат,
Жамандаса кимди алар – уят, азап.
Достошуп алар менен жакындагын,
Тилине илинбегин акындардын».

Автордун ишеними боюнча «эң керектүү адамдар» – дыйкандар. Анткени «алардан адам көрөт сый-ыракат, ичер суусун, жээр ашын андан алат», ошон үчүн «дос болгун алар менен – тазарасың, жетиштүү дайым болот алдында ашың». Дыйкандарга мүнөздүү негизги сапат – колу ачыктык, жоомарттык, ошон үчүн алардын адаты – кенендик:

«Кыбыр эткен жердеги тирүү жанга,
Элге – тамак, кушка – дан, баары анда».

Дыйкандарга мүнөздүү ушундай мыкты сапаттарды дайым эсте тутуп:

«Булар менен баарлаш, кошула жүр.
Ачык сүйлөп, ак дилден мамиле кыл»,– деп акын жалпыга кеңеш берет.

Көпкө керек, урмат-сыйга татыктуу кесип ээлерине «өнөргө маш, колу баккан» кол өнөрчүлөр – усталар киришет. Темирчилер, өтүкчүлөр, бычмачылар, боёкчулар, жебечилер, жаачылар ж.б. – ким-кимге болбосун пайдасы тийүүчү керек адамдар. Анткени, «ааламда кооз буюм ушулардан жаралган».

http://ebu.portal.uz

ҮЙ-БҮЛӨ, ТАРБИЯ ЖӨНҮНДӨ

Поэмадагы автор баяндаган моралдык, этикалык түшүнүктөрдүн ичинде адамдын жеке турмушуна, үй-бүлө, бала тарбиялоо маселелерине да кеңири орун берилген жана турмуштун бул багытындагы оң-терс учурга атайын главалар арнайт. Ошон үчүн поэмада баяндалган прогрессивдүү багытка ээ ар бир корутундунун тарбиялык мааниси бар.

Поэманын авторунун түшүнүгүндөгү идеал аял – абийирдүү, уяттуу, эстүү жана айыпсыз болуп, күйөөсүнө чын пейили менен берилген жары. Үйлөнө турган адам аялдын байлыгына да, тегине, сулуу сапатына да карабастан, акыл-эсине кароосу зарыл. «Жүзү эмес, көңүлү сулуу» аял гана эр азаматка чыныгы жар боло алат.

«Уул, кыздуу болсоң:
Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.
Кыз чыгарып, келин ал, куда күтүп,
Кайгы-капа билбеген байлык бүтүп».

Автордун ар бир адамга карата айткан бул кеңеши, тилек-каалоосу ким-кимдин болбосун жакшы ой, мүдөөсү менен үндөшүп турат. Ошондой эле уулуңа жакшы нерсе үйрөт, дайым көз салып, тескеп тур, кызыңды убагында узат ж.б. деген сыяктуу ойлорунда акын Жусуп турмуш тажрыйбасынан көрүнгөн чындыкты, ар бир адамдын жакшы тилеги менен байланышкан ойлорду айтат. Бирок бул маселелерге байланыштуу да акын айрым туура эмес түшүнүктөргө жол берет. Анын ою боюнча деги эле кызы жок болгон жакшы. Эгер төрөлсө, ал өлүп калса деле мейли. Мындай, кызды бала катарында эсептебей мамиле кылуу – феодалдык уруу түзүлүшүнүн учурундагы аталык коом идеясынын таасири менен пайда болгон түшүнүк.

ПОЭМАНЫН МААНИСИ

Улуу акын баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы – жалпы адам баласына таандык маданияттын алтын казынасынан орун алган чыгармалардын бири. Бул поэмада баяндалган турмуш тажрыйбасынын корутундула-

http://eduportal.uz

рын чагылдырган ой-пикирлер прогрессивдүү багыты, эл түшүнүгүнө жакын тургандыгы менен баалуу. Ошон үчүн чыгарма пайда болгондон бери адам баласынын көптөгөн муундарынын көңүлүн буруп, кызыкчылык туудуруп келе жатат. Поэмада баяндалган прогрессивдүү ойлордун ичинде бүгүн да өз маанисин жоготпогондору, турмушта керекке жарай тургандары бир топ арбын. Поэманын авторунун илимдин, акылдын, калыстык менен адилеттиктин ж.б. мааниси, маңызы жөнүндөгү ойлору турмуштагы тубаса, өзгөрүлбөс, түбөлүктүү чындыкты баяндагандыктан аларды дайым керек, көөнөрбөс маанидеги түшүнүктөр катары эсептөө оң.

Поэманын мазмунун түзгөн терең ойлор өзгөчө бай тилдин жардамы менен, чебер көркөмдүктө баяндалган. Бул сыяктуу бай жана терең мазмун менен жогорку деңгээлдеги форманын бири-бирине шайкеш келип турушу да чыгарманын өзгөчө баасы менен баркынын негизги себептеринин биринен. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин бир тобу өз жазуу-сызуусунун, жазма адабиятынын тарыхын ушул чыгарма менен байланыштыруусунун өзү эле поэманын маанисине айкын күбө боло алат.

Байыркы түрк жазма эстеликтеринин бул маанилүү үлгүсүн узак убактардан бери көптөгөн окумуштуулар изилдөөгө алып, көп элдердин тилдерине которулуп, басылып чыгып, көптөгөн муундар үчүн кызмат өтөп келе жатат. Ата-бабадан калган маанилүү мурас катары бизге да тиешеси бар бул чыгарма менен элибизди кенен тааныштыруу аракети бир топтон бери көрүлүүдө. Кыргыз илимпоздору поэмага таандык түрдүү проблемалар боюнча өз ойлорун айтуу аракеттерин көрсө, акындар чыгарманы эне тилибизге которуу боюнча ат салышууда. Поэманын айрым үзүндүлөрүн К. Артыкбаев, С. Сарыпбековдор мурда которуп, басма сөз беттеринде жарык көргөн. Поэманын толук текстин байыркы түрк тилинен Т. Козубеков которуп, китеп түрүндө «Кыргызстан» басмасынан 1988-жылы чыгарды.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Кутадгу билигдин» мазмунунун өзгөчө кеңири мүнөзү, негизги темалары – адам баласынын жашоо турмушунун дээрлик бардык жактары экендигин аныктагыла.

http://eduportal.uz

2. Поэмада төмөнкү маселелер кандай чагылдырылган:
   а) поэма акыл жөнүндө;
   б) тил – бардык ийгиликтин көпүрөсү;
   в) билимдин мааниси, пайдасы;
   г) кесиптин мааниси;
   д) башкаруу өнөрүнө байланыштуу кесиптер;
   ж) илимпоздук, көркөм сөз өнөрү;
   з) үй-бүлө, тарбия жөнүндө.
3. Поэманын мааниси кандай болгон?
4. Поэманын тексттерин окуп чыгып, андагы кезиккен акыл, байлык, адамгерчилик, билим, үй-бүлө жөнүндөгү ойлор айтылган ыр саптарынын ичинен ушул эле темадагы кыргыз макал-ылакаптарынын үндөшүп турган үлгүлөрүн таап, өзүнчө тема-темага бөлүп жазып келүү.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ. ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМА. БЕЙТ

Дидактика гректердин «дидактикос» – үйрөтүү, окутуу деген сөзүнөн алынган. Атайын термин катары педагогикалык чыгармаларда XVII кылымдан тартып колдонула баштаган. Белгилүү чех педагогу Я.А. Коменский коомдук тарбиянын негизги проблемаларын, балдарды окутуу жана билим берүү жолдорун иштеп чыккан «Улуу дидактика» аттуу 1657-жылы жарык көргөн эмгегинде ушул терминди биринчи болуп колдонгон. Дидактика XIX кылымдан тартып педагогика илиминин билим берүү теориясы жөнүндөгү бөлүгү катары кабыл алынган. Азыркы шартта дидактика билим берүү жана окутуу теориясы жөнүндөгү педагогикалык илимдин атайын бөлүгү деп түшүнүлөт.

Көркөм сөз аркылуу акыл-насаат айтып, таалим-тарбия берүүнү атайы максат эткен, жүрүм-турум эрежелери, оң-терс, жакшы-жаман, этика ж.б. жөнүндө баяндаган чыгармаларды дидактикалык чыгармалар дешет.

Дидактикалык ойлор көлөмү чакан жана ошондой эле көлөмдүү чыгармаларда да айтылышы мүмкүн. Кээде атайын ушул темага арналган көлөмү чоң көркөм эмгектер да жолугат. Мисалы, Баласагындык Жусуптун «Кут алчу билим» поэмасы дидактикалык мазмундагы чыгарманын үлгүсүнө жатат.

https://edu.gov.kg

Тилимден көп жапа чектим, эсебим:
Башым кесилбес үчүн тилимди кесемин!

Сөзүңдү тый, башыңды кесип албасын,
Тилиңди тый, тишиң сынып калбасын!

* * *

Мына ушуга окшогон таза акыл-насаат берилген ырлар поэманын негизги мазмунын курайт.

Кыргыздардын оозеки көркөм чыгармаларында маңызы жалаң таалим-тарбия маселелерине арналган үлгүлөр да кезигет. Мисалы, макал-ылакаптар, санат-насыят ырлары ж.б. Макал-ылакап, санат-насыят ырларын сөздүн толук маанисинде дидактикалык чыгармалар дешке мүмкүн.

«Дидактикалык» деген түшүнүктүн кээде эч пайдасыз, кургак акыл айтуу дегенди туюнткан мааниси да колдонулат.

Бейт – ыр куруунун өзүнчө атайын ыгы, же ырдын формалык белгилеринин бири. Чыгыш элдеринин поэзияларында, айрыкча араб-фарсы акындары өз чыгармаларында кеңири пайдаланган ык. **Бири-бирине ыргак, уйкаштык жактан тыгыз байланышып, өзүнчө бүткөн белгилүү ойду, маанини туюнтуп турган эки сап ыр бейт делет.** Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы ушул ык менен жазылган. Кыргыз көркөм сөз өнөрүндө бейт салттык белгиге жатпайт. Жазма адабияттын өкүлдөрүнүн айрым чыгармаларында гана кээде-кээде кезигиши мүмкүн.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында көбүнчө ыр куруунун төрт сап ырдан турган куплет түрүндөгү ыгы кеңири жайылган. «Манас» эпосунун тексттеринде төрт сап ыр-куплет ыгы жок, анда уйкаштык жана ыргак бир маанини туюнткан ар түркүн сандагы ыр курамына бириктирилип түзүлгөн.

Бейтти ыр түрүндөгү аткарган милдети боюнча куплет катары кабыл алса болот. Бирок ыр курамы эки саптан туруп, өз ара уйкашы жана ошол эки сап ыр өзүнчө бүткөн ойду берип турушу шарт. Мисалы,

«Акыл – чырак күүгүмдө, сокурга – көз,
Денеге – жан, үндөбөс дудукка –сөз!».

http://e-dorpotal.uz

Жусуптун «Кут алчу билим» поэмасынан (анын кыргыз тилиндеги котормосунан) алынган бул эки сап ыр бейт ыгы менен түзүлгөн: эки саптан турат, өзүнчө бүткөн ойду баяндайт, саптар өз ара уйкашкан. Аткарган милдети жактан эки сап ыр бизге көнүмүш болгон төрт саптык бир куплет ырдын жүгүн көтөрөт.

Кыргыздын макал-ылакаптарында да эки сап ыр түрүндөгүлөрү көп. Бирок аларды атайылап бейт ыгы менен курулган дешке негиз жок. Чыгармалардын ал түрдөгү курулушу – элдин мурдатан иштелип чыккан өз ыгы. Жалпы эле макал-ылакаптарда бейттик сыяктуу эле куплеттик ык да туруктуу белги эмес. Макал-ылакатар адатта бир сап, көбүнчө эки сап, кээде төрт же андан көп саптардан куралат да, атайын чек сакталбайт, негизги маанеге айтылуучу ойдун бүткөрө баяндалышы ээ.

Жусуп өзүнүн китеби тууралуу:

Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп – эң биринчи биздин тилде.

Билимдүү бул китептин баркын билет,
Окуган – акыл-оюн эске түйөт.

Ушул китеп – улуу күндөр жемиши,
Билимдүүгө – терең билим деңизи.

Жалаң акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,
Шуру сымал жибек жипке тизилген.

Ким китепти окуй билсе түшүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

http://edu.portal.uz



КАШКАРЛЫК МАХМУД

(1029–1126)

«ТҮРК ТИЛДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ»

Кашкарлык Махмуддун өз толук аты – **Мухаммеддин уулу Хусейиндин уулу Махмуд** (Махмуд ибн Хусейин ибн Мухаммед). XI кылымда жашаган бул адам көп жактуу окумуштуу болуптур. Анын эмгектери Махмуддун түрк элдерин изилдөөчү, тилчи, лексикограф, этнограф, фольклорчу, тарыхчы, географ катары өз учурунун терең билимдүү адамы жана илимдин саналган багыттары боюнча орчундуу изилдөөлөр жүргүзгөн инсан экендигин айгинелейт.

Окумуштуунун өмүр жолу жөнүндө сакталып калган так маалыматтар жокко эсе. Жадаса кайсыл жерде, качан туулуп, кайда, качан дүйнөдөн кайткаңы белгисиз. «Сөздүктөгү» айрым маалыматтарга караганда Махмуддун атасы Хусейин Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде жайгашкан байыркы шаарлардын бири Барскандын (азыркы Барскоон кыштагынын ордунда болгон деп божомолдонот) эмири болуптур. Хусейиндин атасы Мухамед бийлик төбөлдөрүнүн Караханилер тукумунан – Кадыр хандын уулу.

Илимге белгилүү айрым божомол маалыматтарга караганда Махмуд Кашкар шаарына жакын Азык деген жерде 1029–1302-жылдар аралыгында туулган экен. 1126-жылы 97 жашында Опалда дүйнөдөн кайткан делип божомолдонот. Эгер ушул фактыга таянып жыйынтык чыгарса 1029-жылы туулган дешке мүмкүн. Махмуддун балалык күндөрү Барскандa өтүп, алгач билимди Кашкар шаарында алып, аны Багдадда улантыптыр. Араб тилин мыкты билген, өзү кыдырып жүрүп көрүп, түрк тукумундагы элдердин турмушу менен жакшы тааныш болгон. Бул жөнүндө ал өзү: «өзүм анык таза тилде сүйлөгөн жана теги боюнча эң биринчи орунда

http://elibrary.uz

турган түрк тукумунан чыксам да түрктөрдүн ою-тоосун, түзү-талаасын нукум жерин калтырбай айыл артынан айыл койбой кыдырып чыктым. Мен түрктөрдүн, түркмөндөрдүн, огуздардын, чигилдердин, ягмалардын, кыргыздардын уйкаштыкка келтирилген жандуу сөздөрүн акылыма түйдүм. Ушул түрдө өтө узак изилдегенден кийин жана изденүүдөн кийин мына бул китепти эң жатык тилде, барып турган көркөм үлгүдө жаздым». Демек, автор өзү күбө өткөнгө караганда Махмуд Кашгаринин негизги эмгеги болгон «Диван лугат-ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү») – окумуштуу көп жылдар бою түрк уруу-элдеринин арасында кыдырып жүрүп алардын турмушу, көркөм маданияты, тарыхы, географиясы, үрп-адат, каада-салты, тили менен кеңири таанышкандан кийин, ошол алган маалыматтарын автор өз алдынча электен өткөрүп, иликтеп салыштырып, белгилүү корутундуларга келгенден кийин жазылган эмгек.

Кашкарлык Махмуд «Сөздүгүн» мусулман жыл саноосу боюнча хижранын 464–466-жылдарында жазган. Ал дата бүгүн биз колдонуп жүргөн жыл саноонун 1072–1074-жылдарына туура келет. Багдад, Кашкар, Нишапур, Самарканд шаарларынын биринде жазылган болсо керек деген жоромол айтылат.

Махмуд Кашгаринин өзү жазган кол жазмасы бизге жеткен эмес, илимге анын көчүрмөлөрү гана белгилүү. Түп нусканын 1226-жылы Мухаммед ал-Сави тарабынан жүзөгө ашырылган көчүрмөсү Түркияда басмадан чыккан жана башка тилдерге, ошонун ичинде өзбек тилине да которулган. Түп нускадан 1266-жылы Абу-Бекр ал-Дамаски деген адам көчүргөн үлгү 1914-жылы Стамбулдун китеп базарынан табылган. Ал көчүрмө азыр Стамбулда сакталат. «Сөздүктүн» 1–2 тому 1915-жылы, 3-тому 1917-жылы Стамбулда басмадан чыккан. «Сөздүктү» С. Муталлибов өзбек тилине которуп, ал котормо үч том түрүндө 1967-жылы Ташкентте басмадан чыгып, жарык көргөн.

«Сөздүктүн» 1914-жылы табылып, азыр Стамбулда сакталган нускасынын негизинде кол жазманын автору кашкарлык Махмуд экени аныкталган.

«Түрк тилдеринин сөздүгүндө» 7500гө жакын түрк сөздөрү камтылган. Алардан башка да ошол кездеги түрк тилдеринин

фонетикалык, грамматикалык жана диалектилик өзгөчөлүктөрү, түрк урууларынын тарыхы, жайгашкан аймактары, этнографиясы, оозеки көркөм чыгармаларынын үзүндүлөр, тилдердин классификациясы жөнүндө маалыматтар берилип, дүйнөнү ошол мезгилдеги түрктөрдүн түшүнүүсүн чагылдырган тегерек карта келтирилген. «Сөздүктө» 290 макал-ылакап, 100 чамалуу ыр, 100гө жакын шаар, кыштак (Аргу, Баласагын, Барскан, Фараб ж.б.), астрономиялык, географиялык атоолор (Эртиш, Иле, Жейхун, Ысык-Көл ж.б.), уруу аттары (аргу, кыргыз, чигил ж.б.), 100дөй адам аттары (Бектур, Иса ж.б.) саналат. «Сөздүктө» Караханилер мамлекетинин тутумуна кирген түрк урууларынын тил өзгөчөлүктөрү алда канча кеңири чагылдырылган. «Сөздүктүн» мазмунуна караганда XI кылымда Караханилердин чыгыш бөлүгүндө чигил, ягма, кыпчак ж.б. уруулар жана элдер жашаган. Кыргыздар «Сөздүктө» түрк урууларынын бири катары үч жерде эскерилет.

Кашкарлык Махмуд «Сөздүгүндө» келтирген дүйнө жүзүнүн картасы өзүнчө кызык маалыматтарды камтыйт. Карта тегерек болуп, азыркы картанын жарым шар формасына туура келет. Автор өзү: «Румдан Мачинге чейинки болгон шаарлардын ордун аныкташ үчүн аларды жер түспөлүндөгү тегеректе көрсөттүм»,– деп жазат. Тегеректин чети көк жашыл боёк менен сызылган. Бул жер шарын океандар курчап турат дегенди туюнтат. Кашкарлык Махмуддун бул картасы негизинен орто кылымдардагы Чыгыш элдерине белгилүү карталарга жакын түзүлсө да, өзүнчө айырмачылыктары бар. Мисалы, жер шаарынын борбору делип Ысык-Көл менен Баласагындын аралыгы көрсөтүлөт. Ал эми орто кылымдардагы арабдар түзгөн карталарда жер шарынын борбору катары Мекке менен Медина шаарлары жайгашкан жерлер көрсөтүлчү. Картанын актай жерлери да бар. Анын үстүнө өтө одоно ката кетирилген жерлер да кезигет. Мисалы, бул карта боюнча Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыя Каспий деңизине куят. Ошондой болсо да Махмуд Кашгаринин бул картасы өз учурунун баалуу эмгектеринин бири болгону күмөнсүз.

Кашкарлык Махмуддун «Түрк тилдер синтаксисинин негиздери» («Жавохирун-нахв фи лугати-түрк») – деген эмгеги бар экени белгилүү. Бирок ал эмгек бизге жеткен эмес.

Кашкарлык Махмуд «Түрк тилдеринин сөздүгүн» 1072–1083-жылдары жазган болсо, Баласагындык Жусуп 1069–1071-жылдары жазып бүтүргөн. Түрк журтчулугунун эки улуу чыгармасы дээрлик бир мезгилде жазылган болсо дагы, алар бирин-бири толуктап, бир-биринин кадырын арттыра түшкөн. Убакыт өткөн сайын алардын баасы арта бериши анык.

Кашкарлык Махмуд жыйнаган макал-ылакаптардан

Бир-бирден миң болот,
Тама-тама көл болот.

Көздөн алыстаса, көңүлдөн да алыстайт.

Каса батыр өткүнчү жамгырдай,
Билимдүү мылтыктын огундай.

Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт.

Жалгыз каздын үнү чыкпайт.

Токойдо карышкыр улуса,
Үйдөгү иттин боору солкулдайт.

Тегирменде туулган чычкан тарсылдаган үндөн коркпойт.

Куш тузакка жем үчүн илинет.

Буудайдын аркасынан буудайык суу ичет.

Төө минген кой арасына жашынбайт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кашкарлык Махмуд өз заманынын белгилүү инсаны жана окумуштуусу экендигине көңүл бургула.
2. «Түрк тилдеринин сөздүгү». «Сөздүктүн» мазмуну, камтыган материалдары кандай?
3. Кашкарлык Махмуд түзгөн дүйнө жүзүнүн картасынын маанизи, ролу кандай болгон?

http://edu portal.uz

УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫЛМАН ИНСАНДАРДЫН МУРАСТАРЫНАН

Кыргыз эли табиятынан таланттуу келип, илгертен ырчы-жарчыларга, жамакчы-жомокчуларга, акындарга, санжырачы жана сынчыларга абдан бай, бирок учурунда элдин жазмасызмасы болбогондуктан андай инсандардын көпчүлүгүнүн ысымдары бизге жеткен жок. Көзү өткөн ошол ата-бабаларыбыз өздөрүнө чейинки, илгертен калган көркөм сөз өнөрүн мурас тутуп, байытып өнүктүрүп, өздөрүнүн артынан да соолбос булак, сөз өнөрүнүн мурасын калтырып кеткенин тана албайбыз. Кайсыл бир доордо өмүр сүрүп, анан улам мезгил өткөн сайын эл оозунда айтылып, анын аң-сезиминде сакталып калыш үчүн жөнөкөй эле катардагы карапайым адам болуу жетишсиз. Ал үчүн же мезгил күүсү менен бирге чертилген доордун улуу даражадагы тарыхый инсаны, же болбосо табиятынан талант даарыган чыгармачыл адам, кептин толук маанисинде, акылман-даанышман адам болуу керек.

Орто кылымдарда (балким, андан бир аз мурдараак) өмүр сүрүп, чыгармачылыгын ошол мезгилдин мерчемине өнүктүрүп, бүгүн минтип ысымдары тек гана уламышка айланып калган Бука ырчы. Ырамандын ырчы уулу, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, сынчы-акын Жайсаң, Асан Кайгы өңдүү инсандар жогоруда биз айткан кыргыздын атамзамандан бери куйрук улап келе жаткан таланттуу даанышмандарынын айрымдары гана. Алар биз үчүн өмүр бою үйрөнө турган адабий, маданий мурас калтырып кетишти. Ал мурасты үйрөнүү менен биз элдин өткөн турмушун: каада-салтын, үрп-адатын, жашоо мүнөзүн жана ойлоо психологиясын жазбай үйрөнөбүз. Алар аркылуу качандыр бир мезгилдерде ата-бабаларыбыз менен эриш-аркак өмүр сүрүп, элде не бир акылман-даанышман инсандардын жашаганын кастарлай билүүгө дит байлайбыз. Ошондон улам бүгүнкү турмуштиричилигибиздин, жашообуздун маңызын аңдап, эртеңки күнүбүздү, келечегибизди түптөйбүз.

БУКА ЫРЧЫ

Ысымы уламышка айланган бул инсан жөнүндө адабиятчылардын (кеңири болбосо да) айрым изилдөөлөрү бар. Тилекке каршы алардын баарында ырчынын атын Кетбука деп беришет, бул туура эмес. Орто кылымдарда өмүр сүргөн бул даанышман адамдын азан чакырып коюлган чын аты Бука эле. Эми Кетбука аты кайдан, эмнеликтен жаралып калды?

Бука ырчы найман уруусунан чыккан белгилүү инсан болгон, ал болжол менен XIII кылымдын биринчи жарымында өмүр сүргөн. Так ошол мезгилдерде Алтын ордо өкүмдарларынын бири Чыңгыз-хан жашаганын силер тарых сабагынан билесиңер. Кан төгүлгөн салгылаштардын биринде анын уулу Жуучи хан өлөт. Тарыхый так маалыматтарга ылайык ал 1127-жылы каза болгон. Ошондо каардуу ханга баланын өлгөнүн угузууга эч ким даабайт. Бука ырчы табият талант тартуулаган чечен гана болбостон, эл билген бий, чатакты баскан (сөзү эки болбогон) даанышман болгон экен. Бул суук кабарды Бука ырчы угузат. Текстти окуп көрөлү:

«Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын туур ордунан,
Туйгун качты, Айганым.
Алтын ордо багынан,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрдү Айганым.
Ала-Тоо кулап бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур чачып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Төрөлөрдүн уругунан,
Төл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптаттуу,
Ынак көчтү, Айганым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айганым».

Айганым деп Чыңгыз-ханды айтып жатат. Көп маалыматтарда ал Ай-хан деп айтылат. Ай шооласынан, нурдан бойго бүтүп, күнөөгө бата элек кыздан төрөлгөн деген мифологиялык түшүнүк бар.

Тигинтип табышмактатып ырдап олтурганын Ай-хан дароо түшүнөт, «тулпар качса карматпай, менин туйгунум өлгөн турбайбы, көнөктөп жамгыр төгүлсө, менин көзүмдүн

http://edu.portal.kg

жашы турбайбы» деп баласынын өлгөнүн түшүнөт. Сөзүнүн аягында суук кабар угузганы үчүн ырчыны жекирген жери бар:

«Кет, кет, Бука, кет Бука,
Кеби жаман, ит Бука.
Карап турган кашымда,
Көзүң курсун, ит Бука.
Комуз чертип ырдаган,
Ырың курсун, ит Бука».

Кыязы, ушундай саптардан кийин изилдөөчүлөр ырчынын атын Кетбука деп жаза башташса керек.

Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда Бука ырчынын Айгандын баласынын өлгөнүн угузганы жөнүндө бир нече варианттагы материал бар. Ар биринде ар кандай айтылганына карабай, баарынын маңызы бир.

Ысмы уламышка айланган бул ырчы жөнүндө мындай уламыш-кептерден башка эл ичинде бир нече күүлөр да сакталып калган.

АСАН КАЙГЫ

Алтын ордо өкүмдарларынын бири Жаныбек кан өз бийлигин Анжиян, Ташкент, Бадахшан, Хива, Казан, Үргөнч, Сары-Арка, Кара-Тоо, тыягы Астрахань, Крымга чейинки аймактарда жүргүзгөнү бизге тарых сабагынан белгилүү. Анын өкүмдарлык мезгили XIV кылымга (1341–1357-жылдар) туура келет. Илимий маалыматтарга караганда Асан Кайгы ошол Жаныбек кандын тушунда жашаптыр. Ал мезгил катардагы карапайым элдин турмушу үчүн абдан катаал ырайымсыз жылдар болгон.

Тилекке каршы бизде Асан Кайгынын ата-теги, өмүр-таржымалы жөнүндө эч кандай маалымат жок. Акындын калтырып кеткен азыноолак ырларынан улам биз анын кечирген турмушу, адам катары турмушта медер туткан түшүнүктөрү, карманган позициясы тууралуу ой айта алабыз. Табиятынан көзү ачык, талант даарыган адам элдин башынан кечирген

http://eduportal.uz

азабына көңүлкош карай албайт эле. Асан Кайгы да өз элинин муңун-муңдап, зарын-зардап, анын көрөөр күнүн ойлоп кайгы тартып жүрүп, Асан Кайгы атыкты. Асан Кайгы жөнүндөгү бизге жеткен аңыз кепте ал Жаныбек кандын катаалдыгына, таш боордугуна карата өз оюн тайманбай айтып, кандын жүргүзгөн адилетсиз бийлигинен жабыр тартканкалктын оор турмушун, кайгы-касиретин тең бөлүшкөн ары акын, ары ойчул адам катарында мүнөздөлөт.

«Ай, кан, мен айтпасам билбейсиң,
Айтканыма көнбөйсүң.
Чабылып жаткан калкың бар,
Аймагың көздөп көрбөйсүң.
Кымыз ичип кызарып,
Мактанып кызып тердейсиң.
Өзүңдөн башка кан жоктой,
Өрөпкүп неге сүйлөйсүң?» –

деген дооматын канга тайманбай айтат. Өкүмдарлыгы эбегейсиз болгон ырайымсыз Жаныбектин өз элине жасаган тигиндей мамилесинен сырттагы душмандар пайдаланып, ансыз да таланган элдин абалы андан бетер болбойбу деген кайгысын билдирет. «Айрылдың кандык каададан» деп кандын өз элинде аброй күтө албай калганын акын өкүмдардын өз бетине айтат. Акындын канга карата айткан ушул ырында «Ай, Жаныбек, ойлосоң, кыйды заман болбойбу» деген саптары бар. Мында акын эл башына алаамат күн түшөөрүн ойлоп кайгыга батканын көрөбүз. Демек, Асан Кайгы – өз элинин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, анын кызыкчылыгы менен жашаган элдик адам. Эл мындай адамдарын дайым кастарлап, алардын айта жүргөн нускалуу кептерин жерге таштабай укумдан-тукумга мурас катары асырап калтырып келген.

Асан Кайгы жөнүндө түрк тилинде сүйлөгөн айрым элдерде да маалыматтар бар, асыресе, казактар менен каракалпактарда, ногойлор менен бизде – кыргыздарда оозеки чыгармачылыктын ар кандай формаларында: жомок, дастандарда, уламыш-легендаларда, макал-ылакаптарда, учкул сөздөрдө жана элдик ырымдарда айтылат. Акын өз чыгармачылыгын-

http://ziyouzportal.uz

да негизги тема катары карманган маселеси жер бетинде тиричилик улаган жандуу-жансыздардын баарын аёо, аларга астейдил, жапакечтик менен мамиле жасоого чакыруу болгон. Акын жөнүндөгү айтылган аңыз кепте да анын чыгармачылыгынын негизги багыты ырайымсыздыкка каршы коюлуп, элди боорукерликке, жароокерликке үндөгөн акын катары берилет.

АСАН КАЙГЫНЫН ЫРЫ

Салган тамы жок,
Кылган камы жок.
Алган даны жок,
Баккан малы жок.
Мал багарга алы жок,
Көзү башын көгөртүп.
Баягы көгөн байкуш кантти
экен?
Жатарына жайы жок,
Көрө турган көзү жок.
Чымын байкуш кантти экен?
Таразасын көтөрүп.
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап.
Бака байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок.
Доңуз байкуш кантти экен?
Кирер эшиги жок.
Корголор тешиги жок,
Коңуз байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап.
Көргүлүктү көргөн чыгар,
Балык байкуш кантти экен?
Жайлоодо жабуу албаган,
Арык байкуш кантти экен?
Өөдө чыкса белим деп,
Ылдый түшсө тизем деп.
Токтото албай өз боюн,
Кары байкуш кантти экен?
Түн ичинде кыз издеп,
Улан байкуш кантти экен?
Айдай бетин тытынып,
Жубан байкуш кантти экен?
Курт-кумурска үйү жок,
Куурап баары өлгөн чыгар.
Өлбөсө да байкуштар,
Көргүлүктү көргөн чыгар.
Жанын сууда жашырып
жүргөн,
Жаян байкуш кантти экен?
Колун алып бооруна,
Коркуп качып жүргөн.
Коён байкуш кантти экен?
Уясын кар баскан чыгар.
Шору таштай каткан чыгар,
Муздап карга жаткан чыгар.
Чымчык байкуш кантти экен?
Ээси жок багарга.
Элик байкуш кантти экен?
Жерге-сууга жукпай жүргөн.

http://edu.gov.kg

Жейрен байкуш кантти экен?
Бөрү мунун душманы эле,
Бөкөн байкуш кантти экен?
Кара таштан жай алган,
Таштан башка үйү да жок эле.
Үй оокаттын бири да жок эле,
Кийик байкуш кантти экен?
Чилде түштү кыш болду,
Суунун баары тоңуп муз болду,
Каз, өрдөктөн канча өлдү экен?
Каркыра байкуш кантти экен?
Оокат кыларга эри жок,
Отун аларга эби жок.
Чапаны жыртык, жеңи жок,
Жесир байкуш кантти экен?
Жеңесинен жеме угуп жүргөн.
Көңүлдөн калгыс кеп угуп жүргөн,
«Жетим шүмшүк» деп угуп жүргөн,
Кийими жок жылаңач болсо.
Тебетей жок жылаңбаш болсо,
Көзүнөн мончоктоп жаш агып жүргөндүр.
Жетим байкуш кантти экен?
Бай-бай оокат ай.
Жок болсо мал кыйынын кантейин.
Табылбаса нан кыйынын кантейин,
Ажал жетип өлгөнчө, аманат чиркин,
Жан кыйынын кантейин!
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап.
Чалбарларын кие албай.
Чалдар байкуш кантти экен?
Байпагын кие албай,
Басып жүрө албай.
Балдар байкуш кантти экен?
Келин тил албай,
Не кыларын биле албай,
Жөн басып жүрө албай,
Кемпир байкуш кантти экен?

АСАН КАЙГЫНЫН ЫРЫ ТУУРАЛУУ

Акындын бизге белгилүү 198 сап ырынын дээрлик жарымы – анын жаныбарлардын турмушун ойлоп кайгы тартканын күбөлөгөн ырлар. «Куйругу жок, жалы жок – кулан байкуш кантти экен, боорунда буту жок – жылан байкуш кантти экен» деп акын жаныбарлардын адам турмушунда пайдасы бар же жогуна карабай тегиз баарынын күнүн ойлойт. Ал тирүүлүктүн баркын сезе билүү керек деп эсептейт.

http://edu.ortal.uz

Асан Кайгынын бекем ишениими боюнча жан-жаныбарлардын башына келген кайгыны, мүшкүл ишти сезе билүүнүн өзү адамдар үчүн адамгерчиликтин бийик ченеми.

Кар оор түшүп, жут башталаар алдында жан-жаныбарлардын көрөөр күнүн ойлоп Асан Кайгы адатынча кайгыга баткан экен. Акындын бизге белгилүү болгон ырында көгөн, чымын, ташбака, бака, кулан, жылан, коңуз, доңуз, балык, жаян, коён, чымчык, элик, жейрен, бөкөн, кийик, каз, өрдөк, каркыра сыяктуу жаныбарлардын көрөөр күнү не болот деп кайгы тартат. Ырында ыр түзүлүшүнүн ар кандай формаларын пайдаланат.

Ырас, Асан Кайгы баарынан мурун карылыкка моюн берип, боюн токтото албаган кексе адамдарды, «оокат кыларга эри жок, отун аларга эби жок, чапаны жыртык, жеңи жок» жесирди, «кийими жок жылаңач» жетимди аяйт. Анан барып уландын, жубандын, «чалбарын кие албаган» чалдардын, «байпагын кие албаган» балдардын, «келини тил албаган, кепичин кие албаган» кемпирдин көрөөр күнүн ойлоп кайгы жейт.

Асан Кайгыдагы боорукердик, жандуу-жансызды аёо – акындын турмушунда карманып-тутунган негизги талап, ал анын философиялык кредосу (карманган багыты) десек да болот. Адам менен жаратылыштын ажырагыс биримдиги, ал жөнүндөгү атамзамандан бери келе жаткан элдик түшүнүк Асан Кайгынын чыгармачылыгынын тематикалык өзөгүн түзөт. Анткен менен мындан бир нече кылым илгери жаралган ыр саптарында анын авторунун даанышмандыгы тымызын даңазаланып турат. Ал саптардагы идея бүгүнкү күндө да биринчи планга чыгып добулбас уруп турган экологиялык проблемлар менен түздөн-түз үндөшүп турат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Ысымдары уламышка айланып, аңыз кеп аркылуу бизге жеткен дагы кандай инсандарды билесиңер?
2. Алар жөнүндө элден уккан, билген уламыштарды, окуяларды эстегиле, алардын баянын кагазга түшүргүлө.
3. Өткөн дооpлордо өмүр сүргөн даанышман инсандардын өмүрү менен чыгармачылыгын үйрөнүү бизге эмнелерди берет?
4. «Уламышка айланган эл акындарынын мурасы» деген темада адабий дилбаян жазгыла.

http://edu.portal.uz

АСАН КАЙГЫНЫН САНАТ-НАСЫЯТ ЫРЛАРЫ

Адам өлсө өлүк, жан өлбөйт,
Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
Сабырдын түбү сары алтын,
Саргарган жетээр мураска.
Сабырсыз калар уятка,
Акыл оошот, ырыс жугушат.
Жар башында жапалак,
Жапалак көрсөң атып өт.
Жакшыга ызаат боюң сатып өт,
Бай мактанса бир жуттук.
Баатыр мактанса бир октук,

* * *

Көлдө жүргөн коңур каз,
Кыр кадырын не билсин!
Кырда жүргөн тоодактар,
Суу кадырын не билсин!
Айылдагы жамандар,
Эл кадырын не билсин!
Көчүп-конуп көрбөгөн,
Жер кадырын не билсин!
Көчсө, коно билбеген,
Консо, көчө билбеген.
Акылыңа көнбөгөн,
Журт кадырын не билсин!

Талант даарыган мындай адам, арийне даанышман да болушу керек. Эгерде табият мыйзамы оболтон ошентип келген болсо, мындай үлүш Асан Кайгыдан да кыйгап өтпөптүр. Даанышман акын элине санат-насыят, үлгү формасындагы бир топ чыгармаларды калтырып кетиптир.

Жогорудагы саптардан көрүнүп тургандай Асан Кайгы кыргызда илгертен келе жаткан нускалуу кептерди, таалим-тарбияга көрк акыл-насааттарды туу туткан, аларды өз чыгармаларында пайдаланган. «Сабырдын түбү сары алтын,

http://ebilimportal.uz

саргарган жетээр муратка, сабырсыз калаар уятка» деген нускалуу сөздөр кийин-кийин элдик макалга айланып кетти.

Асан Кайгынын санат-насыят ырларынын ак менен каранын, жамандык менен жакшылыктын, ач көздүк менен берешендиктин, уяттуу менен абийирсиздин, чыдамкай менен жалакайдын, ак пейилдик менен наадандыктын келишпес карама-каршылыгын көрөбүз. Аларды окуп жакшы жүрүп, жакшы турууга, таза жашоого, урмат-сый эмне экенин түшүнө билүүгө, эң негизгиси, ата-бабаларыбыз калтырып кеткен акыл-насаат кептер катылган көркөм сөз өнөрү менен жакындан таанышабыз, ошондон улам бүгүнкү турмуштиричилигибиздин, жашообуздун маңызын аңдап, эртеңки күнүбүздү, келечегибизди түптөйбүз. Бул маселеде көптөгөн даанышман бабаларыбыз, алардын ичинде Асан Кайгы калтырып кеткен сөз өнөрү бизге жардамга келет.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Асан Кайгынын өмүр-таржымалы жөнүндө дагы эмнелерди айта аласыңар? Ал жөнүндө элден уккан, билгениңерди эстегиле жана аларды дептериңерге жазгыла.
2. Акындын чыгармачылыгынын негизги идеясы эмнеде, анын өзгөчөлүгү жөнүндө айтып бергиле.
3. Эл турмушу менен Асан Кайгынын чыгармачылыгындагы биримдикти түшүндүргүлө.
4. Асан Кайгынын ырларынын бүгүнкү күндөгү мааниси тууралуу аңгеме куруп бергиле. Анын адабияттагы ордун тапкыла.
5. Кыргыз фольклорун жыйнап, кагаз бетине түшүргөндөрдүн бири, казак элинин белгилүү улуу окмуштуусу Чокон Валиханов Асан Кайгыны «көчмөн элдердин улуу философу» деп атаган. Муну кандай түшүнөсүңөр?
6. Үйдөн акындын чыгармачылыгы боюнча «Боорукердик» же «Асан Кайгынын ырларынын тарбиялык мааниси» деген темада ой жүгүртүү дилбаян жазгыла.

http://eduportal.uz

XIX–XX КЫЛЫМДАРДАГЫ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Элибиз XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгынын ырайымсыз эзүүсүндө болгон. Ал эми экинчи жарымынан баштап карапайым калктын азап-тозогу дагы артып, эми кош эзүүгө дуушар болду. Жергиликтүү бай-манаптардын талап-тоноосунан эзилген эл, экинчи жактан падышалык Россиянын жер-жерлерге койгон өкүлдөрүнүн – «ак сөөк төрөлөрүнүн» кысымынын алдында калды. «Манаптар эр өлтүрсө кун жок, нар өлтүрсө пул жок» болуп, ырайымсыз бийлик өкүм сүрүп, катардагы карапайым калк бардык эркинен ажырады. Жашоонун кунары кетип, келечекке болгон ынтызарлык улам өчүп баратты. Бирок эл деген – эл. Анын аң-сезими бир жерде турбайт, улам өнүгүп-өсүүдө болуп, айланадагы окуяларга болгон мамиле-жообу да өзгөрүп отурат. Анан калса ар кандай чыдамдын да чеги болот эмеспи. Ошентип, жер-жерлерде эзүүчүлөргө каршы элдин нааразычылыгы күчөп, тап күрөшү улам кеңири кулач жая баштады. Кыргызстандын айрым бир жерлеринде жергиликтүү эзүүчүлөргө каршы көтөрүлүштөр чыга баштады. Токтогул ырчы жашаган Кетмен-Төбө өрөөнүндө Рыскулбектин тукумуна, же болбосо «Беш каманга» каршы уюшулган элдин толкуну, Нарын өрөөнүндөгү Касымбек манапка каршы салгылашуу, Кыргызстандын башка жерлериндеги көтөрүлүштөр – мунун айкын далили. Андай окуяларды Токтогул «Беш каман», Байымбет «Кабыргама таш батты», Калмырза ырчы «Ак көйнөк» деген чыгармаларында чагылдырышты. Кыргыз элинин турмушунун XIX кылымдагы коомдук түзүлүшү, социалдык-экономикалык оор абалы, кош эзүүгө чыдамы жетпей козголоң чыгарып турганы, үстөмдүк кылып турган таптар менен бийлик тарабынан жалпы элдин кызыкчылыгы басылып турганы жогоруда аталган ырларда, дегинкисин XIX кылымда жашап, чыгармачылыгын ошол мезгилдик тилкеде өнүктүргөн дээрлик баардык акындардын чыгармачылыгында көркөм чагылдырылды.

http://elibrary.kg

Бул XIX–XX кылымдарда өмүр сүрүшкөн Токтогул, Жеңижок, Барпы, Байымбет, Калык, Коргол, Осмонкул, Алымкул, Чоңду, Сарыбай, Орозаалы, Ташмат, Арзыбай, Жолдош, Абдымомун, Бала ырчы, Сыдык Алайчы уулу сыяктуу эл акындарынын баарынын чыгармачылыгына таандык тематика. Эл акыны деп эсептелген ар бир чыгармачыл инсан элдин күнүмдүк даргөйү менен түйшүктөнбөй коё албайт эле, ошентип, алардын чыгармачылыгынын негизги мазмунун элдин турмушу түздү.

XIX кылым кыргыз элинин турмушу үчүн зор өзгөрүүлөр менен маанилүү бурулуштардын доору болду. Анда социалдык ар кандай тирешүүлөрдүн таасири менен элдин аң-сезими өсүп-өнүгүп калган эле. Экинчи жагынан кыргыз жергесине орустун келиши менен башкача түшүнүктөрдүн, жаңы нерселердин кабыл алына баштаганын айта кеткенибиз оң. Арийне, көчмөн турмушка түбүнөн көндүм алып калган калк, андай жаңылыктарды дароо кабыл ала койгон жок, жаңы түшүнүктөрдүн келиши ар кандай кабылданды. Талаш жок, алардын жакшы да, жаман да жактары болду. Орустун келишинин эл акындары тарабынан поэтикалык кабыл алуунун ар кандай мүнөздө болгонун көрөбүз. Айталы, Арстанбек акын өзүнүн «Тар заман» аттуу казалында:

«Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай!
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр ай!
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр ай!
Бул орусту карасаң,
Ченчи кылып жерди алды.
Бээден тууган керди алды,
Карды салык байды алды.
Кача турган жайды алды», –

деп орустун келиши менен элдин укугу чектелип, заман тарыганын көрсөтөт. Дегинкиси, акын мында орус элинин эмес, падышалык Россиянын оторчул саясатын берүүнү көздөгөн. Ал эми Калыгул ырчынын орусту биринчи ирет көргөндөгү берген мүнөздөмөсү мындай: «... Кудай дей турган заман,

жакаңарды карманып жүргүлө. Омбу деген жерге орус келди» – дейт, анын кармаганынан кан чыгат дейт.

«Өңү сары, көзү көк,
Уңкуйган мурун орус келет.
Карагайдан чарбагы болот,
Калың элди коркуткан арбагы болот».

Бул акындар ушундай чыгармалары менен «кара сандыкка» катылып, реакциячыл атка конуп, көп жыл окурман журтчулугуна укук албай келди. XIX кылымдагы «Замана» агымынын өкүлдөрү Арстанбек, Калыгул жана Молдо Кылыч деген таланттар эми гана оозго алынып, акталып элге кайтарылып отурат.

XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы эл акындарынын чыгармаларында зилзала жана үркүн темалары да кеңири чагылдырылды. XIX кылымдын мыкты жазгыч акындарынын бири Молдо Кылыч 1911-жылы Кыргызстандын түндүгүндө болгон жер титирөөнү сүрөттөгөн «Зилзала» поэмасын жазган. Кыргыз элин чоң трагедияга дуушар кылган бул капсаландуу окуя Молдо Кылычтын акындык сезими аркылуу өтпөй койгон жок. Акындын бул поэмасында мындай деген саптар бар:

«Беш-алты жыл ичинде,
Бир алаамат башталар».

Изилдөөчү Т. Саманчин муну мындай түшүндүрөт: «Кылычтын бул айтканы 1916-жылкы кыргыз элинин падыша өкмөтүнө каршы көтөрүлүшүнө туура келет. Көтөрүлүш жеңилгенден кийин кыргыз эли аябай кыргын таап, өтө каатчылыкка учурагандыгы белгилүү» (Т. Саманчин. «Кылыч – жазуучу акын», 198, 107-бет).

Жогоруда айтылгандай кош эзүүгө чыдай албаган эл 1916-жылы падышага каршы козголуп, анын куралданган аскерлерине туруштук бере албай бөлөк эл, бөтөн жерге качууга бет алат. Бирок «багы жокко дагы жок» болуп эл эми деле чеке жылытарлык күнгө туш болгон жок. «Кайда барсаң Мамайдын көрү» дегендей Кытай жеринде да эл адилетсиз эзүүгө туш болду. Элдин ошондой оор турмушун акын Ысак Шай-

http://edu.gov.kg

беков «Кайран эл» аттуу чыгармасында көркөм чагылдырган. Дегинкиси, акындын бул чыгармасы «Азган эл», «Кайткан эл» деген бөлүмдөрдөн турган үчилтик. Ири көлөмдөгү бул чыгармада элдин падышалык бийликтен алсырап, азганы, жергиликтүү бай-манаптардай эле кытай жериндеги эзүүлөр, андагы бир ууч талканга өз перзентин сатууга аргасыз болгон кордугу, ага чыдабай бери кайтканы, жолдогу азап-тозогу өтө жогорку көркөмдүүлүктө сүрөттөлөт. Үркүн темасы Алдаш Молдонун «Үркүн», Абылкасым Жутакеевдин «Кайран эл», «Кайткан эл», Калыктын «1916-жыл» деген ырпоэмаларында берилет.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин эл акындарынын чыгармачылык тематикасы чукул бурулуштарга, маанилүү өзгөрүүлөргө кириптер болду. Эл ырчыларынын чыгармачылыгы менен бирге элдик оозеки чыгармачылыктын гүлдөп өсүшүнө кеңири жол ачылды.

ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ САКТООДОГУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЭМГЕГИ

Кылымдар бою ооздон-оозго өтүп, айтылып келген ажайып чыгармаларды сактап, жандандырууда жана аларды кагаз бетине түшүрүп, түбөлүк калтыруу ишинде эл ырчыларынын эмгеги ат көтөргүс. Өмүр бою көчүп-конуп жүргөн кыргыз элинде кино, театр өңдүү маданий жайлардын болбогону белгилүү. Эл арасынан чыккан ар кандай таланттар: шайырлар, төкмө-ырчылар, жамакчы-жомокчулар, обончулар жана комузчу-кыякчылар эл аралап, өз өнөрүн көрсөтүп адамдардын көңүлүн ача турган. Алар аш-тойлордо же тек гана кечки отуруштарда эл мүдөөсүн орундатып ыр-күү, санат-дастандарды аткарып беришчү. Андай учурларда акын жалаң гана ыр менен чектелсе элди зериктирип алышы ыктымал, ошондуктан өнөрдүн ар кандай түрлөрү пайдаланылган. Айталы, Токтогул ырчы эл алдында ыр менен гана чектелген эмес, ал комузду да жакшы черткен, куудулдугу да болгон. Комуздун коштоосунда бир черткен күү-кайрыктарын экинчи ыксыз кайталабагандыгын замандаштары эскеришчү. Токто-

гул ыр ырдап, комуз чертүү менен чектелбей, «Кедейкан», «Кожожаш», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Наркан», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» өңдүү кенже эпостордун бир нечесин жана оозеки чыгармачылыктын башка көп түрлөрүн аткарган. Арийне, акындардын баары Токтогулдай телегейи тегиз болгон эмес. Ошого карабай XIX кылымдагы эл акындарынын көпчүлүгү элдик оозеки чыгармачылыктын таасири менен өз талантын өнүктүрүп, экинчи жактан Токтогулдан үлгү алганын тануу кыйын. Улуу акындын окуучулары Калык, Эшмамбет, Алымкул жана башкалар ага түздөн-түз чыгармачылык тагдырын байлап, таалим алып, эл алдында өнөрлөрүн тартуулашкан.

Эл ырчыларынын оозеки чыгармачылыкты мыкты өздөштүрүшү, жадысында жатка билиши ошо элдик казынанын, баалуу мурастын жоголуп кетпешине, муундан-муунга сакталып келишине шарт түзөт. Ырчы-жарчылардын, төкмө-акындардын, жамакчы-жомокчу, дастанчылардын элдик оозеки чыгармаларды сактап келишинин натыйжасында гана ири көлөмдөгү «Манас», «Семетей», «Сейтек» өңдүү шедеврлердин ондогон варианттары жыйналды, жыйноо иши бүгүнкү күндө да токтогон жок. Алардан сырткары «Эр Табылды», «Эр Төштүк», «Эр Эшим», «Эр Солтоной», «Курманбек», «Шырдакбек», «Кожожаш», «Мендирман», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» сыяктуу турмуштук-социалдык эпостор эл ичинде айтылып жүргөн абалынан ырчылардын кайра иштеп чыккан чыгармачыл лабораториясынан кайрадан жаралып, ар бири өзүнчө китеп болуп жарык көрдү. Ырчылардын айтып берген материалдарынын негизинде оозеки эл чыгармаларынын башка түрлөрү да жарык көрүп, кайра элдин өзүнө тартууланды.

Ырчылык өнөрдөгү устаттык менен шакирттик маселеси да өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Ар бир талант өз өнөрүндө сөзсүз устат күтөт, ырчылык өнөрдү бирөөдөн үйрөнөт. Эгер үйрөнбөсө, бирөөнүн таасири менен андан ары өнүктүрөт. Өз мезгилинде ал өзү да башка бирөөгө устат болуп, шакирт күтөт. Бул – атамзамандан бери келе жаткан чыгармачыл салт. Эгер Токтогул өзүнөн мурунку мыкты акын Чоңдудан жана башкалардан үлгү алса, кийин өзү да баш-

каларга таалим берип, көптөрдү акындык өнөргө үйрөттү. Калык Токтогулга шакирт жүрүп, өзү Осмонкулду шакирт тутту. Калыктын Осмонкулдан башка Каракунан, Сарыкунан деген шакирттери болгон. Коргол ырчыдан Токтосун Тыныбеков, Алтымыш Мундузбаев, Тууганбай Абдиев өндүү төкмөлөр таалим алып, ырчылык өнөрдү кесип тутушту. Айтылуу Алымкулдан Эстебес Турсуналиев үлгү алса, Замирбек Үсөнбаев анын окуучусу болуп калды.

Төкмөлүк өнөр бүгүн да чыгармачылыктын жаңы бийиктигине көтөрүлүп, элге эстетикалык рахат тартуулап келет. Анын келечегинин кең экенинде күмөн жок.

Эгемендүүлүктүн алгачкы эле жылдарында 60–70 жыл бою эскерүүсүз калган айтыш өнөрү колго алынды. Биринчи болуп борборубуз Ташкент шаарында Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстанда жашоочу айтышууга шыгы, жөндөмү бар таланттуу акындардын эл аралык айтышы өтсө, кийинчерээк бул демилге Алматы, Бишкек, Ош шаарларында уланды. Мурунку кылымдарда өткөн айтыштар жеке-жеке китеп болуп басылып, элге кайтарылды. Ошентип, фольклордун дагы бир кең жайылган түрү – айтыш азыркы күндө көнүмүш адатка айланып, көркөмдүк деңгээли бийиктеп, мазмуну тереңдей түштү.

Суроолор жана тапшырмалар

1. XIX – XX кылымдарда өмүр сүргөн кандай эл ырчыларын билесиңер? Аттарын атап, чыгармаларына учкай мүнөздөмө бергиле.
3. Эл турмушу эл ырчылардын чыгармаларында кандай чагылдырылган?
4. Жаңы нерселердин акындар тарабынан кабыл алынышын мүнөздөгүлө.
5. Фольклордук салтты өнүктүрүүдөгү эл акындарынын ролун аныктагыла, буга конкреттүү мисалдар келтиргиле.
6. Акындык өнөрдөгү устаттык жана шакирттик дегенди кандай түшүнөсүңөр?
7. Төкмөлүк өнөрдүн бүгүнкү абалына учкай мүнөздөмө бергиле.
8. Өзбек элинин кандай оозеки чыгармаларын билесиңер?
9. Өзбек бакшылары (бахши) менен кыргыз төкмө-ырчыларында кандай окшоштуктар бар?

http://edu.gov.uz



КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ

(1785–1855)

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз элине бөтөнчө кеңири белгилүү болгон нускоочу, ойчул акын Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн Кара-Ой деген жеринде Бай аттуу оокаттуу, төрт түлүгү түгөл адамдын үй-бүлөсүндө туулат. Атасынан калган оокатка ээ болуп, ал өмүрү өткүчө эч нерседен кор болбоду.

Калыгул өткөн доордо өмүр сүргөн бизге белгилүү кыргыз сөз устаттарынын алгачкыларынын бири. Ырас, ага чейин эле Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Асан Кайгы, Кетбука, Ырамандын ырчы уулу, Жайсаң, Санчы сынчы, Жээренче чечен аттуу ондогон даанышман инсандар болушкан, бирок алар бизге жамактап-жомоктоп, уламыш-легенда аркылуу гана жетти. Алардын чыгармаларынын да айрымдары гана белгилүү. Демек, Калыгул сыңары ырлары кеңири тараган эл акындары жөнүндө маалымат жокко эсе. Ошондуктан аны кыргыз акындарынын ичинен жашы боюнча гана эмес, топтогон адабий тажрыйбасы жагынан да аксакал катары кароого болот. Акын айткандарын жалпы жонунан «Акыр заман» деп атаган. Калыгулдан кийин ушул темага кайрылгандар аны тематикалык жана формалык жактан терендетип гана отурушту.

Калыгул эр жеткен кезинен эле элге тамсилчи, меселчи акын катары тааныла баштайт. Ал көпчүлүк акындардай комуз күүлөп, үн кошуп ырдабастан, алдына келген адамдарга макалдатып айтып берген. Калыгулдун уругун манап насилинен дедик, ошондуктан ал төрөлүктүн каадасын сактап, эл жыйналган жерлерде ырдачу эмес. Калыгулдун акындык бөтөнчөлүгүнө

http://elibportal.uz

байланыштуу мындай маалымат бар: «Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан тойдо ырдабаган. Сөзүн көп ачылып айта бербеген, көп убактарда унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн». Даанышмандыгынын белгиси ушу: «туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» дегендей акындын калыстыгы айрыкча белгиленет. Ошондон улам «кара кылды как жарган, Калыгулдай калыс бол» деген ылакап калды.

Акындын ырлары эл арасында кеңири тараганы менен, тилекке каршы, бизге толугу менен жеткен жок. Анын «Акыр заман», «Калыгулдун сөзү», «Ысык-Көл тууралуу айтканы», «Санат, насыят, терме ырлары» эл оозунан кийинчерээк жыйналып алынгандыктан айрым алымча-кошумчалардан куру болбосо керек, түп нускадан тайган жок деп кепил өтүш кыйын.

Калыгулдун ырларында акыр заман идеясы көбүрөөк орун ээлесе да, санат, насыят, терме, адамдын жүрүм-турумун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын. Албетте, Калыгул өз заманынын адамы катары, феодалдык турмуштун идеалогу катары анын салт-санаасын, үрп-адат, психологиясын жактап, мактоодон сырткары калган жок. Эгер коом, ага болгон элдин мамилеси улам өзгөрүлө баштаса, анда замана Калыгул үчүн таптакыр бузулчудай сезилчү. Тоголок Молдо, Сагымбай, Шапак, Ыбырай, Абдыкалык өңдүү көрүнүктүү карыя-акын, өнөрпоздордун айтымына караганда Калыгул олуя, аяр, көзү ачык, даанышман катары таанылган адам. Айталы Шапак манасчы «Калыгулдун месели» деген казалында:

«Нечен акыл ойлонуп,
Көкүрөккө алуучу.
Көргөн жандын барысы,
Ажайыпка калуучу.
Ошо тушта адамдын,
Олуясы дечү экен». –

деп жазган.

Ал эми Ыбырай Абдыракманов 1940-жылы «Кыргыздардын Калыгулдун сөздөрүн олуялыкка такагандан башкага барбаганы» жөнүндө жазган.

http://edu.gov.kg

Калыгул 1855-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу деген жерин-де 70 жаш курагында дүйнөдөн кайтат. Акын өлөөрүнөн бир күн мурун алыска жол тартып баратып, Чолпон-Атага кире бериш жердеги жолдун жээгин көрсөтүп, «менин сөөгүмдү ушул жерге койгула» деген керээзин айткан экен, ошонун эртеси Байсоорунда жол үстүндө каза табат. Керээз боюнча сөөк Кара-Ойго коюлган.

КАЛЫГУЛДУН СӨЗҮ[1]

(Орус келгенге чейин)

Көгүчкөн учаар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкса.
Көңүл тынаар көпчүлүк,
Көзгө токтоор эр чыкса.
Көөрүктүн оту тутанбайт,
Көт жагынан жел чыкса.
Көч жүрө албай токтолот,
Көз учкан бийик бел чыкса.

Аңдышпай койбойт абысын,
Ак шумкар карайт чабытын.
Алярман ууру көз салаар,
Адырмак тоонун жыбытын.
Кара куш карайт кардына,
Кара жемсөө азамат.
Кайрылбайт жакын баарына,
Коңгуроо такса жарашат.
Койкойгон кара нарына,
Жортуулчу түшөт жолуна.
Кайраты бар эрендер,
Карагай найза кармаган.
Карыштырып колуна,
Кара жемсөө жигиттер.

[1] Адабиятка жаңы кирген айрым акындардын ырларын табуу мугалимдер менен окуучулар үчүн өтө кыйын. Ыр жыйнактары басыла элек. Ошондуктан алардын оригиналдарын окуу китебине толук бердик. Бул Калыгул, Арстанбек жана Жеңижоктун айрым ырларына мүнөздүү.

http://edu.portal.uz

Канча бүлүк болсо да,
Кайрылбайт экен тобуна.

* * *

Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тоо токол болор,
Талаа токой болор.
Токол байбиче болор,
Аяк адам баш болор.
Баш адамдар пас болор,
Ушундай кызык иш болор.
Тегиз жерден тегирмен чыгаар,
Тексиз жерден бий чыгаар.
Алка жака салынган кийим чыгаар,
Акча кагаз пул болуп, тыйын чыгаар.
Айылын жоодой аңдыган жыйын чыгаар,
Атасынан баласы кыйын чыгаар.
Этеги жок чапан чыгаар,
Эң кийинки баласы тапан чыгаар.
Эри менен тартышса,
«Элде эркек көп» деген аял чыгаар.

СӨЗДҮК

Жемсөө – канаттуунун кызыл өңгөчүнүн бир бөлүгү.
Мында кара жемсөө – жегич, алдым-жуттум деген мааниде.
Карыштырып – бекем кармап.
Нар – бир өркөчтүү төө.
Пас – жапыс.
Тапан – бышык, ар нерсени билүүгө дилгир.

«КАЛЫГУЛДУН СӨЗҮ» ЖӨНҮНДӨ

XIX – XX кылымдардагы эл акындарынын чыгармаларынын жыйнагы катары кеңири журтчулукка арналып басылган «Мурас» аттуу китепте Калыгулдун бул ырынын «орус келе электен канчалык мурун» деген аталыш менен берилишинде өзүнчө маани жаткансыйт. Жыйнакты түзгөн философ М. Абдыл-

http://edu.ziyonet.uz

даевдин пикири боюнча Калыгулдун ырларынын көбүнүн коомдук-саясий темага арналгандыгынын себебин Орто Азияга орустардын келе башташы менен байланышта караганыбыз оң. Анткени Калыгулдун ырларында орус менен кошо келген жаңылыктарга карата болгон мамилени арбын кезиктиребиз. Баарыбызга белгилүү, XIX кылымдын орто ченинде Кыргызстанга орустардын келиши менен турмушта прогрессивдүү жактар көбөйө баштады. Бирок, анын жаман жактары да болбой койгон жок. Калыгул акын өзүнүн «сөзүндө» так ошол жаман жактар жөнүндө айтат. Пейил бузулуп, баары теңирден тетири болушун, мусулманчылык бекем кармалбай, аганы ини, атаны бала укпай калган заман келерин эскертет.

Аяк адам баш болор,
Баш адамдар пас болор, –

деп атамзамандан бери келе жаткан салттуу жөрөлгөлөр эми бузулуп, ушундай бир бейжай замандын келишин божомолдойт. Мунун баарын орустун келиши менен байланыштырат.

Калыгул өзү манап насилинен чыккандыктан «тексиз жерден бий чыгаарын» акыр замандын жакындап келе жатканынын белгиси катары карайт. Кантсе да Калыгул – XIX кылымдын биринчи жарымында «Замана» темасында ырдаган кыргыз акындарынын төл башы. Ал эми «замана» темасы учурдагы прогрессивдүү кадамдарды чанган түшүнүктөрдөн турду. Муну адабият таануу тармагында эмгектенип жүргөн адистер да бир ооздон ырасташат. Калыгулдун чыгармачылыгына байланыштуу жогоруда айтылган «Мурас» жыйнагында (21-бет) мындай пикир айтылат: «Калыгулдун ырларында акыр заман идеясы көбүрөөк орун ээлесе да, санат-насыят, адамдын жүрүм-турумун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын».

Суроолор жана тапшырмалар

1. Калыгулдун өмүрүнүн урунттуу учурларын эске сактагыла.
2. Акын жашаган мезгилге мүнөздөмө бергиле. Андагы Калыгулдун позициясы кандай эле?
3. Калыгулду «Замана» адабиятынын өкүлү дедик, эмне үчүн? Оюңарды далилдегиле. «Замана» темасын мүнөздөгүлө.
4. Акындын дагы кандай чыгармаларын билесиңер?

http://eduportal.kg

5. Калыгулдун олуялыгы, көзү ачыктыгы эмнеден көрүнөт? Ырларынан далилдер келтиргиле.
6. «Калыгулдун сөзүн» көркөм окугула, анын поэтикалык өзгөчөлүгүн аныктагыла.
7. «Баш адамдар пас болор, аяк адам баш болор, ушундай кызык иш болор» деген саптардын маанисин кандай түшүнөсүңөр?
8. Үйдөн акындын өмүрү боюнча ой жүгүртүү дилбаянын жазгыла.

ТЕРМЕ, САНАТ ЫРЛАРЫ

Кызаргандын баарысы,
Манат болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы,
Адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы,
Санат болот турбайбы.

Аттууну коюп, жөөнү айтам,
Арбак конгон дөөнү айтам.
Катар-катар лөктү айтам,
Калп айтпаган төптү айтам.
Көкүрөк чечен болбосо,
Көзү көрүп не кылат?
Жан кыйналат дебесең,
Жардылыктан ким өлөт?

Кара килең болбой, кар кетпейт,
Капсалаң болбой, жут болбойт.
Кара өзгөй болбой, доо болбойт,
Шагылы болбой, зоо болбойт.
Шайыры болбой, эл болбойт,
Пейили жакшы кем болбойт.

Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
Булбулдун мукам үнү бар,
Тайлактын таза жүнү бар.
Коргондуу жердин ору бар,
Улуктун катта зору бар.
Экинин бири болбогон,
Кембагал эрдин шору бар.

Аскар, аскар, аскар тоо
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да,
Сыйлашпасаң, жат болот.

Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кырт болот.
Каарына алганда,
Ак жайдын күнү жут болот.
Ак бөкөн келип жыгылат,
Алдын казып ордосо.
Ак шумкар келип илинет,
Саятчы алдын тордосо.
Ийри жыгач түз болот,
Тезге салып оңдосо.
Душманына кор болот,
Өз тууганын кордосо.

Бу дүйнөдө не карып?
Сатылбаган бөз карып.

http://edu.gov.uz

Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо.
Карыя болор тез карып,
Кадырын жеңе билбесе.
Бойго жеткен кыз карып,
Эл жакалай конбосо.
Бетегелүү бел карып,
Каз, өрдөгү болбосо.
Айдың чалкар көл карып,

Улук адыл болбосо,
Убара болот эл карып.
Жалтаңдын башы зоо болот,
Жаман менен дос болсоң,
Акыры бүр күн доо болот.
Жакшы менен дос болсоң,
Өлгүчөктү кушташат.
Жаман менен дос болсоң,
«Баягымды бергин» деп.
Эки айдан кийин мушташат,
Кетсе дөөлөт колуңан.
Келмеги кыйын мал кайтып,
Келе деп келсе бересең.
Кейитет жанды саргайтып,

Чырпыгың сынса талыңдан,
Чынар болбойт ал кайтып.
Чындап ажал келген соң,
Чыккан жан келбейт ал кай-
тып.
Өткөн өмүр – качкан куш,
Колуңа келбейт ал кайтып.
Катынды мээнет чырмаса,
Каяша айтат эрине.
Жардыны мээнет чырмаса,
Аштыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Жакыны менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сары карт чыгып таз болот.
Келинди мээнет чырмаса,
Кайненеси кас болот.
Кызды мээнет чырмаса,
Атасынын төрүндө.
Көп олтуруп кор болот,
Тузду мээнет чырмаса.
Даты чыгып шор болот.
Манапты мээнет чырмаса,
Түбү менен кор болот,
Атты мээнет чырмаса.
Аягынан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат,
Байды мээнет чырмаса.
Ашканага жашынат,
Кырчын айтат талмын – деп.
Кемер айтат жармын – деп,
Чымчык айтат кушмун – деп.
Чырпык айтат салмын – деп,

Жекендүү көлдүн бал камыш,
Жылкы салса, от жанат.
Уулу жаман болгон соң,
Дөбөдөй болгон атасын.
Төө үстүнөн ит кабат,
Булбул үнүн эшитпей.
Буралып гүл ачылбайт,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүк үнүн эшитпей,
Күн жайланып ачылбайт.
Күйүттүү болгон адамдын,
Күндө үнү басылбайт.

Боло турган азамат,
Болоттон кылыч байланып.

http://eduportal.uz

Жоого тийсе, сүрү бар,
Тамды тешээр уурунун.
Сабы кыска чоту бар,
Боло турган жигиттин.
Жүрөгүндө оту бар,

Аргымак мойнун от кесет,
Азамат мойнун жок кесет.
Аргымактын азганы –
Аркы-терки басканы.
Азамат эрдин азганы –
Көчкөндө жөө басканы.
Өзөндүү сууга тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт.
Мал бүткөнчө иш кетет,
Ага-инидей дос кетет.
Куурай чыкпас куу такыр,
Куурай чыгып бергенде.
Кулун чуркап өтө албайт,
Мал күтпөгөн куу жакыр.
Мал жыйылып күткөндө,
Айдап журтка жете албайт.

Жаман атты буйга мин,
Түнөп калган уйга мин.
Чанач алып сууга мин,
Ишенимдүү жакшы атты.
Көтөрүлгөн тууга мин,
Кулак тунган чууга мин.

Атың кашаң болгон соң,
Аштан, тойдон калган соң –
Күлүктүгү не пайда?
Алганың сулуу болгон соң,
Аркырап беттен алган соң –
Сулуулугу не пайда?

Этекти кессең, жең
болбойт,
Эзелки душман эл болбойт.
Желкени кессең тон
болбойт,
Жеткилең бийик жол
болбойт.
Жээн-тагаң эл болбойт,
Жеке тамчы сел болбойт.

Жалгыз өлсө чуу чыкпайт,
Жар куласа суу чыкпайт.
Ак чаңгыл тоонун этегин,
Адис мерген кийиктейт.
Алганы жакшы жолукса,
Азамат көөнү бийиктейт.

Ак кула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө тайча жок.
Ага-тууган кимде жок,
Сыйлашпаса жатча жок.

Бедери жок торкодон,
Бек токуган бөз жакшы.
Медери жок туугандан,
Бек сүйлөшкөн жат жакшы.
Алтындуу ээр атка бап,
Атка тынчы жок болсо.
Алтынын алып, отко жак,
Акылдуу тууган болбосо.
Акырын айтып, жатка жак,

Күмүштүү ээр атка бап,
Күлүккө тынчы жок болсо.
Күмүшүн алып отко жак,
Күйөөр тууган болбосо.
Күлө багып, жатка жак,

http://edu.portal.uz

СӨЗДҮК

Адыл – адилет, калыс.
Бедер – бышык, чыдамдуу.
Бөз – кездеменин бир түрү.
Манат – кызыл түстөгү мата.
Кара килең – кыштын акыркы күндөрү, кээде кар деген маанини берет.
Катта – чоң деген мааниде.
Кырт – жаман пейил.
Саятчы – куш таптаган адам, мүнүшкөр.
Сары карт – чакалай, жара – оорунун аты.
Торко – кездеме.
Чап – кууш.
Эшитпей – укпай, туйбай.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Калыгулдун санат-насыяттарын толук окуп чыккыла.
2. Аларды бөлөк акындардын санат-насыяттары менен салыштырып, Калыгулдун бөтөнчөлүгүн аныктагыла.
3. Санат-насыят ырларынын таалим-тарбиялык мааниси жөнүндө сүйлөп бергиле.
4. Түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин чечмелегиле. Сөздүк менен иштегиле.
5. Калыгулдун санат-насыят, термелеринин бүгүнкү күндөгү мааниси кандай? Адабияттагы ордун белгилегиле.
6. Санат-насыят ырлары өзбек адабиятында барбы? Бар болсо эмне деп аталат?

http://edu.portal.uz

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ



(1840 –1882)

Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында Буйлаш аттуу орто чарбалуу адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Анын балалык чагы атасы Буйлаштын жана анын ага-туугандарынын малын кайтарып өттү. Буйлаштын эки аялы боло турган. Арстанбек токолдон төрөлгөнү үчүн улуу аялдын балдарына теңата боло албады, үйдө анын эрки чектелүү эле. Бала Арстанбек үстүнө курумшудан башка кийим кийбей, курсагын тойгуза оокат жебей, эптеп эрезеге жетти. Ошого карабай ал жаш кезинен зирек чоңоюп, ыр-күүгө шыктуу болду, комузду жакшы чертчү экен.

Атасы Буйлашты ээрчип Арстанбек Анжиянга барышы акындын ырчылык чеберчилигинин жогорулашына, ошонун артынан атак-даңкка ээ болушуна көмөк көрсөтүп, келечек тагдырына олуттуу өбөлгөлөрдү түзөт. Арстанбек айтылуу Алымбек датканын жанында жүрүп, той-тамашаларга көп аралашып, аң-сезими улам кеңип отурду. Анжиян тегерегин бүт кыдырып, көп эл менен баарлашат, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен беттешип, айтышта биринен жеңилсе айрымдарын жеңип да жүрдү. Арстанбектин тушунда түштүк эли акындарга абдан бай болгону белгилүү. Мындай жагдай болочок акындын чеберчилик жактан тереңдешине өбөлгөлөрдү түзбөй койгон жок.

Арстанбек кыргыз элинин башынан кечирген бир топ тарыхый окуялардын күбөсү болду. Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө, бугу менен сарбагыш чабышына, Кененсарынын кыргыздарга жасаган чабуулуна жана орус падышачылыгы-

http://edu.portal.uz

нын Кыргызстанда жүргүзгөн оторчул саясатына күбө болуп, 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн кайтат.

Арстанбектин санжыра айтуу боюнча да таланты болсо керек, бул анын айрым чыгармаларынан кыйыр түрдө байкалат. Акын «Кожожаш», «Бердикожо», «Беш казак» аттуу кенже эпосторду айткан. Тилекке каршы, акындын көп чыгармалары бизге белгисиз бойдон калды, дегинкиси, мындай тагдыр анын замандаштарынын (башка акындардын) дээрлик баарына мүнөздүү. Арстанбектин биздин колубузга аз гана чыгармалары жетти. Алардын ичинде айрым ырлары менен «Тар заман» казалы бар.

«ТАР ЗАМАН»

«Тар заман» болжолу Арстанбектин чыгармаларынын эң көлөмдүүсү, бирок бул да бизге толугу менен жеткен жок.

«Тар заман» менен «Акыр замандын» идеясы, мазмуну өтө окшош болгондуктан, кээде аларды ажырата билүү кыйынга турары шексиз.

Калыгул да, Арстанбек да өзүнүн казалдарында XIX кылымдын орто чендеринде кыргыз жергесине падышалык Россиянын оторчул саясаты акырындап орун-очок алып келе жатканына терс мамиледе экенин билдиришкен.

«Тар замандын» акыркы жети сабына көңүл токтоткула: «карагайдын таңында элик болду элибиз» деген саптар аркылуу кыргыздын суу бойлой дыйканчылык кылуучу айдоо жерлеринен ажырап, тоо-ташка сүрүлүп, тоодогу жапайы эчкидей элтеңдеп өмүр сүрүп калганын айтып жатат. Элдин артылган тузду көтөрүп, көлүк болгондугун, башка чапса былк этпес өлүк болгондугун айтып кейийт. Арстанбектин түшүнүгү менен замандын тарыганы ушул. Анда казалды толугу менен окуп көрөлү.

ТАР ЗАМАН

Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ошондо орус чыгат дечү эле,
Миң үйлүүгө баш болуп.
Болуш чыгат дечү эле,
Буйрук менен кондурган.
Конуш чыгат дечү эле,
Ушу заман тар заман.

http://e-uportal.uz

Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди закымдап,
Тайган иттей такымдап.
Улуу суунун баарысы,
Чулук болот дечү эле.
Кичүү атанын балдары,
Улук болот дечү эле.
Жаан-жуун азайып,
Шамал болот дечү эле.
Адамзаттын билгени,
Амал болот дечү эле.
Кыш көбөйүп, жигиттер,
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган,
Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган,
Кой азаят дечү эле.
Оюн, күлкү түгөнүп,
Той азаят дечү эле,
Көч алды болоор орусуң.
Сары журт болоор конушуң,
Жайлоо тургай, төр кайда.
Ачып кирээр көр кайда?
Казак, кыргыз жыйылып.
Бата кылып алсак бейм?
Кашкардагы Бакдөөлөт,
Ата кылып алсак бейм?
Байыркыдан барк кетти,
Каадалуу нуска нарк кетти.
Жакшылардан барк кетти,
Каада, нуска, нарк кетти.
Онжогой куйрук күрөң ат,
Орустан чыгат дечү эле.
Он кулактуу мис казан
Колодон чыгат дечү эле,
Шумдуктуунун баарысы.
Баладан чыгат дечү эле,
Акча теңге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечү эле.
Калаа-коргон көбөйүп,
Кен түгөнөт дечү эле.
Тегерете урдурган,
Коргон чыгат дечү эле,
Тегеректин барысын.
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле.
Кийинкинин баарысы,
Буту-колун жашырбай,
Дөрбөл чыгат дечү эле.

Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
Жасоолдордун кийгени,
Катар-катар дүрүйө.
Жасоолдор минди жакшы
атты,
Жардынын баарын
какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман болгондо,
Мусулман көрөр бүлүктү.

Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын,
Баштагыдай көркү жок.
Той азаят дечү эле,
Кыз он бешке чыкканда.
Энесине баш бербей.
Боюн күүлөйт дечү эле,

Элечегин булгалап.
Зайып чыгып жыйынга,
Чечен болот дечү эле.
Ушул кийинкинин
баарысы,
Бечел болот дечү эле.

Шум жалгандын белгиси –
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

СӨЗДҮК

Чулук – көлчүк.
Онжогой – чунак, кыска.
Кент – айыл.
Соргон – кыйнаган маанисинде.
Дүрбүл – уятсыз, абийирсиз.
Кер – кулун.
Ченчи – салык маанисинде.
Кадыр – билерман.
Дүрүйө – жибектен токулган кийим.
Көлүк – жүк артылчу унаа.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Акындын өмүр-таржымалын терең өздөштүргүлө, таалим-тарбиялык жагын белгилегиле.
2. «Замана» адабияты жөнүндө эмнелерди билесиңер? Ага болгон Арстанбектин катышын айтып бергиле.
3. Тар заман дегенди кандай түшүнөсүңөр, акын казалын эмне үчүн ушинтип атады?
4. Казалдагы негизги идея эмнеде?
5. Акындын заман, мезгил, элдин келечеги жөнүндөгү ойлорун белгилегиле, тексттен мисалдар келтиргиле.
6. «Тар замандын» көркөмдүк бөтөнчөлүгүн, тилдик каражаттарды пайдалануудагы акындын ийгилигин белгилегиле. Тексттен мисалдар келтиргиле.
7. Өзбек адабиятында да замана тууралуу казалдар айтылганбы?
8. Арстанбектин казалдарын бүгүнкү талап-шарттын негизинде сын көз менен карап, оң-тетирисин ажыратып, туура баалагыла. Анткени, Арстанбек өз заманынын акыны болгон, анын бардык пикири коомдук пикир боло албайт.

http://edu.portal.uz

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ



(1864 –1933)

XIX–XX кылымдардагы кыргыз эл ырчыларынын көпчүлүгүнүн устаты болгон улуу акын Токтогул Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түндүк-батыш тарабындагы Куччу-Суу деген кыштакта 1864-жылдын күз айларында дүйнөгө келди. Анда Наманган уездинин Суусамыр болуштугу эле, азыр ал жер Жалал-Абад облусуна караган Токтогул району деп аталат.

Токтогулдун атасы Сатылган оокаты жармач, кедей адам болуптур. Жалгыз өгүзү менен эптеп жер тырмап алакандай жерине жүгөрү менен буудай сээп, ошону менен үй-бүлөсүн бага турган.

Сатылган сөзгө чебер, кээде үйгө келген балдарды күлдүрүү үчүн жамактап ырдап жиберер эле. Өзү куудул, жайдары киши болгон. Энеси Бурма – Майлы-Суулук Орозбай дегендин кызы. Ал көп төрөсө да, балдары токтогон эмес. Ушул уулу төрөлгөндө «балабыз токтоп, элге кул болуп, кызмат кылаар бекен» деген жакшы тилек менен ысымын Токтогул койгон. Бурма акылдуу, адамга мээримдүү, табиятынан данакер, таланты да бар, ошол аймактагы эң мыкты кошокчу аялдардан болчу. Кыргыздын оозеки жомокторун да көп билген, аны өз шааниси менен айта да билген адам эле. Бала Токтогулга ар түрдүү темадагы ырлардан, жомоктордон, башка кызык окуялуу аңгемелерден дайыма айтып берип, анын аңсезиминин өсүшүнө, кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн байлыгы болгон оозеки эл чыгармачылыгын сүйүүгө, болочок акындын талантынын түптөлүп, өнүгүшүнө чоң таасир берген. Токтогул мына ушундай табиятынан таланттуу келген, ырга шыктуу, турмуштун ысык-суугуна бышкан үй-бүлөнүн тарбиясында өстү. Ата-энеси башынан өткөргөн турмуштун

http://eduportal.uz

азап-тозогун, кайгы-кубанычын, жокчулуктун, жакырчылыктын оор жүгүн Токтогул да бирге көтөрүп, кыйынчылыктын ысыгына күйүп, суугуна тоңду. Эс тарткандан баштап эчен азаптардан өтүп, бышты.

Токтогул бала кезинен сергек, абдан зээндүү болуп чоңойду. Ал атасы сыяктуу тамашакөй, куйкум сөздүү куудул, жайдары мүнөз күттү. Ырчылык таланты эрте бүчүр байлап, эрте байкала баштады. Баланын жөндөм-шыгын байкаган Сатылган менен Бурма илгери үмүт менен ага комуз жасатып беришти. Бала ырга да, комузга да көңүл токтотуп, эки өнөрдү бирдей өздөштүрө баштайт. Ошентип, Токтогул он бир – он эки жаш курагында өзүнчө ыр чыгарып, анысын комуздун коштоосунда аткарып калган эле. «Жокчулуктун айынан», «Жүргөнүм кабак жер болду» деген ырларын Казанбак байдын коюн кайтарып жүргөндө жаратты. Бул ырлардан Токтогулдун ошол учурдагы социалдык теңсиздикке өз мамилеси бар экени байкалып, ошондо эле адилетсиздикти тымызын жеригени сезилет.

Токтогулдун атагы 1882-жылы чоң манап Дыйканбайдын ырчысы Арзымат менен айтышкандан (аны жеңгенден) кийин элге дайын болду. Эми Токтогул мындай айтыштарда кадимкидей эркин чабыттап, жөндөмүн улам кеңейтип, көкөлөтө көрсөтүп отурду. Кыргыз жергесинин төрт тарабын кыдырып, кыйла жер басып, кыйла элди аралады. Эл турмушунун кыйнаган абалына аралашып, ички стихиясы менен тааныштты. Бардык жерлерде жергиликтүү бай-манаптар менен падышанын койгон төбөлдөрү биригип алып, элди ырайымсыз эзип жатканын көрдү, карапайым эл жакыр турмушка кептелип, адам чыдагыс абалга жеткенин сезип акындык жүрөгү канады. Турмуштун ошондогу мыйзамы ушул экен, муну бир киши өзгөртө албайт эле, ага көнбөскө чара болбоду. Ошон үчүн акын элдин мүдөөсүн кандырып ырдап, эзүүчүлөрдүн айыбын ашкереледи. Акындан кутулуу максатында, Бактыяр баш болгон бий-болуштар жалган жалаа менен карматып, 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө жетекчилик кылгандардын бири катары аскердин сот алгач өлүм жазасына, кийин ал жети жылдык сүргүн менен алмаштырылып, Токтогулду Сибирге айдатып жиберишет.

http://elibrary.kg

Токтогул сүргүндө жүрүп аң-сезимин дагы кеңейтти. Ал жердеги саясий туткундар менен эртели-кеч баарлашып, алардын да ак жерден айдалып келгенин билди. Анын аң-сезиминдеги социалдык карама-каршылык барган сайын күчөгөндөн күчөп отурду. Абактан качып кетүүнүн, эли менен бирге болуунун амалын издеди. Акыры туткун жолдоштарынын жардамы менен качып чыгат. Кармалат, айып тартат. Жана качат. Акынды жакшы билген замандаштарынын маалыматы боюнча Токтогул элге 1905-жылы кеч күздө келген. Качкындын иши качкын экен, келгенин келди, бирок биротоло ачыкка чыга албады. Анын изине түшкөн бай-манаптардан чочулап бир нече жылы өз жеринде далдаада жүрдү.

1910-жылдын июль айында аксылык болуш Жуманаалы отуздай жигит менен түн жамынып келип, үйүндө жаткан жеринен акынды кармап кетет да, айдап барып Наманган түрмөсүнө өткөрүп берет. Токтогул ал жерде төрт ай жатып, калың элдин чечкиндүү аракетинин аркасында күз айларында абактан бошонот. Ошондон кийин гана акын ачыкка чыгып, элин эркин аралап жүрүүгө мүмкүндүк алат. Бирок дале болсо манаптардан чочулап, бирде Таласка барып, бирде Кетмен-Төбөгө келип «зар заманда жайчылык, таба албадым, Токтогул» деп өзү айткандай, жай турмуш кечире алган жок. Ошентип, акын дайыма айдоодо же манаптардын куугунтугунда жүрдү.

Токтогул 1933-жылы 17-февралда өзүнүн турагы Саз-Жийдеде дүйнөдөн кайтты. Анын сөөгү Саз-Жийденин этегиндеги Узун-Акмат суусунун боюна, Чолпон-Ата деген жерге коюлуп, башында жакшы эстелик орнотулган.

Эл өзүнүн улуу акыны Токтогул Сатылгановдун ысымын сыймык менен айтат, аны кадырлайт, кастарлайт. Акындын атында азыр Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгы бар, анын ысымы улуттук филармонияга, районго, чарбаларга, мектептерге, китепканаларга, көчөлөргө коюлган.

ТОКТОГУЛДУН ЖЕКЕ ТАГДЫРЫ – АНЫН ЫРЛАРЫНДА

Токтогул эки доордо өмүр сүрүп, чыгармачылыгын да ошол мезгилдик мерчемде улантып, ар кандай темадагы чыгармаларды жаратып, мезгил сыноосунан ийгиликтүү өткөн

чоң талант. Анын калтырган мурасы тематикалык жактан көп кырдуу. Демек, улуу акындын чыгармачылыгы эки доордун тарыхый окуялары менен социалдык абалын камтыды. Ошого карап, биз акындын жалпы чыгармачылыгын эки доорго бөлөбүз. Биринчисине акындын Өктөбүр төңкөрүшүнө чейинки мурасы, экинчисине андан кийинки ырлары кирет. Акындын бардык чыгармаларында тарыхый чындык адилет чагылдырылып, эл турмушу: үмүт-тилеги, ой-мүдөөлөрү болгону болгондой баяндалат.

Акындын өмүр жолу абдан кыйынчылыкта өткөнүн силер өмүр баянынан билдиңер. Ошондой «тар жол, тайгак кечүүдөн» улам мүдүрүлүп, кайра туруп, не бир азап-тозоктордон өтүп, бирок мүңкүрөп калбай үмүттүү өмүр улаган инсандын чыгармалары, албетте, ар кандай тарыхый окуяларга күбө болуунун далили катары каралышы керек. Токтогулдун чыгармачылыгын изилдеген адабиятчылардын пикири боюнча акындын жалпы чыгармачылыгы эки доорго, төрт мезгилге бөлүп кароону талап кылат.

1. Акындын чыгармачылыгынын алгачкы мезгили.
2. Айдоого чейинки мезгил.
3. Сүргүндө жүргөндөгү чыгармачылыгы.
4. Элине келгендеги жана Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийинки мезгил. Мындай бөлүштүрүү акындын өмүр жолуна, ырларынын тематикалык багытына жана алардын жаралыш мезгилине карап жасалды.

Эл адамы катары Токтогулдун өмүрү элдин турмушу менен бирге каралат. Акындын чыгармачылыгында эл турмушунун чагылдырылышы, демек, акындын өз турмушунун көркөм чагылдырылышы дегендик.

«Кош, апаке». Биз жогоруда Токтогулдун жалпы чыгармачылыгын төрт мезгилге бөлдүк эле. Ошонун экинчи мезгили акын туткунга алынган учурдан, тагыраак айтканда 1898-жылдын жай айларынан башталат. Эгер буга чейин акын «Беш каман» жана башка ырларында эзүүчүлөр менен эзилгендердин ортосундагы келишпес күрөштү, карапайым калктын оор абалын баяндаса, эми туткунга алынган мезгилден баштап Токтогулдун чыгармачылыгында мазмун жагынан да, тематикалык жактан да айрым өзгөрүүлөр болду.

Силерге жогорку маалыматтардан белгилүү болгондой, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү эзилген эл жети ата менен бир ата болуп бөлүнүп, Рыскулбектин балдарына каршы көтөрүлүп, бир нече жолу чабыш болгон соң «калың эл колуна курал алып, Анжиянга басып киргени жатат, тез аскер жибергиле» деп манаптар Наманган горнизонунан аскер сурашат. Куралданган алтымыштан ашык аскер келип, 1898-жылдын 11-июнунда Кетмен-Төбөдөн көп адамды кармап кетет... Алардын ичинде Токтогул да бар эле. Акын «жамандыгын ырдайм деп, жазыктуу болдум манапка» деген сөзүн бекеринен айткан эмес. Мындай ойду ал «Беш каман», «Арзыматка», «Папы калпа», «Үйчүлүк эшен» жана башка ырларында айтты. Өзү айткандай ак жерден күнөөлүү болуп, сүргүнгө айдалып кетээрде «Кош, апаке» деп энесине, «Кош, элим» деп журтуна кайрылат.

«Кош, апаке» – акындын жалаа менен кармалып түрмөгө кетип баратканда энесине кайрылып айткан ыры.

«Керимбай кылды кесирди,
Кекенип мага эсирди.
Жаш кезимден каршы элем,
Журтумдан айдап кетирди.
Айланайын, апаке,
Уккун менин сөзүмдү.
Картайганда көп ыйлап,
Алдырба муңга өзүңдү».

Муңкануу менен айтылган мындай ыр ошондой теңсиздикте өмүр өткөргөн адамдан гана жаралышы мүмкүн. Бирок акын келечектен үмүт үзбөй:

«Ажалым жетип өлбөсөм,
Карчыга куштай айланып.
Келермин кайра элиме», –

деп, акыры башына азаттык келээрине ишенет. Ажал жетип, өлбөсө эле андай азаттыктын бир эле ага эмес, жалпы элине акыры келиши акындын көңүлүндө дайым турган.

Токтогулдун «Кош, апаке» сыяктуу айдалып бараткандагы ырынын маани-мазмунунун ошол эле мезгилде жараткан «Айдалып жөнөгөндө», «Кыйындык түштү башыма», «Бизге

http://elibrary.kg

келер бекен кең заман», «Ушундайбы сурагың» деген ырлары толуктап турат.

«Айланган тоонун бүркүтү». Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалаа менен айдап кеткен аскерлер Токтогулду бир топ кишилер менен Намангандагы аскер түрмөсүнө таштап коюшат. «Айланган тоонун бүркүтү» ошол түрмө дубалдарынын ортосунда жаралган ыр. «Күн тийбес тамда жатамын, күч кетип, эс ооп, алсырап, алдымдан нымдуу сыз өтөт, айласыз жатам жалдырап, козголор менде дарман жок, кол-бутта кишен шалдырап», – деп акын өз абалын элестүү берген.

«Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген,
Колума кишен салындым».

Токтогулдун пессимисттик маанайда чыгарылган бул ыры анын жалпы чыгармачылыгы бөлүштүрүлгөн экинчи мезгилине кирет.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Токтогулдун өмүр-таржымалынын урунттуу учурларын айтып бергиле.
2. Анын балалык кези кандай шартта өттү? Мезгилге тарыхый мүнөз бергиле.
3. Токтогулдун аң-сезиминдеги өсүп-өнүгүү процессин, прогрессивдүү бурулуштарды аныктагыла.
4. Акындын жеке турмушу анын ырларында. Муну далилдүү мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.
5. Токтогулдун чыгармачылыгы кандай мезгилдерге бөлүштүрүлдү. Аны далилдегиле.
6. «Кош, апаке» ырынын пайда болушундагы кырдаалга учкай мүнөздөмө бергиле.
7. Акындын мындай мүнөздөгү кандай ырларын билесиңер?
8. «Айланган тоонун бүркүтү» ырындагы чөгүңкү маанайдын себеби эмнеде?
9. «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү» ырларынын мазмунуна жана көркөмдүүлүгүнө көңүл токтоткула. Ырларды көркөм окугула.

http://eduportal.uz

«Эңсеген элим, аманбы?». Акындын бул ыры анын үчүнчү мезгилиндеги чыгармаларына кирет. Эгер Токтогул Сибирде жүргөндө «Жыпар жыттуу асыл жер, жетемби сага кыргыз эл», – деп элин эңсеп ырдаса, туткундан качып чыгып, акыры эңсеген элине келип кошулгандан кийин «Кетмен-Төбөнү көргөндө», «Жерди көргөндө», «Күңгүрөнө күү чалдым», «Апакем, аман барсыңбы», «Туткундан келгенде», «Буурул болуп карыдым», «Эзилдим шумдук заманда», «Эңсеген элим, аманбы?» деген ырларын жаратты.

«Малай болуп жарданып,
Ыйлагандар, аманбы?
Кара оокатка жандарын,
Кыйнагандар, аманбы?
Жан тынымын дүйнөдө
Кылбагандар, аманбы?
Көк келтекке жыгылып,
Кыйрагандар, аманбы?
Коюн багып байлардын,
Кул болгондор, аманбы?
Бир жылкы акы – бир көйнөк
Пул болгондор, аманбы!
Жайы-кышы жаанга?
Суу болгондор, аманбы?».

Ырда абактан бошонгон адамдын абалы берилгени менен мында терең кайгыруу бекем орун алган. Токтогул Сибирге айдалып кетип жатканда жаш баласы калган эле. Келгенде ошол уулунан ажырап калганы «аскасы бийик дабандын, азабын тарттым замандын, айнектей көзүн көрбөдүм, аркамда жалгыз баламдын» деген саптар менен берилет. Бул ой андан ары тереңдетилет:

«Күнгөйү бийик дабандын,
Күйүтүн тарттым замандын.
Күмүштөй жүзүн көрбөдүм,
Күкүктөй жалгыз баламдын».

Мындай кайгы ар бир эрктүү адамды белден басып мүңкүрөтөт, муунун бошотот. Ошон үчүн акын:

«Басайын десем муунум жок,
Отурар алтын туурум жок.
Оюмдан кетпес бул кордук,
Ойнотом десем уулум жок», –

деп эли менен учурашып жаткан ырында айтып отурат.

Ошентип, «Эңсеген элим, аманбы?» – Токтогулдун жеке тагдырынын бир үзүмүн чагылдырган ири мазмундагы чыгармаларынын бири.

http://edu.gov.uz

«Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы». Темасынан көрүнүп тургандай, учурашуу айтышына кирет. Айтышта акындын тарыхый тагдыры чагылдырылган. Мунун да өзүнчө тарыхы бар. Токтогул Сибирден качып келгенден кийин айылында жүрүп, бир жылдан соң Коңур-Өгүзгө барып калат. Куш салган кишилер менен жүргөн жеринде Эшмамбетке жолугат. Экөө аттан түшө калып көрүшөт, ошондо ал-жайды сурап айтыша башташат. Алгач сөздү Эшмамбет алып, Токтогулдун тагдырын, кайда барып, кантип келгенин сурайт. Өз кезегинде Токтогул жооп кайтарып ак жеринен айдалып, кыйын күндү баштан кечиргенин, адилетсиз заманда азапты аябай тартканын, күнөөсүз камалгандардын тагдырын баяндап берет. Суроо-жооп иретинде жүргөн айтыш кыйла узакка созулган. Эшмамбет менен бирге жүргөн кишилер айтыштын мунду улугуна муундары бошоп угушат. Айтыштын аягы бүтпөй, күн кечтеп кеткен соң, айылды көздөй жөнөшөт. Токтогулдун кабарын укканда туш-туштан чубап келишип, үй элге жык толот. Эки акын айтышын улантып, ал узакка созулган. Токтогул менен Эшмамбеттин ырлары угуп отурган көпчүлүккө аябай таасир этип, алар акыйкат кылбаган падыша өкмөтүнө жана жалаа менен күнөөсүз адамдарды ак жеринен айдаткан бийлөөчүлөргө наалат айтып, нааразылыктарын билдиришкен.

Айтышта сүрөттөлгөн турмуш чындыгы – Токтогулдун кайгылуу өмүрүнүн бир үзүмү гана. Бирок Токтогул өз өмүрүн, өз турмушун элден бөлүп карабагандыктан айтышта элдин өткөндөгү оор турмушу да чагылдырылган, букара элдин катуу эзилгени, адилетсиз бийликке карата нааразылыгы баяндалган.

Экөөнүн айтышы элет арасына тез тарап, көпчүлүктүн сүйгөн чыгармаларынан болуп калат. Эки акын кайсы жерге, кайсы элге барбасын, көпчүлүк куштарлык менен сурашып, ушул айтышты кайталатып ырдатышкан. Улам кайталап айтылгандыктан чыгарманын көркөмдүгү да жогору, идеясы терең. Мында оозеки эл чыгармачылыгынын салты улантылганын Эшмамбеттин тематикалык параллелизмди көп колдонуп, риторикалык суроолорду кайталап бергенинен байкоого болот:

«Күлүктүн оозун керген бейм?
Күнадыр[1] келип кармаган.
Күйүттүү күндө зарлаган,
Күмүш жаак, күлүк тил.
Күкүгүм Током келген бейм?»

Токтогул акындардын салты боюнча ырчыга кайтарган жообунда өзүнүн абалын жана кошо айдалгандардын жайын ыр менен баяндап айтат.

«Айдалгандын ичинен:
Кутунай, Бакай, Качканак,
Качып чыккан баш тараак.
Муратаалы, Мырзабек
Мурун качып келди эле.
Ошонун баары залимге
Кылмыш кылган эл беле?».

Эшмамбеттин суроолорунда, Токтогулдун ага кайтарган жоопторунда эч кандай бурмалап айтуу, же чындыктан четтеп кетүү аракети жок. Ошол тарыхый чындык эки акын тарабынан муңдуу ыр аркылуу көрсөтүлгөн.

Айтышта бийлөөчүлөргө өтө так мүнөздөмө берилген. Эшмамбет да, Токтогул да эзүүчүлөргө карата «залим» деген метафораны колдонушканын көрөбүз. Токтогул жообунда залимдер ким экенин санап, бай-манаптарды, бий-болуштарды, губернаторду, падышаны залим деп атады. «Губернатор залимдер күнөөсүз кармап айдаган,... азапта шорум кайнаган» дейт акын.

Демек, элдин ичтеги кайгы-муңун, мүдөөсүн, ой-санаасын күчтүү ыр менен ачып бергендиги, тарыхый чындыкты өз учурунда туура чагылдыргандыгы үчүн Токтогул менен Эшмамбеттин айтышынын мааниси зор. Идеялык мазмунунун тереңдиги, көркөмдүгүнүн жогору тургандыгы менен бул чыгарма акындык поэзиянын тарыхынан көрөсөндүү орунду ээлеп турат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Эңсеген элим, аманбы?» акындын чыгармачылыгындагы кайсыл мезгилге кирет?
2. Ырды көркөм окуп, жаттагыла. Тарбиялык маанисин айткыла.

[1] Күнадыр – губернатор.

http://edu.portal.uz

3. Акындын элине болгон кусалык, сагынычы кандай берилет, тексттен мисал келтиргиле.
4. Эшмамбет менен учурашуу кайсыл жанрга жатат? Анын тарыхый маанисин сүйлөп бергиле.
5. Акындын жеке тагдыры кандай берилген? Класста ролдоштуруп көркөм окугула.
6. Айтыштын идеясы, мазмуну боюнча үйдөн дилбаян жазгыла.

«Гүлдөп ал», «Жаштарга». «Гүлдөп ал» – акындын алгачкы чыгарган ырларынын бири. Ага удаа Токтогул «Эмне кызык», «Алымкан», «Насылкан», «Сүйүмкан», «Күлүйпа, Күлжар ашык кыз» деген ырларын чыгарган эле. Акыркы үч ыр акындын махабат лирикасындагы мыкты үлгүлөр, алар жөнүндө кийинки сабактарда атайы сөз болот.

Токтогул – даанышман адам. Ошондуктан өмүрдүн бир келип, кайра берилбестигин, аны нускалуу жашап, кийин өкүттө калбагандай болуш керектигин ушул «Гүлдөп ал» деген ырында баяндалат. «Кайрылып келбейт өмүрүң, ойлогула, кайран жашты картайтып койбогула» деп өмүрдүн кызыктыгын белгилейт.

«Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында.
Гүлкайырдай гүлдөп ал,
Күлгүн жашың барында,
Карылык кууп жеткен соң,
Кайран өмүр өткөн соң.
Кара чым басып денеңди,
Каласың жердин алдында».

Акындын «Жаштарга» деген ыры деле барып-келип ушул мааниде айтылат. Мында Токтогул нускоочу акын катары санат, насыят, терме, үлгү ырларынын формасын, ыкмасын пайдаланат. Акын жаштарга ар кандай акыл-насааттарын айтып келип:

«Жаш кезиңден кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе.
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын,
Бет алган жоодон качпастан.
Ишеничти актагын»,

Нускалуу кепти ирээти менен ылгап, тизмектүү ыр саптарына кынап көркөмдөп, таасирдүү кылып айтып берүү – Токтогул сыяктуу даанышман инсандардын гана колунан келчү жумуш.

АЛЫМКАН

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Бир күнү оору, бир күн соо...
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң.

Бетегелүү майданым,
Пейли жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым!
Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдууга салбай кыйын иш!...

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!...
Саркештеп сайган жоолугуң,
Сарсанаа кылат жоругуң.
Көккештеп сайган жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан,
Ак шайы жоолук колго алып,
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө,
Жыргасаң боло, Алымкан!...

«Алымкан». Акындын алгачкы жылдардагы (жигит кезинде) жараткан ыры болгону менен «Алымкан» – көркөмдүк жактан өтө жогорку деңгээлде иштелген ыр. Анын ар бир сабы Токтогулдун жүрөгүнүн толтосунан таамп чыккандай туюлат. Балким мунун өзгөчө себеби бардыр, ошону иликтеп көрөлү.

http://ebook.portal.uz

Алымкан Аксыда төрөлүп, ошол аймакта өскөн, тектүү жердин кызы. Ал элүүнчү жылдардын аягында дүйнөдөн кайткан. Алымкан жөнүндө аңыз сөздөр, «имиштер» абдан көп. Сүйүү ырларынын булагы чыныгы турмуштан алынгандай эле, «Алымкан» лирикасынын жаралышына да реалдуу окуя себепкер болгон. Токтогул менен Алымкан бир-бирин сүйүп, баш кошууга канчалык аракет кылышса да, адамды малга айырбаштаган эски салт алардын андай умтулушуна, тилектерине мүмкүндүк бербеди. «Кедей ырчыга кызымды бермек белем» деп, кыздын атасы калыңды арбын жеп, Алымканды башкага узатып жиберди. Ушундай адилетсиз окуя Токтогулдун сезимине бычактай тийди. «Алымкан» деген ырын чыгарып, аны «Жаш кыял» деген күүгө келтирип ырдады. Айрым маалыматка караганда, акындын ушул ыры «күнү-түнү айтса да, түгөнчү эмес» экен. Көлөмдүү ырдын үзүндүсү катары үч-төрт варианты сакталып бизге жетти.

«Алымканда» укмуштай салыштыруулар бар. Анын өзү образды ачууга, акындын поэтикалык оюн элестүү чагылдырууга багытталган. «Ачылган кызыл гүлдөйсүң» деген мүнөздөмө сүйкүмдүү кызды көзгө элестетет. Ал эми Алымканды ачылган кызыл гүлгө салыштыруу аркылуу кызга карата жагымдуу мээримди, жүрөгү менен чын берилген ынактыкты билдирип жатат. Бирок эки жаштын бир-бирин сүйүүсү канчалык алоолонгон чекке жетпесин, баары бир алардын тагдыры ал кездеги адилетсиздикке аргасыздан баш ийди.

Токтогулдун ырларынын ички сезимди тереңден козгогон лирикалуулугу, мазмундуулугу анын музыкасы менен тыгыз байланыштуу. Акын ушул ырын: «Токтогул черткен «Жаш кыял» тыңдасаң боло, Алымкан... Аз күнчөлүк өмүрдө жыргасаң боло, Алымкан» деген мукамдуу кайрык менен бүтүрөт. «Жаш кыял» – Токтогулдун тун сүйүүсүнүн жалындуу илебинен жаралып, анын ички дүйнөсүн, оюн комуздун мукам кайрыгы – музыканын уккулуктуу назик үнү менен күчтүү эмоцияда туюндурууга багытталган күү.

Белгилүү акын Омор Султанов минтип жазыптыр: «Дүйнөлүк поэтиканын казынасында эң сонун арзуу ырларынын

үлгүлөрү бар. Ар бир эл аларды өмүр жолун өзөктөп ырдап өтүшөт. Бирок «Алымкандай» кыргыз баласы үчүн даана сыр билги, аялуу, жаш кылгырткан назик, ары терең салтка тунган арзуу ырын табуу кыйын»[1].

Суроолор жана тапшырмалар

1. Токтогулдун «Гүлдөп ал», «Жаштарга» аттуу ырларын көркөм окугула, жаттагыла. Ырлардын таалим-тарбиялык маанисин чечмелегиле.
2. Бул ырлардын негизги идеясы эмнеде?
3. Акындын нускалуу насаатчы экендигин аныктагыла, ырлардан мисалдар келтиргиле.
4. Токтогулдун сүйүү ырларына жалпы мүнөздөмө бергиле, алардын нарк-насилин, көркөмдүк баасын аныктагыла.
5. «Алымкан» – акындын сүйүү лирикаларынын мыкты үлгүсү. Мунун себеби эмнеде!
6. «Гүлдөп ал» менен «Алымкан» ырларынын ички байланышы барбы? Болсо эмнеде? Ырлардан муну далилдеген саптарын келтиргиле.

«Өмүр». Токтогул даанышман акын катары бир катар философиялык ырларды жаратты. Анын акындар чыгармачылыгында өмүр темасына көп кайрылып, толуп жаткан чыгармаларды жазганы белгилүү. Токтогулдун «Балалык», «Күлгүн жаш өтүп эскирет», «Өмүр», «Карылык» деген жана башка өмүр темасына арнаган толуп жаткан ырлары бар. Булардын ичинен өмүргө, жаратылыштагы өзгөрүү кубулуштарына ой жүгүртүү жана көркөмдүгү жагынан «Өмүр» аттуу чыгармасы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Бул – акындын өмүрүнүн акыркы күндөрүндө жараткан чыгармасы. Акын: «Кайран өмүр жыйырма беш жашка барар болсочу» – деп, өмүрүнүн өткөнүнө кейийт. Акындын турмушка баа берүүдө философиялык оюнун тереңдиги, элге карата гумандуулугу төмөнкү ырдан ачык көрүнөт:

«Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу».

[1] Китепте: Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 1 том. – Фр.: «Адабият», 1989, 8-б.

http://kyrgyzportal.uz

Токтогул бул ырында терең ой жүгүртүп, адамзат жөнүндө ичтеги жакшы тилегин билдирип жатат. Анын ою боюнча адамзат бу дүйнөгө жаралып келгенден кийин жарыкчылыкта узак жашаса дейт.

«Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу.
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу».

Ырды жеткире иштелген, философиялык ой менен ширетилген ыр десек болот. Токтогул адамдардын жүрөгүнүн тереңинде жаткан, көкүрөгүн өйүгөн ойлорду таап айткан. Токтогулдагы жакшы сапат – кайсы кубулушту же турмуштук көрүнүштү сүрөттөбөсүн, аны угуучуларга элестүү жеткире бергендиги. «Өмүрдү« окуганда акындын анык зергердиги, көркөм сөз өнөрүнүн чебери экендиги даана көрүнөт. Ырдын ар бир сабында терең камтылган ой бар. Токтогулдун бүткүл ой-санаасы адамдардын тилеги менен айкалышкан. Ал кызылдын оңбошун, гүлдөрдүн солубашын, адам турмушунда кырсык болбошун тилейт. Бирок жаратылышта дайыма өзгөрүү болуп турары, түбөлүккө жашаган эч нерсе жок экени Токтогулду ойго салбай койбойт. Акын ырын төмөнкүдөй философиялык ой менен корутундулайт:

«Аргымак болсоң ноёрсуң,
Ак болот болсоң жоёрсуң.
Алтындай өмүр өткөн соң,
Артыңа келбей коёрсуң».

ДҮНҮЙӨ

Бул дүнүйө бекерсиң,
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүйнөнүн,
Түбүнө ким жетерсиң?

Келериңде, дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.

http://edu.portal.uz

Кетериңде, дүнүйө,
Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Келериңде, дүнүйө,
Асмандагы күндөйсүң.
Кетериңде, дүнүйө,
Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Келериңде, дүнүйө,
Өзөнгө бүткөн талдайсың.
Кетериңде, дүнүйө,
Өлүмдөн бетер алдайсың.

Келериңде, дүнүйө,
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетериңде, дүнүйө,
Суу жетпеген кактайсың.

Келериңде, дүнүйө,
Алмач өркөч лөктөйсүң.
Кетериңде, дүнүйө,
Тулпар минсең жетпейсиң.

Келериңде, дүнүйө,
Жасалгалуу үйдөйсүң.
Кетериңде, дүнүйө,
Жакыныңды сүйбөйсүң.

Келериңде, дүнүйө,
Ташып чыккан булаксың.
Кетериңде, дүнүйө,
Желсиз өчкөн чыраксың.

Келериңде, дүнүйө,
От жакпай оргуп кайнайсың.
Күн тийгендей жаркырап,
Күлө басып жайнайсың.

Дүнүйө чиркин ушундай,
Колуңдан качкан кушуңдай.

http://edu portal.uz

«Дүнүйө». Акындын философиялык ой чабыты улам тереңдеп, адам өмүрүнүн, жашоо маңызынын маанисин чечмелөө жагындагы нукура даанышман түшүнүктөрү ушул «Дүнүйө» аттуу көлөмдүү ырынан көрүнө баштайт.

Дүнүйө – акындын түшүнүгүндө адамдын өмүрү, инсан жашоосунун көркөм ассоциациясы. Адам жашоого келгенде (туулганда) «толукшуп чыккан айга» окшойт, ал эми өмүрү өтүп, күнү түгөнөөрдө (өлүм алдында) «суу жүрбөгөн сайга» окшойт. Жашоо – бул жарык менен караңгынын, ак менен каранын, бийик менен жапыздын, жаратуу менен кыйроонун, өлүм менен өмүрдүн, сулуулук менен ырайсыздын, адилет менен жалгандын түбөлүк элдешпес күрөшү.

Тиричилик жаралганда кошо пайда болгон мындай күрөштү акын ырчылык, болгондо да кыраакылык, даанышман ырчылык таланттын күчү менен ар кандай көрүнүштөргө салыштырып, ашкере элестүү, ары кооз-көркөмдүү, уккулуктуу берип жатат.

«Келериңде дүнүйө,
Жоо качырган эрдейсиң.
Кетериңде дүнүйө,
Кейиген менен келбейсиң».

Же болбосо:

«Келериңде дүнүйө,
Ташып чыккан булаксың.
Кетериңде дүнүйө,
Желсиз өчкөн чыраксың».

Бирок, канчалык кубаныч көздү жайнатып, шагында булбул сайратып кооз көрүмдүү көрүнгөнү менен бул «жалган» убактылуу, чектелүү гана өмүр экенине Токтогул, «бул дүнүйө бекерсиң, бир күнү өтүп кетерсиң» деген саптар менен чекит коёт. Демек, өлүм көздү байлай электе адамда кайрат-күч барында жашоонун кубанычын көрүп, адамдык милдет-парсты аткарып, өрнөктүү өмүр сүрүш керек. Акындын «Дүнүйө» аттуу философиялык, ары жогорку көркөмдүүлүктөгү бул көлөмдүү чыгармасынын маңызы мына ушунда.

http://eduportal.uz

«КЕДЕЙКАН» ЭПОСУ ТОКТОГУЛДУН АЙТУУСУНДА

Токтогул акын катары өзүнө чейинки эл ырчыларынын салтын улантып, элдик оозеки чыгармачылыктын көп түрлөрүн айткан. Аларды мазмун жана форма жагынан кыйла байытып, көркөм-эстетикалык жаңы бийиктикке көтөрдү. Токтогул «Манас», «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Шырдакбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй» сыяктуу жомокторду, элдик дастандарды, эпосторду айткан. Булардын ичинде «Кедейкан» эпосу да бар. Дегинкиси, акын «Кедейканды» жогоруда саналган эпос-дастандарга караганда кыйла мыкты аткарчу экен.

Отузунчу жылдарда латын арибинде жазылган маалыматтарга караганда «Кедейкан» жомогу Токтогулдун шакирти Калыктан жазылып алынган.

Калыктын айтымында жомок биринчи жолу ыр түрүндө Токтогулдун оозунан жаралган экен. Аны Калык ырчы кайталап гана аткарган сыяктуу. Жомоктун кара сөз түрүндөгү элдик варианты алгач кыска гана болсо керек. Анын окуясын ыр саптарына салып, сюжетин кеңейтип, көркөмдөп айткандан кийин гана эпоско айланганы маалым. Демек, эпосту Токтогулдун варианты деп кесе айтууга толук негиз бар.

«Кедейкан» – кыргыз элинин илгерки, эски жомокторунун бири. Алгач ал эл ичинде жөө жомок түрүндө көркөм сөз (кара сөз) менен айтылып келген. Андагы негизги идея бийлик жана чыныгы инсандык, адамдык касиеттер жөнүндөгү гуманисттик ойлордун берилишинде жатат.

«Кедейкан» – кандын жомогу. Бирок Токтогулдун айтуусундагы вариантта да, мурунку кара сөз түрүндөгү варианттарда да кыргыздын кайсыл канынын тушундагы окуяларды сүрөттөгөнү жөнүндө маалымат берилбейт. Эпостон элдин тарыхын, турмуш-тиричилигин, каада-салт, үрп-адатын толугу менен билүүгө мүмкүн эмес. Бул чыгарманын жомоктотуп айтылган табиятына байланыштуу.

Ошондой болсо да эпостон эл турмушу, анын психологиясы жөнүндө айрым маалыматтарды алууга болот.

http://eduportal.uz

Бийликтеги адамдын аңкоолугу, бейпарасаттыгы ишенген кишиси Ак эшен келсе эле колундагы бийлиги менен тактысын үч күндүк мөөнөт менен кедейге аманатка берип койгон Азимкандын образы аркылуу берилет.

Түбүнөн кедей өсүп, күнүмдүк жан багууга оокаты жок өскөн Керээз (анын аты кедей жетимге алмашат) акылдуу, айлакерлиги менен кандыкка жетет. Кедейкан бийликке келгенден кийин эл мурункудай кордук көрбөй акыйкат башкаруучунун алдында тынч өмүр сүрөт.

Карапайым эл илгертен тушундагы өкүмдардын залимдигинен жабыр тартып келген. Алар акыйкат адамдын бийликке келишин самап,– мындай ой-тилек оозеки чыгармачылыктын дээрлик бардык формаларында чагылдырылып келген.

«Кедейкан» эпосунун тулку боюна сиңирилген негизги идея дал мына ушунда.

Эпос алгач кара сөз түрүндөгү жомок болгон дедик. Ал ыр түрүндө Токтогул аркылуу биринчи тарала баштады. Жомоктук сюжеттин ырга салынып айтылышы чыгарманын көркөмдүк касиетин андан бетер жогорулатып, таасирдүүлүгүн арттырат.

Токтогулдун акындык чеберчилигинин бир чети, бучкагы да ушунда – өзүнүн төкмөлүк өнөрүнө салып фольклордук көп чыгармаларды профессионалдык деңгээлге жеткирди.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Эпостогу Кедейканга, Азимканга, Ак сопуга жана башка каармандарга жеке-жеке мүнөздөмө бергиле.
2. Чыгармада бийлик жана адам маселеси кандай чечилген?
3. Токтогулдун акындык жөндөмүнө кеңири мүнөздөмө бергиле.
4. Үйдөн чыгарманын сюжети, идеясы боюнча ой жүгүртүү же баяндоо дилбаянын жазгыла.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ. ФИЛОСОФИЯЛЫК ЛИРИКА

Лирикалык чыгармалар, жалпы эле поэзия тематикалык жактан көп кырдуу жана мазмунга бай жанрлардан. Турмуштук чындыкты кандай мамиледен туруп чагылдырганына

http://edu.portal.uz

байланыштуу андай ырлар саясий, граждандык жана сүйүү лирикасы болуп бир топко бөлүнөт.

Философия деген түшүнүк гректин «фило» – сүйөмүн, «софия» – акылмандыкты деген эки сөзүнөн алынган. Кыргызча акылмандыкты, даанышмандыкты сүйүү дегенди билдирет. Айрым бир акындар турмушка, жашоо-тиричиликке, анын маанисине, дүйнөгө, айлана кубулуштарына терең карап, алардын кунар-наркына, касиет-сапатына карата өз акылман-даанышман ой-толгоолорун айтышкан. Дегинкиси силер билген кыргыз эл акындарынын көпчүлүгү ошондой болушкан. Ырлардагы терең философиялык мазмун айрыкча Токтогул, Жеңижок, Барпы сыяктуу акындарга мүнөздүү.

Бу дүйнөгө түркүк болгон эч бир пенде жок деп айтылат. Адам өмүрү канчалык таттуу, канчалык кымбат болбосун, ал чектелүү, анын ченеми бар. Жаратылыштын мыйзамы ушул – бардык нерсе түгөнөт, картаят. Философиялык мындай ой акындын «Карылык» деген ырынын негизги пафосун түзгөн.

«Картайып кеттим Токтогул,
Кара чачым ак болуп.
Кайран жашты жоктодум,
Канаттуу куштай балалык.
Кайрылып келбейт окшодуң», –

деп акын жаштыгы менен кош айтышып, карылыкка моюн сунганын билдирет.

Токтогулдун «Аккан суу», «Дүнүйө», «Өмүр», «Карылык», «Замана» жана санат-насыяттары, айрым айтыштары, Жеңижоктун «Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Замана», «Аккан суу», «Үй-бүлө», Барпынын «Айт, айт десе», «Ак кымкаптан тон албайм», «Аккан суу», «Күн», «Шамал», «Ажал» ж.б. ырлары философиялык лирикага кирет.

http://edu.tp.uz



ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ) КӨКӨ УУЛУ

(1860–1918)

Орошон акын Өтө эле,
Оң менен солго тең эле.
Арыстан акын Өтө эле,
Агылган ырдын кени эле.

Токтогул

Жеңижоктун өз аты – Өтө. Ал Таластагы Сары-Көбөн деген жерде (азыркы Манас району, Покровка кыштагы) Көкө дегендин үй-бүлөсүндө 1860-жылы туулган. Энеси Алтынай Аксыдагы (Жалал-Абад облусу) Кара-Суу кыштагынан болот. Өтө ата-энесинен эрте ажырап, «ала» оорусу менен ооруп, көрүнгөндүн эшигинде тентиреп калат. Тестиер бала өзү курдуу балдар менен ойноп жүрсө, Ташкара деген бай жигиттерин чакырып:

– Тээтиги бала «ала» менен ооруган неме экен, муну айылга эмне жолотосуңар?! Оорусу жугат. Бир көк жетимден эл көбөйбөйт да, азайбайт. Алып барып Кара-Бууранын суусуна салып жибергиле! – деп буюрат.

Эки жигит Өтөнү Кара-Бууранын жээгине алып келет. Бирок жылдыздуу баланын (эскерме сөздөргө караганда, Жеңижок адамдын сулуусу болгон экен) өмүрүн кыюуга диттери чаппай, бооролору ооруп, кой айдаган соодагерлерге кошуп, «биерден көздөн далдаа кетпесең болбойт, Аксыдагы таякелериңе барып, ошояктан күнүңдү көр» деп качырып жиберишет. Өтө мал айдашып, Кум-Бел ашуусун ашат, Кербен (азыркы Караван) кыштагына келип, Бекмурат дегендин

http://e-dilportal.uz

үйүндө туруп калат. Көп убакыт өтпөй эле Кара-Суудан Садыр деген киши жумуштап Бекмураттыкына келип түшөт. Кыраакы адам Өтөнүн чоо-жайын билген соң, Бекмуратка, «сен бу баланы мага бер, бизге жээн болот экен, таякелеринде жүрсүн» деп атына учкаштырып Кара-Суу кыштагына – үйүнө алып келет. Садырдын энеси Айыке Таластын кызы болгондуктан, ылымсып, Өтөнү бала тутунат. Өтө «оорум башкаларга жугат» деп, салып берген төшөккө жатпай, саманга түнөп жүргөнү Айыкеге угулат. Айыке Өтөнүн кийимин чечтирип, денесиндеги жаратын көргөндөн кийин, Кыз-Арттагы Далычы деген дарыгер адамга алпарып, таза айыктырып келет. Айыке Өтөнү айылга жалданып келген өзбек молдолоруна окуттуруп, сабатын ачат. Айыкенин ою боюнча Өтө бир айылдын молдосу болуп, тынч оокат, тиричилик кылышы керек эле, бирок Өтө ырчы болууну эңсеп, кайсы айылга ырчы, комузчу, манасчы келсе, ошолордун жанынан чыкпай, оңтою келген учурда ырдай коюп, оозго илине баштайт. Дал ушул учурда жаш Өтөнүн турмушунда бир окуя болот.

Кеч күздө бир топ адам (ичинде Өтө да бар) Намангандан базарлап келатып, Кербендин базарына кайрылышса, элдин ортосунда кыргыздын оң канатынын Тогунай уруусунан чыккан айтылуу Нурмолдо ырчы дин, шарият жайынан ырдап жаткан экен. Нурмолдо ырдап токтолоору менен, угуп турган Өтө алгач өзүнөн улуу кишиге ырдап салам айтат, анан суроо артынан суроо жаадырып, Нурмолдонун шаштысын кетирип, айткан сөздөрүн жокко чыгарат. Нурмолдо жооп бере албай калат. Ошондо Өтөнү биринчи көргөн эл эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш жигиттин төгүп ырдаганына таңданып:

– Атаңдын көрү-ай, бу жеңижок жалмаңдаган анык жеңижок эме экен го. Жеңижок бала жеңди, бу Жеңижок кыйын ырчы экен! – деп дуу дей түшөт.

Ушундан улам Өтө Жеңижок атыгып кетет.

Көп өтпөй Жеңижоктун атагы бүткүл Аксыга тарайт. Баялы деген аксакал менчик жеринен ага жер бөлүп берип, там салганга, бак тиккенге жардам көрсөтөт. Жеңижок Артыкбайдын Көксулуу деген кызына үйлөнөт. Таластан бир

http://kyrgyzportal.uz

туугандары Болоттойду, карындашы Каракызды алып келет, орун-очок күтүп, Аксыда биротоло туруп калат.

Туугандары менен жердештеринин айтуусуна караганда Жеңижок 1918-жылы 58 жашында «упа» оорусунан кайтыш болот. Сөөгү Чолпон көрүстөнүнө коюлган. Ырчынын тамташы, бак-шагы жайгашкан жерди эл «Өтөнүн ыраваты» деп атаган. Ал тамдын ордуна Кара-Суу орто мектеби орношот. Өтө өз колу менен тиккен жаңгак, жүзүм, өрүк-талдары али да көгөрүп турат.

ЖЕҢИЖОКТУН АКЫН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ

Жеңижок өмүр сүргөн XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушу менен патриархалдык мамиле ыдырап, капиталисттик мамилелер кире баштаган. Коомдук-саясий аңсезим да чукул бурулуштарга кириптер болду. Эми элдин түшүнүгү да бара-бара кеңейип, прогресске умтулуу байкала баштады. Мына ушундай татаал тарыхый шарт ар бир таланттуу адамдын алдына «эки маданияттын», эки идеологиянын кайсынысына кызмат кылуу, тандоо маселесин койгон. Бала кезинен бечаралар менен бирге турмуштун азап-тозогун аябай көргөн, бирөөнү эзип, зомбулук көрсөткөндөргө зилинен каршы туруп, өзүнүн зиректиги, акыл-сезиминин курчтугунун аркасында «зар замандын» маңызын туура аңдап, көп нерсеге көзү жетип калган Жеңижок чыгармачылыкты адеп кесип туткандан баштап эл тарабында болду. Эли-журтунун кызыкчылыгын көздөп, бай-манаптан тартынган жок. Ал дароо эле элдик ырчы болуп кетти.

«Кагылайын жатакчым,
Кабыл алгын саламды.
Чекеңдин мөлтүр теринен,
Чертмектин күүсү жаралды.
Бассам-турсам баары бир,
Силерге бөлөм санаамды.
Жалгыздап жолго чыкканда,
Жанымда силер каралды».

http://edubook.uz

Акындын бүткүл чыгармачылыгы ушул өзү айткандай элдик багытта өнүгүп олтурду. Анын акын катары калыптанып олтурушунда баштан аяк кызыл сызык менен өтүп турган бир өзөк бар, ал: «эмгекчини мактап айт, жатып ичер бузукту, какшык сөз менен кактап айт», «керилип кетмен чапканды айт, адал дүйнө тапканды айт», – деген чыгармачыл багыт.

Жеңижок белгилүү акын Токтогулдан төрт гана жаш улуу, бирок алар чыгармачылык ааламга бир мезгилде аралашты. Жеңижоктун таптык көз карашынын курчушуна, ырларындагы курч социалдык багыттын калыптанышына Токтогулдун тийгизген таасири зор:

«Элде жүргөн ээрчитип,
Эшмамбет бар калкымда.
Топко ээрчитип тороткон.
Токтогул бар калкымда», –

дейт акын.

Жеңижоктун чыгармаларынан коомдук-саясий, социалдык жана философиялык, гуманисттик идеяларды арбын кезиктирүүгө болот. Жеңижок ырчылык менен гана чектелбей элдик оозеки чыгармачылыкты да мазмун жана форма жагынан андан ары байытты. Ал «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» өңдүү эпосторду күндөп-түндөп айткан жомокчу, улуу дастанчы гана эмес, өз замандаштарынан айырмаланып окуй да, жаза да билген билимдар инсан болгон.

«Жалгыз тал менен сүйлөшүү». Жеңижоктун бул ыры көбүнчө тек гана «Жалгыз тал» деп айтылып жүрөт. Акындын бул ыры – кыргыз поэзиясында, айрыкча XIX кылымдын поэзиясында салтка айланбаган, өзүнчө жаңылыгы менен топ жарып, айырмаланган чыгарма. Ырдагы акындын негизги көркөмдүк куралы – символдоштуруу: поэзиядагы символиканы ыктуу пайдалангандыгы. Муну ар бир акын эле жөндүү пайдалана алган эмес. Ырда акын тал менен кадимкидей сүйлөшөт. Эми алар эмне жөнүндө сүйлөштү? Маселе ушунда. Мунун өз тарыхы бар...

Жеңижок Таластан кетип, Аксыга барганда Артыкбайдын Көксулуу деген кызына үйлөнгөн. Атына жараша заты бар аял жанда жок сулуу, ары акылдуу, ары назик, тектүү жердин кызы болчу. Экөө ээрчишип, абдан бактылуу өмүр сүрүштү.

http://ebook.portal.uz

Бирок бири кем дүнүйө ушулбу, алар балалуу болушкан жок. Сезимтал акын куубаш болуп, өмүрдөн өтөрүнө күйүп, ушул ырын чыгарды. Эмесе ошол ырды окуп көрөлү:

«Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.
Булактагы жалгыз тал,
Муңайыпсың жалгыз тал!
Тукабадай жайылган.
Бүрүң кана жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана жалгыз тал?
Кайрылып келип конгондой,
Каргага түнөк болгондой.
Канаты жок жалгыз тал,
Кайгысы көп байкуш тал!
Бурулуп келип конгондой,
Булбулга түнөк болгондой.
Бутагы жок жалгыз тал,
Муңга толгон байкуш тал!
Шукшуруп келип конгондой
Шумкарга түнөк болгондой
Ачасы жок жалгыз тал,
Арманга толгон жалгыз тал!
Аймактуу чогуу жашаган,
Элиң кана жалгыз тал?
Алабакан болгондой,
Ачаң кана жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон
Атаң кана жалгыз тал?
Ничке тартып кетипсиң.
Денең кана жалгыз тал?
Көтөрүп жүрүп чоңойткон.
Энең кана жалгыз тал?
Өзүң жалгыз турусуң.
Бириң кана жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган.
Иниң кана жалгыз тал?
Көрүнбөйсүң ыраактан.
Караң кана жалгыз тал?
Тегеренип ойногон.
Балаң кана жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган.
Агаң кана жалгыз тал?
Апаң менен туушкан.
Тагаң кана жалгыз тал?
Же керилип чыккан бутак жок.
Кейиштесиң байкуш тал!...
Карайган талдын бирисиң.
Калың топтон ажырап,
Кандай жалгыз жүрүсүң?
Эки талдын бирисиң,
Эл журтуңдан ажырап,
Эмне жалгыз жүрүсүң?»

Акын өзүн жол боюнда жалгыз каңгырап турган жалгыз талга, мөмөсү жок, бак-шагы жок куурап турган жалгыз талга салыштырат. Талга собол берүү менен акын өзүнүн тагдырын сүйлөп турат.

Табийгаттын бир көрүнүшүн, же бир затын мисалга тартып, ошого кайрылып каймана сөз айтуу менен жүрөк күүсүн чертип, арманын көксөп айтуу ыкмасы, жогоруда учкай сөз болгондой, мурда поэзияда кезикпеген жаңы көрүнүш эле.

Эми акын тал болуп эмне дейт, оюн кайсыл багытта улайт?

http://kyrgyzportal.uz

«Беш-алты ооз сөз кылып,
Аңгеме дүкөн курадың.
Ажырап турган жалгыздын,
Ал-абалын сурадың.
Теңтушуна ээ кылып,
Терип-тепчип сурадың.
Телмирип турган жалгыздын,
Теги-жайын сурадың.
Кара жердин боорунда,
Калганың бар шекилдүү.
Кайгырасың жалгызга,
Арманың бар шекилдүү.
Кызыл күнгөй кыштообуз,
Душманың бар шекилдүү.
Кызыл өңүң кер сары,
Бушманың бар шекилдүү.
Булактагы жалгызмын,
Муңдуу болгон байкушмун.
Башаттагы жалгызмын,
Баласы жок байкушмун.
Тукабадай жайылган,
Шамал алды бүрүмдү.
Өзүм менен тең өскөн,
Адам кескен инимди,
Өзүм менен бир тууган.
Агамды кести бул адам,
Апам менен бир тууган.
Тагамды кести бул адам,
Ачайып чыкты бутагым.
Алабакан кылам деп,
Ашканага курам деп.
Ар ким келип кести эле,
Ол себептен түгөндүм!
Узун чыккан бутагым,
Уукчу келип кести эле.
Убайым тартам ал үчүн,
Бурулуп чыккан бутагым.
Буурсун үчүн кести эле,
Муңайганым ал үчүн,
Түзөлүп чыккан бутагым.
Түндүкчү келип кести эле,
Түгөнгөнүм ал үчүн,
Бул жерде жалгыз турганым,
Пендеге болсун убалым,
Аңгырап жалгыз турганым,
Адамга болсун убалым».

Эми Жеңижок айтат:

«Тал да болсоң далайдан,
Тегин эмес экенсиң!
Берешелүү адамдан,
Бегине эмес экенсиң!
Тоногон сенин шагыңды,
Айырган баштан багыңды.
Тентип кеткен Жеңижок,
Заманага таарынды!».

Ырда Жеңижоктун акын катары башка касиеттери да кашкайып көрүнүп турат. Бир жагынан анын элдик оозеки чыгармачылыктын нускалуу салттарын мыкты өздөштүргөнү поэтикалык кайталоо, символдоштуруудан көрүнсө, экинчи жагынан акындын төкмөлүгү, айтыш өнөрүн мыкты өздөштүргөнү ар кандай кайрылуулар, риторикалык суроо, аларга берилген жооптордон көрүнүп турат.

Ырда жалаң гана баласыз калган акындын арманы айтылбайт, анда жалпы эле адамзат тагдырына, заманага наалыган түшүнүктүн, өзөктү өрттөгөн зарзамандын күүсү чертилип турат. Жеңижоктун бул чыгармасы бүгүн да өз күчүн жоготкон жок.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Жеңижоктун өмүр-таржымалынын урунттуу учурларын айтып бергиле.
2. Анын өмүрүнө байланыштуу мындан башка дагы кандай маалыматтарды билесиңер?
3. Жеңижоктун акын катары калыптанышы жана ага таасир эткен шарайыт-шарт, тарыхый кырдаал, жагдайлар жөнүндө айтып бергиле.
4. «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» ырынын негизги идеясы эмнеде?
5. Ырды акындын жеке тагдыры менен байланыштыргыла. Стилдик өзгөчөлүгүн аныктагыла. Айрым үзүндүлөрдү жаттагыла.

«Балалык». Жеңижоктун «Балалык» аттуу ыры – Токтогулдун «Өмүр», «Карылык», «Жаштык», Барпынын «Адам», «Ажал», «Дүнүйө» деген ырлары сыяктуу философиялык кенен масштабдуу чыгарма. Жеңижок да бөлөк акындардай өмүр менен өлүм, жаштык менен карылык, жаман менен жакшы өңдүү түбөлүк келишпес түшүнүктөр жөнүндө терең ой калчап, колунан келишинче өз түшүнүгүн ырларында айта жүрдү. Адам өмүрүнүн трагедиясы, анын оош-кыйыштары, өлүм маселесине келгенде Жеңижок өз мезгилиндеги көп акындардан алдыга озуп, Токтогул менен Барпыга теңешет.

Жеңижоктун «Балалык» аттуу көлөмдүү ыры – атамзамандан бери элде жашап келе жаткан классикалык ойсанааны поэтикалык жалпылаштырган лирикалык дастан. Аны көлөмүнө карап эле дастан деп айта салганга болбойт, чыгарманын бай мазмундуулугу, көтөргөн чоң проблемасы да минтип айтууга толук укук берет. «Балалык» Жеңижоктун табиятына мүнөздүү төкмөлүк ыкма менен айтылып, элдик оозеки чыгармачылыктын формасына салынган.

«Жыйырма бешке барганда,
Жалындай туйлайт жүрөгүң.
Жыландай сойлойт билегиң,
Жылытат музду илебиң.
Жымыңдап турат жаныңда,
Жылдызы көркөм кыз-келин.
Эргиген куштай жүрөгүң,
Эңишсең жыгат билегиң.
Эритет музду илебиң,
Эрикпей турат жаныңда.
Эндиксиз сулуу кыз-келин,
Жылаажын болот добушуң.
Жылдыздуу кыздын жанында
Жыргайсың таап конушуң.
Жыргалы артык жаштык-ай,
Жылдырбай койсо толушуң.

http://eduportal.uz

Көркөмдүү чыгат добушуң,
Көрүнүктүү бир кыздын.
Көрөсүң басып конушун,
Көрүнөө дөөлөт жаштык, ай.
Кемитпей койсо толушуң»,

Өз учурунда баркталбай өткөн өмүр, жаштык кез акын тарабынан ушинтип кол жеткис дөөлөт катары бааланып ырга салынат.

«Балалыкта» акын «илеби музду эритер» жаштык кезди айтып гана чектелбейт, акын мында тарыхты козгоп, кыргыз элинде илгери-кийин саяпкерлердин, сынчы, ырчылардын өткөнүн айтып келип:

«Сары таман күлүктү,
Сары аязга суутуп.
Саяпкер, тапкөй, сынчы өткөн,
Сакалын куудай агартып.
Санат ырды көп айтып,
Кушчудан Сартбай, Чоңду өткөн.
Араба жүрөт кең жолдо,
Айтып көргөн ар сөздү.
Акын чыккан Нурмолдо,
Аралаш болуп башынан.
Айтышып келдик ар жолдо»,

Андан ары акын Майлыкожо, Кулунчак, Майкөт, Иренчек, Айдаралы, Аттокур, Төрөкул сыяктуу акындардын өткөнүн, бирок булардын эч кимиси жаштыктын жакшы мезгилин, балалыктын баалуу учурун ырга кошуп элине жар салбаганын айтат. Бул оюн мындай корутундулайт:

«Азыркы күндө майда ырчы,
Алтын дөөлөт жаштыктын.
Асылын билбейт баарысы,
Акын Өтө абаңдын.
Айтып турган чагы ушу», –

деп кадимки төкмөлүк жоргого салып балалыктын эч нерсеге алмаштыргыс өзгөчөлүктөрү тууралуу бийик эргүү менен ырдайт.

Жеңижоктун даанышмандыгы дагы бир жолу ушул ырында билинет. Мында акын адам өмүрүнүн бир жаштагы курагынан баштап жүзгө чейинки бүтүн өмүр жолу өзүнүн ар

http://adabiportal.uz

бир курактык өзгөчөлүгү менен кеңири мүнөздөлөт. Акын даңазалаган «ашык сөздү сүйлөгөн, айтылган кепке көнбөгөн, анык дөөлөт балалык» он үч гана жашка чейин. Мында бала:

«Куулук менен иши жок,
Кубанып айтат билгенин.
Көчүгүн күндө жоорутуп,
Көрөсүң тайды мингенин».

Ал эми он төрттөн баштап балалык доору токтоп, үстү-башына көз салган зымпыйган жигит болуп калат:

«Он төрткө жашы келгенде,
Дердейип калат кичине.
Каранып калат бой-башын,
Келин-кыз кирип түшүнө».

Ошентип, акын он төрттөн жыйырма бешке чейинки жигиттик «гүлдөгөн мезгилди» ашыра даңазалап отурат. «Илеби музду эриткен» курак ушул жыйырма беш жаш, мында адам кадимкидей оозго алынып, элине тааныла баштайт. Анан «оор басырык» отуз жаш келет, көп өтпөй кырктын кыры көрүнөт. Жеңижок муну балалыктан ат чабым алыс кеткен кез катары карап, эми өткөн өмүргө муңайым менен аяр мамиле жасайт. Балалыктын өтүп, кантсең да эми кайра келбесин айткан саптары айрыкча Токтогулдун «Жаштык», «Карылык» деген терең философиялуу ырлары менен үндөшүп кетет. Окшоштук форма менен мазмун жагынан да көрүнөт. Жетимиш жашка чейин балалыктын кол жеткис алыс кеткенин айтса, эми:

«Жетимиштин өзүндө,
Кара сакал ак болот.
Калп айткан менен болобу,
Кайта турган чак болот». –

деп карылык эле эмес, өлүмдүн өзүнө баш ийип («кайта турган чак») калганын билдирет. Мында Жеңижок кыйла реалдуу түшүнүгү бар акын катары көрүнөт. Жетимиштен ары Жеңижок Токтогул сыяктуу карылыкты сүрөттөп отурат:

«Токсонго барсаң тозорсуң,
Толукшуган өмүрдү.
Токтолбосоң жоктоорсуң,

http://eduportal.uz

Арыбасаң жүзгө чыгарсың,
Асыл жан менен коштошуп
А дүйнө көздөй жыларсың».

Акындын мындан кийинки саптары кадимки санат-насыят формасына өтөт. Эми акын «Турбайбы», «Эмеспи», «Жакшы экен» сыяктуу кайрыктар менен акындар поэзиясында илгертен салт болуп келе жаткан санат-насыят, үлгү ырларынын стилине салат. Ошол саптар менен нускалуу кеп-кеңешин берет. Балалыктан кол үзүп, карылык келип кыйнады деп нааразы болуу жарабайт, баарына канагат кылыш керек экенин таспиеттейт, даанышман акын.

«Өмүрдү аз деп чанганда,
Жарыкчылык дүйнөгө
Келбей койсоң кантмексиң?
Бул өмүрдүн кызыгын
Көрбөй койсоң кантмексиң?».

Ырдагы акындын негизги айтайын деген ою мына ушунда. Бир гана келчү өмүрдү өрнөктүү өткөрүү – адамдын адамдык милдети.

«Балалык» – Жеңижоктун даанышман акын катары философиялык терең ой – чабытын мүнөздөгөн көлөмдүү чыгармаларынын көч башы. Акынды акын кылган ыр-дастандарынын мыкты үлгүсү да ушул.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырды толук окуп чыккыла. Токтогул менен Барпыны жана башка акындардын ушул темадагы ырлары менен салыштыргыла. Жеңижоктун бөтөнчөлүгүн белгилегиле.
2. Адам өмүрүнүн балалык кези ырда кандай мүнөздөлөт? Ал мезгилдин мааниси кандайча берилет?
3. Ырда өмүрдүн башка мезгилдери кандай берилген? Тексттен мисалдар келтиргиле.
4. Ырда жаштык менен карылык, жакшылык менен жамандык өндүү философиялык түшүнүктөр кандай чечмеленет?
5. Акындын талантына, сөз байлыгына көңүл токтоткула.

http://eduportal.uz

«Аккан суу». Табият көрүнүштөрүнө болгон акындык жеке мамилени билдирип, философиялык ой-чабытын чагылдырган акындар кыргызда оголе көп болгон. Аккан суу жөнүндө алты күн айтса ада болбогон Токтогул, Барпы, Байымбет, Эшмамбет, Эсенаман өңдүү даанышман акындар жашаганын билесиңер. Жеңижок да акындык поэзиядагы бул салтты өз алдынча улантты.

«Замандаштарынын айтымында, – дейт Чынгыз Айтматов, – ал (Жеңижокту айтып жатат) жалаң агын суунун өзүн жети күн катары менен сүрөттөп түгөтө алчу эмес экен. Мен бул сөздө эч бир апыртуу жок деп ойлойм». Демек, «Аккан суунун» Жеңижок айткан биздеги варианты толук эмес, айрым-айрым үзүндүлөр менен гана жетти.

«Аккан суу» – Жеңижоктун аалам кубулушу, табият көрүнүшү менен жаратылыш сырлары жөнүндөгү философиясынын жогорку жеткен чеги.

Жер бетинде тиричилик улаган ар бир жандуу нерсе, жаныбарлар менен жансыз буюмдар, өсүмдүктөр менен башка табият бөлүкчөлөрү аккан суунун артынан гана күн көрүп отурат, «жер, ааламдын баарысын багып чыккан аккан суу» – мунун далили. Булардын өмүрүнө суунун берген пайдасы өзгөчө баалуу:

«Ак кыянын боорунан,
Агып чыккан аккан суу.
Өмүр отун тутантып,
Жагып чыккан аккан суу».

Өмүр отун жаккан нерсеге өмүр бою милдеткер болсо аздык кылат, муну даанышман акын жакшы түшүнгөн.

«Ай аккан суу, аккан суу,
Ай-ааламды баккан суу.
Сыр-Дайрадан кең туруп,
Сыр аякка баткан суу».

Акындын философиясы балким дал ушундайдыр, а балким «зоодон сынбай бир жери, кулап түшкөн аккан суу, аяк башын кулатпай, улап түшкөн аккан суу» деген саптарында жаткандыр. Сынчы Ш.Үмөталиев жазгандай: «эргип алган акын асман-жердин арасын кең-кесир чабыттап, бардыгына

http://edu.portal.kz

өмүр берип жаткан аккан сууну көкөлөтө көтөрүп көркөм сөз берметтеринин үйөр менен селин жүргүзүп жиберет».

Акын аалам жөнүндөгү терең философиясын айтуу менен табиятына түбүнөн мүнөздүү болгон санат-насыятын да кошо табыштайт. Аккан суу бир гана өсүмдүктөр менен жаныбар-макулуктарга өмүр берип чектелбейт, ал – адам өмүрүн гүлдөтө турган өзгөчө улуу керемет. Адам ага астейдил, таза мамиле жасаганы талап кылынат, аны сарамжал пайдалануу керек. Жеңижоктун философиясынын экинчи бир багыты ушунда.

«Адамзат пендеси,
Аккан сууну булгаба!
Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор!».

Суу жөнүндөгү бул көлөмдүү чыгармасында Жеңижок анын пайдалуу жагын гана айтып отуруп албайт. «Ирик менен чирикти, таза кылган аккан суунун» кыйраткыч зыяндарын да баяндап берет.

«Жердин жүзүн термелтип,
Каарданып киргенде.
Ылдый көздөй сүргөндө,
Капчыгайга толгондо.
Кандап барган мал-жанды,
Ажыдаардай соргондо.
Күнгөйдөгү таш агып,
Аюу, жолборс, сүлөөсүн.
Туш келгендин баары агып,
Байлап койгон сал агып.
Көпүрөлөр дагы агып,
Кечип кирген мал агып.
Байкабаган жан агып –
Бузуп өткөн кыяны.
Бул аккан суунун зыяны».

Бул Жеңижоктун окуяларга реалисттик көз караштагы мамиле жасаганын дагы бир жолу далилдейт.

Жеңижокту мыкты төкмө катары ушул «Аккан суу» аттуу ыры дагы бир жолу далилдеди. Аккан сууну ырдап жатып акын оюн берүүнү акындык (төкмөлүк) бир нече ыкмаларга салат. Тагыраак айтсак, ырда андай ыкмалар бешөө: биринчиси, кадимки элдик поэзиянын ыкмасына салып, ар бир сапта «Аккан суу» деп кайрып отурат. Мындай ыкма Токтогулга да, Барпыга да мүнөздүү. Экинчиси, суунун маанисин тек гана баяндалып, саптар бири экинчисине шыдыр уйкашып отурат да, эч бир сабында «аккан суу» деген сөз айтылбайт. Үчүнчүсү,

http://eduportal.uz

биринчи ыкмадан айырмаланып, ар бир үчүнчү сабында «аккан суу» редиф катары кайталанып отурат. Төртүнчүсү, сегиз, он, он эки сапка чейин суунун мааниси баяндалат да, жыйынтыктоочу бир сабында гана редиф кайталанат. Бешинчиси, ар бир сабында «суу» деп гана кайталанат да (редиф) оюн улам тереңдетип, кадимки төкмөлүк жол менен шыдыр уйкаш саптарын кынап отурат.

Акын өз оюн абдан гумандуу жыйынтыктаган. Аккан суунун маанисин тереңден ачып келип, мындай алгылыктуу бүтүм чыгарат:

«Чалкып жаткан кененсиң,
Керектеген жандуунун.
Кызматына беленсиң,
Байыртадан бер жакка,
Керектелип келгенсиң»,

Табият көрүнүштөрү адам аң-сезимине баш ийбей өз мыйзамдары менен жашайт. Адамга чейин өмүр улап жашап келе жаткан суу мындан кийин деле жашай берет, ага берет. Акын анын эмки жашоосуна ак жол каалап, батасын берет:

«Түбөлүккө агарсың,
Далай жолду басарсың.
Калайык-калк журтуңдун,
Кызматына жарарсың.
Ыракматын аларсың,
Укум менен тукумга.
Белек болуп барарсың,
Күүлөрүңдү черте бер.
Күкүктөнүп кете бер,
Темир комуз кага бер.
Толуп-ташып ага бер,
Тегеренип жер жүзүн.
Турмуш отун жага бер!»,

«Замана». Замана темасы – акындар поэтикасында абалтан келе жаткан салттуу темалардын бири. Аны Токтогул да, Барпы да, Тоголок Молдо да ырдаган. Жеңижоктун «Заманасы» ошол акындардан айрым бир бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат. Бөтөнчөлүгү – анын акындык өнөрүндөгү жекелик каси-

http://eduportal.uz

етинде. Ар бир акын өзүнүн талантына жараша, турмуштук камылгасына жараша өз «Заманасын» жаратты. Ырдын идеялык багыты боюнча анын беш-алты варианты (жогоруда саналган акындардын варианттары) бири-экинчисинен кескин айырмаланбайт. Окшоштугу – алардын баары XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы кыргыздардын коомдук-социалдык абалы жөнүндө ырдалганында. «Замана» темасындагы ырлардын негизги идеясы жакырчылыкка учураган букара элдин ой мүдөөсүн көздөп, коомдогу экиге бөлүнгөн таптык жиктелүүнү даана сүрөттөгөн. Алардын негизги идеясы Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч сыяктуу акындардын чыгармачылык багыты менен да үндөшүп турат.

Жеңижок «Замананы» өзүнчө ырдады. Ал өмүр сүргөн доор, мезгил ал үчүн кандай болгонун силер билесиңер. «Жылдан жылга бузулуп, сууп бараткан» заманды акын төкмөлүктүн жорго стилине салып, эч кимге окшобогон саптарды жаратты.

«Адал менен арамды ылгай билген, жакшы менен жаманды сынай билген» замананын адилетсиздигин акын «калың элди тынчтыкка койбой барат замана» деп катуу сынга алат:

Акын өз башынан кечирген азаптуу күндөрдү замана аркылуу «замандын бирөөгө кең, бирөөнө тар экенин, бирөөгө жок, бирөөгө бар» экенин айтат.

Бирок акын «Замана» аттуу ырында көңүл чөктүлүк менен арман айтып мүңкүрөп отуруп калбайт. Падыша орноткон бийликтин күчү кетип, жергиликтүү бай-манаптардын айласы түгөнүп баратканы жөнүндө да кабар берет.

Ырда Жеңижоктун айтаар бүтүмү да даяр: «Заман ушинтип эле турабы» деген суроо салат да «замана наадан караңгы, баалай албайт адамды» деп заманага болгон өзүнүн ички нааразылыгын билдирет.

«Замана» Жеңижокту философ акын катары улуу Токтогул менен Барпыга теңештирет, ошону менен бирге аны XIX кылымда жашап өткөн классик акындардын жоон тобунун катарына кошот.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Жеңижоктун «Аккан суу» аттуу ырын толук окугула.
2. Ырдын башка акындар жараткан варианттары менен таанышкыла. Аларды өз ара салыштыргыла.

http://eduportal.uz

3. Жеңижоктун вариантынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?
4. Суунун адам жашоосундагы милдети (мааниси) кандай айтылган?
5. «Аккан сууну» Жеңижок кандай ыкмада жаратты? Бул жөнүндө кеңири сүйлөп бергиле.
6. Ырдан айрым үзүндүлөрдү жаттагыла. Чыгарма боюнча реферат, доклад даярдагыла.
7. Ырдын негизги идеясы эмнеде? Анын темасын аныктагыла.
8. Замана темасындагы дагы кайсыл акындардын ырларын билесиңер? Аларды окуп чыккыла. Алар менен Жеңижоктун «Заманасын» салыштыргыла.
9. «Замана» темасы боюнча Жеңижоктун өзгөчөлүгүн аныктагыла.
10. Ырдан айрым үзүндүлөрдү жаттагыла.

«Үй-бүлө», «Ак куржун толо ыр калды». Жеңижок даанышман акын катары адеп-ахлак темасындагы бир топ ырларды жаратты. Алардын бири – «Үй-бүлө». Ырда алгач аялдын жакшысын айтып келип, аны менен жашаган адамдын көөнү толорун жогорку эргүү менен айтат. Эгерде алганың жаман болсо, акын айткандай «тапканыңдын баарысы, быркырап сынат көзөдөй». Үйүңдөн ырыскы кетет, береке учат. Андай аялдын тартиби да жок – «тактасына бит сыгып, үбөлүк менен ит урат». Акындын даанышмандыгы ушул – анын ар бир айткан сөзү жаштарга (жалпы угарман журтчулугуна) берээр насыйкат, үлгүгө тартаар нуска.

Эми акын уулдун жакшы-жаманын мүнөздөйт. Уулуң жаман чыкса үйүңдөн береке кеткени. Анын «сөөлөтүндө шаани жок, сөзү жукпайт – маани жок» болот. Андай баланын ата-энесинин сакал-чачы агарат, түйшүк тартат. Ушул эле мааниде акын ага-ининин жакшы-жаманын сыпаттайт, андан ары жалпы жамааттын жакшы-жаманын ырга салат.

«Жамаатың жакшы болгон соң,
Ырыскы ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,
Биригип каптай сел болот.
Ичинен карып көрсөтпөй,
Кара тоодой бел болот.
Жайланган жериң кең болот,

http://eduportal.uz

Жазы журтуң жадырап,
Теребелиң тең болот.
Мындай ынтымактуу жамаатка,
Кетпеген ырыс-бак конот».

Акындын турмушка, анын оош-кыйышына, жакшы-жаманына болгон түшүнүгү ушул. Эгер жамаатың жаман болсо – баары тескерисинче, анда эли-журтуңдан береке, ынтымак кеткени ошол.

Жеңижок өз өмүрүндө көптү көрдү, турмуштук тажрыйбасы артты. Жашоодо көргөн-билгенин акын билгичтик менен ыр саптарына кынап, тажрыйбадан жаралган ушундай маанидеги адеп-ахлактык, ары терең философиялык ырларды жаратты.

Жеңижок өмүрүнүн соңку жылдарында катуу ооруп, төшөктөн турбай калат. Мындай учурда бөлөк акындардай эле Жеңижоктун да чыгармачылыгында арман мотиви орун алат. «Ак куржун толо ыр калды» аттуу ыры дал ошол мезгилде чыгарылды. Бул ыр менен тематикасы, мазмун, идеясы үндөшүп турган «Ким айтат менин ырымды» жана «Акыркы ыр» деген ырларын ошол күндөрү жаратты. Акын бул ырларда айыкпас кеселге чалдыгып, бел көтөрбөй калган керт башынын трагедиясын эле ырдап туруп албастан мында элинин келечектеги өмүрү, турмушу, элинин кызыкчылыгы, анын учурдагы көңүлсүз абалы тууралуу тарткан түйшүгү тууралуу да айтат.

«Жабагысы – тай болбой,
Жардыларым – бай болбой.
Кулундарым – тай болбой,
Курама журтум – бай болбой.
Тескейден сууну бурдурбай,
Темирден коргон урдурбай». –

деп акын армандуу өтүп баратканын айтат. «Ак куржун толо ыр калды» – элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсүндө ырдалып, мында акын бул өмүрдөн кейиштүү өтүп баратканын башы ооруудан өйдө болбой мүңкүрөп калган чагында муңайып айтат. Акын баласыз өттү, ушунун өзү «кыямат өтүп барамын, кучактап бала мен сүйбөй» деген армандуу ойду айттырат.

http://ed.ziyonet.uz

«Ак куржун толо ыр калды,
Алган жарым тул калды.
Көк куржун толо ыр калды.
Кошулган жарым тул калды».

Бул саптар акындын алган жарынын тул калып жатканы жөнүндө гана айтылбайт. Мында маселе тереңде. Жеңижок өз мезгилинин билимдүү адамы болгон, ал арапча китеп окуп, өзү ак кагазга ыр жазган. Кейиштүү өтүп бараткан өмүрү эч нерсеге үлгүрбөй, жадагалса акындын жараткан ырлары элге жетпей, жарыяланбай калып жатканы аны кейитет. Демек, акындын артында ак куржун толо ыр калды, бул эмне деген мурас болмок?

Ырда кеселге чалдыккан дармансыз адамдын күйүтү, аз өмүр сүрүп арманда өтүп бараткан пенденин өмүргө болгон үмүтү бар:

«Чырмоок десем барк[1] окшойт,
Чыңыртып алып кетмекке.
Чындап келген дарт окшойт,
Кыймалуу калпак, кара шым.
Кие турсам не болмок?
Кырка сакал болгуча.
Жүрө турсам не болмок?
Саймалуу калпак, сары шым.
Кие турсам не болмок?
Сары сакал болгуча.
Жүрө турсам не болмок?».

Жалпысынан алганда «Ак куржун толо ыр калды» – Жеңижоктун өмүрүнүн акыркы күндөрүндө жараткан ырларынын эң орчундуусу. Ыр акындын бизге калтырган жалпы мурасында да көрөңгөлүү орунду ээлейт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. «Үй-бүлө» аттуу ырды толук окугула.
2. Ырдагы акындын айтайын деген ою эмнеде? Ырдын тематикасын аныктагыла.
3. Ыр кандай таалим-тарбиялык мааниге ээ?
4. Жеңижоктун «Ак куржун толо ыр калды» деген ырын кандай түшүндүңөр, автордун ою эмнеде?

http://e-support.uz

5. Ырда фольклордун салттары кандай пайдаланылган? Мисалдар келтиргиле.
6. Акындын жеке турмушу ушул ырда кандай чагылдырылат.
7. Үйдөн Жеңижоктун өмүрүнүн соңку жылдардагы ырлары боюнча реферат, доклад даярдагыла.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ. АССОНАНС ЖАНА АЛЛИТЕРАЦИЯ

Ассонанс француз тилинен алынган, үндөштүк, уйкаштык деген маанини берет. Бул стилистикалык ыкма ыр сабындагы же кара сөз түрүндөгү саптарда үндүү тыбыштардын кайталанып келишин шарттайт. Ассонанс поэзияда көбүрөөк колдонулат. Мындай кайталоо же үндүүлөрдүн үндөштүгү ырдын башында же бүтүндөй ыр саптарында болушу мүмкүн. Мисалы:

«Агарып аткан таң бекен,
Агарган таңдай жан бекен».
(Элдик ыр).

Элдик поэзия дээрлик ушул ыкмада куралган, бул поэтикалык речтин жагымдуулугун, уккулуктуулугун шарттайт.

Аллитерация латын тилинен кирип, кайталоо дегенди түшүндүрөт. Бул кубулуш да дээрлик поэзияда көп колдонулат. Эгерде ассонанста үндүүлөр кайталанса, аллитерацияда үнсүз тыбыштар улам кайталанып келип отурат.

Жеңижоктун ырларында ассонанс сыяктуу эле аллитерация да кеңири колдонулат. Мисал келтирели:

«Күмүштөн жүгөн ойдурбай,
Күлүктүн оозун чойдурбай.
Күлүктөн тандап ат минбей,
Көк кыжым салып салт жүрбөй.
Күйүттө өтүп барамын...».

Жеңижоктун ырларынан көрүнүп тургандай, аллитерация максатсыз кайталоо эмес, поэтикалык зарылдыктан чыгып, ойдун тереңдиги менен сөздүн көркөмдүүлүгү үчүн пайдаланылышы керек. Ассонанс менен аллитерация дээрлик бардык эл ырчыларынын, айрыкча Токтогул, Жеңижок, Барпы, Осмонкул, Ысмайыл сыяктуу төкмөлөрдүн ырларында арбын колдонулат.

http://edu.portal.uz

ЭШМАМБЕТ



(1867 – 1926)

Эшмамбет Бай Сейит уулу – 1867-жылы Таластын Колпоч айылында туулган. Эр жетип ээрге мингени улуу Токтогул акындын даңкын угуп, Кетмен-Төбөгө келип, акындан көп таалим-тарбия алат. Эшмамбет кыргыздын элдик поэзиясына, анын ичинде айтыш өнөрүнө өзгөчө чоң салым кошкон. Кыргыз жергесиндеги көрүнүктүү акындардын дээрлик бардыгы менен айтышкан. Эл арасында «ырчынын кара тулгасы» деген ардактуу атка татыган.

1926-жылы Кетмен-Төбөнүн Чечекти жайлоосундагы Капка деген жерде каза болгон.

САНАТ

Өмүр жашоо бардыгы,
Келбейт экен бүркүмгө.
Чын акылың жетишсе,
Чыныңды бурба күкүмгө.
Бул жашоонун чоң жолу,
Сала берет түркүмгө.

Жер бетинде тирилик,
Жайнай берет тирилип.
Алда кайда созулат,
Аккан дайра ийрилип.
Адамзаттын өмүрү,
Ага берет киринип.

Дат жукпас сары алтынга,
Таасириң болот баркында.
Кезегиң барда эр жигит,
Күмүш өңдүү жаркылда.

Аргымак аттай арышта,
Атагың калсын артыңда.

Кылкылдаган кымыздай,
Кызыткан болчу жашчылык.
Дене бойду от жакпай,
Ысыткан болчу жашчылык.
Күркүрөп аккан дайранын,
Шарындайсың жашчылык.
Чайга кошкон аарынын,
Балындайсың жашчылык.
Кетээриңде от болуп,
Жалындайсың жашчылык.

Бир кеткен соң экинчи,
Табылбайсың жашчылык.

http://eduportal.uz

Баркын билбей жаш кезде,
Болот тура масчылык.
Сагынсам да кайрадан,
Келбейсиң го бастырып.
Ак куулар канат каккандай,
Учуп кетти жашчылык.
Кашыма бир конду да,
Сызып кетти жашчылык.
Асмандагы Күн, Айдын,
Жаркыны го жашчылык.
Ардактаган адамдын,
Алтыны го жашчылык.
Саябандуу бай терек,
Салкыны го жашчылык.
Адамзаттын жүрөктө,
Каны беле жашчылык.
Эр жигиттин көзүндө,
Шамы беле жашчылык.

КАРЫЛЫК

Балдагы жок, таяк жок,
Басып келет карылык.
Акысы жок алуучу,
Шашып келет карылык.

Аска да карыйт, таш карыйт,
Агала болуп баш карыйт,
Асемдеп кийим кийинген.
Айдай болгон жаш карыйт,
Бир учу эмес өмүрүң.
Бул дүйнөдө ким жарыйт,
Кайың карыйт, тал карыйт.
Каптап жаткан мал карыйт,
Кесели жок бал карыйт,
Дүйүм тамак жесе да.
Дүйнөдө бардык жан карыйт.
Карап турсаң ал түгүл.
Кара жолдон чаң карыйт,
Аркырап аккан суу карыйт.
Канатын тарап каркылдап,
Көлдө сүзгөн куу карыйт.

Тоо жаңырткан мылтыктын.
Огунан күчтүү карылык.
Таш көмүрдүн кыпкызыл,
Чогунан күчтүү карылык.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырлардагы философиялык ой-пикирге маани бергиле.
2. Жаштык чак менен карылык кезди сүрөттөгөндө акын кандай карама-каршы көрүнүш, белгилерди чагылдырган?
3. Ырларда кандай көркөмдүк ыкмалар пайдаланылган?

http://eduportal.uz



КОРГОЛ

(1882 – 1962)

Коргол Досу уулу – 1882-жылы Кетмен-Төбөнүн Ак-Булагынын Айыкты деген жайыгында туулган. Айтылуу комузчу Ниязалыдан комуз үйрөнүп, калың элге таанылат. Айтыш өнөрүнүн чебери болгон. Кезинде Кыргыз мамлекеттик филармониясында да иштеген. 1981-жылы «Өмүрү», «Ак-Бакай» аттуу, 1993-жылы «Коргол» аттуу тандалмасы жарык көргөн.

1962-жылы Узун-Акмат суусунун боюнда дүйнө салган.

ОПООСУЗ ДҮЙНӨ

Ойлосом, дүйнө, бекерсиң,
Бир күнү колдон кетерсиң.
Он сегиз миң ааламдын,
Түбүнө бир күн жетерсиң.
Орус бол да, кыргыз бол,
Өлгөндөн кийин бекерсиң.

Ойлосом, дүйнө жалгансың,
Кимге бапаа кылгансың.
Кары дебей, жаш дебей,
Келин дебей, кыз дебей.
Баарынын башыни жулгансың,

Пайгамбарды алгансың,
Падышаны чалгансың.
Жаздырганды дар кылган,
Жараткан, өзүң балбансың.
Кан Манасты алгансың,
Сур жорго минген Төлөгөн.

Суу боюна сулатып,
Суу жыгачтай кулатып,
Сулууга такты салгансың.

Курманбекти алгансың,
Күүгүмдү башка салгансың.
Баласын жетим кылгансың,
Бак кушун алып тынгансың.
Ааламдын баарын уткансың,
Ак топурак жалган ай.
Айганышты жуткансың,

Жаныш менен Байыштай,
Эрлер сенин колунда.
Бир кетсем кайра келбеймин,
Бул ажал менин мойнумда.
Беш күндүк жалган дүнүйө,
Мен жүрөм сенин койнуңда.
Коргол көр кайда качмакчы,

http://eduportal.uz

Комузум бар колумда.
Каксам да качпай жабышкан,
Карылык менин мойнумда.

Бул дүйнөдөн өткөнчө,
Улуудан кичүү уялып.
Кичүүдөн улуу уялып,
Абийир сактап ар качан.
Өмүрүң өтсө сонун да,

Күңгөйгө чыккан четинди,
Күмүш тишим кетилди.
Күмүштөй таза жигит, кыз,
Күүгүмдөп барып бекинди.
Кыз, келин келип өпчү
эле,Күмүштөй таза бетимди.

Султан элем тумчукпас,
Сур жорго элем тер чыкпас.
Катындар калса сөз айтып,
Кабылан элем унчукпас.
Кызылды көрсөң кыжынба,
Аягы суюк деп айтат.
Аламан чуркап бузулба,
Башайы кийген келинге.
Балбан элек бир чакта,
Байбичеге зар болуп.
Баспаган аттай дал болуп,
Мандикер болдук бул чакта.

Кыл мурутту чычайтып,
Кыз, келин өптүк гүл чакта.
Кызыл гүл элек жыт берген,
Кызык жаштык бар чакта.

Кыл куйругу жыдыган,
Кызыл ат болдук бул чакта.
Кара мурут чычайтып,
Карагер миндик бир чакта.
Кабылан качып соңумдан,
Каруум кетип колумдан.
Калтырап калдым бул чакта,

Карагай башы как болду,
Кайран өмүр сап болду.
Кабыландай Корголуң,
Кара эшекке учкашып.
Катындар менен мушташып,
Кадырсыз болдум бул чакта.

Өттү-кетти балалык,
Ок тийген өгүз өндөнүп.
Өкүрсөк кантип табалык.
Кайран өмүр, балалык,
Какшасак кайдан табалык,
Каласың го бир күн алтын баш,
Кара жерге камалып.
Билинбей жүрүп жалын жаш,
Өтөт экен өмүр – жаш.
Ойдогудай гүлдөйсүң
Ойдологон көңүл – жаш.

Билинбей жүрүп жалын жаш,
Өтөт экен өмүр – жаш.
Ойдогудай гүлдөйсүң,
Ойдологон көңүл – жаш.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Акындын инсандын өмүрү, убакыт тууралуу жана өмүрдүн өткүнчү экендигин айткандагы максаты эмне?
2. Ырда кандай гумандуулук идеялары камтылган?
3. Өзүңөр каалаган куплеттерди жаттап алгыла.

http://eduportal.uz



БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

(1884 – 1949)

Барпы аке –
Күн канатын сермеген,
Күлүктү минчү термеден.
Жарышка түшсө жел менен
Жаактуу пенде жеңбеген.

Осмонкул

Кыргыз эл акындарынын эң мыктыларынын бири, чыгыш философиясын өз боюна сиңирген даанышман-ойчул Барпы Жалал-Абад облусуна караштуу Сузак районунун Ачы кыштагында 1884-жылы дүйнөгө келди. Болочок акын ошол чөлкөмдө: Чаңгент менен Ачыда чоңоюп, бүт өмүрү ошол жерде өттү. Атасы Алыкул, анын атасы Шамурза тегинен жарды, кембагалдын тукуму болгондуктан ар кимге жалчы жүрүп өмүр өткөрүштү.

Барпы бала кезинде башынан кечирген күндөрү жөнүндө «Мен көргөн күндөр» деген ырында минтип эскерет:

Атакем мени сүйүп, балам деди,
Ач калдык, сени малай салам деди.
Ошентип Назарбайга болдум малай,
Малайлык туткунунда жүрдүм далай.

Ушундай оор турмуш кечиргенине карабай Барпы ырчылык өнөргө өтө эрте аралашты. Он алты жашка чыгып-чыкпай акындык даңкы эл арасына жайылып калган. Акындын өзүнүн айтымында атасы Алыкулдан «Залим хандар азабы» деген ырды үйрөнгөн. Ал ырда Кокон хандарынын катаалдыгы сындалат. Демек, Барпынын акын болушуна атасынын салымы бар десек болот.

«Аккан арыктан суу агат» болуп, Барпы деле тегин жерден чыкпаптыр. Алыкул элдик оозеки чыгармачылыктын

http://edu.portal.uz

көп түрлөрүн билген, «Манас» айткан адам болгон. Айрыкча анын «Буудайык» деген элдик дастанды мыкты айтканы тууралуу маалымат бар.

Барпы отуздан өткөнгө чейин малайлыкта жүрүп, Өктөбүр төңкөрүшү жеңгенден кийин гана эркин, өз алдынча жашады. Эми алдыңкылардан болуп жаңы турмушту түптөп, көч башында болду. Чарбалык-уюштуруучулук ар кандай иштерди аткарды. Союз кошчу жана өз ара көмөктөшүү топторунда кызмат өтөп, айыл кеңешинин орун басары да болуп жүрдү. Өткөн оор турмуш өз таасирин бердиби, Барпы 36 жаш курагында катуу ооруга чалдыгып эки көзү тең бүдөмүктөп калат.

Даанышман акын 1949-жылдын 9-ноябрында Фрунзе шаарында дүйнөдөн кайтты. Сөөгү калаанын түндүгүндөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

БАРПЫНЫН АКЫН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ

Чыгармачылыгынын башталышын «Жыйындагы биринчи ыр» деп туралы. Мында акын:

«Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү.
Бай-манаптын дардине,
Канча адамзат бүлүндү.
Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу не дейди?
Залимге – сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди». –

деп өзүнүн көргөн күнү менен жалпы элдин эки катмарга бөлүнгөнүн, социалдык теңсиздик өкүм сүргөнүн, «Күйгөнүмдөн ыр кошуп, аттанып чыктым жыйынга» деп жыйынга жар салып жатат. Демек, Барпынын алгачкы чыгармаларынан эле аны таптык сезими курчуган атуул катары мүнөздөсө болот. Ага удаа акын «Пада баккандагы ыр» жана «Казыдан келтек жегенде», «Жетим», «Назар менен болгон айтышын» жаратты. Буларда деле «кордук көргөн малайдын» турмушун ырдайт.

http://edu.portal.uz

Барпынын мыкты акын катары улам калыптануусу анын сүйүү ырларынан да даана көрүнөт. Ал сүйүү ырларын жаратуу үчүн чыгармачылык булак катары оозеки элдик сүйүү ырларына кайрылды. «Сүйүү – Барпынын жалындаган ички кумары менен тереңге да, бийиктикке да эркин чабыттап, көңүл черин каалаганча жазып, бар акындык дараметин шаркыратып төгүп ырдаган ыры. Акын махабатты канчалык эргүү менен ырдаган сайын, махабат да аны башка ырчылардан ошончолук бөлүп, бийиктете берет» (К. Даутов).

Барпынын махабат темасындагы «Күлкыздар», «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Лөлүкан», «Буракжан», «Гөзөл кыз», «Кара көз», «Ак дилбар», «Тартип», «Дилбарым», «Өзгөчөм», «Алтын», «Ак жылдыз» сыяктуу ырларын билебиз. Булар жалпы кыргыз акындар поэзиясындагы сүйүү лирикасынын жалпыга маалым классикалык үлгүлөрүнөн болуп калды.

Ошентип, Барпы акын катары улам торолуп, канат байлап калыптануу менен элдин турмушун: анын эки доор басып өткөн тарыхый жолун өз чыгармачылыгында дамаамат чагылдырып отурду. Анын чыгармачылык эволюциясы эл турмушунун өнүгүшү менен эриш-аркак, бирге каралат.

С Ө З Д Ү К

Дардинен – айынан. **Не дейди** – эмне дейт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Барпынын өмүр жолунун урунттуу учурларын айтып бергиле. Анын балалыгы кандай шартта өттү?
2. Акындын алгачкы чыгармалары кайсылар? Алардын тематикасы кандай болуптур?
3. Барпынын акын катары калыптанышындагы негизги учурларды бөлүп көрсөткүлө.
4. Анын ырларын кандай тематикаларга бөлүүгө болот?

БАРПЫ – ДААНЫШМАН АКЫН

Барпы адам өмүрү, анын жашоо маңызы тууралуу ой жүгүртүп, дамаамат бул жөнүндө түйшүк тарткан адам болгон. Табийгат сырлары, жаратылыш кубулуштарына фило-

http://eduportal.uz

софиялык терең түшүнүгү менен баа берип, анын табышмак сырларын аңдоого, адам турмушу менен байланыштырууга далалат жасаган даанышман акын. Даанышман дегендин өзү акылман (философ) дегенди түшүндүрөт. Барпынын «Аргымак атты арык деп», «Шамал», «Ажал», «Аккан суу», «От», «Адам», «Дүнүйө», «Ынтымак», «Санат», «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо», «Айт, айт, десе» сыяктуу философиялык ой чабытын мүнөздөгөн ырлары акынды даанышман инсандардын катарына кошот.

Жогоруда саналган ырларда сынчы К. Даутовдун сөзү менен айтканда «элдик философиянын өнүккөн деңгээли, материалисттик багытта дүйнө таанып-билүүсү, космологиялык ой жүгүртүүлөрү топтолгон рационалдуу билим тажрыйбасы, жалпы эле коомдук ой-пикиринин келип жеткен алдыңкы чектери чагылдырылган».

АККАН СУУ

Жаркырап жердин койнунан,
Жайнап чыккан, аккан суу.
Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан, аккан суу.
Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан, аккан суу.
Жер астынан аңтарып,
Бузуп чыккан, аккан суу...
Аккан суу, сенде шарапат,
Ак алма менен нак бүткөн.
Көгөрүп өсүп, бак бүткөн,
Көп пайдаңдан, аккан суу.
Көгөргөн дарак кайналы,
Жарашкан бактын майданы.
Ак пахта бүткөн жайдары,
Бозоргон чөлдө көгөрүп.
Асили күрүч көбөйүп,
Шалы бүткөн, аккан суу.
Арпа, буудай чайлаган,
Дыйкандар алыш байлаган.
Ичкендин баары жайнаган,
Ай, ракмат, аккан суу.
Жер энеден таралып,
Болду рахат, аккан суу.
Сүйлөшөсүң ким менен,
Жолдоштугуң күн менен.
Күн жолдошуң эритет,
Күн тийбес жердин музуну.
Макулуктун баарынын,
Каны сенсиң, аккан суу.
Айбанат менен куштардын,
Жаны сенсиң, аккан суу.
Эч ким тирүү күн көрбөйт,
Сен болбосоң, аккан суу.
Сенсиз дарак көгөрбөйт,
Сенсиз мөмө көбөйбөйт.
Жер үстүндө –чөп,
Тамыр алып жылтылдайт.
Сени менен, аккан суу,
Сен болбосоң бир нечен.

http://eduportal.uz

Какшып өлөт, аккан суу,
Бүркүт учпай алыска.
Шаңшып өлөт, аккан суу,
Жээгиңде дарак көгөргөн.
Сен жаралдың, аккан суу,
Кыбыраган жандарга.
Тең жаралдың, аккан суу,
Мөлтүлдөп аксаң бөлөкчө.
Түшпөй өткөн киши жок,
Ар күнү сенден бир даам,
Ичпей өткөн киши жок.
Эң пайдалуу, аккан суу,
Жарандардын жаны – сен.
Жаратылган каны – сен.
Бул дүйнөдө түгөнбөйт.
Бир өмүрүң, аккан суу,
Жер бүткөндө жаралган.
Элден мурун, аккан суу,

КҮН

Күндүн нуру белгилүү,
Күчтүү оттон жаралган.
Күн кубаты бардыктан,
Адамга кан таралган.
Күндүн нуру жеткенден,
Өсүмдүктөр жан алган.
Жарык күндүн нурунан
Жан-жаныбар нав алган.
Жамгырды, сууну жараткан
Чыккан Күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат
Өсүмдүктүн тамыры.
Күндүн нуру болбосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Өсүп көгөрбөйт.
Бардыгына Күн себеп,
Бардыгына Күн керек.
Айта келсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң,
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың.
Өлбөстүккө ашкере,
Түркүксүңбү бир өзүң?

Даанышман акын аалам сырларын чечмелөөдө өзүнүн айтылуу «Аккан суу» аттуу ырында айткан оюн «Күн», «Шамал» деген ырларында улантат, тереңдетет. Барпынын түшүнүгү боюнча Күн – жердин түзүлүшүнүн да, адам өмүрү менен өсүмдүктөрдүн тирилигинин да, жашоодо болгон бардык нерселердин башталышы. Акын буларга тийген Күндүн пайдасын чечмелейт. Ырда Күндүн касиети жөнүндө, анын бүт ааламга: өсүмдүктөр дүйнөсүнө, жан-жаныбарларга, жадесе жансыз нерселерге тийгизген пайдасы жөнүндө кеңири сөз кылып келип, Күнгө мындай мүнөздөмө берет:

«Күн нурундай касиет,
Издеген менен табылбайт.
Күндүн нурун мактаган,
Барпы ырчы жаңылбайт,
Бардыгына Күн себеп.
Бардыгына Күн керек,

http://edumbal.uz

Күнсүз дүйнө жаңырбайт.
Жамгырды, сууну жараткан
Чыккан күндүн жарыгы,
Жамгыр, суудан жанданат
Өсүмдүктүн тамыры,
Күн болбосо, көрбөйсүң
Жарык дүйнө шарыны».

Даанышман акын мында Күндүн пайдасын жөн эле санап жаткан жок, табият көрүнүштөрүнүн өз ара биримдикте, байланышта экенин реалдуу сүрөттөп жатат.

Барпы табият мыйзамын – андагы мезгил-мезгил менен жүз берип туруучу кубулуштарды аң-сезимдүү түрдө сүрөттөп, сыпаттап, анын адам эркине көз карандысыз, өз алдынча жашай берерин айтат. Күн түбөлүк өмүр сүрүүчү биримдик, ал жаратылыштын башка элементтерин картайтат, баарына күбө өтөт.

«Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң».

Барпы бул философиялык терең оюн мындан кийинки «Шамал» аттуу ырында улантат. Акын шамалды жаратылыштын бир кубулушу катары карап, ырын шамалдын кайдан жаралгандыгы тууралуу ой жүгүртүү менен баштайт:

«Бүт кыдырган ааламды,
Айткым келди шамалды.
Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө
Жүгүртөйүн санаамды:
Төгөрөктү каптаган
Көлдөн чыгып жүрбөсүң?
Кашык сууга зар болгон
Чөлдөн чыгып жүрбөсүң?
Жандуу – жансыз энеси
Жерден чыгып жүрбөсүң?».

Шамал – табияттын катардагы гана кубулушу эмес, анын өзүнө жараша өзгөчөлөнгөн касиеттери бар.

«Кармайм десең колу жок,
Сыйрыйын десең тону жок,
Минейин десең кому жок.
Арызданып барууга –
Айыбын айтып калууга,
Башкарган анын чоңу жок.
Байкап көрсөм башы жок,
Айдардан бөлөк аты жок,
Аңдап көрсөм буту жок,
Айдап жүргөн киши жок».

http://edu.portal.uz

Бул адам таң кала турган өзгөчөлүктөр эмей эмне? Акын окурман оюн ушуга бурат. Шамал адамга көрүнбөгөн канаты менен ааламды кыдырып, бирде куюнду пайда кылса, бирде жаны жай алып, дымып жатып калат. Шамалдын зыян жактары да бар, акын анын «тоонун ташын уратар, көп теректи сулатар, начар үйдү кулатар» тентек курал экенин, анын адамдарга, жаратылыштын башка кубулуштарына зыян келтирерин да эскертет.

«Бороондуу күнү **ышкырат**,
Болжолу жок иш **кылат**.
Жаандуу күнү **шуулдайт**,
Дарганы бузуп **куюндайт**.
Тумандуу күнү **түн курат**,
Туурдукту үзүп **жулкунат**».

Көңүлүңөрдү асты сызылган саптарга бургула. Мында окурман шамалдын суугун денеси менен тосуп, ышкырып, шуулдаганын кулагы менен угуп, «туурдукту үзүп жулкканын» кадимкидей элестетип, сезип, туюп турат. Ырдын таасирдүүлүгү мына ушунда. Барпы дал ушул «Шамал» аттуу ыры менен аалам кубулуштары, абстракттуулук жөнүндөгү философиялык ойлорун акырындап жыйынтыктайт.

Барпынын «Айт, айт десе» аттуу дагы бир философиялык ыры фольклордун мотивинде жазылып, буга да акындын табитине мүнөздүү болгон кенен ой сыйдырылган. Ыр мазмуну менен идеясы жагынан кыйла өзгөчөлөнгөн касиеттерге ээ. Мында, Барпы өмүр сүрүп, өзү күбө өткөн таптык жиктелиш биринчи планга чыгат. Ушул темадагы ырдын элде айтылган кайсы бир вариантында: «Айт, айт десе Алланы айт, аты жакшы кудайды айт, бурулуп чыккан булутту айт, бузбай соккон устаны айт» деген өңдүү саптар менен айтылганы бар. Барпы муну ары тереңдетти, болгондо да маанисин кеңитип, дүйнөгө болгон реалисттик мамилесин билдирди:

«Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт».

Көрүнүп тургандай, Барпынын саптарында адам, анын өнөрү биринчи планга чыгат. Барпынын түшүнүгү боюн-

http://elibrary.uz

ча аалам «алга кадамдап» түбөлүк жашай берет, тынымсыз өсүп-өнүгүүдө болот. Барпы өзү күбө болгон таптык жиктелиш ушул ырда чагылдырылганын айттык эле.

«Бири күлсө, бири ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга бакыт, кедейге –
Шорду жазган каламды айт.
Айтам десең чындыкты айт,
Башка кайгы салганды айт,
Өмүр бою эзилип,
Уу тырмакта жанчылып,
Эси ооп талганды айт».

Мезгил күүсүндө жашап, таптык, социалдык көз карашы жетилген адам гана ушундай ойго келиши мүмкүн, ушундай саптарды айтышы мүмкүн. Элдин айрым бир катмары, башкача айтканда, бай-манаптар, бийлөөчү төбөлдөр эмгектенбей, бирөөлөрдүн эсебинен жыргал өмүр сүрсө, миңдеген карапайым калк күн-түн бел чечпей малайлыкта жүрүп, бирок чеке жылытарлык оокат өткөрө албаса замандын Барпы айткан акыйкатсыздыгы ушунда.

«Ынтымак». Барпынын акын катары, талант катары тереңдиги, мыктылыгы анын санат-насыят, термелеринен да байкалат. Мында акын чыныгы даанышман инсан катары таалим-тарбияга карк, мазмуну, идеясы жогору, сөздүн түз маанисинде классикалык мурасты таштап кетти. Устаты Токтогулдай эле чыгармачылыкта санат-насыят, термелерге чоң маани берип, муну чыгармачылыкта негизги багыт катары карманды. «Санат», «Терме», «Марттык», «Баатырдык», «Болор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жакшы экен», «Чери жазылат», «Бир ооз кеңеш», «Кайрылуу», «Бузук», «Ушакчы», «Жалганчы», «Питина», «Келесоо», «Жел өпкө» аттуу ырларында адамдын ички дүйнөсү: кыял-жоругу, жүрүм-туруму, жакшы, жаман сапаттары баяндалат.

Барпынын «Ынтымак» аттуу дидактикалык маанидеги ыры да ушул тематикада чыгарылган мыкты чыгармаларынын катарында турат.

http://ebook.portal.uz

«Ынтымагы бар элдин
Таалайы-багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат.

Ынтымагы бар элдин
Дүркүрөп өсөт балдары.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнөн чыгат жалганы.

Ынтымагы бар элдин
Келишимдүү баарысы.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнүн кетет маниси.

Ынтымагы бар элдин
Меймандос болот аялы.
Ынтымагы жок элдин
Адамга тиет залалы.

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот», –

деп келип, «ынтымактуу биригет, ынтымаксыз бөлүнөт» деп жыйынтык чыгарат. Бул сыяктуу санат менен насыят ырларынын мааниси адамды туура жолго тарбиялоо ишине багытталгандыктан турмуштагы жаман-жакшы көрүнүштөр жөнүндө сөз болот.

Мааниси жана идеясы жагынан «Ынтымак» менен үндөшүп турган «Болор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Аялдын жакшысы», «Аялдын жаманы» аттуу ырларында акын акылга карк, ар ишке жөндөмдүү, жүрүм-туруму тартиптүү, орду менен сүйлөп, ыймандуу өсүп жаткан адамга бардык жагынан карама-каршы келген мүнөзү бар адамдарды салыштырат. Мындай болгон күндө эч качан ынтымактын болбосун тастыктайт. Ал эми «Марттык» деген ырында акын мындай дейт:

«Өз тонун жылаңачка жапса – марттык,
Жүрөктүн дабасын тапса – марттык.
Жакырга атын түшүп берсе – марттык,
Азапты башка түшкөн жеңсе – марттык».

http://edu.portal.uz

Барпы адамгерчиликти баарынан жогору коёт. «Өз тонун жылаңачка жаап, жакырга атын тартуу кылса» бул – ынтымактын белгиси.

Барпы – мыкты тарбиячы. Анын бул багыттагы чыгармаларында адамдарды, айрыкча жаштарды туура жолго, ынтымак-ырашкердикке тарбиялоо проблемасы турат. Барпынын «Ынтымак» сыяктуу санат-насыят термелеринде жашоо маңызы жөнүндөгү үлкөн маселелер көтөрүлгөн. «Адам болуу аста-аста, айбан болуу бир паста» деп айтылат элде. Барпы ушул элдик нусканы дамаамат багыт тутат. Анын даанышмандыгы ушунда.

«Токтогул менен жолугушуу». Эки улуу акын: Токтогул менен Барпы 1915-жылы жолугушту, анда Током элүү бир жашта, Барпы отуз бир жаш курагында болгон. Барпынын улуу Токтогул менен болгон бул кезигишүүсү анын чыгармачылык өмүрүндө маанилүү окуя болуп калды. Ал муну өзүнүн тагдырындагы чоң бурулуш катары баалап, Токтогулду устатым деп, өзүн бактылуу акын эсептечү экен.

Барпы бул жолугушуу жөнүндө мындай дейт: «мен улуу акындын үстүнө капыстан кирип баруудан тартындым. Жүрөгүм даай алган жок, анын ырларын, наамын Эшмамбеттен уккан болчумун. Мени ээрчитип барган Далбай: «мына бул Токтогул» – деп көрсөттү. Мен Далбайды ээрчип, үйгө кирип барсам, Токтогул:

«Комузум кымбат арчадан:
Черткенде черим таркаган.
Көңүлүн жазат жалпынын,
Көңүлү ачык март адам.
Черткенде комуз кылынан,
Комуздун күүсү угулган.
Уккула балдар кубанып,
Токоңдун айткан ырынан», –

деп ырдап, комузун чертип жаткан экен. Менин ала допу, өзбекче чапан кийип отурганым абамдын көзүнө көрүнө калды. Абам мени карап минтип ырдады:

«Эшиктен келди бир мейман,
Көңүлүм сага бөлүндү.

http://eduportal.uz

Сезбейт деп мени ойлобо,
Сыягың акын көрүндү.
Кандай иним экенсиң,
Үйгө кирбей тартынган?
Араң кирип отуруп
Бир кишинин артынан.
Сырдашсак арман бөлүнөт,
Илебиң жука көрүнөт,
Өнөрүң болсо өргө чап,
Тартынбай, балам, сырыңды айт,
Ичиңде болгон чыныңды айт.
Чын сырыңды айтпасаң,
Адебиң менен өзүң кайт».

Токтогул менен Барпы бири-бири менен ынтымакта пикир алышып, бирин экинчиси колдоп, таяп, улуусу кичүүсүнө кеңеш айтып, акыл кошот, кичүүсү ага урмат-сый көрсөтүп, көкөлөтөт. Токтогул саясий туткун болуп, Сибирге чейин айдалып барып, аерде ар кандай адамдар менен баарлашып, төңкөрүшчүлөр менен бирге жүрүп келгендиктен, анын дүйнөгө болгон көз карашы баштагыдан алда канча кеңип, сезими алда канча артылып калган эле. Үлгү алуу максатында алдына келген жаш акын Барпыга Токтогул агалык, аталык кеңешин берип, анын саясий аң-сезиминин ойгонушуна, коомдук түзүлүштү жана учурда болуп жаткан тарыхый окуя, өзгөрүүлөрдү так ажырата билүүгө, карапайым калктын сезимин ойготуш үчүн эмитен киришүүгө чакырып, көмөк көрсөттү. Токтогул Барпынын алдына:

«Кетмен чапкан кедейди,
Келиштирип ырдагын.
Башынан бузук байларга,
Балам, көңүл бурбагын.
Малайды кошуп ырдагын», –

деп милдет коюп, кеңешин айтып, чыгармачыл багыт көрсөтөт. Барпы устаттын бул кеңешин кастарлап кабыл алат, аны дамаамат аткара жүрүүгө убада берет. «Жол көрсөткөн абасын чыгарбайт Барпы эсинен», – деп, муну ырчылык кесибинде түбөлүк карманды.

http://dsuportal.uz

Токтогулдун акын катары Барпыга болгон таасири эки багытта болду: биринчиси, анын адам катары аң-сезимине таасир берген чыгармачылык-идеялык багыт болду; экинчиси, талант катары чеберчилигин өстүрүү жагынан берген таасири. Токтогулдун кеп-кеңештерин Барпы жогору баалап:

«Насыят берип, жол ачып,
Жанымдан артык атасың», –

деген оюн айтат. Ошентип, акын Токтогулду улуу устат, акыл үйрөткөн ата катары баалайт.

Токтогул ушул жолугушууда Барпынын акындыгын сынап, терменин ар кыл формаларына салып ырдайт. Барпы болсо өз кезегинде устатынын оюна жана айткан санаттарынын формасына ылайык жооп кайтарып, өзүнүн сөз тапкыч таланттуу, ар тараптуу акын экендигин көрсөтөт.

«Комуздан берген сабагым,
Улап кет, иним аягын.
Эмкисин бөлөк ырдайын,
Акындыгың сындайын.
Кеп түйүнүн чечпесе
Чечендигиң ким билет.
Кереметиң болбосо,
Чебердигиң ким билет.
Табышмакты таппасаң,
Сырчылыгың ким билет.
Жабыртып ырды төкпөсөң,
Ырчылыгың ким билет», –

деген Токтогулдун саптарына Барпы токтолбой туруп:

«Аркар менен кулжанын
Оттоор жерин ким билет.
Талыбаган күлүктүн
Токтоор жерин ким билет», –

деп жооп берет. Эми Токтогул ырдын ар кыл мазмун, формасына салып ырдайт. Барпы баарына ылайыктап жооп кайтарат. Токтогулдун «бул ырды, иним, таштайын, «менен» деп ырдай баштайын» – деп:

«Көл сөөлөтү каз менен,
Мелмилдеп жаткан саз менен.

http://kutubxonasi.uz

Сулуулар бетин өптүрөт,
Кайрылып туруп наз менен», –

деген саптарына Барпы:

«Жигиттин көөнү кубанат,
Булкунган буудан ат менен.
Жолдош болуп бир жүрбө
Көңүлү кара пас менен», –

деп жооп кайтарат.

Эми Токтогул «турбайбыдан» баштайт:

«Аркар, кулжа жайылып,
Зоодо болот турбайбы.
Ар өсүмдүк мийвалар
Тоодо болот турбайбы».

Барпы:

«Жаян, балык жайыты
Сууда болот турбайбы.
Айтылуу кептин чечими
Ырда болот турбайбы».

Токтогул «турбайбыдан» өтүп «жазылатка» көчөт, буга да Барпы нускалуу жооп кайтарат.

Ошентип, Токтогул Барпыны акындыктын бардык жактарына салып сынап көрөт. Барпы да өз мезгилинде устатынан кем калышпаган акын экенин далилдейт.

Токтогул жаш акындын талантына ыраазы болуп, аны абдан баалаганын төмөнкү саптардан көрөбүз:

«Ырдашыңда айып жок,
Калыпка салып койгондой.
Ырга канган кишинин
Көңүлү артык толгондой.
Кынадың терме санатың,
Сен болдуң менин канатым.
Устатың болуп жол ачсам,
Адашпай кеттиң ырыңдан,
Анык билдим сыныңдан».

Ошентип, Токтогул Барпыга чоң ишеним көрсөтүп, аны өзүнүн канаты катары эсептейт.

http://edu.portal.uz

Чыгармачылык бул жолугушуу тек гана эки акындын жолугушуусу болбостон, келечекте адабияттын тарыхында кала турган эки чоң таланттын жолугушуусу болуп калды. Бул жолугушуу эки акындын, айрыкча Барпынын чыгармачыл келечек тагдырына канат бүтөгөн, улуу бурулуш жасаган жолугушуу болгон. Ушундан кийин Барпынын жалпы чыгармачылыгында жаңы багыт түптөлүп, башка, жаңы мезгилдин башталганын көрөбүз.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Барпыны Токтогул кандай кабыл алды? Бири-бирине жасаган мамилелерин мүнөздөгүлө.
2. Ырды класста ролдоштуруп окугула.
3. Эки акындын талант өзгөчөлүгүнө, чеберчилигине, ыр куруу, ойду улоо жөндөмүнө кеңири мүнөздөмө бергиле. Ырдан далилдер келтиргиле.
4. Эки акындын учурашуусу адабияттын тарыхында кандай мааниге ээ?
5. Токтогул менен Барпынын айтышы акындар айтышынын кайсыл түрүнө кирет? Айтыштын кандай түрлөрү бар?

«КӨЗҮМ СҮЙСӨ – МИҢ СУЛУУ, КӨҢҮЛ СҮЙДҮ – БИР СУЛУУ». БАРПЫНЫН СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

«Сүйүүнү сүйүп ырдаган, сүйүүнү күйүп ырдаган» Барпынын жалпы чыгармачылыгында өзгөчө бөлүнүп турган тематика – махабат лирикасы. Бул боюнча изилдөөчү К.Даутов мындай дейт: «Сүйүү – Барпынын жалындаган ышкы кумары менен тереңге да, бийиктикке да эркин чабыттап, көңүл черин каалаганча жазып, бир акындык дараметин шаркыратып төгүп ырдаган ыры. Акын махабатты канчалык эргүү менен көкөлөтүп айткан сайын, махабат да аны башка ырчылардан ошончолук бөлүнтүп, бийиктете берген... Барпынын лирикалык каарманы сүйүүнү жаркыраган идеал тутуп, аны таза ниетиндей кастарлап, улуу максат, улуу сезимдер менен жашаган. Ал – сүйүүнүн жандуу үлгүсү. Чын жүрөгү, болгон кумар-ышкы, бүткүл көңүлүндө алдейлеген асыл туюму, ыклас оту, жакшы тилеги менен

http://elibportal.uz

сүйөт. Сүйөт деген сөз аздык кылат, ал махабат менен жашайт, махабат анын өмүр тагдыры, ансыз анын күнү жок. Бирок сүйүү өз эркиндигин ала элек. Эки жаштын көңүл каалоосу бир башка да коомдук, социалдык мамилелер бир башка. Сүйгөн жигит жарды, жалчы жаатынан. Анын колунда адамгерчилик менен махабат ышкыдан башка эч кандай байлык да, бийлик да жок. Ошол себептүү анын ар кандай асыл максат, аруу тилегинин аягы арман, муң менен гана аяктайт. Ошондой улуу махабат, оор мүшкүлдүн бир жолу да акыбети кайткан жок. Мына ушул ишке ашпаган тилектей болгон карама-каршылыктуу ой-максаттар менен ышкы-сезимдер акындын ашыглык ырларынын негизги пафосун түзөт. Аялзатынын асыл-заадалыгын, ички жана сырткы сулуулугун, адеп-ахлак жактан өзгөчө бийик турган тазалыгын, жакшы адамгерчилик сапаттарын, улуу шарапатын көкөлөтүп ырдоо жагынан Барпынын алдына чыга турган кыргыз акынын табуу кыйын. Бул жерде ал Хафиздин катарында турат. Ар бир жолу ар бир адамдын тагдырына кез келген махабат кандай жаңы, кандай таасирдүү болсо, анын сүйүү жөнүндөгү ырлары да дал ошондой жаңы салыштырууларга, жаңы формаларга ээ».

Изилдөөчүнүн бул айткандары кургак болуп калбасын үчүн ырлардан окуп көрөлү:

«Эки илебиң – кызыл гүл
Ачылгандай, Мөлмөлүм.
Бир карасаң – жүрөккө от
Чачылгандай, Мөлмөлүм.

Гүлзар кылчы жүрөктүн
Какшып жаткан чөлдөрүн.
Секин баскан бутуңдан,
Сейдана мончок жытыңдан.
Кадам койгон бутуңдан,
Калемпир мончок жытыңдан.
Бетиме түшсө жамалың,
Ашыглык отко жанамын.
Боорукер болсоң колдон ал
Боздоп жүргөн баламын».

(«Мөлмөлүм»)

http://edu.gov.kg

«Көлдө ойногон өрдөктөй
Парпырайсың, Мырзайым,
Көмөкөйдө күмүштөй
Жаркырайсың, Мырзайым.

Эшигиңден эки убак,
Кирсем деймин, Мырзайым.
Күнү-түнү сени ырдап
Жүрсөм деймин, Мырзайым».

(«Мырзайым»)

«Белек алдым бир сага,
Сактап жүрөм Буракжан,
Дилдери оймок белегим,
Сенсиң го менин керегим.
Ак бетиңден өппөсөм
Аш ичкен менен тойбодум.
Ар качан сага жетсем деп,
Уйкуда жатсам ойгоомун».

(«Буракжан»)

Минтип ырдаш үчүн жалгыз талант аздык кылат, – дейт изилдөөчү. Ал үчүн чыныгы ашыглыктын от-жалынына түшүп, асмандаган улуу сезимдер менен жашап, өмүрдүн бул чындыгын өз башынан өткөрүп көрүш керек. Мына ушундай таза акыл менен ташыган тунук эмоциянын айкалышынан жаралган учкул саптар Барпынын махабат лирикасында өтө көп кездешет. Анын «Гүлкыздар», «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Лөлүкан», «Буракжан», «Гөзөл кыз», «Кара көз», «Ак дилбар», «Тартип», «Делбирим», «Өзгөчөм», «Алтын», «Ак жылдыз», «Арзыкан», «Коноюн», «Ичтен дартты айдасак», «Азада дилбар», «Кырчынжан», «Сизди көрдүм» сыяктуу ашыглык ырлары акындар поэзиясындагы сүйүү лирикасынын классикалык мыкты үлгүлөрүнөн болуп калды.

БАРПЫНЫН АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Барпы акындык өнөргө эрте аралашып, өмүрүнүн элүү жылдан ашыгыраак мезгилин чыгармачылыкка арнады.

Барпыны акын катары башкалардан айырмалап турган негизги өзгөчөлүк – анын тилинин жатыктыгы менен лек-

http://edu.portal.uz

сикасынын байлыгы. Бул анын ырларындагы диалектилик сөздөрдүн арбын пайдаланылып, берейин деген оюнун так, таасын болушун камсыз кылган ийкемдүүлүгү менен түшүндүрүлөт.

Эми Барпынын акындык өзгөчөлүгү адабият таануу илиминде кандай бааланып жүрөт, ошого кайрылалы. Бул боюнча изилдөөчү К. Даутов мындай дейт: «Барпынын башка кыргыз ырчыларын изилдеп келе жаткан илимий схемага түшпөстүгү мында турат: биринчиден, ырчы өзүнүн көркөм аң-сезимине алгач поэтикалык уютку алган жери – ичкилик кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгынын салттары, аларды уланткан жергиликтүү ырчылардын мектеби. Ал эми ичкилик кыргыздар тоолук кыргыздарга караганда башка улуттар менен көбүрөөк чектешип, аралаш жашап, алардын руханий байлыктарын, көркөм салттарын өздөрүнө көбүрөөк сиңиришкен. Ошол карым-катнаш өз ара таасирлердин натыйжасында алар көркөм салттардын өзүнчө бир жаңы синтезине ээ болгон. Жашаган географиялык чөйрөсү, мурдатан өткөрүп келе жаткан жашоо-тиричилик жагдайларынын бөтөнчөлүктөрү, жүргүзгөн чарба иштеринин айырмачылыгы (булар башта эле дыйканчылыкка өтүп, отурукташып калган) ушундай өзгөчөлөнгөн шартта негиз болду. Ичкилик кыргыздарда ашыглык ырлары укмуштуудай бийик өнүккөн. Аларда лиризм өтө күчтүү. Барпынын махабат лирикасы таптакыр жок жерден пайда боло калган эмес. Ал элдик ырлардын уландысы да, сапаттык жаңы баскычка көтөрүлгөн үлгүсү да, анын башкы күчү ошол калк чыгармаларына таянып тургандыгында.

Поэзиясынын табиятына караганда да, айрым конкреттүү маалыматтарга караганда да, Барпынын Чыгыш маданияты менен байланышы болгон (көбүн эсе кыйыр түрдө). Өзү аларды окубаса да, окуган, билген, айтып жүргөн ырчылардан, улама кишилерден угуп, кабыл алган. Кээ бир маалыматтарга караганда Барпы кат-сабаттуу, чыгыш адабияты менен тааныш акындар менен жаштайынан ырдашып жүргөн (Т. Байзаковдун жазгандары боюнча), ал гана эмес илгерки араб, иран уламыштарынын, айрым белгилүү тарыхый адамдар жөнүндөгү айтымдардын сюжеттерин өзүнчө

ырга айлантып, эл алдында айтып да жүрчү экен (Ы. Борончиевдин берген маалыматтарына караганда). Калмурза менен айтышында да Чыгыш тарыхына, араб халифтигинин атактуу адамдарына байланыштуу көп маселелерди, фактыларды биле тургандыгын көрсөткөн. Анын үстүнө Мадалы ажыныкында үч жыл жүргөндө Чыгыштын далай санжыра, тарыхын айтышып, маселе сүрүшүп, дастандарды окугандарын уккан болуу керек (алар жалаң гана диний китептерди окуу менен чектелбеси белгилүү). Мына ушулардын баары Барпынын чыгармаларына мазмундук жактан да, форма жактан да айырмалуу белгилер кийирип, өзгөчө поэтикалык колорит берген.

Үчүнчү маанилүү фактор. Башка кыргыз ырчыларынан болгон бир айырмасы, Барпы комуз черткен эмес экен. Башкача айтканда ал ырларын комуздун коштоосу жок эле, бир түрдүү обонго салбай ырдаган. Бул жагдай анын ойлоо манерасына аздыр-көптүр таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондон улам анын ырлары түрдүү ыргак, түрдүү интонация менен түрдүү формага, түрдүү ыр өлчөмдөрүнө салынып аткарыла берген. Айрым чыгармалары обон менен песня сыяктуу эмес, кадимки речитатив түрүндө, же стих өндүү окулат. Мисалы, «Жетим», «Эмгекчилерге», «Төрайым менен Шекербек», «Мен көргөн күндөр», «Тору жоргом» ж. б. чыгармалары ушундай табиятка ээ. Кыргыздын элдик поэзиясында калк ырчыларынын чыгармаларына негизинен 8 – 11 муун өлчөмүндөгү ыр түзүлүшү мүнөздүү. Ал эми Барпыда болсо 3 – 4, 7 – 8, 11 муун өлчөмүндөгү профессионал адабиятка мүнөздүү татаал ыр түзүлүштөрү кездешет.

Мунун өзү анын поэзиясын форма жагынан кадимкидей өзгөчөлөнтүп турат.

Мына ушул белгилеп өткөн үч факторду ачып чыкмайын анын поэтикалык натурасынын калыптанышында Барпынын акындык жекече өзгөчөлүгүн да жакшылап ачып бере албайбыз. Албетте, булардан башка да кошумча өбөлгөлөр болгон. Барпы жалгыз гана кыргыз поэзиясында эмес, жалпы эле Чыгыш элдеринин адабиятында сейрек учураган көрүнүш».

Адабиятчынын мындай баалуу пикири менен эсептешпей коюуга болбойт. Ал айткандай Барпынын акындык та-

биятынын ачылбаган сырлары келечекте ачылар. Даанышман атабыздын акындык чеберчилиги бүгүнкү абалы менен деле кыргыз адабиятынын, маданиятынын, жадесе жалпы Чыгыш классикалык казынасына айланып отурат.

Философ акын өзүнүн терең ойлорун курч жана көркөм сөздөр менен жетер жерине жеткизип айта алгандыгын «Айт, айт десе» деген ырындагы төмөнкү саптардан эле байкасак болот:

Бул замандын улугу
Жакынын, байды калкалайт.
Кедей барса арыз айтып,
Көргүсү келбей чалкалайт
Теңсиздикти ушундай
Адам качан талкалайт?!

Мындай ырлар кече маанилүү эле, бүгүн дагы аябай керек, ал келечекте дагы алмаздай жаркылдап турат.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Илимпоздор Барпынын сүйүү ырларына кандай баа берген?
2. «Аксаткын менен Кулмырза» дастанында эмне жөнүндө баяндалган?
3. Барпынын акындык чеберчилигинде кайсы факторлорго көңүл буруу керек?
4. «Акындын поэтикалык уюткусу – элдик оозеки чыгармачылык салттар» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
5. Барпынын жалпы чыгармачылыгы тууралуу дилбаян жазгыла.

http://edu.portal.uz

АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ

(1896 –1963)



Алымкул Үсөнбаев – 1896-жылы Таластын Кара-Арча деген айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Алымкул оң эки жашка келгенде атасы дүйнөдөн кайтат. Ал ырчылыкка он үч жаш курагында кирише баштаган. Он төрт жашында улуу акын Токтогулга жолугуп, андан таалим алган. Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген.

1938-жылы Алымкул Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. Отуздай китеби чыккан. Тандалган чыгармаларынын бир томдугу 1973-жылы жарык көргөн. Онго жакын китеби орус тилинде чыккан. 1939-жылы ага Кыргызстандын эл артисти наамы берилген. 1938–63-жылдары Кыргызстан Жогорку Кеңешинин депутаты болгон. Кыргыз адабияты менен искусствосуна сиңирген кызматы үчүн көптөгөн ордендер жана Кыргызстан Жогорку Кеңешинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

1963-жылы дүйнөдөн өткөн.

КОМУЗ

Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы.

Өрүктөн тандап чабылган,
Карагай капкак жабылган.
Үч кыл тагып жибектей,
Күлүктөй таптап багылган.

«Комузум» деп, ыр жаздым,
Кошулуп далай ырдаштым.
Жаш кезимден үйрөнүп,
Жан-дилим бирге сырдашмын.

Сайраса комуз күүлөрүн,
Жарышып сайрайт тилдерим.
Шаңкылдап колдо турганда
Кубулжуйт мукам үндөрүм.

http://elibrary.uz

Урматтуу кыргыз элинен,
Уккандын көөнү эриген.
Колумда сайрап турганда,
Коштогон аттай элирем.

Аркар, кулжа жайнаган,
Белди ырдайлы, комузум.
Абийир-бакка орногон.
Элди ырдайлы, комузум.

БУЛ ЫРДЫ АПАМ ЫРДАГАН

Бул ырды апам ырдаган,
Мээрине мени каратып.
Жалооруп өпкөн бетимден,
Жакшыны мага жаратып:

– Тамчыга тамчы кошулса,
Толкундуу деңиз орнолот.
Бир гана тамчы не кылат,
Бууга учуп, желден жок болот.

Гүлдөргө гүлдөр кошулса,
Адамдын көөнү толбойбу.
Жалгыз гүл өссө талаада,
Жанчылып бутка солбойбу.

Эл менен даңкка жетесиң,
Эр болсоң ишти чечесиң.
Жалгыз гана мен десең,
Желге да учуп кетесиң.

Өзүмчүл болбо жер карап,
Бардыгын барктап сыйлагын.
Бийлесе элиң бийлегин,
Ырдаса элиң ырдагын.

Кызыкпа, балам, ичүүгө,
Жакшы жол көрсөт кичүүгө.
Кажыбай иште, барктуу бол
Досторуңдун ичинде.

http://edu.portal.uz

Бул ырды апам ырдаган,
Мээрине мени каратып.
Жалооруп өпкөн бетимден,
Жакшыны мага жаратып.

ЭМГЕК ГҮЛҮНӨ

Даректын көркү булбул куш,
Таңшып сайрайт чынардан.
Таасирин угуп отурса
Таркаган адам кумардан.

Көркү ачылган Ала-Тоо,
Кулачын жайып суналган.
Таалайлуу элдин кызысың
Тоту куштай сыланган.

Кулпунат чачың кундуздай,
Жаркының чолпон жылдыздай,
Жайдары сонун мүнөзүң,
Жаралдың шайыр турмушта ай.

Күлгүндү кийдиң жаркылдап,
Күлгөнүң сүйкүм шаңкылдап.
Гүлдөгөн жаштын бирисиң,
Күзгүдөй бетиң жалтылдап.
Көркөмүң сонун нурланган,
Көргөндүн көөнү кубанган.
Гүлү сенсиң турмуштун,
Гүлкайырдай буралган.

Сен – кызыл гүл, мен – булбул,
Жаркыным, сөзгө көңүл бур.
Эркиндик, жыргал турмушта,
Эпкиндүү иштеп, эмгек кыл.

http://darsportal.uz



АШЫРААЛЫ АЙТАЛИЕВ

(1927–2008)

Ашыраалы Айталиев – 1927-жылы Кант районундагы Чоң-Далы айыл кеңешинин Жедигер айылында, кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1946–92-жылдары Кыргыз мамлекеттик филармониясында эмгектенген.

Анын «Жылкычы», «Ак шоокум» «Нарындан жазган салам кат» ж.б. обондуу ырлары кыргыз элине кеңири сиңип кеткен. Андан тышкары акындын өз вариантында жазылып, аткарылган элдик «Ак Мөөр», «Карагул Ботом» дастандары бар. Кыргыз Республикасынын эл артисти.

ЖЫЛКЫЧЫ

Асыл тукум мингеним,
Салкын төр, жайлоо жүргөнүм.
Эриктим жылкы четинде,
Эскерип келчи сүйгөнүм.

Жылкы оттойт чөптүн түрлөрүн,
Мен жыттайм жыпар гүлдөрүн.
Санаадан такыр чыкпайсың,
Сагындым келчи сүйгөнүм.

Шырт этсе желге жалбырак,
Ыргыштап үркөт аргымак.
Камыкпа келет дегенсип,
Ай карайт көктөн жалдырап.

Кубанам жылкы бакканга,
Кыялым учуп асманга.

http://edu.portal.uz

Жаныма келсең болбойбу,
Жылкылар жуушап жатканда.

Эл берген малын тапшырып,
Элеси күчтүү жашчылык.
Жайлоодо кетип баратсак,
Жанаша атчан бастырып.

Муздак төрдү жай кылып,
Бош кезде жорго салдырып,
Чарчаган кезде дем алсак,
Чаалыккан атты чалдырып.

Эс алып жайлоо оюнда,
Шар аккан суунун боюнда.
Кымыздан ичсең агай деп,
Кол чанач болсо колунда.

Мен жылкычы, сен чабан,
Кыйкырып добуш үн салам.
Өлкөбүз үчүн иштейли,
Өркүндөп өссүн гүл заман.

АК ШООКУМ

Өтөбөй уйку неченин,
Дайрасын ойдун кечемин.
Ажарың жүрөк жандырган,
Ак шоокум сен деп сеземин.

Көздөрүң алоо жаккандай,
Каректе көп сыр жаткандай,
Таасирин жандан бөлөкчө,
Жайлоодон аткан ак таңдай.

Тартасың, ойду жеңесиң,
Тартылып көзгө келесиң.
Айламды кандай кыламын,
Ээрчитип алды элесиң.

Каксаң да каалап, «сен»
дегем,
Карагым келип дембе-дем.
Бут ээлеп алган эркимди,
Бүткөнсүң айтчы эмнеден.

Көрбөсөм көөнүм
жайланбай,
Көп ишим унут калгандай.
Он минут турсам жанында,
Ошол күн мага майрамдай.

http://edu.portal.uz



ЭСТЕБЕС ТУРСУНАЛИЕВ

(1931–2005)

Эстебес Турсуналиев – 1931-жылы 5-майда Манас районундагы Кара-Арча кыштагында төрөлгөн. Атасы комузчу, энеси кошокчу болгон. Атактуу Алымкул Үсөнбаевдин шакирти. 1946-жылдан Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген. Бир катар ыр жыйнактарынын автору. Төкмөлүк, айтыш, комузчулук өнөрү менен калайыкка кеңири таанымал.

Жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргыз Республикасынын (1970) жана СССРдин эл артисти (1988), Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (1975), Казакстан Республикасынын калк акыны (1994). «Ардак Белгиси» ордени ж.б. көптөгөн сыйлыктардын ээси.

КОЛ ӨНӨР ЧЕБЕРЛЕРИНЕ

Учурашып ырдамак,
Улуудан калган шартыбыз.
Шундай майрам күндөрдө,
Урматтап даңктаар
жарчыбыз.
Каадалуу, нарктуу, үлгүлүү,
Кадимден келген салтыбыз.
Акылмандардын белгиси,
Артына үлгү калтырыш.
Бакай, Кошой бабабыз,
Баатыр Манас алпыбыз.
Басташкан жоону жеңүүчү,
Башынан эрдик антыбыз,
Берекелүү, пейли кең.
Берешен элбиз жалпыбыз,
Баш ийип кичүү улууга.
Баарынан ушул артык иш,
Саламатпы бул жерде.
Кыргызстандан чогулган,
Кол өнөрчүлөр жалпыңыз.

Ала-Тоо салкын төрдө өскөн,
Ак калпак кыргыз элдешкен.
Акбоз үй кооз жасалга,

http://edu.portal.uz

Асемин элге көргөзгөн.
Аялдын узу Канықей,
Ападан калган өрнөктөн.
Айтайын эми боз үйдүн,
Ар түрдүү буюмун бир беттен,
Арчадан эшик босого.
Аябай кооз түрлөнткөн,
Ак кийизден түрүлүп.
Астыңкы бетин чийлеткен,
Ала бакан, ашкана.
Айланта боосу жибектен,
Алты канат кереге.
Айкашып кайыш түймөктөн,
Арасы бирден уук баш.
Ажырагыс ширеткен,
Абыдан ичи жасалга.
Айрымы жок сүрөттөн,
Ала кийиз, шырдамал.
Асем сайма туш кийиз,
Атайылап жасалган.
Кийизи ак кой жүнүнөн,
Киргендер чыккыс түрүнөн.
Күмүш бакан чегелүү,
Кийимдин түрү илинген.
Карышкыр, илбирс, түлкү ичик,
Кайрыма жака тигилген.
Карала сандык, ак сандык,
Карасаң жыйган жүгүнөн.
Кундуздан кармап жээгине,
Кыз-келин кымкап кийинген.
Көөкөр кесе, аяк кап,
Көркү артык бири-биринен.
Түндүгү сырткы көрүнүш,
Түгөнбөйт айтсам түрүнөн.
Туурдук, үзүк, жабык баш,
Тукаба менен бүгүлгөн.
Кылымдап канча эл өскөн,
Кыргыздын ак боз үйүнөн.
Кол өнөрчүлөр силерге,
Колумду ием, жүгүнөм.

Эми зергерлерге келели,
Булар устанын уста чебери.
Узанып жаткан буюмун,
Укмушун айтып көрөлү.
Кулак сөйкө, билерик,
Күмүштөн куюп имерип.
Кылдаттык укмуш деги эми,
Күбөк, чачпак, сөлкүбай,
Көрктөнтөт кыздар жеңени.
Айрыкча зергер келтирет,
Алтын, күмүш кемерди.
Акак таш салып шуруга,
Абыдан кыйын чөгөрүү.
Кыялдап ою, чиймесин,
Кынаган мончок, седеби.
Күмүш чакча, кын бычак,
Көп нерсе айтсак бөлөгү.
Эми:
Темир, жыгач буюмун,
Теңдеп айтып көрөлүк.
Сыр аяк, чөмүч, сыр кашык,
Сымбаттуу өз, өз көлөмү.
Кырма табак, кымыз бишкеги,
Кыргызым танбайт эгери.
Арчадан ойгон күбөгө,
Ачытат максым, көжөнү.
Айран сүт, жарма көп болсо,
Анда элим эп болсо.
Арак, винону токтотуп,
Ачкылдарга көнөлү.
Ашказанды кыйнабай,

http://edu.gov.uz

Ардактайлы денени.
Көбөйө берсин мындан да,
Кол өнөрчүлөр чебери.

Кол өнөрдөн башка
сонундар,
Кыргызда түрлүү оюн бар.
Аргымак минип төрдө өскөн,
Ар түркүн ойнун көргөзгөн.
Ат чапмай, улак, кыз куумай,
Ар намыстуу элдешкен.
Эр сайыш, эңиш оодарыш,
Эки жаат мелдешкен.
Бата берип баарысы,
Балбандар, күчтөр
сермешкен.
Акындар таңшып жар
салып,
Аталар чертип кербезден.
Алтыбакан, селкинчек,
Айлуу түндө ак чөлмөк.
Ай жигит, кыз кел дешкен,
Жеңелери шыңкылдап.
Денелери былкылдап,
Арка-бойду терметкен.
Кур таштамай, жашынмак,
Кубалашып тердешкен.
Кыздар таккан мойнуна,
Кызыл шуру берметтен.
Кулак сөйкө, чач мончок,
Кундуз бөрк бешмент,
көйнөкчөн.
Жанагы кыз, оо кыз деп,
Жандашып жеңе тергешкен.
Кериле басып буралган,
Керме каш жеңе сыланган.
Күмүш күбөк, сөлкүбай,
Кең далыда чубалган.
Күрүчтөй тиши кашкайып,
Күлкүсүн уксаң кубанган.
Тамшантып кыргыз оюну,
Таркатат жанды кумардар.
Кол өнөрчүлөр келгениң,
Козгодук ар бир жөн-жөнүн.
Кыйла элдер кызыгып,
Кымбаттап баалайт эмгегин.
Кылымдан бери даңкталуу,
Кыргызым менин эл-жерим.

http://edu.gov.kg

ТУУГАНБАЙ АБДИЕВ

(1937–2008)



Тууганбай Абдиев – 1937-жылы Токтогул районундагы Ничке-Сай айылында туулган. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин Жалал-Абад драма театрында, андан кийин Токтогул атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясында өмүрүнүн соңку жылдарына чейин кызмат аткарган. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. «Таңшы комуз», «Ыр канатында» аттуу ырлар жыйнактарын чыгарган. Кыргыз Республикасынын эл артисти.

КУЙКУМ СӨЗДҮН ЭЭЛЕРИ

Уккан жан болуп көңүлдүү,
Узартат күлкү өмүрдү.
Куйкумун сөздүн иргешип,
Кубантып кыргыз элимди.
Куйручук, Жоошпай, Бекназар,
Куудулдар чыккан төгүнбү?

Самап эл атын укканда,
Сахнага Шаршен чыкканда.
Шайы да келбей кээсинин,
Шилекей ирмеп жутканга.
Шолоктоп ыйлап жаткансып,
Шорголоп жашы көзүнөн.
Ансайын ээрди көгөрүп,
Ажырай түшчү эсинен.
Аалыкең баштап абалы,

http://edu.portal.uz

Атагы журтка тарады.
«Чалкардан» тартып талыкпай,
«Чалканы» менен сабады.
Дагы эле уусу тамчылап,
Дапдаяр турат каламы.

Ыраазы болуп эстейбиз,
Райкан, Мидин аганы.
Кыргыздар эмес алардын,
Кыйла элге дайын кабары.
Бир атка экөөн мингизбей,
Бир-бирден айтып алалы.

Ырдасам көзгө элестейт,
Райкан ага элеси.
Куйкумдуу сөздөн чогулуп,
Куюлган окшоп денеси.
Ойлонбой айтса түз тийген,
Оозунда эле жебеси.
Сатира менен нукура,
Оозантса керек энеси.

Орошон Мидин жаркылдап,
От ойноп көзү жалтылдап.
Чатырап күйгөн арчадай,
Чагылган болуп чартылдап.
Жанбакты, бюрократты,
Жадатчу эле алкымдап.
Кошоматчы, жойпулар,
Кол куушурчу калчылдап.
Ак чүчтөр калчу чүчкүрбөй,
Асылса эгер ал чындап.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Ары төкмө, ары композитор, ары обончу, аткаруучу болгон акындардын ырларынан кандай өзгөчөлүктөрдү байкадыңар?
2. Ырлардын көркөмдүк деңгээли менен мазмуну жуурулушуп кеткенби?
3. Ырларды обону менен айтууга аракеттенип көргүлө.

http://edu.portal.uz

ТҮРДҮҮ ЭЛДЕРДИН ЭСТЕЛИК МУРАСТАРЫНАН

КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК ИДЕЯЛАР

Түрдүү элдердеги чыныгы элдик маанидеги чыгармаларда патриоттуулуктун мыкты үлгүсү сүрөттөлүп, элге кызмат кылуу ар бир эл деген азамат үчүн ыйык милдет экендиги айрыкча баса белгиленет. Арамзалык, ач көздүк, коркоктук, эки жүздүүлүк, чыккынчылык, ичи тардык сыяктуу тескери көрүнүштөрдүн бети ачылып, аларга элдеги кең пейилдик, баатырдык, адамгерчиликтүүлүк, чынчылдык, ак көңүлдүк, жоомарттык ж.б. сыяктуу толуп жаткан артык сапаттар карама-каршы коюлат. Адамдар арасында жолуккан түрдүү сапаттардын кандайы оң, кандайы терс болору, кандай түшүнүктөр оң көрүнүш катары бааланса, кандайын эл терс деп түшүнөөрү бардык элдерде бири-бирине эң жакын. Мунун себеби ар бир түшүнүк, элдик салт турмуш тажрыйбасынан чыгып, коом түзүлүшүнүн талабына шартташат. Демек, коомдук өсүүнүн бирдей деңгээлинде жашап, бирдей шарттарды басып өткөн элдердин көз карашында, түшүнүктөрүндө окшоштуктардын болуусу – табигый иш.

Булар – жалпы жакындык, жалпы окшоштук. Ушул жалпы жакындык белгилерден келип түрдүү элдерге таандык болгон айрым жеке чыгармалардын арасындагы окшоштук, бирдейлик – идеялык жакындык, типтердин бирдейлиги келип чыгат. Мисалы, «Манаста» калмак, кытай баскынчыларынан элди-жерди коргоо, четтен келген душмандарга бирдиктүү каршы туруу башкы тема болсо, «Игордун кошууну жөнүндө сөз» аттуу орус элинин белгилүү эстелигинин «мааниси так эле монголдордун басып алуусунун алдында орус княздарын биригүүгө чакыруу». Эрдикти, баатырдыкты даңазалоо, ата-бабанын баатырдык салтын сүрөттөө – ошондой эле «Илиада» менен «Одиссеянын», армян эл эпосу «Давид Сасунскийдин» да негизги темасы.

http://eduportal.uz

Түрдүү элдерге таандык чыгармалардын арасында бул сыяктуу жалпы идеялык багыттын, негизги тематиканын бирдейлигинен башка да майда көрүнүш – деталдардын жакындыгын, типологиялык белгиси жактан окшош каармандарды көрүүгө мүмкүн. Мындай жакындык – окшоштуктар айрыкча бирдей доорго таандык болуп, эки элдин тарыхый өсүшүнүн бирдей баскычындагы шартын сүрөттөгөн чыгармаларга мүнөздүү. Мисалы, чагылдырган доору жактан гректердин «Илиадасы», кыргыздардын «Манасы», армяндардын «Давид Сасунскийи» – негизинен бири-бирине жакын турган чыгармалар. Үчөө тең согуштук демократия доору деп аталган учурга таандык эл абалын сүрөттөөгө арналган. Ошондуктан бул чыгармаларда каармандын түшүнүктөрү, моралдык адаттары жактан окшош учурлар эң көп.

Адилеттүүлүк, баатырдык салт, оң жана терс көрүнүштөр жөнүндө кабыл алынган нормалардын көбү окшош, ал турсун каармандардын мүнөзү, түшүнүгү жактан да бирдей белгилерди кеңири жолуктурууга болот. Мындай болуунун себеби чыныгы элдик чыгармаларда эл идеясы баяндалат, элдик көз караштар, түшүнүктөр берилет. Ал эми түрдүү элдердин карапайым адамдарынын коомдук өсүүнүн бирдей шартында жашаган учурларда коомго, жаратылышка карата болгон мамилелери, түшүнүктөрү көпчүлүк жактан жакын. Айрыкча жакшы менен жаман, оң менен терс, адилеттүүлүк менен аксымдык, эл кызматын кылуу, элди коргоо ж.б. сыяктуу түшүнүктөр турмуш тажрыйбасынын корутундусунан чыккандыктан түрдүү элдердин чыгармаларында бирдей түшүндүрүлүп, бирдей бааланышы мүмкүн.

Түрдүү элдердин каармандарында кезиккен жалпыга бирдей таандык белги, көрүнүштөр ошол образдардагы улуттук белгини жокко чыгарбайт. Ар бир элдин чыгармасында улуттук белгини ошол жалпы адамдарга бирдей таандык көрүнүштөр да түзөт. Мисалы, Каныкейдин образындагы билгичтик, акылмандык башка элдердин чыгармаларындагы оң типтеги аял каармандарда кеңири жолукса да, Каныкей жөнүндө сөз болгондо, анын улуттук мүнөзүн белгилөөчү, кыргыз аялынын идеал образы үчүн мүнөздүү көрүнүштөрдүн башкыларынан болуп кала берет. Же ошондой эле эли-жерин

сүйүү, ага чын берилип кызмат кылуу жеке Манаска гана, кыргыз баатырларына гана таандык көрүнүш эмес. Орус былиналарындагы башкы баатыр, белгилүү каарман Илья Муромец, «Игордун кошууну жөнүндөгү сөздүн» башкы баатыры Игорь, же Гомердин өлбөс поэмасы болгон «Илиададагы» трояндыктардын сүйүктүү баатыры Гектор – кыргыздын Манасы сыяктуу эле элине кызмат кылууну баарынан жогору койгон каармандар. Булардын образындагы жалпылык – алардын өз элинин кызыкчылыгы үчүн аракеттениши, элге кызмат кылууну негизги милдети катары түшүнүшү. Бирок ошондой жалпылыктын, окшоштуктун орун алышы алардын улуттук өзүнчөлүгүн, ар бири өз элинин баатыры, өкүлү экендигин жокко чыгарбайт.

Түрдүү элдердин чыныгы элдик чыгармаларынын артык үлгүлөрү бүткүл адам баласы үчүн зор мааниге ээ болуп, дүйнөлүк маданияттын казынасына кирет. Прогрессивдүү адам баласынын алдыңкы өкүлдөрү мындай чыгармаларды жогору баалап урматташат. Гректердин «Илиадасы» менен «Одиссеясы», карел-финндердин «Калеваласы», орустардын «Игордун кошууну жөнүндөгү сөзү», армяндардын «Давид Сасунскийи», кыргыздардын «Манасы» ж. б. ушул сыяктуу дүйнөлүк маданияттын алтын фондусун түзгөн чыгармалар аты аталган элдер үчүн гана баалуу эмес, ар бир эл бул чыгармаларды өз чыгармасы катары сүйөт, улутуна карабастан ар бир элдин прогрессивдүү өкүлү үчүн бул чыгармалардагы элдик идеялар кымбат, ал чыгармалардагы башкы каармандарынын максаттары түшүнүктүү. Бүт адам баласына таандык көркөм сөз казынасынын алтын фондусуна жата турган бул элдик чыгармалардын мааниси алар өткөндүн чебер иштелген эстелиги экендигинде эле эмес. Булар аркылуу түрдүү элдердин байыртадан берки мыкты акыл-ой сапаттарын, умтулууларын көрүүгө, ал басып өткөн тарыхый жол менен таанышууга болот. Бул эстеликтердин көркөм чыгарма катарындагы мааниси да чоң. Бүгүнкү адамдарды да кооздугу менен суктантып, эстетикалык ырахат берип, көркөмдүк норманын кол жеткис бийик үлгүсүн сактай алган грек эпостору «Илиада», «Одиссеяны» ар бир маданияттуу адам кандай жогору бааласа, көркөмдүк, кооздук

деңгээли, эл арасынан алган орду, маани си жактан ошол чыгармаларга теңдеш боло ала турган түрдүү элдердин эстеликтерин да ошондой эле урматтайт жана сыйлайт.

Идея жактан болгон жакындык белгилерди, идеал түшүнүктөрдөгү окшоштуктарды айрыкча бири-бирине жакын жашап, мурдатан карым-катнашта жүргөн элдердин чыгармаларынан кеңири көрүүгө болот. Ошондой эле дүйнөлүк маданияттын алтын фондусуна кирген улуу эстелик мурастарга жатуучу – «Игордун кошууну жөнүндө сөз», «Манас», «Давид Сасунский», «Алпамыш», «Жолборс терисин жамынган баатыр» ж.б. сыяктуу чыгармалардын мазмунунан кеңири жолуктурабыз.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Түрдүү элдердин адеп-ахлактык, жаман-жакшы, оң-терс жөнүндөгү түшүнүктөрүндөгү жакындыктар, окшоштуктар. Андай жакындыктардын болуу себептери.
2. Түрдүү элдердин көркөм чыгармаларындагы тема, идея жактан окшоштук, типтеш каармандардын болушу.
3. Көркөм чыгармалардагы жалпы адамзаттык мааниге ээ көз караш-түшүнүктөр.
4. Жалпы адамзаттык мааниге ээ белги жана улуттук мүнөз.
5. Ар бир элдин улуттук көркөм эстелик мурастарынын жалпы адамзаттык мааниси.

«ЖОЛБОРС ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН БААТЫР»

«Жолборс терисин жамынган баатыр» – грузин элинин улуу акыны Шота Руставелинин поэмасы. Поэманын качан жазылганы белгисиз. Ал эмес Шота Руставелинин өзү качан туулуп, качан өлгөндүгү жөнүндөгү маалыматтар да так эмес. Бул улуу акындын бизге жеткен жалгыз чыгармасы – ушул поэма. Анын сакталып калышы терең мазмуну, укмуштай көркөм касиети менен шартташкан. Поэма элге ушунчалык жаккандыктан, ал кадимки оозеки чыгарма катары бирден экинчиге өтүп, сакталып келген.

Оозеки айтылган уламалардын маалыматына караганда Шота Руставели Грузияга падыша Тамара бийлик жүргүзүп турган учурларда жашаган. Падыша Тамара XII кылымдын аягы – XIII кылымдын башталыш мезгилдеринде бийлик

http://eduportal.kz

жүргүзгөн. Демек, Шота XII – XIII кылымдардын аралыгында жашаган. Ушул сыяктуу маалыматтарга таянып, 1966-жылы улуу акындын 800 жылдык юбилейи өткөрүлдү.

Шота Руставели «Жолборс терисин жамынган баатырды» падыша Тамаранын атайын тапшыруусу менен жазган делген имиш да айтылат. Бул сөздүн чындык негизи болушу мүмкүн. Анткени акын поэманын «Бет ачарында» Тамаранын атын бир нече жолу эскертет, аны мактаган сөздөр айтат. Буга караганда поэма Тамарага тикеден-тике арналбаса да, анын аты, учуру менен байланышы бардыгы шексиз.

Грузин элинин тарыхында падыша Тамаранын ролу бир топ. Анын тушунда грузин жеринде чачыранды княздыктардан бирдиктүү бир мамлекет түзүлгөн жана кубаттуулугу артып, маданиятынын гүлдөп өнүгүшү үчүн мүмкүнчүлүк пайда болгон. Ушул тарыхый шарттын учурунда бирдиктүүлүк, бир мамлекетке баш кошуу идеясынын өлкөдө кеңири кубаттоого ээ болгондугу шексиз. Мунун элесин «Жолборс терисин жамынган баатырдын» окуяларынан, идеяларынан да даана көрүүгө мүмкүн.

Поэмадагы негизги окуялардын кыскача сюжети мындай: Арабияда жашаган Ростеван аттуу хан жакын жардамчысы, өзү тарбиялап өстүргөн Автандил аттуу баатыр жигити менен сейилде жүрүшүп, кайгыга чөмүлгөн табышмактуу баатырды көрүшөт. Ал баатыр «кимсиң?» – деген сурооого жооп бербестен, эч кимди көзүнө илбей, кармоого аракет кылгандарды кыйратып кете берет. Автандилдин сүйгөнү, Ростевандын ордуна хан болгон кызы Тинатиндин тапшыруусу менен Автандил белгисиз баатырды издеп чыгат. Узак убакытта көп кыйынчылык көрүү менен акыры Автандил сырдуу баатырды таап, жайын билет. Ал Индостандын мурдагы амирбары (эң жогорку аскердик даража) Тариэл аттуу баатыр экен. Сүйгөнү хан кызы Нестан-Дарежанды жоготуп жиберип, ошонун кайгысынан жер кезип, муңканып жүргөн болот. Автандил Тинатиндин макулдугу менен Тариэлге жардам берүүгө аттанып, көп машакат менен акыры Нестан-Дарежан сулуу табылат. Тариэл менен Автандилге Нурадин-Фридон аттуу дагы бир баатыр кошулуп, үчөө кажеттердин сепилин талкалап, туткун кызды бошотушат. Поэма башкы каармандардын баары өз максатына, тилегине жеткенин ба-

яндоо менен аяктайт. Ушул жөнөкөй сюжет ички терең сезимден чыгып, назик көңүлдүн гүлү болгон эң кооз ырдын, акындын өзү айткандай, сөздөрдүн каухарларынын жардамы менен баяндалгандыктан, анын эстетикалык таасири эбегейсиз зор. Поэма туруктуулук, чыдамкайлык, баатырдык, адамгерчиликтүүлүк жөнүндөгү элдик идеяларды баяндайт. Айрыкча адамгерчиликтүүлүк менен достук даңазаланат. Ошон үчүн анын каармандары – бирөөнүн бакты-таалайы үчүн өз бактысынан баш тартууга даяр турган, жакшылык эң алды менен менин досторума келсин, алар бактылуу болмоюн менде бакыт жок деп түшүнгөн булактай таза, тунук адамдар. Жалпы эле чыгармадагы ар бир каарман акындын өзү сыяктуу сезгич, назик, алардын сезими адаттан тышкары терең. Мисалы, жолборсту мышыктын баласындай көрбөгөн баатыр жана чексиз күчтүн ээси Тариэл сүйгөнүнөн ажыраган кайгыга күн-түн көз жашын төгүп, жабыр чегет, жер кезип, ээн талаа, эрме чөлдү мекен этет. Нестан-Дарежандын курбусу Асмат азап-тозокту Тариэл менен бирге тартат, үлбүрөгөн назик жана жаш кыз элсиз жайдагы асканын үңкүрүн жай кылат. Сүйгөнү эл сурап, такта олтурган, калкы кадырлап, ханы сыйлаган Автандил сүйгөнүн, эли-журтун таштап, жер кезген баатырды ээрчип, белгисиз жокту издейт ж.б.

Тариэлди жер кездирген ак сүйүүнүн күчү, сүйгөнүнө берилген туруктуулук болсо, Асматты үңкүр кайтарткан, Автандилди белгисиз жокту издеткен – жолдоштук, достук милдети.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Шота Руставели жана анын поэмасы «Жолборс терисин жамынган баатыр» мазмуну жөнүндө баяндагыла.
2. Поэмадагы жазылган тарыхый шарт кандай эле?
3. Поэмадагы баяндалган адамдык мыкты сапаттар жөнүндө диспут өткөргүлө.

Поэмадагы патриотизм, интернационализм жана гуманизм. Үстүртөн караган адамга поэмада акын айтмакчы болгон негизги ой – сүйүү, сүйгөнү үчүн жапа чеккендердин зары сыяктанып көрүнөт. Чынында андай эмес. Ырас, башкы каармандар – назик сезимдүү, сүйүүнү жогору баалаган адамдар.

http://elibrary.kg

Чыгармада өзүн сүйүүнүн кулу деп эсептеген Тариэлге, анын ички сезиминин күчүн, тазалыгын баяндоого көп орун берилет. Ошого карабастан поэмадагы башкы тема Тариэл менен Нестан, же Автандил менен Тинатин сыяктуу жеке адамдардын сүйүүсүн көрсөтүү эмес. Ошондой эле чыгарманын башкы темасы достук, чыныгы адамгерчиликти даңазалоо дешке да болбойт. Айрым адамдардын иштеринин үлгүсү аркылуу берилген бул сонун сапаттар чыгармада кеңири орун алып, чоң мааниге ээ болгондугуна карабастан, негизги, чечүүчү эмес, жардамчы милдетти аткарат. Ал эми чыгармадагы автордун айтайын деген негизги ою, поэмадагы башкы идеялык максат – ошол тарыхый шарттагы грузин элинин турмушунда чечүүчү мааниге ээ болгон биримдик, борборлошкон күчтүү мамлекет үчүн күрөш. Ошон үчүн поэмада адамдарга таандык оң сапаттардын ичинен биринчи орунда патриотизм турат.

«Жолборс терисин жамынган баатырда» түрдүү элдердин өкүлдөрү, мүнөзү, түшүнүгү, коомдон алган орду жактан ар түрдүү адамдар жөнүндө сөз болсо да, ошол каармандардын ар бири өз элинин, өз Мекенинин чыныгы патриоттору, алардын тагдыры элинин тагдыры менен органикалык мүнөздө байланышкан. Ар бир каармандын Мекени өзүнө кымбат, эли өзүнө сүйүктүү, жакын. Ошон үчүн алар Мекенинин кооздугуна кубанат, элинин жакшы сапаттары менен сыймыктанышат.

Поэманын автору өз каармандарындагы патриоттук сезимди элин жоодон коргогон, катылган душмандын катыгын берген Тариэлдин баатырдык иштери, Фридондун эрдиктери сыяктуу атайын алынган окуялар аркылуу баяндайт. Бирок каармандагы бул ыйык, терең сезим чоң-чоң атайын окуялардын жардамы менен гана ачылбастан, айрым деталь, жандата айтылган бир-эки ооз кыска сөз аркылуу да таамай берилет. Акындын чебер талантынын күчү, чыгарманын көркөмдүк касиетинин салмагы так ушул чоңду, тереңди аздын, кыска сөздүн жардамы менен таамай ачып бере алгандыгында. Мисалы, Тариэл досунун сүйгөнү Нестанды издеп жер кезип, түрлүү эл аралап жүргөн Автандил арфа күүсүнүн үнүн сагынып, куса болот, моокум кана бир уксам деп самайт. Бул

аркылуу акын элин чексиз сүйгөн, урматтаган баатырдын терең сезимин берген. Бир сап ырдын жардамы менен берилген бул сүрөттөө башка толуктоону, кошумчаны талап кылбайт. Же кары Ростеван көзүм өтсө өзүмө теңдеш эл коргону болуучу азамат уулум жок, элимдин күнү эмне болоор экен деп бушайман болот. Ушул кыска берилген көрүнүштөн да эң мурун өз камын эмес, эл камын ойлоонун сонун үлгүсү таамай тартылган.

Патриоттук сезим бардык каармандарга бирдей таандык ыйык сапат болгону менен аны ар бир адам өзүнчө түшүнөт жана баалайт. Ошон үчүн поэмадагы каармандардын иштеринде да бул сезим бир типте, бири-бирине окшош берилбестен, ар башка берилет, түрдүү планда чечилет.

Поэманын каармандарына мүнөздүү болгон терең патриоттук сезим интернационализм, гуманизм идеялары менен тыгыз айкашкан. Чыгармадагы биримдик, уюмдашкан, күчтүү бир мамлекет түзүүгө чакырган башкы тема да, андан түздөн-түз пайда болгон терең патриотизм да түрдүү элдердин кызматташтыгы, ынтымагы жөнүндөгү түшүнүктөргө, адамгерчиликтүү, гумандуулук идеяларына карама-каршы келбейт.

Тескерисинче, чыныгы патриоттуулук улуттук тар чектелүү эмес экендигин айгинелеп, бул эки сезим бирин-бири жокко чыгарбасын, эл түшүнүгүндө бир караларын баяндайт. Ошон үчүн өз элине катылган душмандарды арстандай качырып, жалгыз башы миң-сан жоого татыган Тариэл баатыр душмандарынан кордук көргөн башка элдин баатыры Фридондун таламын талашат, ага жардам берет, арфа күүсүн жанындай сүйгөн назик сезим Автандил баатыр бөлөк эл, бөлөк жердин баатыры үчүн көп азап-тозоктор көрүп, анын тилегинин орундалышында чечүүчү ролду ойнойт, эрке сулуу Тинатин сүйгөнү Автандилдин белгисиз баатырдын дартынан узак убактар жер кезип, эл кыдыруусуна каршы чыкпайт ж.б.

Чыгармадагы өз элинин чыныгы патриоту экендиги даана көрүнүп турган ар бир каарман адамгерчиликтин талабы башка бирөөлөргө жардам берүү зарыл деп эсептеген шартта анын улутуна, кимдигине көңүл бурбайт, эгер ал адамгерчиликтүү экендигине көзү жетсе, башын тигип, ага

http://elibrary.kg

колунан келген бардык жардамын берүү ыйык милдетим деп түшүнөт. Бул – улуттук сезимдин жоктугу эмес, өз элин сүйүү менен башкаларды да урматтай билүүнүн, улутуна, кимдигине карабай кызматташ, көмөктөш болуунун сонун үлгүсү.

«Азамат өзүм гана деп жашаса,
Булгамак адамзаттын улуу наамын».

Демек, жеке керт башынын камын гана ойлоо – адамдын адамдык улуу наамына шек келтирүү, аны булгоо. Ар бир адам үчүн эң кымбат нерсе – адамгерчилик сапат, андан ажыраган киши адам болуудан калат. Бул ой поэмадагы каармандардын толгон иштери аркылуу ырасталат. Чыгармадагы ар бир оң каарман бири-бирине эле эмес, жалпы эле алсыздарга жардам беришет. Марттык – атак-даңктын иши эмес, колунда барлардын милдети. Поэмадагы катышкан хандан тартып баатыр жигитке, күндөй сулуу кыздан тартып жашы өткөн карыларга чейин бардыгы боорукер, колунан иш келген ар бир адам адилет, калыс.

«Көрөгөч бол, акылман бол, жалтанбай,
Жакыр дебей, жарды дебей көз салгын.
Нуруңду чач, бардык элге алтардай,
Күн жаркырап гүлгө нурун чачкандай».

Поэмадагы бул нуска сөздөр Ростеван хандын кызы Тинатинге айткан сөзү, бирок алар Тинатинге эле таандык акыл эмес, бардык оң каармандардын идеалы. Алардын иштеген иштери – мунун ачык далили.

Ошол поэма жазылган тарыхый шарттын учурунда чыныгы адамгерчилик менен элдердин кызматташ болуу идеяларын патриоттук түшүнүккө айкалыштырып, бул түшүнүктөрдү бирдикте карап, чоң маани берүү Шота Руставелинин өз доорунун алдыңкы өкүлү, билимдүү ойчул адамы, чоң демократ акын болгондугун айгинелейт. Улуу акындын ошол тарыхый шарттан жогору көтөрүлүп турган демократтык көз караштары, айрыкча ушул поэмадагы аялдардын образдарын баяндоодо даана байкалат.

Акындын түшүнүгүндө аялдарды сыйлоо, урматтоо, аларды жогору баалап, акылына, ишке жөндөмдүүлүгүнө, адамдык сапатына жараша мамиле кылуу – адамгерчиликтүүлүктүн,

http://edu.gov.kg

калыстыктын негизги милдеттеринен. Ошон үчүн поэмадагы аялдар – акылман, жөн билги, туруктуу жолдош, назик жар. Чыгармада айрыкча аялдардын коомдук турмуштан алган маанилүү ролун баяндоого кеңири орун берилет: аялдар адилеттүү, март, эл башкаруучу (Тинатин), эки элдин мамилесин белгилөөдөгү башкы акылчы (Нестан-Дарежан), көп маселелер аялдардын активдүү катышуусу менен чечилет, көп окуяларда аялдар негизги катышуучу, көп адамдардын байланышы, мамилелери аялдар аркылуу иш жүзүнө ашат ж.б.

Сүйүү жана достук. Поэманын негизги өзөк окуялары, автордун айтмакчы болгон оюнун көбү сүйүү менен достук темаларына тыгыз байланышкан. Чыгарма сүйүү менен достукту баяндоого, бул сезимдердин эң тереңдерин, тазаларын, тунугу менен артык үлгүлөрүн даңазалоого арналгандыгын автордун «Бет ачарындагы» ойлорунан эле байкоого болот.

Чыныгы сүйүү автордун түшүнүгүндө өтө назик, таза жана ыйык сезим, аны баалай жана кадырлай билүү зарыл. Адамдын эркин бийлеп, арстандай шерди да жашык карыпка айландырып коё ала турган таза сүйүүнүн күчүндөй күч жок. Ошол күч Тариэлди каңгытып, жер кездирсе, Нестанды солуган гүлдөй саргартат.

Сүйүүдөн кем болбогон дагы бир артык сапат – достук. Поэмада достук, жолдоштук милдет сүйүүдөн да жогору коюлуп:

«Жолдоштук – сүйүүдөн да артыгыраак» – делет. Жолдоштук милдетти аткара албоо – антты бузуу же өлүм менен барабар. Автордун бул ою поэмадагы катышкан негизги каармандардын ар биринин иштеген иштеринин үлгүсү аркылуу бекемделет. Достук шерт, жолдоштук милдет үчүн Автандил сүйгөнү Тинатинди таштап:

«Алдымда түбү терең ор жатса да,
Артымдан жандай салып, ок атса да.
Күнүм түн, түнүм да түн, таш жааса да,
Кечикпей жетүүм керек курдашыма!» –

деп Тариэлди издеп жөнөйт. Асмат курбусунун дартынан талаа сактаган Тариэл менен кошо ээн үңкүрдү турак этет ж.б. Бардыгын таштап досун издеп жөнөгөн Автандилди мунуң туура эмес, кой деп айтуу эч кимдин оюна келбейт.

Поэманын идеалы боюнча жолдоштук, достук терең сезим эле эмес, кеңири түшүнүк. Дос болуу – бул бардык жыргал-кууралды тең көрүү, азап-тозокту бирге тартуу, жакшы менен жаманды бөлүшүү. Ошон үчүн поэмада:

«Ким эгер жолдоштукту каалайт экен,
Берилсин жолдошуна жаны менен.
Бакытты, ыракатты тартып алсын,
Эч качан болмок эмес жолдо белен». –

деген талап коюлат. Достордун достук шартты аткаруудагы милдеттери эң көп, поэманын автору ошолордун ичинен атайын бөлүп:

«Үч шарт бар аткара алсаң курдаштыкта:
Биринчи – кошо жангын махабатка,
Экинчи – колтугунан жөлөп тургуз.
Казатта ок жаңылып жыгыларда,
Үчүнчү – караан болгун азаматка.
Кыйындык чындап башка түшкөн чакта», –

деп белгилейт.

Поэмадагы сүйүү менен достукка чоң орун берилип, атайын көңүл бурулганы менен бул сапаттар адам баласындагы башка артык сапаттардан бөлүнүп, өзүнчө каралбайт, тескерисинче, жалпы адамгерчиликтин бир көрүнүштөрү катары бааланат. Адамгерчиликтүү, адамдык артык сапаттарды жогору коюп, туура түшүнгөн адам гана терең сүйүүгө, чыныгы достукка татыктуу. Ошол үчүн поэма сүйүүнү достуктан, достукту боорукерликтен, же адамгерчиликке жаткан ар бир сапатты бири-биринен ажыратпай, тыгыз байланышта карайт. Ал эле эмес көпчүлүк учурда бир артык сапатты экинчи оң касиеттен так ажыратып түшүнүү да кыйын. Мисалы, поэмадагы боорукерлик менен достук ушунчалык бири-бири менен бекем ширелишкен, адатта бул эки касиет адамгерчиликтүүлүк деген жалпы ат аркылуу гана белгилениши мүмкүн.

Кыскасы, улуу акын Шота Руставели өзүнүн бул өлбөс поэмасында адамдык сапаттын гимнин ырдайт. Чыгармадагы орчундуу темалардын баары – патриоттук да, боорукерлик да, сүйүү да, достук да жана башка ар бир артык

http://dsuportal.uz

сапат бир гана сөз менен – адамгерчилик деген түшүнүк менен бириктирилет. Поэма ушул адамгерчиликтин туусун көтөрөт, ырын ырдайт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэмадагы негизги тема эмне экендигин айтып бергиле?
2. Поэмада патриоттук сезим кандай даңазаланган?
3. Интернационализм идеясы жөнүндө баяндап бергиле.
4. «Гумандуулук, адамгерчиликтүүлүк поэмадагы негизги идеялардын бири» деген темада дилбаян жазгыла.

ЧЫГАРМАНЫН КӨРКӨМДҮГҮ ЖАНА МААНИСИ

«Жолборс терисин жамынган баатыр» – өзүнүн чебер тили, жандуу элестери менен окуучуларга зор эстетикалык ыракат бере алган, көркөмдүүлүгү, айтылган ойлорунун тереңдиги менен оозго кирип, атагы чыккан чыгарма. Улуу акын поэманын «Бет ачарында»:

«Тил, сезим, чеберчилик жанга паана,
Үчөө тең бирдей керек чыгармага», –

дейт. Бул поэма – ошол зарыл болгон үч шарт толук аткарылган чыгарма. Анда элдик тилдин бай казынасы жеткилең пайдаланылып, акындын терең сезимдери укмуштуу чеберчилик менен түзүлгөн элестер аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Акын акындарга:

«Ырында узун сөздү кыскача айтса,
Акын деп ошо акын ардакталган», –

деген талапты коёт да, ошол талабын поэмасында терең ойлорду, назик сезимдерди, таасирдүү элестерди так, кыска, көркөм саптар аркылуу берип орундатат.

«Күчтүү ыр жөпжөнөкөй тизмектешет,
Жупжумшак, баскан изин жеңил сезет.
Сыпсыйда, тегиз сапта уйкалышып,
Акылга терең канып мемирешет», –

дейт акын. Улуу акындын жакшы ыр, чыныгы көркөм чыгарма жөнүндөгү бул айткандары толук бойдон анын по-

http://edu.portal.uz

эмасына таандык. Чынында эле поэмадагы ыр саптарынын жеңилдиги жана тактыгы, татаал көрүнүш, терең сезимдер таамай айтылган жөнөкөй сөздөр аркылуу кооз берилиши окуган адамды суктантпай койбойт. Чыгарма сөзгө бай, тили кооз. Таамай айтылган элестүү сөздөр ар бир ыр сабын макал-ылакапка жакындатат. Элестүү учкул сөздөр, таамай салыштыруулар, чебер сүрөттөөлөр – поэманын көркөмдүк касиетинин өбөлгөлөрү. Андагы көркөм сүрөттөлгөн окуялар, көз алдыга жандуу тартылган образ – элестер окуучулардын эстетикалык сезимин ойготуп, көркөмдүктүн үлгүсүндө тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Шота Руставелинин бул поэмасы – грузин элинин сүйлөө тилине негизделген биринчи чыгарма. Поэманы грузин тилинде жазгандыгын акын өзү да атайын эскерет.

Дүйнөлүк маданий эстеликтердин алтын фондусунан ардактуу орундардын бирин ээлеген бул поэма өз маанизи жактан бир эле элдин чыгармасы эмес, анын көркөмдүк күчүн, эстетикалык таасирин бир эле грузин эли жогору баалабайт. Бул чыгарма грузин эли менен бирге эле бүт прогрессивдүү адам баласынын алдыңкы өкүлдөрү үчүн жакшы, түшүнүктүү. «Жолборс терисин жамынган баатыр» өзүнүн теңдешсиз көркөмдүк күчү, терең идеялык мазмуну жактан бүт адам баласына таандык.

Бул поэманы кыргыз акыны, мыкты котормочу Алыкул Осмонов эркин которуп, 1940-жылы басмадан чыгарган.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Чыгарманын автору башкы каарман Тариэлдин образы аркылуу берген идеал түшүнүктөр: баатырдык, чечкиндүүлүк, адамгерчилик, калыстык, боорукерлик, таза сүйүү. Ал поэмадагы башкы оң каармандар дагы символдук мааниге ээ экенине маани бергиле.
2. Автандил – терең акылдын ээси. Сабырдуулук, токтоолук.
3. Нестан-Дарежан – назиктиктин, сулуулуктун даңкталышы.
4. Тинатин – аялдын акылына баа берүү.
5. Асмат – жолдошко чын берилүүнүн, ак кызмат кылуунун үлгүсү.
6. Нурадин-Фридон – жаштык, келечектүүлүк.
7. Поэманын көркөмдүк белгилери. Кыргыз тилине котормосу.

http://lesbuportal.uz

КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНАН ТАМЧЫЛАР

Бул бөлүмдө 2000-жылы Бишкек шаарында жарыкка чыккан. «Кыргыз поэзиясынын антологиясы» деген 2 томдук китептин 2-китебинен бир топ акындардын ырларын берип олтурабыз. Анткени, бул антология өзбекстандык китеп окурмандарынын колуна түшө бербесин эскердик. Кыргыз элинин салт-санаасына, асыл-нарктарына, дүйнө таанымына тиешелүү ырларды таңдап алдык.

Акындар өздөрү устат тутунган улуу муун өкүлдөрү тууралуу дилдеги ой-туюмдарын, сүймөнчүлүгүн көркөм чагылдырышат. Кыргыз элинин руханиятына байланыштуу жүрөктөрүнүн лүпүлүн баяндашат.

БАРКТАБАС АБАКИРОВ

Барктабас Абакиров – 1933-жылы 2-майда Кочкор районунун Кум-Дөбө айылында туулган. 20 дан ашык китептердин автору. Көп ырлары башка тилдерге которулган.

Кыргызстандын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1983). «Ардак Белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, Жогорку Кеңештин Грамотасы менен сыйланган.

АРЧА БЕШИК

Күнгө–күндөр ачып эшик,
Өмүр өтөт сууну кечип.
Өмүрлөрдү улай көргүн,
Биз бөлөнгөн арча бешик.
Термеле бер, термеле көр,
Биз бөлөнгөн арча бешик.

Балалуу үйдө ырыс-кешик,
Бала баксак уйку кетип.

http://elibportal.uz

Ар бирөөнү кубантса экен,
Сүйүнчүлөр эшик чертип.
Термеле көр, термеле бер,
Кут куюлган арча бешик.

Жыргалдуу күн, турмуш жаңы,
Көбөйсө экен бала саны.
Бала-бакыт жаркыраган,
Келечектин күйгөн шамы.
Термеле көр, ар бир үйдө,
Акжолтоюм арча бешик.

Бала деген ичти эзип,
Борс-борс күлсө кайгы кетип.
Жыргай түшөт ата-эне,
Айга, күнгө колу жетип.
Термеле көр, термеле бер,
Акжолтоюм арча бешик.

КАРЫМШАК ТАШБАЕВ

Карымшак Ташбаев (Аликетегин) – 1935-жылы Кара-Кулжа районундагы Шаркыратма кыштагында дыйкан адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Кийин Ош облустук азыркы «Ош жаңырыгы», республиканын жаштарга арналган газеталарында котормочу, кабарчы болуп иштейт.

1976-жылдан бери Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү.

АКЫН ЖАНА ЭРДИК

Алтын казына – асыл ойду шилеген,
Акылынан ыр саптарын күрөгөн,
Далай улуу акындардын көзү өттү
Кыйырына кылымдардын түнөгөн.
Алар азыр уктап жатат
Азиянын боорун мазар жай кылып.
Канча заман өттү аларга кошулуп
Санак жеткис Күндөр батып, Ай чыгып.

http://edu.portal.uz

Бирок дагы...
Акын болуу жөнүндөгү бир аңыз
Ооздон оозго бизге жетти айтылып:

Ата уулун асырады, өстүрдү,
Ардактады, эрезеге жеткирди.
Аралатты элди-жерди, калааны,
Аралатты жазда ачылган көп гүлдү.
Ата касмин улантып
Алдыга жол баштап кетээр деп турду.
Перзенти үчүн тынбайт ата санаасы,
Ал экөөнүн алыс болчу арасы.
Ата касмин улантпастан
Башка жолго түшкөндүгүн карачы?!
Окуп алып ал Жусуптун ырларын,–
«Акын болом»–деди бир күн баласы.
Уулунун бул тилегине
Атасы анын караса да кызыгып:
«Олдо балам,
Мындай оор иш келээр бекен колуңан?»–

Деген сөздү айтты ичтен сызылып!.
Бирок, ата уулуна ак жол тиледи,
Аткарылса кана жаштын тилеги?
Акындыктын жол-жобосун
Буга кимдер үйрөтөт?
Алга сүрөп алып чыгат ким эми?!
Акын деген атагына жараша
Азап-ыйы бар экенин алдыда,–
Бул жаш гөөдөк билеби?!
«Анда муну шакирттикке берейин
Акын болуп туулган болсо жүрөгү!»–
Деп ойлонуп уулун бир күн ээрчитип,
Басып өтүп Ала-Тоонун арасын,
Арытышып Чүйдүн кенен талаасын,
Алып келип тапшырыптыр
Жусуп Баласагынга:
«Акындыкка үйрөткүн»–деп баласын.

http://edu portal.uz

Алып калып акын Жусуп
Акын болом деген ошол баланы.
Атасынын өчкөн кезде карааны,
Баштап келип бак ичине акырын
Айткан экен ага мындай акылын:
«Карагым, сен бул жагдайга карап ал, –
Акын деген – душмандарды беттеген
Айбаты зор баатырларга барабар.
Кээ бирде сен сайып жыксаң душманды,
Кээде кайра сен болосуң жарадар.
Жоону жеңүү болбойт дайым оңунан,
Мындай оор иш келген эмес эч качан
Коркоктордун колунан!
Сен биринчи үйрөнгүн –
Душман жеңген баатырлардын мүнөзүн.
Алгач өзүң аңдагын
Кандай ишке жаракту усуң бир өзүң?
Өз элиңдин акыл кебин оюңа ал,
Жашоодогу талыкпаган күрөшүн!
Андан кийин тирүүлүктүн
Эмне экенин билесиң!...
Жоо колунан эгер жараат албаса,
Ошол жигит баатыр боло алабы?
Жүрөгү анын жараланып турбаса,
Ошол акын – акын сымал жалындап,
Сезимине башканын от жагабы?!
Баатыр жоого аттанса – эли кайгыда,
Мертинсе эгер – баатыр жары каралуу!
Алоолонуп махабатты даңктаса –
Акын жары күйүтүнөн жаралуу.
Жашоонун бул айыгышкан күрөшү
Жаңылбаган сабак болсун сага бу!
Коргой билүү ар-намысын элиңдин –
Жакындыктын эч ким билбес сабагы!
Бул өнөргө далай адам асылган,
Бирок дагы...
Кайраты ага жеткен эмес көбүнүн.
Эрөөлдөргө чыккан эрдин бириндей

http://elibportal.uz

Бул өнөргө саюу керек өмүрүн.
Ажыратып туруу керек ар убак
Бул жашоонун чындык менен төгүнүн.
Кана, буга эмне дейсиң, карагым,
Түпкүрүнө чөктүң мынча санаанын?
Акын жүрөк ылгап турат ар убак
Ар бир сөздүн жакшы жагын, жаманын.
Аткарылып кетээр балким күрөшсөң
Алдыга сен койгон ушул талабың», –
Деген тура акын Жусуп мурутун
Сыпаа сылап, көзүн тиктеп баланын...

Бул окуя болгон дешет
От ойнотуп жүрөк менен сезимге,
Акын Жусуп «Кут билимди»
Жазып бүткөн кезинде.

Андан бери сайлардан суу көп акты.
Мезгил, чиркин, соолтуу далай булакты.
Далай татаал замандарды аралап
Бизге жетти «Кут билим»
Сарптаган бүт жаштык өткүр куракты.
Көрсө Жусуп бул дастанга бериптир
Жаш өмүрүн курал кылып кубаттуу!

Гүлдү мактап жазгы жашыл чөптөгү,
Жылдыздарды даңктап ырдап көктөгү,
Бирок, билбей бул өнөрдүн сырларын
Бизге маалым далай акын өткөнү...
Жалбыректай күзгү желге отолуп
Көбүнүн андан үнү бизге жетпеди.

Ал мезгилдин алыс калды карааны.
Салыштыргым келбейт бүгүн сага аны.
Канткен менен качан болсо керектир
Жусуп Баласагындын
Акындарга койгон улуу талабы?!

http://kyrgyzportal.uz

Арасында арыш көргөн жылдардын
Мизи кайтты элге айтылуу сырлардын.
Жалыны жок жазмакейлер көбөйдү
Жардыланды табити ойго ырлардын.
Поэзия – куралы болду бийликтин,
Байлык,
Мансап башкарып турган жыргалдын.

Эч карабай ыйман менен ырайга,
Жамачылап миң ыр жазып бир айда...
Эрдик, эрки жетпегендер бүгүнкү
Бул өнөрдү – жакын турган Кудайга, –
Учкуну жок саптар менен булгашып,
Тебелешти таманында ылайга!!

Махабатка – «өлөмүн» деп жалынып,
Журттун атын,
Мекен атын –
Колко кылып жалынып,
Жалган жерден жар салгандар
Жатат бүгүн жанын сабап ак уруп,
Акын деген ыйык атты
Кор кылгандар көбөйдү
Орден кылып көөдөнүнө тагынып.
Ысык оттуу нурларына
Байыркыдай бөлөп турат Жерди Күн!
Дале бүгүн сактап келет
Бүт эл салтын, элдигин.
Ооз көптүргөн ыйманы жок сөздөргө
Толуп бүттү Жер бүгүн!
Акын болом! – деген бардык жаштарга
Каалар элем мен бүгүн –
Жусуп Баласагындын,
Алыкулдун,
Эрки менен эрдигин!!

http://ebuportal.uz



СҮЙӨРКУЛ ТУРГУНБАЕВ

(1940)

Сүйөркул Тургунбаев – 1940-жылы Жалал-Абад облас-ты Базар-Коргон районунун азыркы Бешик-Жон айылында туулган. Азыр эл аралык «Заман Кыргызстан» газетасынын ээси жана кеңешчиси. Белгилүү акын жана котормочу. Кыр-гыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү.

КАЛПАКЧАН ЖИГИТКЕ

Сен, калпакчан!
Карсылдап эл алдына сүйлөп жатсаң,
ар сөзүң ооздон чыккан
сөз болсун калпагыңа куп жарашкан,
жалыны, оту болсун
жаркытып көңүлдөргө чырак жаккан.

Сен калпакчан!
Кыз жандап келе жатсаң
алдыңдан бирөө чыкса
кыла чайнаган,
кыңк этпей
кынга кирип,
кыйгач бассаң,
калпагың түшүп баштан
кызыңды таштай качсаң –
кийбей кал сен калпакты –
айлангын сен калпактан!

Эй, калпакчан!
Насип буйруп алыскы кыйырлардан

http://eduportal.uz

кокус бир
дүйнө кезип жолго чыксаң –
аралап аянттарды эл жайнаган
Римде,
Токиодо,
же Лондондо
кайкайып
калпак кийип келе жатсаң –
түрүңдөн
уруп турсун тоонун сүрү,
сөзүңдөн
келип турсун тоонун деми,
көзүңдө
жансын тоонун касиети.

Калпагыңды аздекте
кадырын билип.
Кайда болсун кийбе аны аваз көрүп
сен башыңа.
Жөн гана кийим кийбей
билгин дайым
жүргөнүң тоо көтөрүп.

Калпак кийип баратсаң
сен зыңкыйып,
канааттансын
көргөндүн көзү курчуп.
Тоо айбарын сактаган
баш кийимиңден
турсун тунук
кармалбас нурлар учуп.

Элдин шондо урунуп
назарына
ал кийимдин арзыйсың
нак баасына –
жарашасың куп гана
сен калпакка,
жарашат сага куп гана
калпагың да.

http://eduportal.uz



АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВ

(1945)

Анатай Өмүрканов – 1945-жылы Манас районунун Май-Төбө айылында туулган. Он чакты ыр жыйнактардын автору. Көптөгөн ырларына обондор чыгарылып, үзбөй аткарылып келет. Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын ээси.

ЖЕҢИЖОК

Аркырап суудай аккан,
бүркүттөй канат каккан –
ааламдын жүрөгүндөй
туйлаган бул акынды
жылан эмес заман чаккан.

Ата берген ысмын танган,
жазмыш берген тагдыр танган,
кайрык сурап жылдыздардан
уйкаш алып чагылгандан,
шаркыратма сыяктантып
кылымдарга ыр агызган.

Ырлары – жетим-жесир жалынычы,
жакшылыктын жамандыкка кабылышы –
махабат – сагынычы.

Ар бир чөптөн жыт чыккандай
ар бир сөздөн обон чыгып –
карап турган Жеңижокко
өмүр тилеп түбөлүктүү.
Кайран акын кара түндү
каалгадай ургулаган,

http://bilimportal.uz

Күнгө чапчу күлүктөрдөй
эртеңкиге күн сууткан.
Жалгыз талдын муңун уккун
зилдей тамган жалбыректан –
от алып аккан суудан
онтоодон ок жараткан.
Акын ыры жерге тамбай,
тамчыга окшоп тамган канга.
Ырлары эмес көлөкөсү
алтындан да барктуу мага.

...Эски убакта
камыгандай Мединага
камынып өмүр бою
келдим сага.
Кара-Сууң жүз чайыган
айырмасыз мурункудан турат агып.
Абаның эл
аңыз кылган
жер менен жер талкаланып –
мүрзөңдү көрсөталбай
койду абышка
атайы көрүстөнгө алып барып.

Багыңдагы жүзүмдөрүң,
өрүктөрүң,
эсепсиз мөмөлөрүң –
дүмүрүн да мен көрбөдүм.
– Чарбабыз багат эчки,
эчки жеп кетти дешти...
Эчкидей амалы күч
шимеңдеген чарба башчы.
Жеңижок ким?
Аны билбей
чарбанын кирешесин
чакылдата чотко какты.

...Зор бакыттын көз ирмеми...
Мына акындын жүргөн жери.
Айтып берчи ал жөнүндө
билесиңер эмнелерди?!

http://eduportal.uz



ЗАМИРБЕК ҮСӨНБАЕВ

(1951)

Замирбек Үсөнбаев – 1951-жылы Бишкек шаарында туулган. Кыргыз Республикасынын эл артисти (1991), Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунун профессору.

ЗАЛКАРЛАРДЫ ЭСКЕРҮҮ

Ырларда дайра ташыган,
Ыр сүйгөн элбиз башынан.
Манасың бийик туу чоку,
Мактанчын, бүтпөс
казынаң.
Алмашкыс өткөн
калкымда,
Өлбөс, өчпөс түбөлүк.
Өнөрү калды артында,
Токтогул менен Эшмамбет.
Ар бир сабы, ырдаса,
Агарган, нурдуу таң экен.
Шимирсе моокун
кандырган,
Ширинди бал экен.
Жеңижокто бар экен,
Аккан дайра сыяктуу.
Акындыгы шар экен.

Тарыхта калды атагы
Тоголок Молдо, Барпынын.
Бабалардын ырлары,
Байлыгы болду калкынын.
Алымкул, Калык,
Осмонкул,
Акындар ырдын чебери.
Ар кимисин тууган эл
Атак-даңкка бөлөдү.
Бакка окшойт соолбос
кылымдап,
Булардын,
Баа жеткис, тунук өнөрү.
Баарысы тегиз иргелген,
Булбулдар экен бир келген.

Ар бирине жараткан,
Акындык өнөр, ыр берген.

http://eduportal.uz

Аларды бөлдү арадан,
Ажалдын суук ызгаары.
Ал жетпейт экен өлүмгө,
Айла жок жүрөк сыздады.
Отуз жыл берсе элине,
Өз өмүрүнөн тышкары.
Келалбай калды асылдар,
Кең пейил күткөн чогуга.
Кайгырбайбыз дагы эле,
Кайрандардын жогуна.
Эки жүз жашка чыгармак,
Элинин койсо оюна.
Бир келип кетти залкарлар
Биз жашап турган заманга.
Артыкча ыйык өнөрдү
Жараткан,
Арнайт экен адамга.
Азыр, ондоп сыйлык
алсак да
Өзүбүздү өзүбүз
Опол тоо көрүп калсак да,
Окшошуш кыйын аларга.
Акылманбы, акынбы,
Айласы жок баатырбы.
Асылган ажал текшербейт,
Элге керек адамга.
Эмне үчүн өлүм кеч
келбейт,
Канча кылым өтсө да,
Булардын, калтырып
нускасы,
Калыбынан бөксөбөйт.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Төкмө акындар менен азыркы акындардын көркөм сөздөрдү колдонуу, окуя-кубулуштарды баяндоо, философиялык ой-туюмдарын жеткирүү чеберчилигин салыштыргыла.
2. Азыркы кыргыз поэзиясынын деңгээлин ушул ырлар менен белгилөөгө болобу?
3. Акындар көтөргөн темалар өзбек поэзиясында жолугабы?
4. Өзүңөргө жаккан ырды жаттап алгыла.
5. «Акын жана эрдик» балладасы (баллада – окуялуу лирикалык ыр) жана «Калпакчан жигитке» ырынын мазмунуна айрыкча көңүл бургула.

http://e-uportal.uz



ПИРИМКУЛ КАДЫРОВ

(1928 – 2010)

Өзбек адабиятынын көрүнүктүү өкүлү Пиримкул Кадыровдун «Студенттер» деген эң биринчи китеби 1950-жылы жарык көрсө да, ал 1957-жылы жазып бүткөн «Үч тамыр» романы менен жумурай журтчулукка жазуучу катарында кеңири таанылды. Жазуучу окурмандарга «Кара көздөр», «Алмаз белдик», «Кадырым», «Эрк», «Мурас», «Жан ширин» деген жыйнактары, «Жылдыздуу түндөр» («Бабур»), «Хумаюн жана Акбар» деген тарыхый романдарын тартуулады.

1957-жылы «Үч тамыр» романын талкуулоо учурунда улуу жазуучу Абдулла Каххар: «Көптөн бери мен өзбек адабиятында чагылгандан кийинки күндүн күркүрөгөн үнүн укпай жүргөн элем. Оюмча, мына ушул чыгарма адабиятыбызга чагылгандай жаркырап, күндөй күркүрөп кирип келатат», – деп жаш жазуучунун талантын жогору баалаган эле. Улуу устаттын ишеними толугу менен акталды. Пиримкул Кадыров өзбек адабиятында өзүнүн өчпөс өрнөгүн салды. Асыресе, анын тарыхый романдары өзбек адабиятындагы, айрыкча кубулуштардын бири эле. Анын «Жылдыздуу түндөр», «Хумаюн жана Акбар» деген романдарын окуган Индиянын Индоур шаарында жашоочу Суржамал Гарч деген адвокат жиберген катында өз ыраазычылыгын мындайча билдирет: «Жазуучу өтө бай тарыхый фактылардын негизинде көркөмдүк жактан аябай кооз роман жазган, мен көптөн бери мындай ажайып чыгарма окубаган элем».

http://elibportal.uz

«Жылдыздуу түндөр» романы 1972-жылы жазылып бүткөн. Бирок тоталитардык түзүмдүн кээ бир «күйөрмандарынын» кесепетинен роман 1978-жылы гана китеп болуп басылып чыгат. Кыска убакыт ичинде орус тилине которулуп, Москвада эки жолу басылат. Ал бүгүнкү күнгө чейин орус тилинде 5 жолу басылган. Бардык боордош тилдерге, көптөгөн чет эл тилдерине которулган. Анын жалпы нускасы миллиондон ашып кеткен.

Биз атактуу жазуучунун Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон ушул «Жылдыздуу түндөр» романынан Бабурдун балалык кези жана жаңыдан тактыга отуруп, бийликке аралашуусуна арналган бөлүгүнөн үзүндү берип олтурабыз. Романды Кыргыз Республикасынын көрүнүктү маданият жана коомдук ишмери, эл аралык «Руханият» ассоциациясынын президенти болгон Акун Токтосартов кыргыз тилине которгон.

ЖАШ БАБУРДУН ТАКТЫГА ОЛТУРУШУ

Чабармандар али да жол жүрүшүүдө. Уруштун тополоңу азырынча Анжиянга жете элек. Шаардын сыртындагы кооз чарбак бийик дубалдар менен тосулуп, дарбазаларына сакчылар коюлган. Чарбактын ичинде он эки жаштагы Бабур мырза аскердик ишке машыгып жаткан эле. Ал чарбактын четиндеги жалаң жерден боз атынын оозун коё берип, чапкан бойдон баратып, атайын орнотулган бутаны ата баштады. Жаанын жебелери бута болуп турган жыгачка шак сайылып жатканы баарына угулуп турду.

Бир топ чабандоз жигиттер чынардын көлөкөсүндө туруп, мырзанын машыгуусун карап турушкан эле. Кара атчан Мазидбек биринчи болуп, бутага бастырып барды. Ал падыша тарабынан атайын дайындалган Бабур мырзанын кеңешчиси, насаатчысы болчу.

Бабур атын буруп кайра келгенде Мазидбек ага:

– Бир аз бийигирээк мээлеп атып жиберипсиз, – деди. – Болбосо, жаанын жебеси абдан терең сайылган экен.

Мазидбек бутага бекем кадалып калган жаанын жебелерин сууруп алды да алардын тактайга канчалык терең киргендигин бармагы менен өлчөп көрүп:

http://kutuphane.uz

– Билегиңизде күчүңүз көп, амирзадам! Тим эле арстандай күчтүүсүз. Улуу урматтуу падыша сизге бекеринен Бабур деп ат койбоптур. «Бабур» арабча «арстан» дегенди түшүндүрөт!

Бабур мырзанын нөкөрлөрү, куралдарды алып жүрүүчү жоокерлери, эрмектеш теңтуш курбулары да бутанын жанына жыйылышты. Алар Бабурдун али жаш өспүрүм экендигин, ошондон улам колундагы жаа анын боюна жараша жасалгандыгын билишчү. Муну ойлогон Бабур айтылган мактоону кабыл алгысы келбеди.

– Арстандай күчтүү деп атамды айтсаңар болот. Мен көргөмүн, ал кишинин аткан жебелери мындан он эсе терең да, күчтүү да тийүүчү. Анан муштум менен урганда эң чоң жигиттерди да жыгып түшүрчү.

– Бул жерде мен амирзадабыз улуу урматтуу падыша атасын тартып ушундай күчтүү, кайраттуу болуп жетилип жатканын айтмакчы элем!

Мазидбек сөздүн төркүнүн кылдаттык менен башкага бурганын сезип, Бабур күлүп койду. Анын сары түктүү жазы маңдайынан, илебинин үстүнөн тердин тамчылары жылтырап, көрүнүп турду.

– Күн ысып кетти, амирзадам. Жай рамазаны адамды алсыратат. Кечки ооз ачарга чейин талыкшып, чаалыгып калбагыла. Эми салкынга барып дем алгыла. Мен болсо Анжиян сепилин коргонууга даярдоо аракетинде боломун.

Бабур кызматкерлери менен машыктыруучу жерден чыгып баратканда көңүлүнө бир ой келип, көздөрү ойноп кетти. Атынын оозун тартып, артына кайрылды да жээрде кашка ат минген нөкөрүн чакырды. Нөкөр жанаша түшкөндө, анын атынын ээрин силкип көрдү. Ээр бекем токулган экен. Бабур нөкөргө элүү кадамча алдыга бастырып барып, атыңды жөө жетелеп баскын деп буюрду.

Кызматкерлердин арасындагы эң чоңураагы Бабурдун эжеси менен эмчектеш өскөн он алты жаштагы Ноён Көкөлдөш эле. Эгер Мазидбек жок болуп калса Бабурду этият кылыш Ноёнго тапшырылган эле. Ноён Бабурдун эмне кылаарын акмалап тынчсызданды.

– Амирзадам, азыр эле машыгуудан чыктыңыз. Башка мүшкүлдүү татаал машыгууларды эртеңкиге калтырыңыз.

http://edu.portal.uz

– Болуптур, татаалы эртеңкиге калсын, азыр жеңилирээгин көрөлүчү, – деди Бабур күлүп.

Нөкөр айтылган жерге барып, жерге түштү да жээрде кашканы секин жетелей баштады. Бабур боз атын чаап келип, нөкөргө жете бергенде буттарын үзгөнгүдөн чыгарып, камчысын оозуна тиштеп алды. Боз ат жээрде кашка менен жанаша түшкөндө Бабур тигил аттын ээрин эки колдоп кармап, болгон күчү менен ээрден ээрге секирди.

Бирок, нөкөрдүн аты үркүп, ойт берип кетти. Бабурдун шыңга бою бир паска абада асылып калды да, анан шарт төмөн түшүп,буту жерге сүйрөлүп калды. Колун бошотсо жаман жыгылаарын сезип, ээрдин кашын коё бербей, бекем кармады. Чынында эле билектеринин күчтүүлүгүнөн жерге кулап түшкөн жок.

Нөкөр атын биротоло токтотконго чейин Бабурдун буттары жерди чийип сүйрөлүп баратканда башынан аппак селдеси учуп кетти. Ноён Көкөлдөш жардамга жетип келгенде Бабур өзүн оңдоп, буту менен туруп калган эле, бирок өңү кубарып кетиптир. Ноён атынан секирип түшүп, Бабурдун селдесин алып бермекчи болду. Бирок, Бабур топурак болгон селдесин карагысы да келбеди. Али да болсо камчысы тишинде экен, аны колуна алып, нөкөр жетелеп келген боз атына унчукпастан минди. Андан соң атына камчы басып чарбактын даректарын аралай чапкан бойдон кетти.

Ноён анын кеткен тарабына тигиле тиктеп кала берди. Туш-тараптын баары бак-дарак, арыктар. Чабандоздор жүрө турган чоң жол чарбактын ары четинде эле. Бабур калың бактын арасында тар жол менен желдей учуп баратат! Ат арыктан секирип өтсө Бабурдун башы арыктын жээгиндеги өрүктүн чоң бутагына урунат эле. Бирок, ал атынын моюнун кучактап, башын ылдый кылып алган, өрүктөрдүн бир канчасы күбүлүп, арыктагы сууга чулп-чулп этип түшүп жатты.

– Сен эмне атты бекем кармабадың, келесоо! – деп Ноён нөкөрдү сөктү. – Баарыбыз амирзаданын каарына калдык! Бизден капа болуп, чапкан бойдон кетти.

Бабур бактын ортосундагы кооз жасалгаланган айванга барып, атын токтотту.

Кызматкерлердин бирөөсү шашыла келип, аттын жылоосунан алды да, Бабурдун жалгыз, анын үстүнө жылаңбаш келгенин көрүп, селдейип калды. Үйдө Бабурдун тай энеси Эсон Давлат бегим аны күтүп отурган. Эгерде Бабурдун азыр кандай акыбалда келгенин көрсө, эмнелер болгонун билсе, кызматчылар да, нөкөрлөр да жаза алышаары анык. Падыша Бабурду көздүн карегиндей асырап өстүрүштү Эсон Давлат бегимге тапшырып, ошондон улам бүт бойдон чарбакты, аны караган кызматкерлеринен бери анын карамагына өткөрүп берген эле.

Кызматчылар менен нөкөрлөр корккондорунан элеңдешип айванга акырын бастырып келишип, каңтара байланып турган боз атты көрүштү. Бабур көлмөнүн жээгиндеги алтын менен кооздолгон шыйпанга киргенин сезишкенден кийин, аттарынан түшө башташты. Ноён Көкөлдөш болсо Бабурдун селдесин чаңдан тазалап, абайлап колуна алып келаткан. Ошол убакта башына тебетей кийген Бабур сыртка чыкты. Аты үркүп кеткен нөкөр Бабурдун аягына жыгылып, кечирим сурамакчы болду.

Ноёндун селдени кымбат баалуу көөкөрдү көтөргөнсүп, этияттап кармап келатканы Бабурдун күлкүсүн келтирди. Бабур чалкалай берип, балалыктын коңгуроодой үнү менен ыракаттанып каткыра баштады. Ноён дагы колундагы селдеге эми башкача карап күлүп жиберди. Араңдан зорго турушкан башкалар да жондорунан оор жүк түшкөндөй жыргап күлүп калышты. Бабур күлкүсүн токтотуп, аты үркөн нөкөргө карады:

– Сизде айып жок...

Нөкөр андан бир чоң ишеним алгандай жан-дилинен милдеткор болуп таазим кылды.

Бабур Ноёнго:

– Чоң энем билбесин, – деди.

– Биздин мүдөөбүз ошол, амирзадам, – деп Ноён күлдү да, сырдаштары катар башка кызматчыларга көзүн кысып койду.

Ушул тынымда Көкөлдөш да, анын курбулары да өздөрүн тактынын мурасчысынын кол алдындагы кызматчылар эмес, анын сырдаш достору сыяктуу экендиктерине көңүлдөрү көтөрүлүп, Бабурга мээримдери арта түштү.

Бабурдун алдынан чыккан сардар колун куушуруп, үйдө аны мударрис күтүп отурганын айтты. Бүгүн шариат или-

минен сабак алаарын Бабур эстеди да, теңтуштарынан ажырагысы келбей, араң кетти.

Эшиктери оймо-чиймеленип жасалган, ичи көз уялткан алтын-күмүш буюмдарга толгон бул үйдүн бир гана бөлмөсү Бабурду өзүнө тартаар эле. Мударрисинин күтүп турганына карабастан, ал жакшы көргөн китептери сакталуучу бөлмөгө бурулду. Мынакей алтын баракгардын беттеринде бахмал жана кайыштар менен капталган китептердин ичинде улуу акындардын деми сакталып тургандай сезилет. Бабур Фирдоусинин, Саадинин миңдеген саптарын жатка билет. Азыр ошол китептердин арасынан Алишер Навоийни акыл-ою менен көрүп тургандай болду. Гераттан билим алып келген анжияндык архитектор молдо Фазлиддин мына ушул азем үйлөрү жана мрамор көлмөлөрү бар алтындалган сарайды куруп жатканда Наваий жөнүндө абдан көп кызыктуу аңгемелерди айтып берген эле. Архитектор Гераттан Бекзад тарткан Алишер Наваийнин сүрөтүн бир нускага жакшы көчүртүп ала келген экен. Улуу акынга Бабурдун дагы абдан ынтызарлык менен кызыгып жүргөнүн байкаган архитектор, ага ошол сүрөттү белек кылган. Бабур «Фархад менен Ширин» дастанынан бул сүрөттү алып, шариат илимин жазуучу дептеринин ичине салып койду. Анан мударрис отурган бөлмөгө чыкты.

Аппак сакалы көкүрөгүндө жайкалган, каштары түксүйгөн, чоң ак селде оронгон кексе мударрис окуу бөлмөсүнүн төрүндөгү шайы төшөккө отуруп алып, курандан кыраат менен сүрөөлөрдү окуп, фикх илиминин закондорун фарс тилинде түшүндүрүүгө кириштн. Бабур араб-фарс тилдерин жакшы үйрөнгөн эле, курандын сүрөөлөрүнүн көбүн жатка билчү, маанисин да түшүнчү, фикх илиминин эрежелерине да кызыгып жүрчү, бирок азыр анын көз алдынан Сухраб менен Фархаддын каармандык иштери чубап өтүп жатты. Чарбактагы машыгуу убагында денесине ташкындап сыйбай кеткен шок да, бейбаш да бир күч дале анын жүрөгүн ойнотуп турду. Ага жат болуп калган түркчө жана фарсча бейттер менен обондор мударристин кырааты менен айтып жаткан сөздөрүн угузбай, кулагында жаңырып туруп алды:

«Кашыңды жаа десемби да, көзүңдү кара десемби?»
«Баатырдыкты үйрөнгүн, баатырынан баатырдын!»

Бабур көңүлүндө жат болуп жүргөн бул саптарды эстеди, дептеринин арасына салынган сүрөттү көрсөтпөстөн абайлап колуна алды. Сүрөттө Алишер Наваий узун кара чепкен кийип, ичке таякка сүйөнүп турат, анын көздөрүнөн мээримдүүлүк, акылмандуулук байкалып турат. Анын бүткүл турпаты жакшылык издеп келген ар бир кишиге зор жардам кылаарынан кабар берет. Бабур сүрөткө карап туруп өзүнчө сурады: «Улуу амир насип кылып, алдыңызга барсам жолумдан Ахрамандай ажыдаар жолукса, Фархадыңыздай баарын жеңип чыксам. Ошондо сиз мага... Ыр дүйнөсүнүн сырын, эшигин ача турган ачкыч берер белеңиз?»

Мударрис кыраатын келтирип айтып жаткан сабагынын текке кетип жатканын сезип, акырын ордунан турда да, Бабурдун жанына келди. Бабур сүрөттү жашырганга үлгүрбөй калды.

– Адамдын сүрөтүбү?! – коркутуп сурады мударрис. – Сиз курандан сабак алыштын ордуна, шариат тыюу салган сүрөттөрдү көрүү менен алек болуп жатасызбы, мырзам?

– Урматтуу мударрис, бул сүрөттү мен тарткан эмесмин. Мага муну Гераттан алып келишкен. Бу улукзат – Мир Алишер.

Мударрис Наваийни акын деп уккан, бирок ырларын али окуган эмес.

– Адамдардын сүрөтүн таркатуу – шайтандын иши! Кана, бул сүрөттү мага бериңизчи, мырзам! Бериңиз!

Мударрис бул каары менен сүрөттү тытып жебириштен да кайтмак эмес. Ошондон улам Бабур сүрөттү бербей туруп алды. Мударристин жини келди, бирок тактынын адамына катуу сөз тийгизиштен коркту. Бабурдан капа болуп, Эсон Давлат бегимге кабардаганы кетти.

Элүү бештердеги салабаттуу Эсон Давлат ак атлас көйнөгүн шуудуратып дарсканага (сабак берчү бөлмөгө) кирип келатканда, Бабур элпек ордунан туруп, тай энесине салам берди. Эсон Давлат бегим сүрөттү колуна алды да Наваийнин келбетине эрксизден кызыга карап:

– Жүзүндө периштелери бар адам экен, – деп койду. Анан жүзүн жука жоолугунун чети менен мударристен жашыра: – Урматтуу мударрис, бул сүрөт Гераттын шариат билермандарынын уруксаты менен тартылса керек.

– Мени кечирип коюңуз, урматтуу айым, – деди эшиктин алдында кабагын салып, жерди карап турган мударрис, – Гератта шариаттын жолун бузушуп, шейиттердин таасири менен тартылган бул сыяктуу сүрөттөр биздин таза сүннөт динибизге такыр туура келбейт. Менин тактынын эгедерине айта турган кебим бул: бизге Мухаммед пайгамбар осуят кылган чыныгы мусулманчылык Хоросанда эмес, Мавераннахрда гана!

Эсон Давлат бегим мударрис менен шариат жөнүндө акыйлашып отурушту туура көрбөдү. Бабурга ачууланып:

– Урматтуу мударристин айткандары бир жагынан туура, – деди. – Фикх сабагын окуп жатканда сүрөттөрдү көрүп ойноп отуруш орунсуз, азизим. Теңирим буюрса, сиз өкүмдар да болуп, журт бийлейсиз, элди сурайсыз. Ошон үчүн фикх жоболорун башынан аягына чейин жатка билип аласыз. Сүрөттү мага бериңизчи, алып кетейин.

Бабур сүрөттү тай энесинен сурап алды да абайлап китептин арасына салып берди.

– Этият кылыңыз, сизге келечектеги үмүтүмдү кошо тапшырдым.

Эсон Давлат бегим небересинин сөздөрүн жактырып:

– Балким Алишербекти Анжиянга мейманга чакырарсыз, – деди.

– Келер бекен? – Бабурдун көздөрү жайнап кетти.

– Самаркандга келиптир го, ага караганда Фергана өрөөнүнүн аты ааламга белгилүү эмеспи. Ылажысын тапсаңар, албетте келет. Алишербек ниети ак, кудай деген жакшы киши деп укканбыз. Эгер ал адам кокусунан бул жакка келип калса, биздин урматтуу мударрис анда өз көзү менен көрүп ишенет.

Мударристин эми бир аз кабагы ачыла түштү, бегимди карады:

– Ошондой болсо канакей! – деди.

Эсон Давлат бегим буларды ушинтип ыгын таап кылдаттык менен жараштырып койгонуна ичинен ыраазы болуп чыгып кетти.

* * *

Түш ооп, бешим намазы окулгандан кийин, короонун ичи жымжырт тартып турду. Орозонун азабы эми билине

http://edu.gov.uz

баштады. Ысык күндө чаңкап алы куруган адамдар күндү кантип кечкиртиштин айласын таппай азаптанышат. А бай үйлөрдүн ээлери болсо салкын бөлмөлөрүндө дүм түшүп, уйкуну бышырышып жан сактаганды адат кылып алышкан.

Бабур бүгүн сабактарын окуп бүтүп, өз бөлмөсүндө жамбаштап жаткан эле. Бирок, баягы таттуу үмүттөр бүткүл боюн толкундатып, уйкуну келтирбейт. Ал кагаз, калем алып, ыр жазгысы келди. Бирок, азыр анын көкүрөгүнө жат болуп калган ыр саптарынан башка эч кандай ырлар келмек эмес. Ошондуктан экинчи дептерин алды да, Фергана аймагы жөнүндө билгендерин жаза баштады: *«Керме-керме тоолор, аңдары, куштары көп. ...кийиктерди Аксынын чөлүнөн көргөнбүз. Маргалан тарапта да бар».* Бабур Фергана аймагында эмнелерди көрсө, ошолордун баарысын жазгысы келер эле. Кийин Гератка, Мир

Алишердин алдына барганда бул жазуулар абдан керек болчудай сезилди.

Ошентип жазууга берилип кеткендиктен эшик алдына чаап келген аттын дүбүртүн да сезбей калды. Анан жымжырт үйдүн кайсы бир бөлмөсүнөн аялдын кокуйлап ыйлаганы угулду. Бабур чочулап кулак түрдү. Ый Эсон Давлат бегимдин бөлмөсү тараптан чыгып жаткансыды. Ачуу чыккан муңдуу ыйдан бүткөн бою дүркүрөй түшкөн Бабур ордунан ыргып туруп, тай энесинин бөлмөсүн көздөй жүгүрдү. Эшик аңырайып ачык турат. Эсон Давлат бегимдин жоолугу башынан түшкөн. Кызыл Кутлуг Нигор ханумдун жиберген катын окумакчы болуп жатыптыр, бирок жаш аккан көздөрү эч нерсени көрбөйт.

Аксыдан өлүмдүн кабарын алып келген Касымбек дубалга желкесин такап чарчаганынан бутунда араң турат. Сексен чакырым жолду ат үстүндө тынбастан басып өтүп, кирпиктерине чейин чаң баскан.

Азыр эле гүлдөй назик кыялдардын ичинде жүргөн Бабурга бул өлүм кабары ошол гүл арасынан чыккан жылан болуп туюлду. Ал Касымбектен чочулагандай өңү бузулуп артка кетенчиктеди. Касымбек анын алдынан түз чыгып:

– Мырзам!.. Теңирим сизге кубат берсин! Эми биздин таянган тообуз өзүңүзсүз! Эки тарабыбызда тең душмандар

турат. Азыр, токтоосуз Анжиян сепилине барып, бектерди жыйнаш керек!

Эсон Давлат бегим минтип, кайгырып ыйлап отура турган убакыт эмес экендигин эми сезип, Касымбекке:

– Туруңуз! Сиздин ак ниет менен кызмат кылганыңызга биз ыраазыбыз! Эми сиз Бабур мырза менен бирге аттаныңыз! Биз да эми чарбактан сепилге көчөбүз.

Мүшкүл кабар Бабурду тунжуратып койду. Ал бир маалда кийинип, атына минди. Анын көзүнө гүлдөп турган бакдарактар, суу толгон мрамор көлчүктөр да муңайып турушкандай көрүндү. Булардын баарысын атасы отургузуп, курган эле. Эми ал адам бул жерлерге эч качан келбейт. Алмуруттун тигил көчөттөрүн Умаршайх мырза өзү отургуздурган. Азыр ошолор, кадимкидей мөмөлөп, быша баштаган. Ушулардын баарын эктирген адам эми эч убакта бул мөмөлөрдү татып көрбөйт.

Чарбактан чыгып, таш жолдо бара жатканда Бабур атасын дагы эстей баштады. Бул жолдогу атасы төшөткөн таштар да турат. Алыстан көрүнө турган бийик сепилдерди да атасы курдурган эле. Булардын баары турат, бирок атасынын өзү гана жок. Бабур эми атасын өмүр бою кайрадан көрө албастыгын акыл-ою менен сезип, заматта көөдөнүнө ачуу кайгы толуп, көзүнөн жаш тамчылап, жакасына түшүп жатты. Алды жактан тегерете суу менен курчалып он бир пакса дубал менен айланта тосулган Анжиян сепили көрүндү.

Алар Мырзанын дарбазасына жакындаганда ичкериден атчан беш-алты киши чаап чыкты. Алдындагы монгол кейиптенген жапкак көз, сыр атчан бек – Бабурдун апасы мен тууганчылыгы бар Шерим таякеси эле. Тиги Бабурдун капалуу жүзүн көрүп, аттан ыргып түшүп, көзүнөн жаш чыкпаса да өңгүрөп:

– Мен ишенген эмес элем, амирзадам! – деди. – Таянган тообуздан айрылганыбыз ыраспы? Ох, бейопаа дүйнөө!

– Кимден уктуңуз? – деп сурады Касымбек. – Бул кабар азырынча жашырын болуш керек эле!

Шеримбек жакасын кармап:

– Теңирдин кудуретин караңызчы – деди ал, – бир ала көгүчкөнүм асманда учуп жок болуп кетти. «Ким аны түшүрүп алды?» деп тамдын үстүнө чыктым. Бир аздан ки-

йин көгүчкөнүм астыма конуп калды. Канатынын алдынан кагаз көрүндү. Алып карасам мына ушул кайгылуу кабар! Ким жазган! Асмандан периштелер жазып жибергенби, билбедим!

Шеримбек Бабурдун ээрине колун коюп, башын эңкейтип шыбырады:

– Мырзам, сепилге кирбеңиз, коркунучтуу, – деди.

Бул сөздү Касымбек да укту. Умаршайхтын тирүү кезинде дурусураак кызмат алалбай көңүлү чөгүп жүргөн Шеримбек эми Бабур мырзага башкалардан мурдараак ак ниетин көрсөтүп, анын ишеничине кирип, анан чоңураак мартабага аракеттенмекчи. Касымбек муну сезип Бабурга:

– Амирзадам, биз үчүн убакыт азыр өтө тар! Тезирээк сепилге барып, өзүбүз тараптык бектерди топтойлу.

Шеримбек ат үстүндөгү Касымбек менен жерден туруп сүйлөшкөндү эп көрбөдү. Шашып атына минди да:

– Сиз али акыбалды билбейсиз, урматтуу Касымбек! Ишенген бектериңиз Кожендди душманга тапшырышты. Исфараны, Маргалаңды өткөрүп беришти!

– Маргалаңды?! – деп Бабур чочуп кетти. – Качан?

– Азыр кабар келди! Жоо кара таандай каптап Кувага да жакындап кирип барды. Эмки кезек Анжиянда. Ишенген бектер Анжиянга кошуп мырзамды да душманга бересиңерби? Жок! Мен тирүү турсам, буга жол бербеймин!

Оор мүшкүлгө кошул-ташыл мындай шумдуктуу кабарлар Бабурдун шайманын кетирип салды. Күнү бою орозо кармап, күч-кубаттан тайып, чаңкагандыктан каны катып, тили таңдайына жабышып калгандай туюлду. Анын жалдыраган көздөрү сепилдин түбүндөгү аңгекке толтурулган киргилт суудан өтүп турду. Так ушул киргилт көлмө да анын көзүнө булак суусундай сезилип кетти. Кеберсиген эриндерин кургаган тили менен жалагылады.

Шеримбек жакындап барып, Бабур минген боз аттын алтын чегелеген жүгөнүнөн кармап:

– Мен сенин ишеничтүү таякеңмин, мырзам, макул деңиз, мен сизди бул коркунучтуу балээден алыс алып кетейин!

Бабур Шеримбек айтып жаткан коркунучтарды азыр анча ойлобойт да, элес албайт да болчу. Бирок кайгыдан эзилип

турган көңүлү да, каны катып суусагандан кыйналып жаткан денеси да тиги бекитилип дым болуп турган сепилден көрө, алыстагы даректуу, кең, ачык жайларды жакшы көрүп турат. Ошон үчүн Шеримбек анын атынын башын аркага буруп жатканда каршылык көрсөткөн жок. Касымбек эмне кылаарын билбей делдейип:

– Мырзам, энеңиздин дайындаганы башка эле! – деди Касымбек.

– Энелери бул жердеги акыбалды билмек беле! – деп Шеримбек Бабурдун ордуна жооп берди. Касымбек анын сөзүнө кулак салбай Бабурга жандаша бастырып:

– Улуу урматтуу Ханумдар бүгүн сөөктү коюп, анан эртең Анжиянга келишет. Тай энеңиз да чарбактан сепилге келмек. Мындай болсо алар сизди кайсы жерден табышат?

Бабур эми бир аз эсин жыйып:

– Кайсы жакка бармакпыз? – деди.

Шеримбек Касымбек укпасын деп шыбырап сүйлөдү:

– Ала-Тоо тарапка. Ошко. Балким, Өзгөнгө.

Бабур муну Касымбектен жашыргысы келбей, ага акырын минтти:

– Оштун жолунда болобуз. Энеме кабар бериңиз.

– Мен адегенде сепилдеги бектер менен сүйлөшөйүн, амирзадам! Алардын ой-пикирин билейин.

– Андан көрө Кожо Абдулдага учураңыз.

– Бул айтканыңызды аткарамын!

Касымбек атынын башын сепилдин дарбазасына карай бурду. Бабур болсо элүүгө жакын атчандардын коштоосу менен жолго чыкты.

* * *

Дарбазаны күзөтүүчүлөрдүн сепилдин ичиндеги тамынын үстүнө чыгып алган жапалдаш бойлуу толук бир нөкөр дубалдын коңгуроосунун арасында аларды байкап турган эле. Касымбек мырза дарбазадан шашыла кирип келе жатканда бул нөкөр да тамдын үстүнөн акырын түшүп дубалдын түбүндө байланууп турган атына минип кожоюну Ахмад Танбал күтүп турган жакка чаап кетти.

http://edu.portal.uz

Шактагы мөмөлөрү ийилип бышкан чоң бактын төрүндө мрамор менен жасалган мончо бар эле. Ушул бактын ээси Якупбек жайдын ысык күндөрүндө мончосундагы мейманканага окшотуп жасалган салкын бир бөлмөсүндө дем алчу. Асыл килемдер салынган бул бөлмөнүн төрүндө азыр Ахмад Танбал отурат. Ал күмүш чегеленген чөйчөктөн кесегүлү пиялага куюп берген кымызды шыпкап жутуп жиберди.

– Теңирим мени кечирсин, бүгүн орозону буздум, – деди. – Жолдо чаңкаганымдан тилим таңдайыма жабышып калды. Алым кетип, аттан жыгылып түшө турган акыбалга келдим.

– Бүгүн сизге кечиримдүү, – деди Якупбек, – Зарурастмаъзураст. Мүшкүл ишке бел байлапсыз. Эгер иш оңунан чыгып, такты Жахангир мырзага өтсө, сиз анын эң ишенген жол көрсөтүүчү кеңешчиси болосуз.

Ахмад Танбал ошондой болчу учурду элестетип энтиге түштү. Астыңкы эки тиши жок ашепке толмоч Якупбек аны сынаган тейде карап турду. Бул көз карашында: «Менин мындай иштердин арасында эчен ирет болуп жүргөнүмдү унутпас бекенсиң» деген маани жаткан.

Ахмад Танбал сергектене:

– Урматтуу бек, сиз менен биз түбү уругунанбыз. Фергана аймагында ушунча мезгилден бери өкүм сүрүп келатканы жетээр. Эмки нөөмөт биздики. Мен сизди могул бектеринин эң улугу деп билемин.

Теңирим буйруп эгерде мен тактын башкаруучусунун кеңешчиси болсом, ошондо деле сиз мага жардам берип турасыз!

– Иншолла! – деп Якупбек кыска кыркылган сакалын момурая отуруп сылап койду. – Кана, Ахмадбек, суусун кангандан кийин, адамдын тамакка көңүлү чаба баштайт. Муздатылган эттен жеңиз.

Ахмад Танбал фарфор табактагы этке эми кол салганда эшик акырын ачылды. Баягы жапалдаш бойлуу толук нөкөр кожоюндун тынчын алгандыгы үчүн кечирим сурагандай босогонун ары жагында туруп таазим кылып:

– Урматтуу бектерим, сүйүнчү бериңиздер! – деди. – Бабур мырза сепилге кирбей кайтып кетип жатат.

– Шеримбек менен биргеби?

– Так ошондой!

Ахмад Танбал үчүн бул кубанычтуу кабар эле. Кайыш капчыктан бир алтын теңгени алып чыгып, босогосунун алдына таштап койду. Нөкөр эки бүктөлө ийилип, ырахмат айтты. Анан Ахмад Танбалдын ишараты менен эшикти акырын жаап сыртка чыгып кетти.

Аксыдан Анжиянга келип, түз эле Якупбектикине түшкөн Ахмад Танбал падышанын кайтыш болгонун эң оболу Шерим таякесине билдирген эле. Анын оолкума көңүлүн бузуп өзү четте калыш үчүн ким жазганы белгисиз катты кептердин жардамы менен асмандан түшүргөн.

– Сиздин кеңешиңиз менен иштелген иш ордунан чыкты! – деди Ахмад Танбал муну ойлоп тапкан адамга ыраазылана карап.

– Ха, Шеримбек эми өзүнүн жээнин коркунучтуу абалдан «оңой куткарат». Эң кадырлуу бекке айланышы үчүн Ала-Тоодон ашып кетет.

– Эми биз Бабурдун жанынан коркуп качып кеткенин элге жарыя кылышыбыз керек. Ушундай учурда Бабур ата журту Анжиянды таштап кеткенин эл билсин, андан көңүлү кайтсын. Андан кийин Жахангир мырзанын тактыга отурушуна эч нерсе тоскоолдук кылбайт.

Якупбек сакалын тутамдай кармап, бир саамга ойлонуп турду да:

– Элге таратыштын эң эле ыңгайлуу жери, базар, – деди. – Менин соодагерим бар.

– Бирок бул жарыя бизден чыкканын эч ким билбесин!

– Кадырыңыз жан болсун, урматтуу Ахмадбек. Сырды сактай алабыз...

Анжиян калкы душман кошундарынын жакындап келаткандыгын угуп, кулак учунан коркуп турган убак. Анын үстүнө «Падыша жардан кулап өлгөн имиш, шаарды бүгүн жоо басып кирет имиш, Бабур мырза коркуп качып кеткен имиш», – деген кабар Анжиянга тарай баштады.

Соодасы катуу кызып турган Анжияндын базарындагы катар дүкөндөр биринин артынан бири жабыла баштады. Ошол имиш-имиштерди кимдер таркатканын эч ким аныктык

билбесе да убайымга түшкөн калайык-калк уккандарын андан бетер ашырта беришти. «Аксыны да душмандар басып алыптыр, падышаны душмандар жардан таштап жиберишип өлтүрүшүптүр» деген сөздөр да угула баштады.

Эл арасында жүргөн тыңчылар бул коркунучтуу кабарларды калаанын акимине жеткириш үчүн капканы көздөй шашылышты.

Ошол убакта Касымбек Бабур мырзанын устаты Кожо Абдулланы үйүнөн таап, ал экөө сепилдеги бектердин алдынан чыгышты. Кожо Абдулла да, бектер да падышанын өлүмү жөнүндө таптакыр эч нерсе билишкен эмес. Бул кабарды Касымбектен угушкандан кийин согуштун коркунучу көз алдыларына кайрадан тартылды жана жаман жосундар болоорун сезишип, сарсаңаа боло башташты. Анын үстүнө базарда далдалчылык кылып жүргөн ишеничтүү бир тыңчы келип элдин баары жаман кабардан улам чаң тополоң түшүп жатканын айтты эле, Узун Хасан деген нооча келген шаар башчысынын эси ооп калды.

– Бизден оомат кетти, урматтуулар! – деди ыйламсырап. – Тышта душман, ичибизде тополоң. Бабур мырзанын сепилге кирбей кетип калганы туура эмес!

– Биз дагы жан сакташ үчүн бет келген жакка качсак бекен? – деп сынамакка сөз салды Кожо Абдулла.

Бул адам чоң билимдүү киши гана эмес, Анжияндагы бектердин эң мартабалуу пири болуп эсептелээр эле. Бабур мырза да аны өзүнүн таалимчиси катары эсептеп, кол берген. Ошондуктан Узун Хасан Кожо Абдулланын какшык сөзүнө каршы кескин жооп бере албады.

– Пирим, Бабур мырзаны көп узатпай кайтарыш керек, – деди Касымбек.

– Бабур мырзаны башкаларга караганда мен жакшы түшүнөм, – деди Кожо Абдулла. – Андай даражалуу адам коркуп качкан эместир. Бектердин ой-максатын билиш үчүн ушундай кылгандыр. Базардагы ушак – эл арасына тополоң түшүрүүнүн амалы. Ал бузукулардын, жүзү каралардын жасаган иши. Эгер алар болбосо падышанын өлгөнүн бизден мурда базардагылар кайдан угушмак эле?

Узун Хасан өзүнүн акылы жетпеген бул пикирге таң болду. Бабурдун оюнда эмне бар экенин Кожо Абдулла ушул

жерде туруп билгенине таң болду. Кожо Абдулла анын көзүнө чынында эле олуядай болуп көрүндү.

– Пириме бардыгы аян болгон экен! – деди чын дилинен ишенип, – эми пирим эмне десе биз ошого даярбыз!

– Мага аян болгону ушул, – деди Кожо Абдулла үнүн акырын чыгарып, – эгер баарыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, Бабур мырзага кызмат кылсак, жалпыбыз тең аман калабыз, эч кимибиздин ишибиз жаман болбойт!

Кожо Абдулланын зор ишенич менен айткан сөздөрү Узун Хасанды бир аз мүшкүлгө салды. Эгер иш Кожо Абдулла айткандай болуп чыгып, Бабур мырза падышанын тактысына отурса, анда Узун Хасандын бүгүнкү жоругу кандай акыбалга алып келет?

Бул туугандар ушул айтылгандардын баарын падышага жеткиришип, шаар башкаруучулук кызматын мүмкүн тартып алышаар? Жок, Узун Хасан буга жол бериши керек эмес:

– Пирим, мага уруксат бериңиз, Бабур мырзанын алдына мен өзүм барайын. Бектердин атынан көңүлүбүздүн ак экендигин билдирип, сепилге ээрчитип келейин.

– Ниетиңиз жакшы экен, урматтуу Хасанбек. Сиз болсо шаар башчысысыз. Ошондуктан сиз адегенде шаардагы тополоңду бир тарап кылыңыз. Жаман сөз таратып жаткандардын уясын табыңыз, мына ошондо Бабур мырзанын алкоосуна татыктуу болосуз.

– Дагы бир жолу кыраакылык кылдыңыз, пирим! Биз бул ишке тезинен киришебиз!

Жаз аптабы жер менен көктү ушунчалык ысытып жибергендиктен аттардын туягынан көтөрүлгөн чаң жүзүнө оттун илебиндей тиет.

Мындан бир нече саат мурдагы турмушу, чарбактын буруксуган абасы, суусу кашкайган тунук көлчө, салкын короо, кайгысыз мезгилдер – булардын баары эбак өткөн болмушка айланган эле. Кыялында кандайдыр бир уюлгуган куюн аны ошол бактылуу турмушунан жулуп алып, каяккадыр чимирик кылып учуруп аткандай. Аттардын туяктарынан көтөрүлгөн чаң ага ана ошол куюндай туюлду. Аны атасынан ажыраткан, тууган-уругунан айрыган опурталдуу жамандыктын өзү бир болсо ошол куюндун күчү эле. Аны жан-

дап бараткан элүүдөй атчан да мына ушул куюндун ичинде калгандай көрүндү. Орозо кармап, күнү бою ачка жүргөндөн улам башы айланып, көзү караңгылап баратты. Жанындагы атчандар бастырып баратышса да Бабурдун кыялында алардын баарын ошол куюн ороп алып кыйчыпырын чыгарып аткандай болду.

Аба дем. Леп эткен шамал жок. Топурагы сапырылып жаткан тар көчөдөн өтүп баратканда Бабурду кара тер басып кетти. Катуу чаңкагандан улам оозу кургап чыкты. Кечээ ушул маалда Анжиянда суу боюнда салкындап жатканы эсине түштү. Өзгөндүн жолу менен баратып, Намазгохго жеткенде алыстан кар баскан тоолор көрүндү. Бабур тоонун салкынын көзү менен сезгендей болду да, ошол жерге тезирээк жетип баргысы келип, атын теминди. Эриндерин араң ачып Шеримбекке:

– Тезирээк! – деди.

Шеримбек артына кайрылып карап:

– Чабарман келатат! Токтой туралы, – деди.

Анжиян бектери жиберген чабарман Кожо Абдулланын колу менен жазылган катты Бабурга сунду. Бабур түтүкчө кылып ороп туруп жиберген каттын жибек боосун үзүп жанында турган Ноён Көкөлдөшкө берип:

– Оку, – деди.

Катта Анжиян бектери Бабурга чын дили менен кызмат кылаары айтылыптыр. Журт арасында жаман сөздөр аралап, бузукулар: «Бабур мырза коркконунан качып кетти» деген ушакты таратып, буга элди ишендирмекчи болуп жатканын жазып жиберишиптир.

– Мен сизди мына ошол бузукулардан сактайын деген элем, амирзадам! – деди Шеримбек Бабурга. – Азыр абал жаман, чеп бузукулардын уясына айланган. Чепке барбаңыз, амирзадам! Сизге берилген бектер болсо артыңыздан келишсин!

«Ата журтун таштап, коркуп качып кетти» – бул сөз ооздон-оозго өтүп, шаардан-шаарга, айылдан-айылга тарап кетиши мүмкүн.

– Жок! – деди Бабур атынын башын артка буруп. – Мен качкын эмесмин!

– Амирзадам, мунун баарысы бузукулук!

– Мен бул бузукулукту жок кыламын! Баарыңар кайткыла. Сепилге кайткыла!

Бабур атынын башын артка буруп тизгинин коё берди да соорусуна камчы урду. Чаап баратканда көөдөнү шамал жиберип өзүн бир аз жеңил сезе баштады.

Баягы уюлгуган куюн эми алардын артынан желип, измеиз келе жаткан нөкөрлөр менен жанжигиттерди бучкактап алгансыды.

Алар күн батаарга жакындаганда Анжиян сепилине кирип келишти. Кечкурун бака-шака болчу көчөлөр азыр таптакыр жымжырт. Дүкөндөр жабылган. Баары кулпуланган. Шаар бүт бойдон жоболоңдон коркуп, бекинип тургансыйт. Шеримбек алдыда бараткан Бабурду этият кылмакчы болуп, нөкөрлөргө «курчап баргыла» деген ишааратты билдирди. Өзү болсо Бабурдун алды жагына өтө баштады. Айланасын атчандар курчай баштаганда Бабур өзүн кайрадан куюндун ичинде калгандай сезди. Бабур алдыга умтулуп, атын камчылап, нөкөрлөрдүн курчоосун жарып чыкканда салкын жел бетин аймалап бир канча жеңилдей түштү. Шеримбек кайрадан дагы алдыга бастырып, Бабурга жандашмакчы болгондо Ноён анын атынын жылоосунан бекем кармап:

– Урматтуу бек, жөн коюңуз, амирзадам алдыга бастырсын. Калайык калк тактын мурасчысы бар экенин көрүшсүн, көңүлдөрү жай болсун. Анакей, жылчыктардан шыкаалап карап тургандар бузукулардын сөзү жалган экендигине көзү жетсин!

– Ошол бузукулар кайсы бир тешиктен амирзадама ок чыгарсачы?

– Ниетиңди жакшылыкка бургун!

Бабур баштаган атчандар сепилге жакындаганда чоң дарбазалардын эки тарабы тең ачылды. Кожо Абдулла жана да бир топ бектер Бабурдун алдынан чыгышты. Бабур аттан түшүп, устаты менен көрүшүп жатканда жүүнү бошой түшүп, көздөрүнөн жаш куюлуп кетти. Кожо Абдулла иреңи бузулуп, эриндери титирей түшкөн Бабурду бооруна кыса кучактап, кайрат айткысы келди, бирок тиги бектер менен нөкөрлөрдүн алдында тактын мурасчысын кучакташ адепсиздикке жатаарын ойлоп өзүн токтотту. Өзү да көзүнө жаш алып:

– Ушинтип баарыбызга кайгы түштү, амирзадам, мүшкүлдө калдык! – деди. – Эми биздин таянган тообуз өзүңүзсүз!

Мазидбек бектердин жана манаптардын арасынан бир-эки кадам алдыга чыкты. Өзүн Бабурга катардагы бектерден экендигин билдирип койгусу келип, Кожо Абдулладан сөз талаша:

– Амирзадам, бардык бектер сизге ак пейли, жан-дили менен кызмат кылууга даяр!

Бабур чогулуп турган бектерге көз жүгүрттү эле, алардын баары Мазидбектин сөзүн ырастап колдорун көкүрөгүнө алышып таазим кылышты. Бабур калтаарыган үнү менен:

– Ыраазымын! – деди.

Ал кайра аттанып сепилдин дарбазасынан кирип келатканда, арттан Якупбек да жете келип, бектердин арасына кошулду. Ал Бабурдун кайтканын угар замат ар кандай күмөнсүүдөн тышкары болуш үчүн, астейдил аттанып, ага берилгендигин көрсөтүүгө шашылган эле. Кожо Абдулла оң жактан, Мазидбек сол жактан атчан бастырышып Бабурду сепилдин төрүндөгү сарайга баштап келишти.

Илгери ордо Анжиянда турганда такты мына ушул ак сарайга коюлган эле. Кийин ордо Аксыга көчүрүлгөндө, бул ак сарайдын оймо-чиймеленип кооздолгон устундары менен мрамор тепкичтери абалкы көркүн жоготуп куну түшүп калган. Бүгүн Бабур келерден мурда Кожо Абдулланын айтуусу менен бул сарайдын тепкичтерине дагы да баяндостор төшөлдү. Адегенде такты коюлган жайга түркмөн килемдери менен кымкап төшөктөр салынып, атайын жай даярдалды.

Бабур босогого төшөлгөн кырмызы түс атайын баяндос матага кадам койгондо кургап кеткен тамагын нымдамакчы болуп жутунуп алды. Шилекейи жок болгондуктан тамагын алда неме кырып кеткендей болду. Болочок падышага кызмат өтөө үчүн топтолгон бектердин эч кимиси азыр Бабурга бир жутум гана суу зарыл болуп турганын сезген жок. Эгерде бирөө-жарым сезип-билип калган чакта да жаш падышанын орозо оозун ачуу – бул мусулманчылык ишке жатпайт деп, аны жасаганга даашмак эмес.

Бардыгы олтургандан кийин Кожо Абдулла Аксыда бүгүн сөөгү жерге коюлган Умаршайх мырзанын арбагына багыштап куран окуду. Олтургандардын бир нечеси:

– «Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун!» – дешти. Анан дагы бир нечеси Бабурга көңүл айтышты.

– Урматтуу бектер, эл башкаруучулар! – деп сөз баштады Кожо Абдулла. – Уруштун кесепети болбогондо биз адегенде аза күтүп, бата окутуп, өлгөндүн арбагын сыйлап, ариетин жасайт элек. Угушубузга караганда Аксыда улуу урматтууну даражасына жараша эл чакырышып, аш беришип, жакшылап көмүшсө керек. Азыр баскынчылар Анжиянга жакын келип калган ушундай оор абалда, биз мамлекетти башкарууну жаңы падышага тапшырганыбыз ылайык болуп турат.

Мазидбектен арыраакта семиз Якупбек олтурган эле. Ал Кожо Абдулланын бул сөздөрүн баарынан мурда илип кетти:

– Ойдогуну айтып, ортого салыңыз, пирим. Пендениздин пикирин уксаңыз Захириддин Мухаммед Бабур мырзаны хан атап, касиеттүү ысымын кутба намазына кошо окуп, жарыялаш керек!

Бабур Якупбекти жалт карады. Анын үнүнүн назиктиги, жүзүндөгү толкунданууусу, кашка тиштери жок кемшейген оозу Бабурга кандайдыр бир жагымдуу көрүнүп кетти. Якупбектин кадыр-барктуу бектерден экенин, анан дагы беттегенинен кайра тартпаган адам экендигин олтургандардын баары билишчү. Мындан бир нече саат эле мурда анын Бабурга каршы жасаган кылмыштары азыр булар үчүн жашыруун сыр болчу. Эми Якупбек мына ошол сырын бекем жашырыш үчүн Бабурга баарынан жакын, баарынан мыкты берилген адам катары көрүнгүсү келди. Ал ошол сырым ачылып калбасын деп тынчы кетип, санаалуу жана сабырсыз көз карашын тиге, толкундана бергени өзү кыйналып отурган Бабурду да алда кандай сезимге салды. Якупбек биринчи болуп Бабурду хан деп атаганы жаш өспүрүмдүн өрттөнүп турган өзөгүн салкын жел серүүндөткөндөй болду. Качандыр бир убакта тактыга олтуруп, ушул тургандардын баарына баш болуу Бабурдун эңсеген максаттарынан эле. Якупбектен кийин сөз салышкан бектердин да кээ бирөөлөрү Бабурду хан деп атай башташканда, анын жанагы максаты булуттун арасынан толукшуп чыккан ай сымак жаркырап көрүнүп, көңүлүн көтөрүп жиберди. Башына түшкөн мүшкүл да, ичин күйгүзүп жаткан капачылык да оюнан чыга баштады.

Ошол учурда шаар башчысы Узун Хасан таазим кылып кирип келди.

– Амирзадам! – деди ал энтигип. – Кулуңузду ырайым этиңиз, сизди тосуп алалбадым! Анжиянга жалган сөздөрдү жайылтышкан бузукуларды карматыш үчүн жүрүп калдым. Мына ошолордун башчыларынын бирин байлатып келдим.

Бабур алдыга умтулуп:

– Кайсы башчысын? – деди. – Ал ким? Киргизгиле!

– Жан дилим менен, амирзадам! – деп Узун Хасан кайра кетти.

Бардыгы эшик тарапты карап калышты. Якупбектин өңү кубарып кетти. Ахмад Танбал кантип эле колго түшүп калды экен? Эгер ошондой болсо жашыруун сыры араандай ачылды дей бер. Якупбек алактаган көздөрү менен тегерегин сыдыра тиктеп, кичинекей терезени көрдү. Терезе өзү олтурган жерден алыс экен. Терезеден ары жакта он баксалуу бийик дубал турат. Жок, бул жерден качып кутулушка болбойт! Якупбекти калтырак басты...

Ошол убакта эшиктин ары жагынан жоон бир үн чыкты:

– Колумду чечкиле, мен күнөөкөр эмесмин! – дегени угулду. Добушу Ахмад Танбалдыкына окшобойт. Узун ак көйнөк кийген, бойлуу толмоч кишини эки нөкөр эки жагынан бекем кармап ичкериге алып киришти.

– Э, бул – Дербиш бука моюн го! – деди Якупбек бир аз жеңилдей түшүп.

Тигил кирген адам Анжияндагы бүткүл мурабдардын башчысы эле. Жоон моюнун дайыма алдыга созуп букага окшоп жүргөнүнөн улам аны бука моюн деп аташчу. Анжиян сепилине тогуз арык суу келсе да, жай айларында бакдаректардын көптүгүнөн суу жетишчү эмес. Колунда бийлиги барлар букаралардан мурда сууну кезексиз буруп алышка ынтылышчу. Ошондо ушул Дербиш бука моюн көбүнчө букараларга жан тартып, бектерге кезеги келмейинче суу бербей дат дедирчү. «Бек, өзүңөргө бек болгула, кудайдын алдында бардык пенде бирдей!», – деп тартынбай айтып жүргөнүн көп адамдар угушкан. Мына ошол себептен бектер аны жаман көрүшчү, айрыкча шаар башчысы Узун Хасан көптөн бери ага кек сактап жүргөн.

Колу байланган бука моюн Дербиш Бабурга, андан берирээк жакта олтурган Кожо Абдуллага баш ийип, таазим кылды да:

– Адилеттик кылыңыз, амирзадам! – деди. – Мен бузуку эмесмин, устат! – Жапалдаш бойлуу бир нөкөр базардан мага жолугуп: «Хан Аксыда мас болуп, жардан кулап өлүптүр, Бабур мырза жоодон коркуп, Ала-Тоо тарапка качып кетиптир», – деп айтты.

– Бул ушак! – деди Бабурдун жини келип.

– Мунун ушак экенин мен кийин билдим, амирзадам, мени ырайым этиңиз! – деди Дербиш бука моюн, бир-эки кадам илгери басып келип, колу аркасына байланган боюнча чөгөлөй: – Сиздин жүзүңүздү көрүп, ушак экенине көзүм жетти. Бирок базардагы эл тоз-тополоң түшүп кача баштаганда өзүмдү жоготуп коюптурмун. Бир адамды токтотуп «Ушундай деген сөздөрдү уктум, кантип эле ошол чын болсун?» – деп сурап жатканымда, урматтуу шаар башчысынын тыңчылары менин айтканымды угуп турушкан экен...

– Жок, сен ошол уккан кабарларыңды калп эле кайталап сурамыш болуп, анан жанагы сөздөрдү жайып жүргөн жериңен кармалдың! – деди Узун Хасан.

– Куранды алып келиңиз, касам ичип беремин!

– Бул касам ичкич куранды да кор кылмакчы! – деди Якупбек Бабурду карап. – Амирзадам, эгер ушул жанкечти сиздин чыныгы кулуңуз болсо жанагы жаман кабар таратып жүргөн нөкөрдү кармап, шаар башчысына тапшырып бербес беле? Анан да ал ошол ушак-айыңды башкаларга айтканда чагым жасаган. Муну азыр өз оозунан уктук!

– О, жараткан! – деди Дербиш бука моюн маң болуп.

Якупбек Бабурга баягысындай эле муңайым көз тигип, кемшийшген оозун чын ниетинен жылмайта сүйлөп:

– Амирзадам, сиздин ыраматылык атаңыз Дербиш бука моюнду мурабтарга башчы кылып койгон эле. Атаңыздын шарапаты менен ушундай даражага жеткен, мына ошол киши эми улуу урматтууну рамазан айында мас болуп, жардан учуп өлүптүр десе! Бул эмне деген наадандык!

Бабурдун жапжаш ирең ортого өрт жаккан жалган жалаанын уусуна чыдабай жаалы күчөп баратты.

«Бала алдаганга жакшы көнөт!» – деп үмүттөндү Якупбек. Өзүнүн жанагыдай ушак тараткан кылмышын жандили менен Дербиш бука моюнга оодара салып Бабурду ага ишендириш үчүн амалданды. Бул ишти жүзөгө ашырышта так ушул кырдаалда Якупбек да жалгыз эмес эле, бектердин көпчүлүгү да Дербиш бука моюнду күнөөлүү деп ойлоп жатышкан.

– Мындай ушак тараткандын өзү мойнуна алды, – деди Якупбек.

– Тилинен жаңылгандан кийин, жазасын берген ылайык болор! – деп, Али Достбек деген сумсайган көсөө киши Якупбектин тарабын жактап кетти.

Ойлуу олтурган Касымбек аты жөнү жок кат алып келген көгүчкөн жөнүндөгү Шеримбек таякесинин баягы сөзүн эстей коюп:

– Балким, дагы бир жолу тактап, сурамжылаш керектир? – деди.

Ага Мазидбек каршы чыгып:

– Андай ишке убакыт кана? Душман Маргалаңды алып, Анжиянга карай бет алды. Кан төгүлүп, уруш күч алып турган маалда элди үркүтүп, чочутуп, хандын аброюна шек келтирмекчи болгон ушакчы, бузукуларга ырайым болбойт!

– Саясат үчүн муну аянтка алып чыгып, эл алдында жазалаш керек, башкаларга дагы сабак болсун! – деди Узун Хасан.

«Аянтка алып чыгып» дегени – калайык-калктын көзүнчө күнөөкөрдүн башын алыш керек деген сөз эле.

Муну укканда Дербиш бука моюндун жүзүнө өлүмдүн көлөкөсү каптагандай болуп кетти. Тизелеген бойдон Бабурга жакындап, озондоп ыйлай баштады:

– Амирзадам, мен кылмышкер эмесмин! Мен кылмышкерлердин курманымын! Мага, ырайым этиңиз! Беш балам бар! Аларды жетим калтырбаңыз, амирзадам!

Эки колу байланган Дербиш жүзүн далдаалай албагандыктан өкүрүп, бакырып ыйлаганда мончоктоп аккан көз жашы анын буурул сакалына тамчылап жатты.

Жашы улгайган ушундай адамдын мынчалык күйүп ыйлаганы Бабурдун каарданып турган жинин кокусунан басты.

http://elibportal.uz

Ал Дербиш бука моюнга ырайымдуулук кылгысы келди да, устаты Кожо Абдуллага назар салып карады. Кожо Абдулладан «ушул бечаранын канынан кечиңиз» – деген сөздү укусу келди.

Бирок Кожо Абдулла ооз ачкыча болбой Якупбек кайрадан сүйлөй баштады:

– Беш баласы бар адам, тилин тыйып жүрсө болбойт бекен!

– Э, бул бука моюн жеткен бузуку неме? – деди Узун Хасан. – Болбосо хан жөнүндө жаман сөз айткандарды ооздон ары урбайбы! Же болбосо аларды бизге кармап бербейби!

Бири-бирине кайраштыруучу бул сөздөр Бабурдун кыялын чаташтырып жиберди. Денесин оттой ысык эңсөө күчү чулгап калды. Бул учурда адамдын жүздөрү, килемдер бири-бирине аралашып даана көрүнбөй турду.

Дервиштин бышактап ыйлап сүйлөгөн сөздөрү тээ алыстан чыккандай угулду.

– Амирзадам! Акыйкаттык кылыңыз! Мен атаңыздын ишенген кишисимин! Сиз жашсыз, бул бектерди али билбейсиз! Булардын менде эзелтен бери кеги бар! Бектерге ишенбеңиз, амирзадам! Элден сураңыз! Мени эл-журт билишет! Букаралар билет!

Али Достбек колун мурабга кезеп:

– Уктуңузбу, амирзадам, – деди. – Мунун ичинин каралыгын көрдүңүзбү? Эркине койсо бул адам эл-журтту бектерге жана манаптарга каршы койгусу бар, амирзадам.

Якупбек Бабур жакка ийиле таазим кылып, баягыдай мээримдүү үн менен:

– Душманыбыз күчөп турган маалда бектер менен карапайым элдин ортосуна өрт коймокчу экен го, – деди.

– Ниетинин бузуктугу ушундан эле билинип турат! Бас, алып чыккыла! – деп Узун Хасан нөкөрлөргө буйрук берди.

Баягы эки нөкөр Дербиш бука моюнду эки колтугунан алышып, күч менен эшикке дыркырата сүйрөп чыга башташты. Бабурдан да үмүтү үзүлгөн Дербиш:

– Мен күнөөлүү эмесмин, – деп кыйкырды, – сенин бектериңди беш баламдын убалы урсун! Менин күнөөсүз каным баарыңардын түбүңөргө жетет, шашпагыла!

http://eduportal.uz

Бул каргыш Бабурдун жүрөгүнө тикенектей кадалды. Анын колу-буту титиреп, отурган жеринде көздөрү тунара баштады. Жыгылып кетпес үчүн эки колу менен эки жагын таянды. Кыялында баягы куюн абалкыдан бетер уюлгуп, аны мында отурган адамдарга кошуп чырмап бараткансыды. Айланасы көзүнө чаң-тополоң арасында калып кеткендей ырайсыз көрүндү. Дербиш бука моюндун каргышынан улам андан бетер ачуулары ашынган бектер, анын өлүм жазасына тартылышын катуулап талап кыла башташты:

– Муну эл алдында өлүм жазасына тартмайынча калк арасындагы тополоң басылбайт.

– Саясат үчүн бир бузукунун башын кесиш керек!

– Өлүм!

– Өлүм!

Бабурдун көз алдына жанагы адамдын сакалына агып түшкөн көз жаштары элестеп, кулагында анын кыйкырган үнү кетпей жаңырып туруп алды. Ошол тирүү адам эми өлүшү керек, аны өлтүрүүгө Бабур макулдугун бериш керек. Эмне үчүн? Бектер тигил адамды күнөөкөр деп, Бабурду ишендиришкендиги үчүнбү?

Балким, бул бектер чындап эле Бабурду алдап жатышкандыр? Балким ушундай эле бектер Аксыда Умаршайх мырзаны жардан түртүп жиберип өлтүрүшкөндүр? Балким, булар дагы жүрүп олтуруп акыр-аягында Бабурдун өмүрүнө кастык кылышаар?

Ошол учурда Бабурдун бейкапар жүргөн мезгили эсине түштү. Кечээ эле өзү курбалдаштары менен ат жарыштырып жүрчү эмес беле? Алишер Наваийнин сүрөтүнө тигилип, жаштык-наристе кыялдарга берилген убактарычы? Арадан бир нече жыл өткөнгө окшойт. Бүгүн таң эртең менен эле азанда анын турмушу күн жаркырап тийген ачык асмандай киргили жок тунук эмес беле? Бул кара булуттар анын айланасына каяктан самсып келишти? «Жаза!» деп кыйкырып турган мына бул ар бир бек Бабурдан күндү тосуп алган кара булутка окшоп кетти. Бабурду чырмап куушуруп кирген кубаттуу куюн да ошол кара булуттардын шамалы болуп жүрбөсүн? Бул булуттар да ар дайым таажы-такты менен бирге жүрүп мына бул Дербишке окшогондордун канына ку-

http://elibportal.uz

мар бекен? Жанараакта эле Бабурга кудум булуттун арасынан сүзүп чыккан толгон айдай ажайып көрүнгөн таажы-такты эми ай тутулган түндөй убайымдуу түскө кирди. Бабур бул белгисиз коркунуч-үркүнүчтөн чочулап: – Устат! – деп жардам сурагандай Кожо Абдуллага кайрылды.

Кожо Абдулла ага астыртадан карап:

– Өзүңүздү бекем кармаңыз, амирзадам! – деди.

– Эмне кылайын айтыңызчы?.. – деп шыбырады Бабур.

– Өкүм чыгарыңыз! Бектер өлүм жазасын талап кылып жатышат.

Эгер Кожо Абдулла мындагыларга каршы чыгып, Дербишти жактай турган болсо, ушунча амал-айла менен баштарын бириктиришкен бектер кайрадан тыркырап кетиши анык эле.

– Сиз эмне дейсиз, устат?

– Өкүмдар, – деп шыбырады Кожо Абдулла, – падыша салтында коркунучтуу кезеңде таажы ээлеринин атына туура келбеген чагымдарды айткан адам күнөөлүү болуп эсептелинет. Дербиш эми эле бул жерде да тилин тартпай чатак кылбадыбы. Бектердин баарын жамандап, каргап-шилеп, отко өзү май куйду. Эми сиз... Жалгыз Дербишти деп бектериңиздин баарынан кечип жибермек белеңиз.

Саясат үчүн анын башын алыштан башка ылаажы жок!

Эртеси күнү бешим маалда добулбастар урулуп, Анжияндын сепилинин каршысындагы чоң аянтында чогулган элдин алдында Дербиш бука моюндун башы кесилди.

Якупбек болсо ошол эле күнү кечинде Ахмад Танбалды кодогой нөкөрү менен Аксыга жашыруун жөнөтүп жиберген эле. Ошентип, ортодогу жашыруун сырдын оозу ачылбастан кала берди.

Душман Маргалаңды алып, Анжиянга тап коюп калган болчу.

Кожо Абдулла баштаган элчилер Бабурдун атынан Самарканд ханынын Маргалаңдын бери жагындагы өргүү алган жерине алдына барышып, жарашууну сураныштты.

– Сиз менен урушту баштаган иниңиз Умаршайх мырза жардан учуп жаза тайым болду. Эми Бабур мырзаны перзентиңиз катары көрүңүз! Акыры ошол сизге күйөө бала болмокчу! Сизди башкы өкүмдарыбыз деп олтурат!

http://eduportal.uz

Салыктарыңызды төлөп турабыз! Урушту токтотуңуз, хазретим!

Бул сунушка Самарканддын бектери катуу каршы чыгышты. Алар Анжиян менен Аксыны басып, талап, чоң олжого тунууга үмүттөнгөн эле. Бирок, аларды андай олжодон кур жалак калтырып, алык-салыкты жалгыз гана падыша алууга тийиш эле.

– Ушунча жерден бери кан кечип, жан берип, жан алып келип, эми жеттик дегенде куру кол кайтабызбы? – деди Мухаммед дархан деген бек.

– Жарашууга келишим түзбөңүз!

– Катуу туруңуз! – дешти башкалары дагы.

Султан Ахмад мырза бектеринин сесин кайтара албаган мокок падышалардан эле.

Ошентип элчилер Султан Ахмад мырзадан жакшылыктуу жооп угушпай келе беришти.

Эми баштагыдан да катуу кыргын болорун сезген бектер менен нөкөрлөр Анжияндын сепилине кире качышып, бекине башташты.

Суроолор жана тапшырмалар

1. 12 жаштагы Бабурдун кулк-мүнөзү, кыял-жоруктары кандай баядалган?
2. Жаш Бабурдун Алишер Наваийге деген урмат-сыйы. Бабур жана мударристин өз ара мамилеси кандай эле?
3. Күтүлбөгөн каралуу кабар кимге кандай таасир кылды?
4. Якупбек менен Шеримбектин иш-аракеттерин баяндагыла.
5. Бабурдун чыныгы күйөрмандары кимдер?
6. Ахмад Танбалдын айласы жүзөгө аштыбы?
7. Эмне үчүн Бабур адилетсиздикти байкаса да, бектерге каршы чыга албады?
8. «Өзбекфильм» тасмага тарткан Бабур тууралуу көркөм фильмди көргүлө. Андагы жаш Бабурдун образы менен өзүңөр окуу китебинен таанышкан жаш Бабурду салыштыргыла. Кандай өзгөчөлүктөрү менен окшоштуктары бар экенин айтып бергиле.
9. «Бабур жана заман» деген темада дилбаян жазгыла.

http://eduportal.uz

АСХАД МУХТАР

(1920–1997)



Асхад Мухтар 1920-жылы Ферганада төрөлгөн. Орто Азия мамлекеттик университетинде окуган. Өзбекстандын эл акыны, мыкты котормочу, бир нече роман, повесттердин автору. Хамза атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.

ДОМБУРА

Домбураны алды бакшы,
Кылды ыргап колду басты.
Сезим даарып күүлөр акты,
Домбурадан аңгычакты.
Кычыроон кыш жайды самап,
Чөл дайраны кыялданат...
Өткөн заман армандары.
Кылымдардын шамалынан,
Улам өчүп, улам жанат.
Кулак түргөн кары-жаштар,
Күүгө тойбой кумарланат.

Домбура ырдайт: «Аман-аман...
Тилегеним жакшы заман.
Жакшы заман өссүн аман,
Аман-аман, аман-аман!

Бабалардын колунда мен,
Таңшып күүлөр айткан элем.
Жакшылыктын, жамандыктын,

http://kutuphone.uz

Даамын далай таткан элем.
Сансыз суроо-жооптордун,
Көбүн угуп, баккан элем.
Ошолордун баарына мен,
Жалгыз жооп тапкан элем:
Аман-аман, аман-аман!
Далай-далай өттү заман.
Шайыр сөздөр чыгара албайт,
Капалыкты терең ойдон.
Мен – музыка! Чынар терек,
Мага дайым эне болгон.
Жоого каршы мен аттанып,
Жол, талаада түнөп жүрдүм.
Кошо чыккан эрендерди,
Алга карай сүрөп жүрдүм.
Алтын таап бербесем да,
Медер болдум, сүйөп жүрдүм.
Аман-аман, аман-аман,
Далай-далай өттү заман.

Кайгы менен казаттардан,
Арып-чарчап тажап калган.
Кылымдардын баары менде,
Бирок дале жамандыкты.
Жүдөтчү күч калды менде,
Эли-жерим аман турса.
Карылыгым, кайгым эмне?»
Домбура ырдайт: «Аман-аман!
Карып калдым, карып барам,
Жаштар, силер болгула аман.
Аман-аман, аман-аман!
Аккан канды соро берип,
Жамандыкка тебеленип,
Сугарылган кайгы менен
Кара жер да тойду белем.
Энелердин ый-жашына;
Эми гана талаалар бүт,
Пахта, күрүч, буудай өнүп.

http://edu.portal.uz

Жайнап турчу болду белем!
Аман-аман, аман-аман!

Бир кездерде баркы улук,
Кудай калды ылайланып.
Көптөн бери көк асманда,
Киши жүрөт чарк айланып.
Чагылгандай бүлгүн салбай,
Кырсык кылбай эч жанга,
Куш дагы эмес, жадыраган.

Жылдыз болуп асманда,
Учуп жүрөт жердин уулу.
Улам бийик умтулуп,
Жер бетинен муң-зар кетип.
Келе берсин тынччылык!»

Домбура ырдайт: «Аман-аман!
Тилегеним жакшы заман.
Жакшы заман өссүн аман,
Аман-аман, аман-аман!».

ВАГОНДО

Селт ойгонуп карайсың терезеден,
Сыртта болсо купуя эркин дүйнө.
Вагон чайкайт. Секирип серең-серең,
Зым карагай култ этет көк күүгүмгө.

Вагондо түн көңүлсүз. Сырт караңгы.
Укта жаздап жаздыкты баш жагыңа.
Бирок канча учурлар артта калды,
Өттү-кетти сен уктап жатканыңда!

Түн каякта? Карайсың көз ушалап,
Түн дарексиз. Таң кайра аткан экен.
Сен жаткан уйкуда карашалап,
Поезд түндөн сени ала качкан экен.

http://eduportal.uz

КҮЗГҮ БАКТАР

«Билгенимди кызганбаймын калкыман,
Ал дүйнөгө алып кетпейм, калтырам».
Наваий

Күздүн өртү дүрт от алды тутанып,
Күзгү бактар күйүп барат кызарып.
Күбүйт, күбүйт күнү-түнү тынымсыз,
Күбүйт бактын жалбырагын күч алып.'

Күн, суу жердин тулкусуна топтолгон,
Ырыскысын бизге берип бүт бойдон.
Кышка болсо калтырды окшойт бир гана,
Бутактарын жыпжылаңач сопойгон.

Жашап өтсөм өмүрүмдүн калганын,
Дарак өңдүү калбас эле арманым!
Күзгү бакты көргөн сайын оюма,
Наваийнин сөзү келет ар дайым...

СЕНИ ОЙЛОНОМ

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
Уч-кыйыры узун... Көз менен таба албассың.
Дал ошондой дайыма болсун узун,
Сен купуя самаган таалай-бактың.

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
Түбү терең күнөөсүз көздөрүңдөй.
Көздөрүңдүн түбүндө, мезгилинде
Күн шооласы чачырайт өзгөрүлбөй.

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
Жиптери бүт чаташкан, жандырамын.
Тор жасайм да, кааласаң торума мен,
Жылдыз тутуп колуңа кондурамын.

Улам сени ойлоном, ойлорумда
Сен экөөбүз жүрөбүз шынаарлашып.
Мени ушундай ойлонсоң, мен дагы анда
Тунар элем бактыга кумар жазып.

Которгон Салижан Жигитов

http://edu.portal.uz



ЭРКИН ВАХИДОВ

(1936–2016)

Эркин Вахидов 1936-жылы Фергана облусунун Алтыарык районунда дүйнөгө келген. Ташкенттеги улуттук университеттин филология факультетинде окуган. Өзбекстан эл Баатыры, Эл акыны, Хамза атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Беш томдон турган чыгармалары бар.

БЕТАЧАР

Сулуулукту ырдан издеп,
Сейил курдум багында.
Күлбөгүлө, эмне бар деп,
Мир Алишер жанында.

Ыр дүйнөсү – жер менен көк –
Бостону көп, гүлү көп,
Ар сезимдин өз ыры бар,
Өз нуру бар таңында.

Эй, сынчылар, ырды эски деп,
Бой көтөрүү – жөнсүз кеп.
Сүйүү дагы түп атадан,
Калган адам канында.

Ташты дагы ышкы безейт,
Ырда, ышкыда болбойт чек.
Алоолонуп жатпайбы илкам,
Менин ууз канымда.

http://eduportal.uz

Бардыгы эле Ай, Чолпон деп,
Ырды мактай беришпейт.
Көп көрөбүз ырга илешкен,
Чөп-чарлардын чаңын да...

Эркин ырдын ышкыбозу,
Акын дешке эртерээк.
Кечиргиле, жаш эле деп,
Курман чалса жанын да.

КИРПИГИҢДЕН ЖЕБЕ ЖАСАП

Кирпигиңден жебе жасап,
Жүрөгүмдү мээледиң.
Ар бир жебең дилди аралап,
Жанга тынчтык бербедиң.

Көңүлүмө кирдиң өзүң,
Күлүп койдуң айтпай сөзүң...
А мен болсом уйкуда элем,
Кайдан билдиң, эрмегим?

Жүрөгүмө бүлүк салдың,
Жүрөк мүлкүн уурдап алдың.
Ышкы отуна түрттүң дагы,
Өзүң жакын келбедиң.

Тешти жебе көңүл чебин,
Эркин, корком дебегин!
Кылыч турса оң колуңда,
Эмне мынча тердедиң?

БАШАТ

Кыз жылмаят чачын тарап,
Мөлтүр башат күзгүсү.
Башат болсо жагалданат,
Чагылтууда кыз жүзү.

Башат тынбай ашып-ташып,
Жер койнунда кайноодо.

http://elibportal.uz

Сулуулуктун нурун чачып,
Кыздын көзү жайноодо.

Тамчы суулар көз жашка окшоп,
Таштайт боюн гүлдөргө.
Күн нуруна тизип мончок,
Күлкү төгөт дилдерге.

Кээ бирөөлөр делбеленет,
Түшүнө албай ойдомун...
Күндө сени көргүм келет,
Көксөп башат бойлорун.

Олоң чачка бетти тоспо,
Тоспо нурдуу жүзүңдү.
Жаксаң мейли күйгөн отко,
Тоспо нурдуу жүзүңдү.

Тунук, мөлтүр башат деп бил
Эркин дилин, аппагым,
Бир өзүңө ачат деп бил,
Тунгуч сүйүү капкагын.

Которгон Түмөнбай Байзаков

ЖҮРӨК ЖАНА АКЫЛ

Жүрөк, акыл деген эки күч,
Эки жакка тартат болбоймун.
Бир бирине алар келишкис,
Кимисинин жолун жолдоймун?

Бир тарапка тартса акылым,
Башка жакка тартат жүрөгүм.
Кайсынысы буга акылуу,
Билбейм кимин ээрчүү керегин?

Акыл баскан ар бир кадамды,
Таразага тартат салмактап.
Жаралбаган арзан адам бу,
Жүрбөгүн дейт бекер дардактап.

http://edu.portal.uz

Жүрөк болсо ага сөз бербей:
Бул дүйнөдөн ойноп өткүн дейт.
Акыл кебин билгиси келбей,
Жашагын дейт жазгы өткүндөй.

Бири менин эркимди ийип,
Кечки серүүн бак жакка тартат.
Бири үйгө жетелеп кирип,
Колдорума китеп карматат.

Акыл айтат: – Теңби ошол кыз?
Кабылбагын, түшпөгүн отко.
Жүрөк айтат: – Сүйгүн, сүйүүсүз,
Бул жашоонун маниси жок го.

Акыл: – Жанба насаат кебимден
Өрттөбөгүн оттуу кезиңди.
Жүрөк: – Өмүр бир жолу берилген,
Жанып бил дейт жаштык сезимди.

Ырың кимге керек дейт акыл,
Андан кимдер алат ырахат.
Жүрөк айтат: – Токтолбо такыр.
Жаз. Өмүрүң өтүп баратат.

Акыл чексиз космостун ээси,
Акыл башчы аалам жүзүнө.
Баарысы ага башын ийишет,
Бирок жүрөк кирбейт сөзүнө.

Айыпсыз го буга акыры,
Адам, достор, мени колдогун.
Болсо дагы акыл акылуу,
Жүрөк жолун келет жолдогум.

Бир тарапка тартса акылым,
Башка жакка тартат жүрөгүм.
Кайсынысы буга акылуу,
Билбейм кимин ээрчүү керегин?

Которгон Жолон Мамытов

http://ledu portal.uz

КЫЗЫКТЫРБАЙТ КИМДИ ӨМҮР КӨКТӨМҮ

Бул дүйнөдө...
Махаббаттын өрттөрү.
Жалындайбы жалгыз менин башымда?
Кызыктырбайт кимди өмүр көктөмү,
Ким ыр жазбайт ушул менин жашымда?

Сүйүү оту орун таап сезимден,
Жүрөгүмдү ороп алды торуна.
Түнү бою уйкумду уурдап көзүмдөн,
Калем берди ыр жазгын деп колума.

Тынчтык кетти, мейкиндикти дилдеги,
Ышкы таңы конуш кылып алыптыр.
Ээлесе да жашоомду, дүйнөмдү...
Эркин бойдон ыр учкуну калыптыр.

Жарык таңы, сулуулугу бул нурдун,
Бүт ааламга чачылгансып көрүндү.
Гүл жайнаган талаа-түздөр – булбулдун
Ыр дептери ачылгансып көрүндү.

Күнөөлөбө,
Досум, ышкы өрттөрү.
Барбы жалгыз менин гана башымда?
Кимди ээрчитпейт кырчын өмүр көктөмү,
Ким ыр жазбайт менин ушул жашымда?!

Суроолор жана тапшырмалар

1. Э. Вахидов жана анын чыгармалары тууралуу эмнелерди билесиңер?
2. «Кызыктырбайт кимди өмүр көктөмү» ыры эмне жөнүндө?
3. Э. Вахидов лирикаларынын мааниси жөнүндө айтып бергиле.

http://edu.portal.uz



САИДА ЗУННУНОВА

(1926–1977)

Саида Зуннунова 1926-жылы Андижан шаарында туулган. Андижан шаарындагы Педагогикалык институтту жана Орто Азия мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган. Өзбек адабиятындагы аялдар поэзиясы менен прозасын баштоочулардан. «Ардак белгиси» орденинин ээси.

НАРИСТЕ ЖЫТЫ

(Аңгеме)

Дем алыш күнү болгондуктан, айтор, көчө күндөгүсүнөн жандуу. Аллеялар бала жетелеген аялдар менен колтукташкан жаштарга толгон. Булар бүгүн адаттагыдай шашылбай, жай гана жаркын маанай менен тротуар бойлоп агылууда. Алар коляскада мемиреп уктап жаткан наристелерге, кызуу сөзгө кирген чоң энелерге жылмая карап, баш ийкей өтүшөт. Кинотеатрдан топтолуп чыккан эл арасынан эки курбу бөлүнө басты. Алардын бири апакай бет ааарчысы менен желпине жанындагысын билегинен түрттү.

– Апам аябай кабатыр болгондур.

– Жаш бала белең?

– Кош эмесе, үйгө келгин, күйөөң командировкадан кайтканча бир конуп кетсең кумардан чыга сүйлөшөт элек.

– Өзүң эле жүр биздикине.

http://eduportal.uz

Үйгө айтпай келдим эле. Карасаң, күн да батайын деп калыптыр. Кайыр, – ал курбусунун колун кысып, жалгыз калтырып баратканына кечирим сурагандай, жалынчаак көз караш менен ага жалт карады да эл арасына сүңгүдү.

– Шахзаада, телефон чалып тур!

Шахзаада артына жалт бурулду да, ордунан козголбой турган курбусуна көзүн жуумп, баш ийкеп койду.

Шахзаада үйүнөн эрте эле чыккан. Апасына бат эле келем деген болчу. Бирок курбусунун күйөөсү командировкага кетип, ал да зеригип отургандыктан жибербей койду. Эс алуу үчүн көчөгө чыгышты, анан киного да кирип калышты.

Шахзаада аялдамага шашты. Картаң энесинин оюна нелер келээрин ал билет. Алигиче дарбазага жүз ирет барып келгендир. Эрте күздүн кечки салкыны жылаңач билегин чыйрыктыра баштады. Кечке калууну ойлобогондуктан кийгенге жылуураак нерсе да албаган болчу. Ал трамвайга чыкканда жагымдуу ысык илеп бетине урду. Кара атлес көйнөгүнүн жакасын оңдой, орто чендеги бош орунга барып отурду. Сумкасын алдына коюп, жарымына дейре жазылып кеткен чачын өрө баштады.

Ушул убакта жаш баланын капыстан чыккан чыңырган үнү жүргүнчүлөрдү чочутту.

– Апа, апаке! – төрт-беш жаштар чамасындагы кыз чуркап келип анын мойнунан бекем кучактап алды. Шахзаада эмне болуп кеткенин билбей, сумкасы жерге түшүп, мойнуна наристенин калтыраган колдору бекем оролуп калды.

– Мен сенин келээриңди билгем. Апам ооруканадан сөзсүз келет, сакайып чыгат дээр элем... Үйгө баратасыңбы? – Апам, апакебайым...

Кыздын назик саамай чачы Шахзааданын жүзүн аймалап, жагымдуу наристе жыты көөдөнүнө урду. Жүргүнчүлөрдүн баары үнсүз. Биринин көзүндө жаш, кээси үшкүрүнөт. Кара костюмчан, орто бойлуу, өңү кумсара түшкөн жигит кызды колунан тарткылады:

– Дилбар, бери кара! Дилбар!

Шахзаада эмне болуп жатканын ошол замат баамдап калды. Мээрмандык менен кызды саамайынан сылап, көкүрөгүнө

басты. Жигит калтыраган колу менен Шахзааданын сумкасын сунуп, бир колу менен кызды жеңинен дагы тартты:

– Дилбар деймин, – жүзүнөн ал өзүн араң кармап турганы байкалып турду. Трамвай токтоп, жигит түшмөкчү болду. Бирок кыз Шахзааданы коё бербей, анын көкүрөгүнө башын катып, эне жытын издеп жатты. Шахзаада кызды кучагына кыскан бойдон ордунан туруп, трамвайдан чыкты. Карбаластай түшкөн жигит не кыларын билбей, өңү бир кызарып, бир бозорот. Алар четке чыгышты. Жигит кирпиктерин бат-бат ирмеп;

– Кечиресиз, сизди энесине окшотуп жатат, окшош экенсиз. Жигит башка сүйлөй албады. Кызды колунан дагы тарткылады.

– Дилбар, апаң кийин барат. Ооруканада бир аз жумушу бар экен. Бери карачы! Эми ал кызды күч менен ажыратып алды. Кыз болсо тыбырчылап Шахзаадага умтулду.

– Апам, апам! Дагы калып калабы!

– Кийин барат дедим го.

Заматта тегерекке адамдар топтолуп калды. Кайгыдан карбаластай түшкөн жигит кызын бооруна баскан бойдон токтоп турган трамвайга чуркады. Эл арасынан кыздын аянычтуу чыңырганы дагы эле угулуп турду. Окуяга түшүнбөгөн кээ бирөөлөр эсинен тана бир орунда катып турган Шахзаадага боору ооруй, таң кала карап жатышты. Трамвай жүрүп кетти. Тегеректеп топтошкон эл да тарады. Шахзаада эсин араң жыйып, эмне болгонун эстөөгө аракеттенди. Көчө шамдары да жанды. Кечки салкын Шахзааданын дене-боюн чыйрыктыра баштады. Ушу маалда мойнуна оролуп, калтыраган кичинекей колдорду эсине түшүрөр замат, негедир кызык абалда болуп кетти. Кучагында от күйгөндөй, бул от анын бүт денесин ысыткан сыяктанды. Мойнунда наристенин алдакандай назик жыты калып калгандай эле. Бул жыт аны таттуу да, кызык да керемет абалга салып кетти. Ал ушул калыбында канча турганын сезбеди. Кудум түш көрүп жаткандай болду. Тынбай ары-бери өтүп жаткан адамдар Шахзаадага жансыздай, эриндери кыбырагансыйт, бирок үндөрү угулбайт.

Ал үйгө кыйнальп, эси эки болуп келди. Дарбазаңын жанында күтүп турган энеси анын өңүн көрүп, коркуп кетти:

– Эмне болду? Табың жокпу?
– Жок... Ооба, бир аз.
– Ушинтип ойлодум да...

Шахзаада энеси канчалык кыстаса да тамак ичпеди. Баш оорусун шылтоолоп жатып алды. Кызынын бул абалынан кабарсыз эне өзүнчө кобурайт. Анткени Шахзаада энесинин көңүлүнө карап турмушка чыгып, багы ачылбай кайтып келген. Ошондуктан кызынын жүзүндөгү кичине эле өзгөрүүгө өзүн күнөөлөп, курбуларын көрүп өксүгөндүр, жаштыгы да өтүп баратат деп байкуш эне ичинен тымызын кейиди. Шахзаада күйөөсү менен аз гана убакыт жашады, балалуу да болушпады. Эми турмуш куруу жөнүндө энеси ооз ачпайт, кеп сала калса эле кызынын кыжырына тиет.

Шахзаада түнү бою уктай албады. Көзү илинер замат наристенин чыңырган үнү кулагына угулуп, ойгонуп кетет. Дагы ошол назик колдор мойнуна оролду. Дагы керемет жагымдуу жыт. Шахзаада энесин ойготуп жибербейин деп, кыймылдабай тымызын үшкүрүндү. Кыздын энеси өлгөн бекен?.. Же таштап кеткенби?.. Жок, өлгөн. Байкуш атасынын абалын кара. Бүт кайгы-муңу көзүндө турат. Шахзаада башка нерсе ойлоого канчалык аракеттенсе да болбоду. Кыздын өңү кандай эле? Жакшыраак карап да албаптыр, атын да сурабаптыр. Айтмакчы, Дилбар деп чакыргандай болду го атасы? Ооба, ооба Дилбар.

Шахзаада ушул азапта таң атырды. Энеси анын өңүн көрүп, андан бетер кейиди. Ал кызы турганча сүзмө катыкталган мастава даярдап койгон. Шахзаада аны да жарытып ичпей жумушуна жөнөдү.

Арадан бир нече күн өтсө да бул окуя Шахзааданын оюнан эч кетпей койду. Ал барган сайын көбүрөөк ойлоп, ойлогон сайын наристени көрүүнү эңсей берди. Дагы баягы кичинекей колдор мойнуна оролгонсуп, наристенин жагымдуу назик жыты көөдөнүнө урат. Апам келбеди деп чыр салып жатсачы! Ооба, ыйлап жаткандыр. Эмне кылса, кай жерден тапса аны? Шахзааданын башын жалгыз ушул ой оорутту. Көчөдө жүргөндө да тегеректи жалдырап карайт. Оюнда кыз да аны издеп жүргөнсүйт. Капысынан келип мойнунан кучактап кал-

чудай күткөнү күткөн. Бир күнү өзүнөн өзү шашып куурчак дүкөнүнө кирип барды. Атаганат, бардыгын сатып алса, Дилбарды таап, астына жайнатып салса. Анын көзүндөгү бир ирмем бактылуулук Шахзааданы өмүр бою бактылуу кылар эле. Ооба, адам үчүн бирөөнү ыраазы кылуудан артык бакыт барбы? Балким, Шахзаада бир гана Дилбарды эмес, бүтүндөй бир үй-бүлөнү бактылуу кылар.

Шахзаада дүкөндөн куру кол чыгып кете албады. Жакшынакай куурчак сатып алды. Куурчакты колуна алаар замат, ал кудум жандуудай, андан Дилбардагы керемет жыт сезилгендей болду. Ушул жансыз куурчак Шахзааданын колдорун бир башкача мемиретти.

Кызынын куурчак көтөрүп келгенин көрүп энеси айран-таң калды. Суроолуу көздөрү менен Шахзаадага карады.

– Бирөөгө алдым, – кыска гана жооп берди ал.

Шахзаада түнү бою уктабай чыкты. Акырында наристени издөөгө бел байлады. Бирок кантип? Кай жерден таба алат? Чоң шаар болсо, адамдар көп. Ошондо дем алыш күнү эле. Балким, куурчак театрынан келе жатышкандыр. Ооба, ооба, таптым. Дем алыш күнү куурчак театрынын алдына барып күтүп турам. Күтүүсүздөн Шахзааданын көздөрү жадырай түштү. Дилбаржан...Кызы... Иши кылып ыйлабагын. Албетте, барамын, табамын сени.

Шахзаада дем алыш күнүн куурчак театрынын жанында өткөрдү. Балдар улам келип-кетип жатышат. Бирок Дилбар келбеди. Же ыйлай берип ооруп калды бекен? Шахзааданын жүрөгү зыркырап кетти. Азыр ал үнүнүн барынча Дилбар деп кыйкырып, шаарды бүт кыдырып чыгууга даяр эле. Бирок өзүн кармады. Чарчаган, көңүлү чөккөн калыбында үйүнө кайтты. Эне бечара айран-таң. Белекке алып кетти деп ойло-гон куурчакты кызы кайра көтөрүп келди.

Бир нече дем алыш күнү так ушундай өттү. Куурчак жума сайын Шахзааданын колунда көчө кыдырып келет. Мына бүгүн да дем алыш күнү. Шахзаада адатынча дагы жөнөдү. Бул жолу эненин сабыры чыдабады:

– Бери карачы, кайда баратасың деги, неге мындай сүйлөбөс болуп калдың, балам?! Ачыгын айтчы, муну кимге алгансың?

– Ушунун ээсин таба албай жүрөм.

– Тообо, – деди эч нерсеге түшүнбөгөн кемпир.

Көчөдө эл жыкжыйма. Бирок Шахзаада эч кимди көргөн жок, ал өзүнүн көнүмүш жерине – театр жанына шашылды. Оюнда Дилбар аны күтүп тургандай күйүгүп жетип келди. Дароо тегерекке көз чаптырды. Балдар театрга кирип баратышат. Бирок Дилбар көрүнбөйт. Ындыны өчө түшкөн Шахзаада шалдырай отургучка отурду. Негедир жүрөгүнүн тээ түпкүрүндө үмүт жанат. Көзүн келаткандардан үзө албай, кадала тиктейт. Театрдын алды жагы улам бошойт. Кайра жыкжыйма боло түшөт. Шахзаада болсо дале көзүн албай кадалып отурат. Бир маалда күтүлбөгөн жерден чоочуп кетти. Өз көзүнө өзү ишенбей, өрөпкүй дагы бир ирет карап алды. Ооба, Дилбар. Так өзү, атасы менен келе жатат. Өңүнөн бир аз аза түшүптүр. Шахзаада ордунан тура калып, ага карай кантип басканын өзү да сезбей калды. Капыстан наристенин өзүнө тааныш үнү угулду. Эми бул жолу Шахзааданын кучагындагы Дилбар гана эмес, Дилбарды көкүрөгүнө баскан Шахзаада да өзүн токтото албады.

– Апаке, апакебайым...

– Кызым, акыры таптым, таптым, – Шахзаада кызды кайра-кайра көкүрөгүнө кысып, бетинен өпкүлөдү. Анын көзүнөн жашы агып жатты. Шашып калган жигит бирде кызарып, бирде бозоруп эмне кыларын, бул окуянын кандай аяктарын билбей турду.

– Апаке, мен театр көрбөймүн, үйгө кетебиз. Болбосо дагы кетип каласың.

– Макул кызым, эми кетпеймин. Мына сага куурчак алып келдим.

Дилбардын көздөрү жайнап кетти. Кагазга оролгон куурчакты алды да, кагазын атасына карматып, куурчакты көкүрөгүнө басты.

– Рахмат, апа.

Бул убакта жигит да өзүн колго алып калган болчу.

– Дилбар, театрга кирбейбизби?

– Жок, үйгө кетебиз, апам менен. Эми эч жакка жибербеймин. – Ал дагы Шахзаадага ыктады.

http://edu.ziyonet.uz

Алар үчөө тең артка кайтышты. Жигит улам-улам Шахзаадага карап коёт. Шахзаада ага карабаса да, анын ыраазылык сезимин туюп турду. Жигит такси токтотту. Машинада да Дилбар Шахзааданын кучагында отурду. Кызга алаксыган Шахзаада машинанын кандай токтогонун да сезбей калды. Алар чоң көк дарбазанын жанына түшүштү. Машинадан чыгар менен Дилбар кыйкырып коргонго чуркады.

– Чоң эне, апам келди. Апамды таптым, апам...

Шахзаада менен жигит коргонго кире электе босогодо улгайган аял пайда болду. Ал Шахзааданы көрөр замат шашып калды. Ага караган бойдон кучагын жайды. Шахзааданы боорына басып, өз алдынча күбүрөндү:

– Кудай ай, чын эле, чын эле тирилип келди. Жаным балам, кудум өзү, кудай ай, кудум өзү...Суроолор жана тапшырмалар

Суроолор жана тапшырмалар

1. С. Зуннунова «Наристе жыты» аңгемесинде Шахзаада менен Дилбардын алгачкы жолугушуусу каерде болду?
2. Дилбар Шахзааданы ким деп ойлоду?
3. Трамвайдагы окуяны баяндап бергиле
4. Шахзаада эмне үчүн куурчак сатып алды?
5. Дилбар менен экинчи жолку жолугушуусу эмне менен аяктады?
6. С. Зуннунованын дагы кандай чыгармаларын билесиңер?

http://eduportal.kz

ШҮКҮР ХАЛМЫРЗАЕВ



(1940–2005)

Шүкүр Халмырзаев 1940-жылы Сурхандарыя областынын Бойсун районунда туулган. Ташкент мамлекеттик университетинде билим алды. Чыгармачылыгы окуучулук күндөрүндө эле башталган.

Шүкүр Халмырзаев азыркы күнгө чейин окурмандарга бир канча аңгемелер, повесть жана романдарды тартуулады. Анын алгачкы «Ак аттуу» повести тоо балдары турмушун сүрөттөйт. Студенттик кезинде жазган «Толкундар» (1963) повести Абдулла Каххардын көңүлүн тарткан. Жазуучунун бир нече чыгармалары жарык көргөн. Ал 1989-жылы Хамза атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, 1991-жылда Өзбекстан Эл жазуучусу деген наамга ээ болду.

Шүкүр Халмырзаев өзбек адабиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон адабиятчылардан болуп саналат.

АТТЫН ЭЭСИ

Иноддун үч байлыгы бар эле. Бири – сай боюндагы дарактуу айылы; айыл четинде басмачылар менен болгон урушта өлгөн атасынын мүрзөсү дөмпөйүп турчу. Инод кээде аны зыярат кылуу үчүн барат. Экинчи байлыгы – айылдын ортосундагы дөңсөөдөгү эки бөлмөлүү мектеби болчу; бул мектепке тоонун алыскы этегинен ат менен, эшек менен окуучулар келет, баарынын жалгыз мугалими ушул Инод болчу. Анын үчүнчү байлыгы – карабайыр аты; бул аттын теги өз учурунда мугалимдин атасына да кызмат кылган, аны көп урушталаштардан аман-эсен алып өткөн болчу. Бирок Иноддун колундагы ушул карабайыр да ага адал кызматын өтөчү, эки

http://edu.portal.uz

жолу айылдагы сайды сел каптаганда ээсин куткарган, төрт жылдан бери көк бөрү оюндарында улак тарткан, дагы анын бир өзгөчөлүгү төмөнкүдөй эле... Көп жыл мурда Иноддун эки перзенти беде салынган бастырмага терезеден киришип, ширеңке ойноп, бедеге өрт тутанат. Алардын ызы-чуусун укканэнеси келип эшикти ачмакчы болот, бирок эшик кулпуланган, ал жан талаша терезеден өзүн ичкериге таштайт. Балдарын таап, бирок түтүн баскан бөлмөдөн терезени таба албай калат. Жалынды көрүп, жөө жүгүрүп келген Инодд аялы, бала-чакасынын көз жумганын көрөт. Аларды атасы жаткан көрүстөнгө көмүп, үйүндө жалгыз калат. Ал рухий жактан канчалык күчтүү болсо да, кайгы-муң аны жей баштайт, айылдагы мектебинен да көңүлү сууп калат. Капалыктан карабайырды минип, тоого кетет. Чабандардын айылында тентиреп, маркум атасынын согушкан жерлерин көрөт, ак карлуу аскалардын астынан өтүп, жашыл жайыттарда түнөйт жана өзү сезбеген түрдө көңүлү көтөрүлүп, кайгы-муңу тарап, айылга кайтат. Ошондон кийин сабактан бош күндөрү карабайырды минип сейилдөө ага адат болуп калды. Айлар өтүп, жигиттин жүрөгүндөгү жара бүткөндөй болду. Айыл менен мектебине болгон мээрими артат. Ал өзүн абалкы абалына кайткандай сезди. Мектеп эки бөлмөлүү болуп, бири дализ, экинчиси окуу бөлмөсү эле. Ошол класста жети жашар бала менен он эки жаштагы өспүрүм жанаша отуруп сабак окушат, бир-бирине тоскоол болбойт. Себеби бул тегеректе мындан башка мектеп жок, ушул жерге каттап, мүмкүн болушунча билим алышат. Иноддун өзү болгону онунчу классты бүтүргөн. Алар мугалимин жакшы көрүшөт, бул – бир караганда үңкүйгөн, оор басырыктуу жигитти урматташат. Инод бош сааттарында жана эмгек сабактарында карабайыр атын мектептин алдындагы аянтка алып келип, окуучуларга аргымакта жүрүүнү, мылтык атууну да көрсөтөт, кээде балдар менен сайдагы суудан балык кармашчу. Бир күнү Инод мектептен чарбактын кароолчусу менен жөө келатса, кароолчу Бөрүбай:

– Уктуңузбу, жеке менчик ат асыроого тыюу салыныптыр. Мыйзам чыгыптыр. Бир милиция кечээ күнү биздин жаныбыздагы айылдан бир чабандын атын айдап кетти, – деди. Иноддун көңүлү чөгө түштү:

– Жаңылык го... Бирок мен атымды бербеймин, – деди. Чындыгында, бул тоо жан боорлоруна караштуу болгон райондогу партия комитети «эмнеге өзүбүз тоолук болуп туруп, кымыз иштеп чыгарбайбыз!» - деген ой менен жаңы бир совхоз уюштурууну чечкен. Элдин ашыкча байталдарын сатып алуу үчүн жер-жерлерге өкүл жөнөтүшкөн. Бул жактан бээ сатып алуу кичи лейтенант Эгемберди Худайбердиевге тапшырылган болчу. Анын дилинде болсо башка бир жашыруун ниети бар эле: ушул тоодогу сай боюнда жайгашкан айылда жашоочу мугалимдин жакшынакай күлүк аты бар да. Ошону өзүнүкү кылуунун айласы бар бекен? Ал ойлоп-ойлоп, мунун аргасын тапты: бир нече бээнин наркын бычып, районго жөнөткөндөн кийин Тумшукта бир чабандын сопсоо эле байталын, анын минип жүргөн атын алдап-соолап, коркутуп-үркүтүп сатып алып, «Эмнеге бээ албадың?, – деп сурашса, бээси жок экен, атын берди. Муну алмаштырса болот деймин да»,– деп ойлоду. Ал айылдын кароолчусу чабанга коңшу, айылда болсо Инод мугалимден бөлөк жан жок экенин билчү. Эли боз жерлерге көчүп кеткен. Демек, бул кабарды кароолчу чал Инодго жеткирет... Инод айвандуу үйүнүн алдындагы бедени оруп жатты. Күн бата баштаганда, күн чыгыштагы адырлардын боорлору жалтырап, сайдын да ар жери жалтырайт. Нары жактан тору ат минген шапкечен, погондуу киши ылдыйлай баштады. Сууну кечип өтүп, бул жээкке чыкты. Инод ага бир карады да, ишин уланта берди. Эгемберди жапыз жийделерди аралап, беденин жанына келди.

– Ой, саламатсыңбы? Бул кандай, мейман келдиби, дебейсиң? – деди. Инод көөдөнүн көтөрүп, орокту өрүккө сайып:

– Келиңиз, – деди жоон үн менен. Эгемберди тору аты менен өрүктүн алдына келди, ээрден секирип түшүп, тизгинди кармаган бойдон үйдүн ээси тарапка бет алды. Инод аны менен салкын көрүштү.

– Кандай, табың жокпу? – деди Эгемберди күлүп, тизгинди өрүктүн бутагына байлап жатып. Оруп койгон чөптөн бир кучак алып, аттын алдына таштады; алакандарын чапкылап Инодго күлүмсүрөй карады.

– Билемин, эмнеден капасың? – деди, кийин терең үшкүрүндү:

– Эми, Инодбай, бул көпкө келген той, дос. Биз жөнөкөй бир аткаруучу болсок. Андыктан бизден капа болбоңуз.

– Жоок, сизден неге капа болоюн, – деп күңкүлдөдү Инод. Үйүнө кирип төшөк алып чыкты. Шалчага салып:

– Отуруңуз, чалап ичесизби? – деди.

– Чалаппы, чалаптан да сүзмө болсо кана! – деди милиционер төшөккө тизе басып. Инод дасторкон алып келип салды, мамыга илинген баштыкты алып, оозун ачып, кесеге жыгач кашыкта сүзмө сала баштады.

– Эми, Инод дос, качан үйлөнөсүң деги? – деп өзүн ага жакын көрсөтүү үчүн сенсиреп сурады Эгемберди.

– Ээ, өлбөсөк бир күнү үйлөнөрбүз, – деди Инод. Кесени дасторконго койду. Кароолчунун аялы жер дандырда бышырып берип жиберген нанды төрт бөлүккө бөлүп, меймандын алдына койду.

– Алыңыз, дасторконго караңыз. – Кана, өзүң ал, кана.

– Ала бериңиз, кардым ток... Бирок, Эгемберди, бекерге келдиңиз бул жерге, мен баары бир атымды бербеймин. Ал мага өтө жакын болуп калган. Эгемберди сүзмөгө малып алган нанды оозуна салып, дудуктана сүйлөдү:

– Билем, билем, досум. Силерге ат суу менен абадай зарыл! Бирок айла канча... Бирок мага бербесең башкасы келип алып кетет. Туурабы? Маселенин башка жагы да бар. Менден, Иноддун аты кана, деп сураганда эмне деп жооп беремин? А? Туурасын айтамын да, ушуну талап кылышат, туура сөздү айтканымда жаза да азайтылат экен. Анда, досум, өзүңө кыйын болот... Токтомду аткаруудан баш тарткан дешет сени. Бул жаман сөз, билсең.

Инод башын жерге салып, көпкө чейин унчукпай отурду. Акыры:

– Ошондойбу? – деди.

– Ооба, албетте! – деди Эгемберди. Инод дагы унчукпай калды. Кийин мейманга кабагынын астынан карады.

– Билишимче, силер келишүүчүлүккө көнөсүңөр, – деди.

– Кандай? – деп сурады Эгемберди. – Мени дос деп жатасыз, буга ыракмат... Эгемберди, менде бир саан уй бар, ошону алып кетиңиз, өзүңүзгө... Бирок ушул ат менде калсын, ээ? Эгемберди чайнап жаткан нанын жутпай: «Ээ, бир

уйлуу боломун го?» – деп ойлоп, сүттүү уйга ээ болуу ою анын карабайырга болгон кызыгуусун басаңдатты. Ошондон кийин ал олуттуу түр менен:

– Бул паракордук го, мамлекетти алдоо го?

– Билемин, – деди мугалим.

– Билемин... Бирок сиздин көңүлүңүздү алайын дейм да. Бул... сизге байланыштуу го. Макул, мен үч-төрт жылга чейин атты районго жолотпоймун, тоодогу тааныштарыма берип коём, ошол жакта болсо көңүлүм тынч болот. Эгемберди чекесин чеңгелдеп: «Азыр уйдун үстүнө он беш кой бер десем да берет!» – деп ойлоду.

– Макул, бирок атың жанында калат, деп убада бере албаймын, чоңдордон бирөө байкап калса, өзүң жооп бересиң! – деди. Эгемберди кесени жалап, ордунан турду.

– Мен тигил кырдын артындагы Эшмат уйчунун үйүндө болом, күн кечтегенден кийин уйду жетелеп өт. Чалга берип койсоң, өзү багып жүрө берет. Бирок ушул сөз ушул жерде калсын,– деди. Кийин опуза менен сөзүн улантты:

– Бирөөдөн ушул сөздү уксам, Инодбай, билип кой, айып өзүңдө болот. Органдын адамын жолдон урмакчы болгон дешет сени. Мен аны сынаган элем, канча менчик малы бар экенин билмекчи болгон элем, деймин... Мага ишенишет. – Айтканыңыз чын, – деди Инод. Эгемберди кеткенден кийин карабайырга ээлик кылуу ою ага дагы тынчтык бербеди. Апта өтүп, Иноддун короосунда кайрадан пайда болду.

– Бул ишибиз болбоду дос, – деди ал Инодго. Сенде ат бар экенин райондун жети жашарынан жетимиш жашына чейин билет экен. Өлгөн десем да ишенишпеди. Жашырган, таап кел... болбосо, ишке кайдыгерлик менен караган, деп өзүңдү жоопко тартабыз дешти. Мына, келдим.

– Дагы бир жолу жок деп коюңуз, деди Инод. – Он беш коюм бар, ал да сиздики... Атты берсем, күнүм оор болот, Эгемберди. Атамдан эстелик. Эр жигиттин аты болушу керек дечү. Ушул ат менин оор күнүмө жарады. Эгемберди дагы чекесин чеңгелдеди, койлорду алгандан кийин да дагы ат кумарына түшүп калышын сезип:

– Жок эми, дос! – деди. Ошол уйду алганымдан бери көңүлүм тынч эмес. Кааласаң малчыдан барып кайтарып ал.

– Ошондойбу?

– Ооба! – деди Эгемберди жана көңүлүнө бүлүк түшүп, анын эмне кылышын күттү. Инод үйүнүн аркасына өтүп, байланып турган атты жетелеп келди. Аны өрүк даректын жанында какайып турган Эгембердинин жанына токтотуп, кашкалуу маңдайынан өптү да, беденин ортосуна алып барып тизгиндин учун тикенге байлап, үйүн көздөй жөнөдү. Эгембердиге Иноддун кыймыл-аракети сырдуу туюлуп, тынчы кетти. «Эмне кылмакчы?» – деп артынан карап калды. Соң көпкөк бедеде суусардай жалтылдап, башка аттардан жоон моюнун толгоп, кең төшүн керип жана адаттагы күлүк аттардыкынан ичке буттарын жерге катуу тиреп турган карабайыргa карады. Анын көзүнө көзү түшүп, денеси титиреп кетти. Ат шумдуктуу бир коркунучту сезгендей алайып, ээси кирип кеткен үйгө карайт, таң калыштуу байыркы эстеликке окшойт эле. «Капырай!» – деди Эгемберди үйдүн эшигинен Иноддун караанын көрүп. Ат калтырак добушта кишенеп жиберди. Ошондо үйдүн эшигинен атылган мылтыктын үнү угулду. Эшиктен колуна мылтык кармаган Инод чыкты. Карабайыр жамбаштап жатып буттарын силкип, кыска-кыска кишенеди. Эгемберди ок аттын маңдайына тийгенин, кан диркиреп чыгып жатканын көрүп, коркуу жана аянычка толгон көздөрүн жумду ... .

Суроолор жана таптырмалар

1. Шүкүр Халмырзаевдин өзбек адабиятында ээлеген орду. Ал кайсы жанрларда көбүрөөк иштеген?
2. «Аттын ээси» аңгемесиндеги Иноддун үч байлыгы кайсы?
3. Инод үй-бүлөсүнөн ажырагандан кийин кантип дагы өз айылына кайтты? Буга эмне себеп болду?
4. Эгемберди Худайбердиев карабайырды алып кетүүгө келгенде Инод кандай жол тутту? Анын абалы кандай эле?
5. «Ат адамдын канаты» дегенди кандайча түшүнөсүңөр?

http://edubook.uz

МАЗМУНУ

Киришүү 3

Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери жана оозеки көркөм мурасы

Кыргыздар жана Орхон-Енесай жазма эстеликтери 5
Күл-Тегинге арналган эстелик 9

Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы

Кыргыз фольклорунун негизги түрлөрү 15
Эпикалык чыгармалар 27
Дидактикалык чыгармалар 33
Кыргыз фольклору жөнүндөгү илим жана анын проблемалары 35
Адабият теориясы. Фольклор 36
«Манас» 36
«Манас» эпосунун туруктуу өзөк окуялары 41
«Манас» эпосун жыйноо, басып чыгаруу, изилдөө иштери 43
Манасчылар 48
Сагымбай Орозбак уулу 50
Саякбай Каралаев 54
«Манас» эпосунун варианттары 56
«Манастын» С. Орозбак уулу айткан варианты 58
«Манастын» С. Каралаев айткан варианты 65
«Манас» эпосунун темасы жана идеясы 71

http://edu.portal.uz

Эпостогу образдар системасы 74
Манас жана анын кырк чоросу 79
Алмамбет 81
Чубак 86
Сыргак 88
Бакай 91
Кошой 94
Эпостогу аялдардын образдары 99
Каныкейдин образы 99
Арууке 104
Сайкал 105
Жакып 106
Коңурбай 109
Жолой 112
«Манастын» көркөмдүк түзүлүшү 114
«Манас» жана бүгүнкү күн. «Манастын» жети осуяты 118
«Семетей» 125
«Семетейдин» айтуучулары жана негизги варианттары 126
«Семетейдин» темасы жана идеясы 130
Эпостун каармандары 131
Семетейдин образы 131
Күлчоро 134
Айчүрөк 135
Бакай жана Каныкей 137
Эпостогу терс каармандар 139
Канчоро 139
Чачыкей 140
Чынкожо 141
Толтой 141
«Семетейдин» поэтикасы жөнүндө 142
«Сейтек» 144
«Сейтектин» сюжеттик курулушу жана негизги окуялары 146
«Сейтектин» С. Каралаев айткан варианты 148
Чыгарманын негизги каармандары 152
Сейтек 152
Куялы 155

http://edu portal.uz

Кыяс менен Канчоро 156
Сарыбай 157
Адабият теориясы. Баатырдык эпос 158

Орто кылымдардагы адабий мурастардан

Баласагындык Жусуп. «Кут алчу билим» 162
Поэманын сюжеттик курулушу жана мазмуну 165
Поэмадагы образдар 166
Поэмадагы акыл, билим, тил – сөз жөнүндөгү баалуу ойлор 169
Поэма кесип ээлери жөнүндө 172
Үй-бүлө, тарбия жөнүндө 174
Поэманын мааниси 174
Адабият теориясы. Дидактикалык чыгарма. Бейт 176
Кашкарлык Махмуд. «Түрк тилдеринин сөздүгү» 179

Уламышка айланган акылман инсандардын мурастарынан

Бука ырчы 184
Асан кайгы 185

XIX–XX кылымдардагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы

Фольклордук чыгармаларды сактоодогу жана өнүктүрүүдөгү эл ырчыларынын эмгеги 195
Калыгул Бай уулу 198
Арстанбек Буйлаш уулу 207
Токтогул Сатылганов 211
Адабият теориясы. Философиялык лирика 228
Жеңижок (Өтө) Көкө уулу 230
Адабият теориясы. Ассонанс жана аллитерация 247
Барпы Алыкулов 252
Алымкул Үсөнбаев 271

http://eduportal.uz

Ашыраалы Айталиев 274
Эстебес Турсуналиев 276
Тууганбай Абдиев 279

Түрдүү элдердин эстелик мурастарынан

Көркөм чыгармадагы жалпы адамзаттык идеялар 281
«Жолборс терисин жамынган баатыр» 284
Чыгарманын көркөмдүгү жана мааниси 292

Кыргыз поэзиясынан тамчылар

Барктабас Абакиров 294
Карымшак Ташбаев 295
Сүйөркүл Тургунбаев 300
Анатай Өмүрканов 302
Замирбек Үсөнбаев 304

Боордош элдердин адабиятынан

Пиримкул Кадыров 306
Асхад Мухтар 333
Эркин Вахидов 337
Саида Зуннунова 342
Шүкүр Халмырзаев 349

http://eduportal.uz

O‘quv nashri

SAMAR MUSAYEV, MERGEN PARPIYEV,
ALI TURDUGULOV

ADABIYOT

Umumta’lim maktablarining 8-sinf o‘quvchilari uchun darslik

(Qirg‘iz tilida)

To‘rtinchi nashri

Original-maket «O‘zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlandi. 100011, Toshkent, Navoiy ko‘chasi, 30.

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI 158.14.08.2009.
2019-жылы 28-мартта басууга уруксат этилди. Форматы $60\times90^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы. Таймс гарнитурасы. Кегль 11. Офсеттик басма усулда басылды. Шарттуу басма табагы 22,5. Учёттук басма табагы 19,87.
Нускасы 811. Келишим № 76.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100128. Ташкент ш., Лабзак көчөсү, 86.

http://eduportal.uz

Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

№	Окуучунун аты, фамилиясы	Окуу жылы	Окуу китебинин алынгандагы абалы	Класс жетекчисинин колу	Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы	Класс жетекчисинин колу
1						
2						
3						
4						
5						
6						

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.

Жаңы	Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы
Жакшы	Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык баракчалары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызуулар жок.
Канааттандырарлык	Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдаланууучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган.
Канааттандырарлык эмес	Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлык эмес даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, баракчалары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт.

http://eduportal.uz

O‘quv nashri

SAMAR MUSAYEV, MERGEN PARPIYEV,
ALI TURDUGULOV

ADABIYOT

Umumta’lim maktablarining 8-sinf o‘quvchilari uchun darslik

(Qirg‘iz tilida)

To‘rtinchi nashri

Original-maket «O‘zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlandi. 100011, Toshkent, Navoiy ko‘chasi, 30.

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI 158.14.08.2009.
2019-жылы 28-мартта басууга уруксат этилди. Форматы $60\times90^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы. Таймс гарнитурасы. Кегль 11. Офсеттик басма усулда басылды. Шарттуу басма табагы 22,5. Учёттук басма табагы 19,87.
Нускасы 96. Келишим № 77.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100128. Ташкент ш., Лабзак көчөсү, 86.

http://eduportal.uz